НУРБЕК АКМАТОВ



# ЫСЫК-КӨЛ ТОПОНИМИЯСЫ

Каракол, 2009

ЫСЫК-КӨЛ ТОПОНИМИЯСЫ
НУРБЕК АКМАТОВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА
ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ
ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

НУРБЕК АКМАТОВ

# ЫСЫК-КӨЛ ТОПОНИМИЯСЫ

Жооптуу редактор
Проф., Др. К. КОНКОБАЕВ

Каракол, 2009

БИБЛИОТЕКА
ПРЖЕВАЛЬСКОГО
музыкального уч-ща
Инв. № 46158

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

НУРБЕК АКМАТОВ

# ЫСЫК-КӨЛ ТОПОНИМИЯСЫ

Жооптуу редактор
Проф., Др. К. КОНКОБАЕВ

Каракол, 2009

БИБЛИОТЕКА ПРЖЕВАЛЬСКОГО музыкального училища
Инв. № 46158

УДК 80/81
ББК 81
А 40

Эмгек К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынган.

**Рецензенттер:** филол. илим.доктору, профессор **А.Иманов**
фил.илим.доктору, профессор **Ү.Асаналиев**
геогр. илим. канд., профессор **Ш.Токомбаев**

**АКМАТОВ Н.Р.**

А 40 **Ысык-Көл топонимиясы**
/ К.Тыныстанов атынд. Ысык-Көл мамл. ун-ти. / Жооптуу редактор Проф., Др. К. Конкобаев. - Каракол: 2009. - 244 б.
ISBN 978-9967-431-62-1

Монография Ысык-Көл облусундагы жер-суу аттарын тарыхый-тилдик жактан изилдөөгө арналган. Эмгекте баалуу лингвистикалык факт-материалдар топтолуп, топонимдерге негиз болгон тилдик каражаттар, жер-суу аттарындагы фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик кубулуштар анализге алынат. Топонимдердин чыгыш теги талдоого алынып, кызыктуу аныктамалар берилген.

Китеп түркологдорго, топонимисттерге, илимий кызматкерлерге, жогорку окуу жайларынын филология, география жана тарых факультеттеринин окутуучуларына, студенттерине жана жалпы топонимика маселелерине кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

**А 4602000000-08** **УДК 80/81**
**ISBN 978-9967-431-62-1** **ББК 81**

**© АКМАТОВ Н.Р, 2009**
**© ЖЧК «Дархан» басмаканасы**

# КИРИШҮҮ

## 1. Эмгектин жалпы мүнөздөмөсү

Бул иште Ысык-Көл облусунун топонимиясы комплекстүү планда тарыхый-тилдик жактан иликтөөгө алынат. Бүгүнкү күнгө чейин айрым жер-суу аттары тууралуу окумуштуулардын жазган макалалары көтөрүлгөн маселени толук ачып бере алган эмес. Топонимика жаш илим экендигин түркология жана кыргыз тил таануу багытында жүргүзүлгөн изилдөөлөр, илимий конференцияларда көтөрүлгөн проблемалар да айгинелейт. Топонимикалык маалыматтардын кыргыз тилинин тарыхы жана кыргыз элинин тарыхындагы түйүндүү маселелерди чечүүдө мааниси чоң. Учур талабына ылайык Кыргызстандын топонимиялык сөздүгү, жергиликтүү географиялык терминдердин түшүндүрмө сөздүгү ар бир облустун маалыматтарынын негизинде түзүлүүсү зарыл. Аталган түйүндүү маселелерди чечүү үчүн Ысык-Көлдөгү жер-суу аттарынын дээрлик бардыгын камтыган тарыхый-лингвистикалык изилдөөлөр негиз боло алат.

Облустун аймагындагы көптөгөн топонимдер сөздүктөргө, ар кандай масштабдагы карталарга кирбей, колдонулуш чөйрөсүндөгү айтылышында жана жазылышында белгилүү деңгээлде кыйынчылык пайда кылат.

Географиялык аттар боюнча канааттандырарлык жана толук түрдөгү бирдиктүү лингвистикалык көз караш болуусу мүмкүн эмес. Ошондуктан, көптөгөн топонимдердин катылып жаткан сырларын, ачыла элек маанилерин табуу азыркы кыргыз тил таануу илиминдеги маанилүү маселе.

Иштин негизги максаты топонимдерге негиз болгон тилдик

каражаттарды, морфологиялык, фонетикалык жана синтаксистик кубулуштарды, Ысык-Көл топонимиясынын тилдик катмарларын жана кыргыз тилинин тарыхын комплекстүү планда изилдөөдө турат.

Изилдөөнүн максаттарын ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

1) топонимдерди жыйноо, системага салуу;

2) топонимдерди тарыхый-тилдик жактан иликтөө;

3) топонимдердин пайда болуусун, тил чөйрөсүндөгү өнүгүүсүн аныктоо;

4) топонимдерди фонетикалык, семантикалык, структуралык жана грамматикалык жактан талдоо;

5) тарыхый шарттардын, окуялардын жер-суу аттарынын келип чыгуусуна, калыптанышына тийгизген таасирин аныктоо;

6) топонимдерди изилдөөдө элдик уламыштардын маалыматтарын илимий булактардагы маалыматтар менен салыштыруу, алардын келип чыгышын сыпаттоо жана чечмелөө.

Иштин материалдары 1995–2006-жылдары Ысык-Көл облусунун аймактарында жергиликтүү жашашкан 60 жаштан жогорку адамдардан суроо жолу аркылуу 5000 ге жакын топоним жыйналган жана ыраттуу системага салынган.

Кыргызстандагы географиялык аттардын сөздүгү (193), Ысык-Көлдүн 4 барактан турган 1:200000 масштабдагы жана 1:25000, 1:50000, 1:100000 масштабдагы карталары (98), республиканын тарых музейлериндеги материалдары кеңири пайдаланылды. Изилдөөнүн теориялык негизи катары лингвистикалык, ономастикалык, түркологиялык эмгектер, тарыхый жазма булактар, географиялык, этнографиялык, археологиялык ар түрдүү маалыматтар колдонулду.

Изилдөөнүн усулдук негизин салыштырма, салыштырма-тарыхый, статистикалык, форманттык, ареалдык, структуралык жана типологиялык усулдар түзөт.

Ысык-Көлдүн топонимиясы биринчи жолу комплекстүү түрдө талдоого алынды. Илимий булактарга анализ жүргүзүлдү.

Топонимдер диахрондук жана синхрондук планда талданып, кайсы тилдик катмарга тиешелүүлүгү аныкталды. Мааниси жана

этимологиясы акыркы мезгилдерге чейин белгисиз болуп келген топонимдер жана чечмелениши боюнча талаш-тартыштарды жаратып келген топонимдер, ошондой эле, жалпы элдин эсинен чыгып, колдонулбай калган топонимдер да каралды. Иштин дагы бир жаңылыгы кыргыз тилинин негизинде келип чыккан топонимдердин кээ бир изилдөөчүлөр тарабынан санскрит тилдерине, монгол тилдерине таандыкталган илимий божомол-тыянактарына карата аргументтүү сунуштар берилди.

Иликтөөнүн жыйынтыгынын негизинде сөздүк түзүлдү. Иштеги илимий тыянактар, гипотезалар теориялык изилдөө иштеринде, жалпы түркологияда жана кыргыз тил илиминде, тарых жана этнография, география жана өлкө таануу илиминде, картографияда, геологияда, биология, зоология, философия, психология жана социология илимдеринде баалуу маалымат болуусу ыктымал.

Ысык-Көл топонимиясын изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси өтө чоң. Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тилинин тарыхый лексикологиясын жана тарыхый грамматикасын түзүүдө, ономастикалык сөздүктөрдү (кыргыз топонимдеринин сөздүгүн) түзүүдө, кыргыз элинин этникалык тарыхын, көөнө маданиятын, тектеш түрк жана башка элдер менен ар кандай байланыштарын жалпылаштырган монографиялык эмгектерди, окуу китептерин, усулдук колдонмолорду, ар кандай масштабдагы карталарды жаратууда чоң мааниси бар.

Изилдөөнүн материалдары жогорку окуу жайларынын тарых, география жана филология факультеттеринин окуу программаларына атайын курс катары киргизүү жана орто мектептердин тарых, география жана кыргыз тили сабактарында окутулушу мүмкүн. Топонимикалык материалдардын лингвисттер, тарыхчы-этнографтар, географтар, археологдор жана орто мектептердин мугалимдери, жалпы окурмандар үчүн да практикалык мааниси бар.

Сунуш кылынган бул эмгек Ысык-Көл топонимикасынын проблемаларына арналуу менен топонимикалык макалалардын, диссертациялык иштердин уландысы катары каралмакчы.

## 2. Ысык-Көлдүн географиялык, тарыхый мүнөздөмөсү

### 2.1. Географиялык мүнөздөмөсү

Ысык-Көл облусу Кыргызстандын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Борбор шаары – Каракол. Курамына 5 район – Ысык-Көл, Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң жана 3 шаар, 5 шаарча, 58 айыл өкмөтү жана 181 айыл кирет. Чыгышынан жана түндүк чыгышынан Казакстан, түштүк чыгышынан Кытай Эл Республикасы, батышынан жана түштүк батышынан Нарын облусу, түндүк батышынан Кемин району менен чектешет. Облус 1608 метр бийиктикте жайгашкан Ысык-Көлдүн атынан аталган. 1999-жылдагы облстаттын маалыматы боюнча калкынын саны 415,5 миң киши, дайыма жашаганы – 413,2 миң киши, жалпы аянты 43144 квадрат км (180, 10). Ал эми 2006-жылдын январь айындагы облстаттын маалыматы боюнча: жалпы аянты 43,5 миң км$^2$ (Кыргызстандын аймагынын 21,6%). Калкынын саны 430,8 миң Кыргызстандын калкынын 8,6% на жакынын түзөт. Көп улуттуу, көбү кыргыздар (79,4%), калгандары орус (13,2%), украин (0,6%), казак (1,7%), өзбек (0,85%), татар (0,7%), уйгур (0,1%), дунган (0,7%) жана башкалар. Аймагы батыштан чыгышка 390 чакырымга, түндүктөн түштүккө 210 чакырымга созулат. Рельефи татаал. Аймагы 2 негизги бөлүктөн – Ысык-Көл ойдуңунан жана Ысык-Көлдүн сырттарынан турат. Ысык-Көл өрөөнүн түндүктөн Күнгөй Ала-Тоосу (уз. 285 км$^2$, орто бийиктиги 4200 м.), түштүктөн Тескей Ала-Тоосу (уз. 354 км, орто бийиктиги 4290 м) курчап турат. Өрөөн чоңдугу жагынан Борбордук Азияда Фергана өрөөнүнөн кийинки 2-орунда. Анын борбордук бөлүгүн Ысык-Көл ээлейт. Көл түздүктөр менен курчалган. Ички жээк тилкелерин кум каптап жатат, майда жумуру таштар, камдашкан кумдук, саздак жерлер да кездешет. Күнгөй жана Тескей Ала-Тоонун этектери мезозой-кайнозойдо пайда болгон чөкмөлөрдөн түзүлүп, сай, аң жана суу өрөөндөрү, капталдары кууш капчыгайлар менен өтө тилмеленген. Климаттык шарты ар кыл. Батыш жагы кургакчыл болгондуктан, шамалы мезгил мезгили менен согуп турат; жаан чачын аз жаайт (200 мм ге чейин), чыгышы нымдуу (500 – 600 мм). Курчап турган кырка тоолордун өрөөн жак беттеринде жалпы аянты 649 км болгон 631 мөңгү бар. Бир мезгилде Ысык-Көлгө 118 агын суу куйган (120, 355).

## 2.2. Тарыхый мүнөздөмө

Кыргызстандын түндүк чыгышын ээлеген жаратылышы кооз Ысык-Көл облусунун аймагы эзелтен бери саякатчылардын, окумуштуулардын, сүрөткерлердин, ар кандай максаттарды көздөгөн чет элдердин көңүлүн өзүнө буруп келген. Бул аймак байыркы мезгилдерден бери көп элге, көп жерге белгилүү болгон.

Ысык-Көл кылаасын байырлаган байыркы адамдардын тургун-жайлары, курал-жабдыктарынын калдыктары, таштагы жазуулар менен сүрөттөр ж.б. тарыхый эстеликтери алардын турмуш-шарты, маданияты, чарбасы, айлана-чөйрөнүн жаратылышы жөнүндө алгачкы маалыматтарды берет.

Дыйканчылык менен кесип кылган Чыгыш жана Батыш элдеринин жылнаамаларында Кыргызстандын аймагы менен бирге Ысык-Көл облусу ээлеген жерлер жөнүндө да ар түрдүү маалыматтарды кезиктирүүгө болот. Мындай алгачкы материалдар байыркы грек астроному, дүйнөнүн геоборбордук системасын түзүүчү К.Птоломейге жана Кытай элчиси, саякатчысы Чжань Цянга (223, 11 – 13) тиешелүү. Аталгандардын эмгектеринен Ысык-Көл аймагынын жаратылышы тууралуу жалпы маалыматтар берилет. Ошондуктан көрүнүктүү изилдөөчүлөрдүн айрым эмгектерине токтоло кетүү зарылдыгы бар.

Биздин заманга чейинки 138-жылы Кытай императору У-ди Чжан Цянды Батышка жөнөткөн. Чжан Цянга берилген негизги тапшырма: хуннуларга (Борбордук Азиядагы байыркы көчмөн элдер) каршы юечжи элдери менен кошун түзүү болгон. Б.з.ч. 115-жылдын башында Чжан Цянь баштаган элчилик Батыштагы усун элине (б.з.ч. II жана I кылымдарда Кыргызстандын аймагында жашаган көчмөндөр) жиберилет. Анын бул миссиясы өзгөчө ийгиликтүү болуп, усундар менен кытайлардын ортосунда союз түзүүгө жетишкен (223, 11 – 13).

Кыргызстандын тарыхчыларынын маалыматтары боюнча байыркы жана орто кылымдарда Ысык-Көл өрөөнүндө шаарлар жана айыл-кыштактар болгон. Алардын эң байыркысы – усундардын борбору Чигу (Чигучен). Чжан Цянь Чигуда усундардын падышасынын кабыл алуусунда болгон. (Чигунун урандылары

көл астында калган Ысык-Көлдүн чыгыш жээгиндеги Сары-Булуң шаар чалдыбарын археологдор аныкташкан) (142; 143).

Чжан Цяндын саякатынын натыйжасында Теңир-Тоонун жана Ысык-Көлдүн жаратылыш шарттары, бул жердеги элдердин социалдык түзүлүшү ж.б. тууралуу маанилүү кабарлар айтылат. Белгилүү окумуштуу С.Умурзаковдун пикирине караганда, саякатчынын маалыматтары Кыргызстандын байыркы тарыхы боюнча бизге жеткен материалдардын эң ишеничтүүсү (223, 7 – 13).

Чжан Цяндын чоң ийгилиги – Чыгыш менен Батышты байланыштырган Улуу жибек жолун ачууга кеңири шарт түзгөндүгүндө болгон.

Орто кылымдарда (б.з. XV кылымынын акыры – XVII кылымдын ортосу) Ысык-Көл чөлкөмүнө келгендердин саны көбөйгөн. Ал мезгилдерде жазылган эмгектерде (кытай миссионери Сюань Цзань, VII кылым; Кыргызстандык окумуштуу Махмуд Кашгари, IX кылым, Орто Азия тарыхчысы Мухаммед Хайдер, XVI кылым ж.б.) Ысык-Көлдүн жана анын айланасынын жаратылышы, калкы, чарбасы, шаарлары, соодасы ж.б. жөнүндө ар түрдүү маалыматтар берилген. 630-жылы Сюань Цзан Борбордук Азия, Орто Азия жана Индия боюнча чоң саякат жасаган. С.Умурзаковдун эмгектеринде саякатчынын Кыргызстанда болушу жана анын натыйжалары айкын көрсөтүлгөн. Саякатчынын эмгеги “Датансиюйцзи” (“Батыштагы өлкөлөр жөнүндө кол жазмалар”) деп аталган. Ал Какшаалдагы Бедел жана Тескей Ала-Тоодогу Барскоон жана Жууку ашууларын ашып, Ысык-Көлгө келген. Жазмаларында “Ысык-Көлдүн айланасы миң ли. Көл суусунун өңү каралжын, даамы туздуу, ачуу” (223, 20 – 24) деген маалыматтарды келтирет.

Улуу түрколог Махмуд Кашгари өз мезгилинин тилчи окумуштуусу, географы, чоң саякатчысы да болгон. Анын “Түрк тилдеринин сөздөрүнүн жыйнагы” эмгегинде бай лингвистикалык маалыматтар менен бирге, өтө баалуу тарыхый жана географиялык маалыматтар да арбын учурайт. Алардын ичинде Кыргызстан жана Ысык-Көл жөнүндө маалыматтарга да орун берилген. Махмуд Кашгари өз көз карашы боюнча дүйнөнүн картасын түзгөн. Бул картада Теңир-Тоо дүйнөнүн борбордук бөлүгүн ээлеп, анда орто кылымдагы: Барскан, Баласагун, Тараз, Синьцзяндагы Хотон,

Кашкар ж.б. шаарлар менен объектилер көрсөтүлгөн. Теңир-Тоонун борбордук бөлүгүндө Ысык-Көл жайгаштырылган. Себеби Махмуд Кашгаринин киндик каны тамган жери Ысык-Көл болгон. Картада Борбордук Теңир-Тоонун кырка тоолору да көрсөтүлүп, дүйнөнүн борбору катары Барскан (азыркы Барскоон шаар чалдыбары) көрсөтүлөт (234, 42).

XVI кылымда "Тарихи-и-Рашиди" аттуу фарс тилинде жазылган эмгектин автору, тарыхчы Мухаммед Хайдердин Моголстандын тарыхына жана Кашкардын эмирине арналган эмгегинде Кыргызстандын тарыхы жана географиясы боюнча материалдар менен бирге Ысык-Көлдүн мүнөздөмөсү бар (82, 8 – 9).

1722 – 1724-жылдары капитан Иван Унковскийди Жунгария (калмак) ханы Цеван Рабтанга Пётр I элчиликке жөнөткөн. Артиллерия капитанына Орусия менен Жунгариянын ортосундагы татаал мамилени жөнгө салуу менен бирге "Кенди жана Сибирь менен ыңгайлуу катнаш жолду кайдан табууга болот. Ошону менен катар аларды картага түшүрүп келүү" деген чалгынчылык милдеттер жүктөлөт. С.Умурзаковдун маалыматы боюнча капитан И.Унковскийдин элчилиги Ысык-Көлдүн чыгышында 1723-жылдын июль – сентябрь айларында болгон. Унковскийдин жол дептеринде (1722 – 1724-жылдардагы жол журналы. Россиялык географиялык коомдун этнография бөлүмү боюнча запискасы, I том, 2-китеп, 1887) Түп жана Жыргалаң өрөөндөрү менен бирге Каркыра өрөөнүнүн саздуулугу, тоолордогу карагай жана арча токойлорунун көптүгү көрсөтүлгөн. Анын түзгөн картасында Ысык-Көл, аны курчап турган тоолор, Түп, Жыргалаң, Чүй жана Каркыра дарыялары, негизинен, туура түшүрүлгөн. Унковский өзүнүн жол дептеринде Ысык-Көлдүн жаратылышы жана көл жээгиндеги көчүп жүргөн кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды баяндаган (20, 126 – 127).

1856-жылы Орусиянын Батыш Сибирь администрациясы Ысык-Көлгө экспедиция уюштуруп, Ч.Валихановго аскердик-саясий максаттар жүктөлгөн. Ч.Валиханов – биринчи казак окумуштуусу, тарыхчы, этнограф, фольклорист жана Ысык-Көл өрөөнүнүн изилдөөчүсү болгон. Ал экспедициянын жыйынтыгы боюнча "Ысык-Көлгө баргандагы күндөлүк" аттуу өлкө таануунун мыкты

үлгүсүндөгү эмгегин жараткан. Анын изилдөөлөрүндө кеңири фактылык материалдар, өтө баалуу байкоолор, кызыктуу корутундулар, Кыргызстан жана кыргыздар жөнүндө тарыхый, социалдык-экономикалык, маданий олуттуу маалыматтар топтолгон. Ч.Валихановдун “Записки о киргизах” эмгеги да баалуу эмгектерден. Бул экспедициянын дагы бир маанилүү натыйжасы – Ысык-Көлдүн чыгыш түздүк бөлүгүнүн картасы. Ч.Валихановдун эмгектеринде Ысык-Көлдүн сырттары тууралуу да маанилүү маалыматтар бар (40; 41). Аларды 1858 – 1859-жылдарда Кашкарга жасаган саякатында чогулткан. Анын топтогон материалдарынын жогорку сапатта болушу – бугу уруусунун манабы Боромбайга байланыштуу болгон. Боромбай изилдөөчүгө толук шарт түзүп берип, өзү бул аймакты жакшы билгендиктен, саякатчыны жер-суу менен тааныштырып, аталыштардын маанилерин терең талдап, чечмелеп айтып турган.

Ысык-Көлдү изилдөө иши П.П.Семёнов-Тянь-Шанский аркылуу улантылат. Ал белгилүү орус географы, статисти, коомдук ишмер, Петербург илимдер академиясынын ардактуу мүчөсү болгон. Анын 1856 – 1857-жылдарда Теңир-Тоого жасаган саякаты өзгөчө орунду ээлейт (192, 164 – 165).

1957-жылы 29-июлда П.Семёнов отряды менен Верный чебине кайтып келип, анын Теңир-Тоодогу изилдөөлөрү аяктайт. Саякатчынын изилдөөлөрү төмөнкүлөр: 1. Түндүк жана Борбордук Теңир-Тоонун тоо тектеринин курамы жана геологиялык түзүлүшү жалпы жонунан биринчи жолу аныкталган.

2. Атактуу немец табият таануучусу А.Гумбольддун Теңир-Тоо тоолору жанар тоолордун атылуусунан пайда болгон деген пикири төгүнгө чыгарылды.

3. Ысык-Көлдүн деңгээлинин өзгөрүшү боюнча илимий пикир пайда болду ж.б.

Н.М.Пржевальский Ысык-Көлгө 2 жолу саякатка келсе, Ысык-Көлдү изилдөөчүлөрдүн бири академик Л.С.Берг Ысык-Көлдө үч жолу болуп (1903-, 1928- жана 1920-жылдары), анын жаратылышын ар тараптан изилдеп чыккан. Ысык-Көл жөнүндөгү илимий эмгектеринин атактуусу – “Озеро Иссык-Куль”. Бул эмгекте Ысык-Көлдүн изилдениш тарыхы, жаратылышы, геологиялык түзүлүшү жана климаттык өзгөчөлүктөрү берилген.

Ысык-Көл жергеси тууралуу географиялык, тарыхый-энографиялык, археологиялык жактан да кайсы бир деңгээлде иликтенип жазылган көптөгөн эмгектер бар. Аларга Я.Бичурин (1950), В.В.Радлов (178), В.В.Бартольд (20;21;22), Н.А.Северцов (186), А.В.Каульбарс, Д.Ф.Винник (43;44;45;46), И.В.Мушкетов (1886), В.Н.Шнитников (1925), Н.А.Бобринский (1929), Э.М.Мурзаев (1935, 1958), Б.А.Лунин (1947, 1951), Н.А.Аристов (13), С.М.Абрамзон (3;4), Ш.Токомбаев (207;208), С.Умурзаков (222;223;209;81; 82), В.М.Мокрынин менен В.М.Плоскихтердин (142;143) илимий эмгектери кирет.

Ысык-Көлдүн жаратылышын изилдөө ишинде чет өлкөлүк окумуштуулар менен саякатчылар да катышкан. Алардын ичинен американлык В.Девис жана Э.Хантингтон (1903), венгрлер Д.Алмаши (1900) жана Д.Принц (1906), немецтер Г.Мерцбахер (1892, 1902–1903) жана М.Фридрихсен (1902), француз Г.И. Капью (1881, 1887), чех Ф.Махачек (1911, 1914), швед С.Гедин (1990, 1893) жана башкалар тарабынан геоморфология, палеография, гляциология боюнча жаңы материалдар сунуш кылынган.

Жогоруда айтылган тарыхчылардын, саякатчылардын жана географтардын эмгектери жергиликтүү элдин тике жана кыйыр катышуусу, ар тараптуу жардамдары аркылуу жаралган.

### 2.3. Кыргызстандагы топонимикалык изилдөөлөрдүн тарыхы

Топонимика географиялык аттардын келип чыгышын, өнүгүшүн жана учурдагы абалын изилдейт. Топонимдердин лексикалык курамын, семантикалык маанисин, этимологиясын, грамматикалык түзүлүшүн жана фонетикалык өзгөчөлүктөрүн талдап чыгуу, географиялык аттарды жыйноо, аларды системалаштыруу жана жазылышын жөнгө салып, иш жүзүндө колдонууга байланыштуу маселелер, географиялык объектилердин алгачкы аталышы, андан кийинки өзгөрүшү, жаңы ат коюу жөнүндөгү маселелер да топонимика илиминин тике объектиси болуп саналат.

Кыргызстандагы топонимикалык изилдөө иштери советтик ономастиканын өнүгүшү менен байланыштуу. Жалпысынан кыргыз тил илиминин негизделиши, өнүгүшү үчүн орус тил илиминин таасири, ошонун ичинде кыргыз топонимикасынын калыптанышында да чоң болгондугу талашсыз.

1960-жылы жана 1962-жылы ономастика, анын ичинде топонимика маселелери боюнча Киев шаарында биринчи жана экинчи конференциялар, 1962-жылы Москвада топонимиканын принциптерине жана жогорку окуу жайларында топонимиканы окутууга арналган кеңешмелер, 1965-жылы (азыркы Санкт-Петербургда) СССРдин топонимикасына арналган Бүткүл союздук конференция болуп өтөт. Москвада, Киевде, Томскиде, Сверловскиде, Вилньюста, Алма-Атада, Фрунзеде жана башка шаарларда топонимикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн борборлору ачылган. Борбордук Азия республикаларындагы топонимикалык изилдөөлөр да 60 – 70-жылдарда олуттуу өнүгүүгө ээ болгон.

Орто Азия топонимикасы боюнча атайын иш венгер окумуштуусу Г.Вамбери тарабынан (34) жазылган. Орто Азия жана Казакстандын топонимиясы тууралуу көрүнүктүү советтик окумуштуулар Э.М.Мурзаев (150 – 160), Н.Г.Маллицкий (125, 276 – 277), В.А.Никонов (163; 164; 165), А.Абдырахманов (1; 2), Г.Конкашпаев (110), Х.Хасанов (199; 200), А.Н.Кононов (116), С.Атаниязов (7; 8), М.Гельдыханов (138, 202 – 204), Е.Койчубаев (103; 104; 106; 107), С.К.Кенесбаев (101), Т.Жанузаков (62б), Д.Исаев (84; 85), Б.Орузбаева (171;172), К.Сейдакматов (189;190), С.Сыдыков (200;201), С.Умурзаков (222 – 230), К.К.Конкобаев (111; 114), Ш.Жапаров (64; 65), К.Дыйканов (59, 13 – 23), Т.К.Ахматов (167, 35 – 38), С.Мусаев (65, 10), И.П.Бутенко (37; 39; 38, 108–114), С.Караев (94) чоң эмгектерди жаратышкан. Казакстандын топонимдерин изилдөө акыркы мезгилде болуп көрбөгөндөй өсүш алды деп айтсак жаңылышпайбыз. Ономастика боюнча ондогон кандидаттык жана докторлук диссертациялар жазылып корголгон (32; 66; 101; 107; 133; 134; 162).

Борбордук Азиядагы топонимикалык изилдөөлөр, негизинен, 1939-жылдардан башталган деп божомолдоого болот. Кыргызстандагы топонимикалык изилдөөлөр профессор Э.М.Мурзаевдин 1940-жылы Бүткүл союздук география коомунун кабарларында (72-том, 3-чыгарылышы) жарыяланган “К географической номенклатуре киргизов Тянь-Шаня” аттуу көлөмдүү макаласынан башталган. Макалада Кыргызстандын топонимиясы боюнча изилдөө жүргүзүүнүн тарыхый жана географиялык жактан мааниси,

топонимдердин лексикалык жана структуралык өзгөчөлүктөрү бир катар жүйөлүү фактыларга негизделүү менен көрсөтүлгөн. Кыргызча бир кыйла номенклатуралык терминди камтыган кыскача сөздүкчө келтирилип, айрымдары башка түрк тилдериндеги географиялык терминдер менен салыштырылып түшүндүрүлөт. Мындан башка да Э.М.Мурзаевдин топонимикалык изилдөөлөргө арналган жана конкреттүү топонимдер ар кандай ыкмалар менен анализденген макалалары жана "Словарь народных географических терминов" деген 1984-жылы чыккан сөздүгү Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстандын топонимдерин изилдөөдө чоң теориялык негиз болгону талашсыз. 1940-жылдары жарык көргөн топонимикалык изилдөөлөрдөн Н.Б.Маллицкийдин "О некоторых географических терминах, имеющих отношение к Средней Азии" (125, 276 – 287) деген аталыштагы макаласынын түздөн-түз Кыргызстандын топонимиясына тиешеси бар. Бул макалада **тархан, сырт, чым, этек, өтөк, кол, гол, суу, ак суу** жана башка терминдер жана Аламедин – Лебединовка, Памир сыяктуу географиялык аттарга талдоо жүргүзүлүп каралган.

1954-жылы А.Н.Кононов "О семантике слов **кара** и **ак** в тюркской географической терминологии" (116, 83 – 85) деген макаласында Орто Азия жана Казакстандын топонимдеринде кездешүүчү сөз жасоочу элемент жана компонент жөнүндө иликтөө жүргүзүп келип, Кара-Корум, Кара-Суу, Ак-Кум, Ак-Суу жана башка конкреттүү географиялык терминдер менен айкаша келген маанилерине токтолот.

1959-жылы Б.А.Лунин "О происхождении и распространении географического названия Тянь-Шань" (123, 77 – 79) деген макаласында 9 топоним каралат.

Анда Тянь-Шань кытай сөзү экендиги, орус тилинде "небесные горы" дегенди билдирерине этимологиялык аракет жасалып, топоним XVII кылымдын экинчи жарымында орус географиялык адабияттарында пайда болгондугу, Тянь-Шань тоо системасы башка да бир нече аталышта Тенгри-Таг, Цум-Лин, ("Луковые горы"), Килянь-Цилянь-Киломан, Сюэ-Шань ("Снежные горы") аталаары көрсөтүлөт. Бул макаладан сырткары В.А.Лунин П.П.Семёнов-Тянь-Шанскийдин Тянь-Шань топонимиясында болгон 15 географиялык ат боюнча жекече көз карашын иликтөөгө алат (123, 22 – 25).

1960-жылдардан баштап Кыргызстандын топонимиясы кыргыз окумуштуулары жана башка советтик окумуштуулар тарабынан кеңири изилдөөгө алынып, топонимдердин келип чыгышы боюнча макалалар пайда боло баштаган. Алардын ичинен өзгөчө орун ээлеген С.У.Умурзаковдун макалалары (222–230) эсептелет. Бул макалаларда С.Умурзаков Кыргызстандын топонимдерин изилдөөнү популярдуу кылууга аракеттерди жасайт жана "О киргизских терминах **ашуу, бел, арт, дабан** и их топонимическом значении" макаласында ашуу маанисин билдирген жергиликтүү кыргыз терминдерин иликтейт (225, 9 – 12).

1970-жылы Д.Исаев "Эмне үчүн ак карды сары дейбиз?" деген макаласында (83) Түндүк Кыргызстандагы сары сөзү менен байланышкан топонимдер анализдөөгө алынат. 1970-жылы Ж.Мукамбаевдин "Жер-суу аттары – тарыхтын күбөсү" макаласында кыргыз топонимдериндеги тарыхый катмарлар, топонимдердин элдин тарыхы менен байланышы жана топонимдердин алтай тилиндеги сөздөр менен окшоштугу, топонимдер кыргыз тилинин диалектилери үчүн да кызыктуу материал болуп кызмат кылары көрсөтүлгөн (148, 6). Ж.Мукамбаевдин 1979-жылы "Тил тарыхын иликтеп" (Жаш ленинчи, №6. 1979, 28 – 29-беттер) деген макаласында жалпыга тааныш болбогон бир катар топонимдердин маанилеринин келип чыгышы жөнүндө пикирлер айтылат.

1973-жылы Ү.Асаналиев "Суусамыр" аттуу макаласында (6, 6–7) Суусамыр – "суу кундузу" деген мааниде топонимдин эки компоненттен турарын жана иран-тажик тилинен келип чыккандыгын билдирет. Ошондой эле 1975-жылы Ү.Асаналиев "Көрүк-Арт топоними жөнүндө" деген макаласында топоним эки компоненттен тургандыгы айтылып, Көрүк-Арт – сөзмө-сөз "перевал бурундука" деп чечмеленет, ошондой эле, ал 1978-жылы "Жер-суунун аты – өткөндүн тарыхы" макаласында (5, 4) топоним элдин тарыхы менен тыгыз байланыштуу, ошондуктан ар бир географиялык ат элдин байлыгы экендигин белгилеп, топонимдерди чогултуу, жыйноонун комплекстүү вариантын сунуш кылат жана топонимдин маанилерин чечмелөөдөгү уламыштардын орду жөнүндө жазат.

1978-жылы О.Т.Молчанова "Элемент **тай** в топонимии

Средней Азии и смешных территориях" деген макаласында (169, 81 – 85) Орто Азия жана Казакстандын топонимдеринде **тай** элементи **сай** жана **чай** болуп эч кандай сөздүн маңызынын мазмунун өзгөртпөстөн, диалектилик сөз катары колдонулары жана **тай, сай, чай** сөздөрүн монгол-түрк тилдериндеги жакындык катары караган. Макаланын соңунда автор **тай** элементинин ареалдык таралышына көңүл бурган. **Тай** элементи географиялык аттарда **сай** жана **чай** сөздөрү менен окшош мааниге ээ деп белгилейт.

1978-жылы В.А.Никоновдун "Заметки по оронимии Киргизии" деген макаласы (165, 86) жарык көрүп, анда 45 географиялык ат анализденип, негизинен, рельефтик объектилердин аталыштары – **тоо кырка, кокту, дөбө, жылга, өрдөш** жана **капчыгай,** оронимдик сөздөр – **ашуу, бел, жар, зоока** синхрондук планда талдоого алынат.

1980-жылы Т.Г.Павлова "О структуре и семантике киргизских топонимов" деген макаласында (175, 102–107) **айыл, шаар, көл, суу, булак, ашуу, жайлоо, чоку, мөңгү, дөбө** жана башка 200 гө жакын Чүй облусунун Чоң-Кемин жана Кичи-Кемин аймактарынан жана Ысык-Көл районунан автор тарабынан чогултулган материалдар каралган. Топонимдердин бир, эки жана үч сыңарлуу түзүлүштөрү, географиялык аттардын моделдери, ошондой эле сөз жасоочу типтери аныкталат.

1980-жылы Е.М.Поспелов "Гидронимические ареалы" деген макаласында (169, 118 – 123) гидронимикалык терминдер – **куль, гол, дарыя, дара** сыяктуу Кыргызстанга да тиешеси бар 13 географиялык атка талдоо жүргүзөт (169, 118 – 123).

1985-жылы А.А.Григорьев тарабынан "О некоторых гидронимах Киргизии" деген макаласы (48, 105 – 111) жазылып, 12 топоним изилдөөгө алынган.

1985-жылы К.Сейдакматов "Варианты древнетюркского слова "куз" в топонимии Киргизии" деген макаласында (189, 60 – 62) 4 географиялык атка лингвистикалык талдоо жүргүзүп, Жети-Өгүз топоними сингармонизм мыйзамына ылайык Жети-Куз деген сөздөн фонетикалык өзгөрүүгө учурагандыгы айтылып, "Жети-Өгүз – жети жарака (расщелина)" деп чечмелейт.

Профессор Ж.Мамытов "Туулган жер жөнүндө" деген макаласында (129, 2) Каракол, Кой-Сары топонимдерине лингвистикалык анализ жүргүзөт.

Ж.Карамолдоевдин “Суунун сырын сурасаң” макаласында (95, 6) Кыргызстандагы **ак, кара, ала, кашка, кызыл** терминдеринен пайда болгон гидронимдерге географиялык планда талдоо жүргүзүлөт.

Бул сыяктуу кыргыз топонимикасына арналган көптөгөн макалалар бар.

Кыргыз топонимикасынын айрым маселелерине арналган С.У.Умурзаковдун, Т.К.Ахматовдун, Н.П.Бутенконун жана Ш.Жапаровдун докладдары 1974-жылы 10–12-декабрда өткөрүлгөн Бухара шаарындагы ономастика боюнча биринчи Орто Азиялык конференцияда жасалган (230б, 58-61).

Кыргызстандын топонимиясы боюнча негизинен үч кандидаттык иш жазылып, корголгон. Н.Бутенко, Д.Исаев, К.Конкобаевдердин диссертациялык иштери (37; 85; 114) кыргыз топонимиясынын тарыхында эң барандуу эмгектерден болуп калды.

Н.П.Бутенко “Русские собственные имена в Киргизии и некоторые вопросы взаимодействия языков” деген эмгегинде Кыргызстандагы орус топонимдериндеги сөз жасоочу түзүлүштөрү, адам аттарындагы карым-катнаштары, орус-кыргыз топонимдериндеги тилдик калькалоо (котормо) жана башка маселелер көтөрүлгөн.

Д.Исаевдин “Түндүк Кыргызстандын топонимикасы” (85) деген эмгегинде биринчи жолу кыргыз топонимикасында топонимикалык катмарлар – түрк, иран, моңгол тилдик катмарлары аныкталат.

Окумуштуунун аталган эмгегинде топонимиканын жалпы маселелери, топонимикалык терминология, топонимдердин лексикалык курамы жана алардын семантикалык, лексикалык-семантикалык классификациясы, грамматикалык түзүлүштөрү каралат. 1977-жылы диссертациялык ишинин негизинде автордун китеби жарыкка чыккан (84). Д.Исаев бул эмгекти жаратууда кыргыз топонимикасына тиешелүү болгон көп илимий адабияттарды колдонгондугу, көп жерлерди өз көзү менен көрүп, тактоо иштерин жүргүзгөндүгү байкалат.

1969-жылы автордун “Ысык-Көл” деген ат кандайча келип

чыккан?", 1970-жылы "Эмне үчүн ак карды сары кар дейбиз?". 1970-жылы "Жети-Өгүз" топоними жөнүндө", 1970-жылы "Кыргыз топонимдериндеги "сары" деген сөз жөнүндө" жана 1971-жылы "Кыргызстандын территориясындагы моңгол тилинен келип чыккан топонимдер" деген макалалары (68; 65) жарык көргөн. Бул макалаларында топонимдердин келип чыгышы боюнча анализдер жүргүзүлүп, автордун илимий божомолдуу тыянактары чыгарылган.

1980-жылы К.Конкобаевдин "Топонимия Южной Киргизии" деген китеби (111) жарыкка чыгат. 1983-жылы кандидаттык илимий даражаны алуу үчүн жазылган автордун авторефераты (114) жарык көргөн.

Бул эмгекте Түштүк Кыргызстандын топонимиясы, негизинен үч бапта: топонимикалык стратиграфия, лексикалык-семантикалык анализ жана топонимдердин грамматикалык түзүлүшү боюнча иштелип чыккан.

Топонимикалык стратиграфияда иран катмарында согд-ягноб топонимдери да аныкталат, араб катмары, орус катмары, тунгус-маньчжур тилдик катмарлары автор тарабынан жаңыдан киргизилет.

1975-жылы "О киргизских топонимах с компонентом беш", 1980-жылы "Языковые взаимосвязи киргизского и южносибирских тюркских языков", 1980-жылы "Древнетюркская топонимия Южной Киргизии", 1980-жылы "Структура киргизских географических названий" жана башка көп сандагы макалалары (114, 20) жарык көргөн. Ысык-Көлдүн топонимикасына тиешелүү Сары-Жаз, Барскоон топонимдери талдоого алынган (113).

2006-жылы Жапаров Нооманбектин "Гидронимия Кыргызстана" деген диссертациялык эмгеги (63) корголгон. Бул эмгекте Ысык-Көл топонимиясына байланыштуу Түргөн, Жети-Өгүз, Жаак, Тоң, Каракол сыяктуу гидронимдер талдоого алынат.

2007-жылы 15-июнда Л.Сулайманова тарабынан "Кыргызстандын топонимиясындагы элдик географиялык терминдерге лингвистикалык анализ жүргүзүү" деген темада кандидаттык иши корголду. 2002-жылы "Кыргызско-русский словарь народных географических терминов Кыргызстана" аттуу 66 беттен турган китепчеси жарыкка чыккан.



БИБЛИОТЕКА ПРЖЕВАЛЬСКОГО МУЗЕЯ
Инв. № 46158

Кыргыз топонимиясында, анын ичинде Ысык-Көл топонимиясында орус, араб, перс жана башка саякатчыларынын, этнографтарынын, тарыхчыларынын эмгектеринин да чоң мааниси бар. Аларга И.Я.Бичурин, В.В.Радлов, В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам, П.П.Семенов-Тянь-Шаньский, Н.М.Пржевальский, Н.А.Аристов, С.М.Абрамзон, Ч.Ч.Валиханов жана башкалардын эмгектерин киргизүүгө болот. Бул эмгектер XIX кылымдын экинчи жарымына тиешелүү.

# I БӨЛҮМ

## Ысык-Көл топонимиясына негиз болгон тилдик каражаттар

Ысык-Көл топонимиясына негиз болгон каражаттарга тыбыш, муун, сөздүн уңгу, мүчөсү, сөз, сөз айкашы, сүйлөм сыяктуу бирдиктер кирет.

### 1.1. Ысык-Көл топонимиясын атоодо колдонулган сөздөр

Ысык-Көл топонимиясын жаратууда омоним, синоним, антоним, калькалар, тавтология сөздөр, диалектилик, эскирген сөздөр, көп маанилүүлүктүн өнүгүшүнөн пайда болгон сөздөр, табулар ж.б. учурайт.

#### 1.1.0. Омонимия

Кыргызстандын, анын ичинде Ысык-Көлдүн топонимиясында айтылышы, жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка сөздөр – омонимдер географиялык терминдерде жана топонимдердин өздөрүндө да түзүлүп берилген.

I. Географиялык терминдерден түзүлгөн омонимдер. Жар – I. бийик жар – зат атооч. Жар – II. этиш отун жаруу. III. көз жаруу. Ой – I. Ой-чуңкурлуу жер – зат атооч. III. Ой – жерди терең ой – этиш. Кыр I геогр. термин – зат атооч. II этиш – бир нерсе кылуу. III кыр көрсөтүү.

II. Көп маанилүү сөздөрдүн семантикалык өнүгүүсүнөн пайда болгон омонимдер.

I. Кашаа – тыныш белгиси. II. Кашаа – мал кашаа. III. Куу-Кашаа – жер аты. Бүлө – I. бүлө болчу таш – зат атооч. Бүлөө – II. кыймыл атооч – бычакты бүлөө.

III. Морфологиялык каражаттар аркылуу жасалган омонимдер.

Шыбак I. – шыба+к – тамдын шыбагы. II. Өсүмдүк. III. Ак-Шыбак – жер аты. Уңгуга мүчөнүн уланышы аркылуу жасалган сөздөр айрым учурда уңгу жана мүчөгө ажырабаган сөздөр менен да тыбыштык составы жагынан окшошуп омонимдерди уюштурат.

Топонимдердин этимологизациясында топонимдердин чыгыш теги, баштапкы формасындагы мааниси эң маанилүү орунду ойнойт. Ошол негизде топонимдердеги полисемия менен омоним сөздөрдү жана алардын түгөйлөрүн изилдөөнүн түрк топонимикасында чоң мааниси бар экендигин жана кыргыз географиялык аттарынын курамында көп сандагы омонимдер кездешет деп топонимист Д.Исаев белгилеп (85, 21 – 22), ал төмөнкү үй жаныбарларынын аттарына байланышкан сөздөрдүн маанилерин тарыхый-салыштырма ыкманын негизинде анализдөөдөн таап чыгат: айгыр (мал) компоненти кыргыз топонимдеринде жарака, жар маанисинде, кой (мал) – жайыт, өрөөн, булуң, өгүз (мал) – бийиктик, аска маанилеринде, кочкор (мал) – котловина, ойдуң, ой болуп калган жер, байтал (молодая кобылица – мал) – кар күрткү, кар тосмо, кар күрткүсү маанилеринде, торпок – ылай, топурак, таштуу жерди айырмалаган мааниде, жалпы түрк тилдериндеги турпак сөзүнүн башка мааниге өтүп кетиши. Бул аттар омонимдик сөздөр болот. Топонимдердеги омонимдер кыргыз элине көпчүлүк аттардын башка тилдердин негизинде киргендигининин натыйжасында болгон. Тилдин өнүгүү процессинде эл аларды эне тилинин фонетикалык мыйзамдарына ылайык айтышкан. Ал аталыштар жана айрым башка тилдерден кабыл алынган сөздөр омонимдик аттарды пайда кылган. Омонимдерди алардын компоненттери да түзөт: Ак-Өгүз – ак, бийик тоо маанисин билдирет.

Топонимдердеги омоним сөздөр тууралуу окумуштуу, профессор К.Конкобаев эмгегинде кыскача айрым аталыштарды талдоого алган (111, 136). Ошондой эле түркмөн топонимисти С.Атаниязов да бул маселеге токтолуп, топонимдердеги оюк, чил ж.б. уруу, жер аттарына талдоо жасаган (7, 149 – 151).

Ысык-Көл топонимиясында сырттан кирген сөздөр аркылуу, т.а. жалпы түрк тилдери, иран-араб, монгол тилдеринен, орус тилинен пайда болгон омоним сөздөр да учурайт. Мисалы, араб тилинен кирген сөздөр, негизинен, кыргыз тилинин фонетикалык

өзгөчөлүктөрүнө баш ийип, сырткы түзүлүшү боюнча кыргыздын төмөнкүдөй төл сөздөрү менен окшошуп калган: Айран. I айран калуу – араб, хейран. II Айран уютуу – зат атооч. Бул сөз монгол тилинде кымыз маанисинде колдонулат. Сары-Жаз сыртында Айран-Суу гидроними бар. Топоним кыргыз тилиндеги ак түс маанисинен келип чыккан.

Сары сөзү иран тилдеринде баш, башкы, кең маанисинде колдонулат. Кыргыз тилинде көбүнчө түс маанисинде колдонулат.

Ак-Байтал, Көк-Байтал – Жети-Өгүз районунун Кичи-Жаргылчак айылынын аймагындагы жайлоолордун аттары. Байтал – кар күрткү (85, 21), Ак-Байтал – ак кар күрткү деген мааниден келип чыккан омоним. Байтал – эки-үч жаштагы ургаачы жаш жылкы (122, 79). Кыргыз элинде жылкы жаныбарын ак деп атабастан, тергеп кызыл деп аташкан. Анткени ак –"Кудай" деген мааниде да колдонулган. Ошондуктан, Ак-Байтал башка тилдин негизинде келип чыккан аталыш болуу керек деп ойлойбуз. Казакстанда "Байтал тоонун аты (48), Алабайтал Алма-Ата обл.Торуайгыр тоо кыркасынын бийик жери" (28) экендигин эске алсак, тоого, дөңсөөгө, дөбөгө байланыштуу ороним сыяктуу. Кыргыз тилинде колдонулган жылкы малын билдирген бээ сөзү монгол тилдериндеги гувээ – "бугор", "холм", "гора" – "дөбө", "дөң", "дөңчө", "тоо", "дөңсөө" (111, 136) маанини билдирет. Демек, Ак-Байтал – ак дөбө, ак дөңчө, ак дөңсөө, Көк-Байтал – көк дөбө, көк дөңчө, көк дөңсөө деген мааниден пайда болгон.

Ак-Өгүз – Сырттагы ашуунун, мөңгүнүн аты. Ак-Өгүз – 1) ак, бийик тоо маанисинде; 2) ак суу, ак өзөн маанисинде. Топонимдин экинчи өгүз компоненти окуз, угуз – "суу", "өзөн", "дарыя" маанисин билдире тургандыгы Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө, С.Маловдун эмгегинде, В.Радловдун сөздүгүндө (127, 440; 179, 1, 1811) жана С.Умурзаковдун макаласында, К.Дыйкановдун макаласында, эмгектеринде (227, 62-69; 59, 98) белгиленген.

Бөрү-Баш топониминин биринчи түгөйү монгол тилиндеги бөрү "склон", "скат", "спуск горы" – "жантык тоо", "жантык дөңсөө" (80, 16) деген мааниден, экинчи баш түгөйү түрк тилдериндеги тоонун башы маанисинен келип чыккан.

Кара-Бука – Жети-Өгүз районунун Саруу айылынын

аймагындагы кыштоонун аты. Кара-Бука – 1) кара суу, кара өзөн маанисинде (59, 98); 2) кара талаа маанисинде. Топонимист К.Конкобаев Ала-Бука топониминдеги экинчи бука түгөйүн тунгус-манчжур тилиндеги буге "поле", "степь" – "талаа", бууа – "местность" – "жер", "бугор" – дөбө, бугъндъ – "гора" – "тоо" (111, 77) маанисинде караган. Жергиликтүү айтуучунун билдиргенине караганда, аталган кыштоого кыш мезгилинде кар жатпай, таргыл тартып карарып калган жер экен (51.б). Кара-Бука – кара түстүү талаа деген мааниден пайда болгон омоним топоним.

Кой-Суу – өрөөн суусу (85, 21), Кой-Сары – 1) жантык өрөөн, 2) ийри кокту (129, 2); 3) ийри булуң (85, 21). Кой-Суу, Кой-Сары топонимдеринин кой малы менен байланыштуулугу жок. Уй-Мөрөн – топонимдин экинчи түгөйү монгол тилиндеги чоң суу, өзөн (147, 246) маанисинен келип чыккан.

Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй, Ысык-Көлдүн жер-суу аттарынын жасалышында омоним сөздөр маанилүү каражат болуп кызмат аткарат.

### 1.1.1. Синонимия

Жер-суу аттарын пайда кылган сөздөр лексикалык-семантикалык топторго бөлүнгөндө, алардын бир нечесинин синонимдик катарын көрүүгө болот. Кээ бир синонимдер адабий тилде жана анын диалектилериндеги сөздөрүндө, аны менен бирдикте, сырттан кирген сөздөрүндө да кездешет. Маселен, адабий тилдеги дөбө сөзү "төбө" деген маанини түшүндүрөт (122, 110 – 111). Бул сөздүн айкашында Ак-Дөбө, Карал-Дөбө, Таш-Дөбө, Көк-Дөбө, Сары-Дөбө сыяктуу көптөгөн топонимдер бар. Кыргыз тилинде жана анын диалектилеринде дөбө сөзү менен синонимдик катар түзгөн бир нече сөздөрдү учуратууга болот. Мисалы: Дөң (топонимдер: Дөң-Чекенди, Дөң-Чеке).

Адабий тилдеги булак деген гидронимдик терминдин түрлүү эквиваленттери бар. Бул сөз кайнар, чашма түрлөрүндө да кездешет. Чашма (чешме) фарс тилинде "гөз" деген маанини билдирет. Кайнар сөзү казак тилинин диалектилериндеги жана кыргыз тилинин диалектилериндеги говорлорунда колдонулган сөз болгону менен, Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунда Үч-Кайнар

топоними жана Кара-Кыз айылынын аймагындагы Кайнар топоними, Жети-Өгүз районундагы Кайнар жана Ысык-Көл районунда Кайнар-Көл топонимдери учурайт. Булак сөзү менен айкашкан топонимдер Ысык-Көл топонимиясында Ак-Булак, Сары-Булак, Бакыт-Булак, Узун-Булак, Сүттүү-Булак, Тогуз-Булак жана башкалар.

Дагы бир географиялык терминдер жана айрым топонимдер бир объектиге башка тилден кирген сөздөрдүн же башка элдердин атоосу боюнча аталыш берүүнүн натыйжасында мааниси окшош, бирдей же маанилеш болуп коюлуунун негизинде: Ала-Тоо, Теңир-Тоо – Тянь-Шань, Ысык-Көл – Темирту-Нор, Жехай жана башка, Таштак – Каменка, Данияр – Данияровка (азыркы Желе-Дөбө айылынын мурунку аты), Темир – Темировка жана башка топонимдер келип чыккан.

### 1.1.2. Антонимдер

Топонимдердин составында мааниси бири-бирине карама-каршы сөздөр – антонимдер көп учурайт. Алар, көбүнчө кошмок сөздөрдүн биринчи компонентин түзүү менен бирдикте, объектилердин өзгөчөлүгү, түсү жана башкаларды билдирет.

Баш–аяк: Башкы-Көл–Аяккы-Көл, Башкы-Саз–Аяккы-Саз ж.б.

Ак – кара: Ак-Суу – Кара-Суу, Кашка-Суу – Кара-Суу.

Айран-Суу – Ойрон-Суу. Сары-Жаз сыртындагы Айран-Суу – ак болуп аккандыктан, Ойрон-Суу – катуу, кара суу болуп аккандыктан келип чыккан. Чоң – кичи: Чоң-Кызыл-Суу – Кичи-Кызыл-Суу, Чоң-Жаргылчак – Кичи-Жаргылчак, Чоң-Керөге-Таш – Кичи-Кереге-Таш, Чоң-Казбек – Кичи-Казбек, Чоң-Кемер – Кичи-Кемер, Чоң-Долоно – Кичи-Долоно, Чоң-Органчор – Кичи-Оргочор, Чоң-Бүркүт – Кичи-Бүркүт жана башкалар. Жер-суу аттарындагы антонимдерди изилдөө аркылуу кээ бир аталыштардын этимологиясын аныктоодон башка да, практикалык жактан карама-каршы тарапты туюндуруучу аталыштар багытты билдирген кызмат аткарат. Ысык-Көл аймагында антоним топонимдер көп санда учурайт.

Топонимдердеги антонимия маселесине окумуштуу О.Т.Молчанова Тоолуу Алтай топонимдеринин мисалында кеңири ток-

толгон (145, 163 – 171), ошондой эле С.Атаниязов Түркмөнстандын топонимиясындагы антонимдерге терең талдоо жасаган (7, 154 – 155).

### 1.1.3. Калька

Кыргызстандын топонимиясында, анын ичинде Ысык-Көл топонимиясында айрым топонимдер калька аркылуу да пайда болгон. Мындай калькалоо жолу аркылуу сөз жасоодо кыргыз тили үчүн орус тилиндеги үлгүлөр кеңири пайдаланылат.

Семантикалык калька. Бир сөздүн маанисин башка бир тилдеги ошол эле сөздүн маанисин өзүнө көчүрүп алуу жолу менен пайда болсо, семантикалык калька аркылуу пайда болгон топоним болот. Мисалы: Таштак – Каменка. Кеңеш айылы – Советский айылы. Балыкчы – Рыбачье. Калька өз ичинен структуралык жана семантикалык калька болуп бөлүнөт. Топонимдерде составы эки же андан ашык уңгулардан турган татаал сөздөрдүн же туруктуу сөз тизмектеринин калькаланышы синтаксистик калькалар да учурай тургандыгы байкалат.

Залив Покровский – Покровка булуңу, Пристань Пржевальск – Пржевальский пристаны, Залив Пржевальского – Пржевальский булуңу, Светлая Поляна – Ачык Талаа, Ледник Давыдова – Давыдов мөңгүсү, Ледник Петрова – Петров мөңгүсү, Семёновское ущелье – Семёнов капчыгайы жана башкалар. Золотой корень – Алтын тамыр, Пик Победа – Жеңиш чокусу. Южный Эңилчек – Түштүк Эңилчек, Северный Эңилчек – Түндүк Эңилчек, Пик Шокальского – Шокальский чокусу (5722 м) ж. б.

### 1.1.4. Ысык-Көл топонимиясындагы кайталануучу жер-суу аттары

Айтылышы, жазылышы жана этимологиялык маанисинин окшош же кайталаныш жактары боюнча Кыргызстандын топонимиясында, анын ичинде Ысык-Көл топонимиясында көптөгөн кызыктуу фактылар бар. Мисалга алсак, Ысык-Көл облусунда кездешкен жер-суу аттары Нарын облусунда, Чүй облусунда, Баткен, Ош жана Жалал-Абад, Талас облустарында да кездешет. Ошондой эле, Казакстандын топонимиясында, Монголияда,

Кытайда, Өзбекстанда, Таджикстанда, Хакасияда, Алтайда, Тувада, Шорияда ж.б. өлкөлөрдө учурайт.

### 1. Район ичинде кайталанган аталыштар

Ысык-Көл топонимиясында бир эле райондун ичинде бир канча жолу кайталанып аталып калган топонимдер да учурайт. Ошондой эле, бир райондогу жер-суу аталыштары башка райондордо да бирдей аталып калган учурлары бар:

Көк-Жайык – Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз капчыгайындагы дүйнөлүк мааниси бар, курорттук эң кооз жер. Биздин иликтөөбүздө ушул эле райондогу Саруу жана Ак-Терек айыл өкмөттөрүнүн аймагында да Көк-Жайык деген аталышта жер аттары бар. Ак-Суу районунун Кайырма-Арык айылынын тоосунда да Көк-Жайык деген жер аты бар экендигин жергиликтүү информаторлор билдиришти. Бирок салыштырмалуу алганда, Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз капчыгайындагы Көк-Жайыктын кооздугуна эч бир жер жете бербейт, кичирээк аянтты да ээлейт.

### 2. Ысык-Көл облусунун райондорунда кайталанган жер-суу аттары

Ак-Булак – 1. Ак-Суу районундагы айыл, суу (194, 13). 2. Түптөгү айыл, суу (194, 13). Ак-Булуң – 1. Ак-Суудагы айыл (194, 14). 2. Түптөгү айыл (194, 14). Ак-Кудук – 1. Жети-Өгүз районундагы Боз-Бешик дөңсөөсүндө (18.б). 2. Ак-Суу районундагы Үч-Кайнар айылында (6.с). Ак-Талаа – Ак-Суу, Жети-Өгүз райондорунун сырттарындагы жер аты. Нарын облусунда да бар. Ак-Чий – 1. Ак-Суу районунда (120, 256). 2. Жети-Өгүз районунда (182, 23 – 26). Кереге-Таш – 1. Ак-Суу районунун Кереге-Таш айыл өкмөтүндөгү айыл, жер аты (120, 145). 2. Ак-Суу районундагы Ичке-Жергез айылынын тоосунда (46.б). 3. Тоң районунда минералдуу суу аты (120, 145). Кең-Суу – 1. Түптөгү айыл, суу (98). 2. Ак-Суу районунун сырт өрөөнүндөгү суу (98). Сары-Камыш – 1. Ак-Суудагы айыл (194, 157). 2. Ысык-Көл районундагы айыл (194, 157). Телти 1. Жети-Өгүз суусунун оң куймасы, к.с. (194, 173). 2. Ак-Сууда (98). Көк-Секи – 1. Жаргылчакта. 2. Жети-Өгүздө. 3. Сарууда. 4. Чоң-Кызыл-Сууда. 5. Кара-Күнгөйдө.

### 3. Кыргызстандын облустарында кайталануучу топонимдер

Ат-Жайлоо – 1. Жети-Өгүз, Ак-Суу райондорунда. 2. Тогуз-Торо, Ноокат, Алай, Ат-Башы райондорунда (194, 29). Ак-Дөбө – 1. Жети-Өгүз районундагы айыл (194, 14). 2. Ош жана Талас облустарында да айыл бар (194, 14). Ак-Суу – 1. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу р. курорт, район, капчыгай, Ысык-Көл районунда ашуу, суу, Баткен р. мөңгү, Москва р. ашуу, Лейлек р. чоку, Жыргалаң суусунун сол куймасы, Арашан суусунун оң куймасы, Тянь-Шань, Баткен, Жаңы-Жол, Өзгөн, Чаткал, Кемин, Москва р. кичи суу (194, 17). Көл-Төр – Кыргызстанда тоо, көл, ашуу, к.с., с. аттарында кездешип, 17 жолу кайталанат (194, 88 – 89). Түп р. Кең-Суу айылынын аймагында да көл бар. Ал эми Тоңдо айыл аталат. 3. Ак-Ссуда. Сары-Күнгөй – 1. Каракол капчыгайында (70.б). 2. Ак-Суу капчыгайында (73.б). 3. Барскоон капчыгайында (65.б). 4. Кичи-Жаргылчакта (65.б). 5. Жети-Өгүздө (2.б). 6.тоо – Кемин р., ашуу – Алай р., суу – Тянь-Шань, Лейлек р., айыл – Ош обл., Кара-Кулжа р. (194, 158). Чолпон-Ата – 1. Ысык-Көл районундагы тоо. 2. Кемин, Ысык-Көл районунда кичи суу. 3. Ысык-Көл обл. шаар, Талас обл. айыл (194, 198). Чычкан – 1. Жети-Өгүз районундагы суу. 2. Жалал-Абад обл. Токтогул р. (194, 204). Тогуз-Булак – 1. к.с., айыл – Тоңдо (194, 177). 2. Түптөгү айыл (120, 281). 3. тоо – Баткен р., Алай, Лейлек жана Кант райондорунда айыл. Базар-Коргон р. к.тоо. 4. К.с. – Ысык-Көлдүн куймасы (194, 177). Шаркыратма – 1. к.с. – Көөлүү суусунун оң жак куймасы, Куршаб суусунун сол жак куймасы, Кара-Үңкүр суусунун оң жак куймасы (194, 206). 2. Суу шаркыратмасы – Жети-Өгүз суусунда, Барскоон суусунда ж.б. Оттук – 1. Тоң р. тоо, суу. 2. Ак-Суу районунун сыртында суу (194, 149). Боз-Секи – 1. Кара-Күнгөйдө. 2. Талас районунда. Корумду – айыл. 1. Түп р. 2. Ысык-Көл р. Респ. боюнча 18 Корумду аталышы бар (194, 118 – 119). Зындан – 1. Тоң р. ашуу. 2. Ак-Суу р. айыл, ашуу. 3. к.с. – Тоң с. сол куймасы, Кара-Үңкүр с. сол куймасы, Токтогул р. Туздуу-Суу с. сол куймасы (194, 69). Ак-Терек – 1. Тоң р. суу, айыл. 2. Жети-Өгүз р. суу, айыл. 3. Ош обл. 6 айыл бар (194, 20). Боз-Бешик – тоо, айыл. 1. Жети-Өгүздө. 2. Тоо – Тоңдо (194, 43). Жолборсту – 1. Ысык-Көл районунда (20.б). 2. Түптө (53.б). 3. к.с. Жети-Өгүздө (98). 4. айыл. Ош обл. (194, 65).

Эшек-Арт – ашуу: Жети-Өгүз районунда, Ат-Башы районунда, к.тоо Ат-Башы менен Үч-Көл сууларынын ортосунда, к.с. Жети-Өгүз р. Коёнду с. сол куймасы, Алайкуу с. сол куймасы, Үч-Көл суусунун оң куймасы (194, 211). Кулаган-Таш – 1. Жети-Өгүз районунда (4.б). 2. Сыртта (30.б). 3. Нарын обл. тоо, Ат-Башы районундагы к.с. Сөөк суусунун сол куймасы. (194, 121). Кулаган-Таш топоними боюнча эл оозунда айтылып калган уламыштар Боом капчыгайындагы Кыз-Күйөө деген жер аталышы тууралуу уламышынын мазмуну (мотиви) менен окшош. Ошондой эле, Жети-Өгүз районундагы Кокуй-Көл жөнүндөгү уламыш Сырт өрөөнүндөгү Балтыр-Бешик-Көл топоними тууралуу уламыштын мотивдик жагы менен бирдей чечмеленилет.

## 4. Кыргызстандагы географиялык аттардын башка республикаларда кайталанышы

Хан-Теңири топоними, Каракол, Кудургу жана башка топонимдер Ысык-Көл топонимиясында да, Алтайда да кездешет (242, 28 – 41). Түргөн – Ак-Суу районундагы суу болсо, Баткен районунда да ушундай аталыштагы айыл бар, Монголияда, Тывада да учурайт. Оргочор – Жети-Өгүз районундагы дөңсөөнүн, айылдын аты. Кытайда да Оргочор деген топоним бар. Окшош жер-суу аттары Казакстандын жана Түштүк Сибирдин (Хакасиянын, Туванын, Алтайдын) топонимиясында өтө көп кездешет (106; 145; 242).

Калкагар – 1. Жети-Өгүз районундагы тоо (194, 96), бул тоо Тоң районунун аймагында жайгашкан. 2. Нарын обл. Ак-Талаа р. к.с. (194, 96). Казакстанда (103, 115). Каракол топоними респ. боюнча 15 жолу кайталанат. Каракол – 1. Шаар аты, Ак-Суу районундагы суу, капчыгай, айыл аты (194, 103 – 104). 3. Жети-Өгүз районунун сыртындагы айыл аты (98). 4. Кочкордо өрөөн, Алай, Өзгөн р. тоо, Кочкор р. ашуу, кичи суу – Панфилов, Ат-Башы, Токтогул. 3. Алтайда да бар (242, 28 – 41). Күрмөнтү – 1. Түптөгү айыл, к.суу, ашуу жана Казакстанда. (98). 2. Тоң – Нарын чек арасындагы суу, ашуу аты. Тоң р. Арчалы суусунун сол куймасы, Тянь-Шань р. Нарын суусунун сол куймасы (194, 91). Кутургу – 1. Күнгөй Ала-Тоодогу ашуу, Түптөгү айыл (194, 125). 2. Алтайда (242, 28 – 41).

Сары-Булак – Респ. боюнча 28 жолу кайталанат (194, 157). 1. Түптө. 2. Нарында. 3. Казакстанда. 4. Чүйдө. 5. Сыртта. Шаты – ашуу. 1. Түп р., Алай р. 2. Түп р. айыл, сырттагы жердин, суунун аты. 3. к.с. – Ош обл. Фрунзе р., (194, 206). Жети-Өгүз районунун Жаргылчак а.ө. жер аты. 4. Казакстанда (192, 214). Түндүк-Алма – 1.Сары-Жаз сыртындагы жердин аты. 2. Монголияда, Тыва менен Монголиянын чек арасында боз үйдүн түндүгүн алып өтүүгө туура келген кууш жер.

Тавтологиялык, тактап айтканда кайталануучу жол менен пайда болгон топонимдер жөнүндө топонимист Д.Исаев аталган эмгегинде мындай деп жазган: "Түп районундагы Сары-Булак, анын аты көрсөтүп тургандай, кичирээк суу, бирок анын айланасындагы тоо, өрдөп баргандагы ашуу, ушул суунун боюндагы кыштак да Сары-Булак аталып, ар бири өз өзүнчө объект. Ошондой эле Ысык-Көл районундагы Орто-Өрүктү аттуу кичине гана өрдөш жерден улам, ушул жылганы бойлоп аккан суу, жылганы өрдөп ашып өткөн ашуу, өрөөндүн оозунда орношкон айыл да, бардыгы тең Орто-Өрүктү наамын алып калган" (84, 36 – 37).

Окумуштуу О.Т.Молчанова да эмгектеринде топонимдердин пайда болушундагы кайталануучу жана оошкон топонимдердин орду тууралуу кызыктуу пикирин айтат (145, 151 – 163).

### 1.1.5. Диалектилик топонимдер

Топонимдер эл тарабынан жаратылат, ошол себептен географиялык аттар белгилүү даражада ошол калктын тарыхы, этникалык жана аймактык бөлүнүштөрүн, ар кандай маалыматтарды өзүнө сактоо менен бирдикте, калктын күндөлүк турмушунда колдонгон сөздөрдөн пайда болот. Кээ бир окумуштуулар топонимияны жергиликтүү диалект лексикасынын бир бөлүгү катары карашып, говордук өзгөчөлүгүн билдиргендигин айтышат. Б.А.Серебренников диалектилерде сакталып калган фонетикалык жана морфологиялык каражаттардын адабий тилде колдонулбаган диалект лексикасынын топонимияда көп учурай тургандыгына токтолгон (7, 41– 42).

Топонимдердеги диалектилик сөздөр жөнүндө илимий мака-

лалар, кандидаттык иштер жазылган. Диалектилик топонимдер деп, жалпы элдик тилге бирдей тарабаган, тараса да тыбыштык курамы, морфологиялык түзүлүшү, семантикалык мааниси, сөз айкалышы жагынан айырмаланган же бир жерде айтылып, экинчи бир жерде жолукпаган сөздөрдү айтабыз. Ысык-Көл топонимиясы жалпысынан Ысык-Көл говорунан түзүлгөндүктөн, негизинен адабий тилдин нормаларына ылайык жаралган. Бирок саясий жана маданий жагдайларга байланыштуу аз сандагы диалект сөздөрдөн түзүлгөн жер-суу аттары болуусу да ыктымал. Мисалга алсак, **аке** деген даража Ысык-Көлдө гана болгон. Бул сөз улуу, улук маанисинде Моют, Сартбай, Садыр, Тилекмат, Кыдыр, Карга, Карач деген адамдарга калыстыгы, жалпы элдин кызыкчылыгын биринчи орунга койгондуктары үчүн берилген. Бул сөз Жылкыайдар уулу Тилекматтын табылгасы болгон. Аталган адам аттарынын негизинде Сарт акенин Ак-Чийи, Тилекмат акенин көк сазы, Кыдыр акенин кайкысы, Карга акенин өстөнү ж.б. аталыштар бар.

Өтөк сөзү Б.М.Юнусалиевдин сөздүгүндө (240, 280) түштүк диалектидеги конуш жана кокту деген эки мааниде, ал эми жергуй (Тянь-Шан говорунда) – терең аң, чуңкур (240, 270) маанилериндеги диалектилик сөз катары көрсөтүлгөн.

How (ичкилик говорунда) – кокту (240, 278). Бул диалектилик сөз Ысык-Көл топонимиясындагы Ноолуу-Кокту топонимине туура келет. Татаал топонимдин эки компоненти бир маанини билдиргендиги кызыгууну пайда кылат. Төш – ичкилик говорунда дөш (240, 269). Жети-Өгүз р. Ак-Дөбө а.ө. жашаган дөөлөс, мундуз, тынымсейит, моңолдор уруулары Оргочор дөңсөөсүн "Төш" деп аташат. Талас говорунда довулгу (240, 269), Ысык-Көл говорунда Табылгы, Табылгыты топонимдери бар. Тегирмен Талас говорунда дегирмен (240, 269), Тегирменти – Ысык-Көл районундагы суунун, жердин аты. Түштүк диал. Гунан (240, 268), Ысык-Көл гов. Кунан-Өтөк. Түштүк диал. Гөдөв (240, 268), Ысык-Көл гов. Көдөө, Көдөөнүн-Муз-Булагы. Соку-Таш – түштүк диалектиде сок билек (240, 282) деген маанини билдирет. Чым – ичкилик гов. Чымкый (көк, кызыл. ж.б) (240, 289) мааниде, Чым-Там топоними бар. Шапак – түштүк диалектиде ич топу (тебетейдин астынан кийилет) (240, 289). Бул сөз адам аты аркылуу Ак-Суу районундагы айыл атына коюлган. Ичке-Суу – Түп районундагы айылдын, суунун

аты. Түштүк диалектиде Ничке-Суу түрүндө колдонулат. Ысык-Көл говорунда айылдардагы чоң көчөлөрдүн туурасынан кеткен кичи көчөлөрү Забылке деп аталат.

Турук – Каркырадагы жер аты. Турук – кайберендер кача албай камалып кала турган аска жер (148б, 9). Сеңир – тоо (148б, 15) деген мааниде болсо, Үкөк – түндүк диалектиге гана мүнөздүү болгон. Бул топоним Ысык-Көл сыртында кездешет. Ошондой болсо да адабий тилдеги сөз катары колдонууга алынган (148б, 46). Шыргалаң – муз аралаш аккан суу (148б, 40), Ак-Суу районунда Жыргалаң топоними бар. Алыш – 1) түндүк диал. суу агуучу терең, чоң арык; 2) Өзгөн районунда суу бурула турган өстөн, арыктын башы. Ак-Суу районундагы Отрадный а.ө. Жогорку Алыш деген арыктын аты бар. Жогорку Алыш – терең, чоң арык дегенге туура келет. Аңги –1) түнд. биттелген жылкы. 2) түшт. биттелген эшек. 3) өтмө мааниде: түнд. ээ бербей өз билгенин иштеген, кепке келбей сүйлөгөн (148б, 97). Аңги-Сай Тоң районундагы суунун, жердин аты. Аңги-Сай – ээ бербей аккан суу деген мааниден келип чыккан.

Бул сыяктуу диалектилик сөздөр жалпы элдик тилдин тарыхы үчүн кызыктуу болгон кубулуштарды жана фактыларды сактап калгандыгы байкалат (184, 191). Аларды иликтөө аркылуу тилдин тарыхы менен элдин тарыхын аныктоого, талдоого көмөк берет.

### 1.1.6. Эскирген сөздөрдөн куралган топонимдер

Кыргыз тилинде эскирген сөздөр историзмдер жана архаизмдер болуп экиге бөлүнөрү белгилүү. Күндөлүк турмушта колдонулуучу белгилүү бир заттар же түшүнүктөр коомдун өнүгүшүнө жараша анын талаптарына жооп бере албай, колдонулуудан чыккандыктан, аны атап жүргөн сөз да акырындык менен пассивге айланып, бирок белгилүү бир тарыхый доордун көрсөткүчү катары тилде али колдонулган сөздөрдүн тобу историзмдер топонимдерде да кездешет.

**Дулдул-Тоо** – Ысык-Көл районунда сакталып калган топоним. Дулдул – аттын эң чыдамдуусу, күлүгү (14, 55). Белги, касиеттерге байланышкан историзм.

Лексикалык-морфологиялык историзм катарында жер-суу, айыл-шаар аттарына байланышкан историзмдер: Пржевальск –

Каракол, Шалбаа – Тилекматтын көк сазы, Чыныбайдын сазы, Алкым – Балтабай, Комсомол – Кытай, Сары-Булак – Балбай, Кара-Буурул – Темир, Раздольный – Качыбек, Сливкин – Покровка – Кызыл-Суу, Кольцовка – Бөкөнбаев, Большевик – Бүркүт, Колцовка – Бөкөнбаев, Ырдык – Дыйшын, Пионер – Кара-Кыз, Кененбай – Тегизчил, Соколовка – Ак-Чий, Данияровка – Желе-Дөбө, Кара-Чуңкур – Сан-Таш, Токтогул – Зындан, Нововознесеновка – Боз-Учук, Рыбачье – Балыкчы, Таштак – Жаркымбаев, Суулу-Кыр-Коо – Ак-Терек, Моңолдор – Курбу, Сабатар – Боз-Булуң, Он-Жети-Карагай – Семёновка, Киндик – Оргочор, Ийри-Суу – Сүттүү-Булак, Шың-Ата – Фрунзе, Чигу – Сары-Булуң, Бирназардын Кара-Чери – Жети-Өгүз төрт кошкону (перекресткасы), Ак-Чий – Липенка, Көк-Жээк – Богатыровка жана башкалар.

Лексикалык-фонетикалык историзмдер: Кароол-Дөбө – Карал-Дөбө, Тору-Айгыр – Тор-Айгыр, Ташыбек-Төр – Таштамбек - Төр.

Жыйынтыктап айтканда, историзм топонимдер мезгил талабына ылайык кайрадан атоо аркылуу, жаңы ат берүүдөн улам мурунку аталыш колдонулуудан чыга баштап, тарыхый эмгектерде гана пайдаланылып калат.

Эскирген сөздөрдүн дагы бири архаизмдер, б.а. пассивге айланып, активдүү колдонулуудан чыгып калган архаизмдерге төмөнкү топонимдерди киргизүүгө болот: Сарт акенин Ак-Чийи, Акун акенин дөңү (азыр бул дөң жок), Өмүрдүн кайкысы, Жайчыбектин оюу, Карал-Дөбө, Эр Табылдынын кароол чокусу, Аккуланын акыры, Манастын Оттук-Ташы, Манастын-Таш-Тулгасы, Манастын-Ташы, Кыдыр акенин жайлоосу. Бирок бул аталыштар историзмге да жакын. Шарттуу түрдө кеңеш өкмөтүнүн мезгилинде айдоо жерлерди цифра менен атоонун негизинде, унутта калган көптөгөн Ысык-Көл өрөөнүндөгү белгисиз топонимдерди да кошууга болот. Мисалы: 90, 100 ж.б.

### 1.1.7. Топонимдердин семантикасы

Топонимдердин семантикасы дегенде, сөзсүз түрдө семасиология маселелери көтөрүлөт. Семасиология – (гректин semasia – "маани" жана loqos – "окуу", "илим") тилдик бирдиктердин

маанилерин үйрөтүүчү лексикологиянын тармагы (184, 21). Семасиология сөз маанилери, алардын өз ара карым-катнашы, сөз маанилеринин түзүлүшү, б.а. сөздүн көп маанилүүлүгү, сөз маанилеринин кеңейиши жана өнүгүшү өңдүү маселелерди камтыйт.

Топонимдер бир маанилүү же көп маанилүү болушу мүмкүн. Биз төмөндө көп маанилүү жер-суу аттарына токтололу.

"Көп маанилүүлүк – бир эле сөздүн бир канча маанилерди туюндурушу, негизги маани аркылуу жаңы маанилердин пайда болушу" (184, 49).

### 1.1.7.1. Топонимиялык полисемия

Кыргыз топонимиясынын курумунда кездешкен айрым географиялык терминдердин негизги терминдин маанисинде топоним катары бир сөздүн көп маанини билдирүүсү – полисемиянын натыйжасында пайда болот. Мисалы: тумшук, бел, моюн, баш, кабырга, чеке, жаак, бет, далы, каптал, киндик, этек, колтук ж.б. Бул сыяктуу терминдер түрлүү географиялык объектилерди (дөбөлөр, кырлар, жарлар, жана башкалар) адамдын жана жаныбардын анатомиялык мүчөлөрүнүн окшоштугуна салыштыруунун натыйжасында аталган, башкача айтканда, эки предметтин формасы жана функциясына карата метафоралык касиетке өткөн. Бул өзгөчөлүктү Ысык-Көлдөгү топонимдердин мисалында көрүүгө болот: Киндик-Дөбө, Дөң-Чеке, Далы, Жаак, Кабырга, Мээ, Баш-Көл, Бөйрөк, Ашказан ж.б.

Ысык-Көл топонимиясында полисемиялык жагдайда келип чыккан топонимдер көп. Ошондуктан, аларды шарттуу түрдө төмөндөгүдөй бөлүштүрүп кароого болот:

1. Жер-сууну адамдардын, айбанаттардын анатомиясы-физиологиясына карата окшоштуруунун негизинде: Далы, Кабырга, Бөйрөк, Киндик, Колтук, Тумшук, Алкым, Ашказан, Бет, Жаак, Чеке, Чоку, Ит-Тиши, Мээ, Жон, Ооз-Кашка-Суу, Киндик-Дөбө, Киндик-Суу.

2. Адамдарга, айбанаттарга жана башка нерселерге окшоштугунун негизинде: Киши-Зоо, Дөңгөлөк-Саз, Така зоосу.

3. Жаныбарларга окшоштугунун негизинде: Бөрү-Баш, Көк-Байтал, Кулжа-Мүйүз, Кара-Нар, Бугу-Мүйүз.

4. Кийим-кече жана башка буюмдарга окшоштуруунун негизинде: Көк-Байпак, Желек-Кара-Такыя.

5. Күнүмдүк керектелүүчү куралдарга байланыштуу: Кайчы, Чөмүч тоосу, Шаты, Балчелек.

6. Өсүмдүктөргө байланыштуу: Алтын-Тамыр, Эңилчек, Моюл, Өрүктү, Алмалуу, Кара-Шилби, Кызгалдак-Төр.

7. Элдердин жашоо-тиричилигине, ар кандай окуяларга байланыштуу: Калипа-Берди, Келин-Тайгак, Абдырахман-Какачы, Кенжетай-Өлчү, Дуңган-Өлчү, Орус-Өлчү, Өзбек-Өлчү, Муканбет-Өлчү, Жумаш-Чоку, Кыз-Коргон, Чапан-Өрттөнчү, Өгүз-Өлчү, Түндүк-Алма, Чакай-Качты.

8. Аба-ырайынын шартына жараша: Мунарык, Ондонбайдын чокусу, Бороондуу-Төр, Дүңгүрөмө.

9. Оюн-зооко байланыштуу: Аламан-Өтөк, Кунан-Чабуучу, Тогуз-Коргоол.

10. Жер-суу өзгөчөлүгүнө жараша: Шыңгыма, Шор-Булак, Шоролуу, Туз-Суу, Шаркыратма, Шаты, Чүрүш, Эт-Албас, Боор-Албас, Ээр-Таш, Шарпылдак, Саз, Чат, Төө-Куйрук, Кургак-Айрык, Кызыл-Эшме, Көк-Жайык.

11. Эмгек куралдарына байланыштуу: Жаргылчак, Тегирменти.

12. Адам аттарына байланыштуу: Тилекмат, Балтабай, Шапак, Балбай, Темир, Алыбек, Байзак.

13. Уруу аттарына байланыштуу: Мундуз, Саруу, Кытай, Чиркей, Кожояр, Бостери, Чырак, Кара-Кыз, Чоң-Тогузбай, Черик, Кабак, Сабатар, Кара-Такыя, Асан-Тукуму, Моңолдор.

Топонимдерде көп маанилүүлүктүн пайда болуу, б.а. “сөз маанилеринин өнүгүү жолдору ар түрдүү. Алар, негизинен, метафоралык, метонимиялык, синекдохалык өтмө маанилер аркылуу ишке ашырылат” (184, 51). Тилдеги өтмө маанилүү сөздөрдүн колдонулушу жагынан ийкемдүү түрү – метафора.

### 1.1.7.2. Топонимдердеги метафора

Метафора – гректин meta жана tarein деген сөзүнөн алынган, биздче “окшоштуруу, кейиптештирүү” деген маанини билдирет. Окшоштуруу, кейиптештирүүнүн негизин адамдардын, айбанаттар-

дын, жаратылыштагы көрүнүштөрдүн, кубулуштардын формасы, өңү-түсү, белгиси, касиети, сапаттык жана кыймыл-аракеттик мүнөздөрүнүн өз ара окшоштуктары, жалпылыктары түзөт. Адамдар өздөрүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү өтө ар түрдүү заттарды, көрүнүштөрдү, кыймыл аракеттерди, өз ара салыштырат, окшоштурат. Ошол окшоштуктардын натыйжасында бир сөз экинчи бир сөздүн ордуна колдонулат да, тилде өтмө метафоралуу маани пайда болот.

Метафора – семантикалык көрүнүш экендиги белгилүү. Ал сөз маанилеринин кеңейишин жана өзгөрүшүн шарттоочу тилдин эң активдүү да, ийкемдүү да куралы. Метафорага шарттуулук, субъектүүлүк мүнөздүү. Сөз маанилеринин өнүгүш жолунда метафоралуу колдонулган сөз лексикалык жаңы мааниге ээ болот. Турмушта жашаган нерсе же түшүнүк башка бир түшүнүк же нерсе менен белгилүү бир байланыш катышта болот. Ал эми түшүнүк же нерселердин ортосундагы байланыш, катыш, кандайдыр бир окшоштуктардын негизинде жаралат. Мисалы: бет – 1. Адамдардын жүзү, өң жагы (122, 98 – 99). 2. Нерсенин үстүңкү сырт жаккы тарабы. 3. Каптал тарап. 4. Барактын эки жак тарабы. 5. Бир багытты көздөөнү билдирүү үчүн колдонулат. 6. өт. Уят, абийир (122, 98 – 99). Төбө – баштын үстүңкү бөлүгү, адамдардын, жаныбарлардын, тоонун, үйдүн чокусу, төбөсү. 2. Кандайдыр бир бийиктиктин үстүңкү бөлүгү, чокусу, учу (122, 610 – 611). Этек – кийимдердин, айрым буюмдардын, тоонун жана башка нерселердин эң төмөнкү, аяккы бөлүгү (122, 772). Ушул сыяктуу эле адамдардын дене мүчөлөрү, көптөгөн буюм-тайымдар башка бир түшүнүктөргө карата метафоралашат. Чоку – ар кандай нерселердин эң жогорку бөлүгү. Демек, метафоризация процесси үчүн ушул белгилер негиз болуп, таптакыр ар башка түшүнүктөрдү бири-бири менен байланыштырган. Натыйжада бир эле сөздөн бир нечелеген кошумча жаңы маанилер пайда болуп, тилде полисемиянын келип чыгышын шарттаган.

Метафора – сөз жасоонун да ийкемдүү жолу. Тилдик метафоралар сөз маанилеринин тек гана кеңейишине гана эмес, анын жаңы лексикалык маани алышына да шарт түзөт. Бел – 1. Адамдын денесинин ортоңку бөлүгү; 2. Бел – кийимдин белге туура келген

бөлүгү. 3. Орто чен, орто бөлүк. 4.өт. Тоо кыркасынын ашуунун, кайкыраак жери, анча бийик эмес жону. 5. өт, таяныч, жөлөк, дем, ишенич (122, 96). Боор – 1) адам менен жаныбарлардагы өттү бөлүп чыгаруучу без. Боор – 2) адамдын, малдын жана башкалардын ич органы. Боор – 3) тоонун боору, башкача айтканда, орто жери, бети.

Боор – 4) дос, достук маанисинде.

Боор – 5) жалпы эле бир тууган же тектештик мааниде.

Боор – 6) уруу аты.

Жогорудагы "боор" сөзүнүн өтмө маанилерин бири-биринен семантикалык байланышын үзбөгөн полисемия деп кароого болот.

### 1.1.7.3. Топонимиядагы метонимия кубулуштары

Метонимия – грек тилиндеги metonumia – "кайрадан атоо" деген сөзүнөн алынган термин. Нерселердин арасындагы мейкиндик, аралык мезгил жактан болгон катышына карата сөз башка бир нерсени туюндуруу үчүн колдонулса, метонимия деп аталат (184, 72). Профессор С.Ж.Мусаев "Кыргыз этнонимдери" деп аталган эмгегинде этнотопонимдер жана топоэтнонимдердин пайда болуусундагы метонимия кубулуштары тууралуу кыскача токтолуп өткөн (161б, 100 – 165).

1. Жердин, өлкөнүн, аймактын аты анда жашаган элдин атына же анын тескерисинче, элдин аты жердин, аймактын атына өтөт. Ошентип белгилүү учурда эл да, жер да бирдей эле сөз менен аталып калат: Саруу, Кабак, Мундуз, Кытай, Чырак, Сабатар, Кара-Такыя, Моңолдор, Бостери уруунун, жердин аты. Элдин атынан жердин аталышына мүмкүнчүлүк түзгөн.

2. Жердин, шаардын атынан чыгарылган буюмдун, тамак-аштын, кездеменин жана башкалардын атын белгилөө үчүн колдонууга: "Кум-Төр" алтын кени, "Сары-Жаз" руда кени, "Мундуз" кирпич заводу, "Жыргалаң" шахтасы, "Жылуу-Булак" сүт заводу, "Каракол" пивзаводу, "Күрмөнтү" цемент заводу, "Ысык-Көл" дан азык тегирмени, "Каракол" дан азык тегирмени, "Айдың-Көл" заводу, "Ай-Кол" үрөнчүлүк кооперативи, "Каракол" мөмө-жемиш иштетүү заводу, "Каракол" сүт заводу, "Каракол" бут кийим фабрикасы, "Кокуй-Көл" бирикмеси, "Тоң" балык чарбасы, "Кажы-Сай" шахтасы, "Бар-Булак" минералдык суусу, "Боз-Бешик" жылуу суусу, "Чоң-Кызыл-Суу" жылуу суусу, "Жууку" жылуу

суусу, "Ак-Суу" жылуу суусу, "Жети-Өгүз" жылуу суусу, "Энчилеш" алтын булагы, "Эңилчек" жылуу суусу, "Чолпон-Ата" жылкы заводу, "Жыргалаң" гипс кени, "Каракол" кийим тигүү фабрикасы, "Оргочор" асыл-тукум заводу, "Ысык-Көл" мейманканасы, "Каркыра" мейманканасы, "Дархан" өндүрүштүк-басмаканалык фирмасы, "Каркыра" кафеси, "Каракол" ашлямфусу, "Көк-Ойрок" арагы, "Балыкчы" арагы, "Барскоон" ширеси ж.б.

Региондун топонимиясында синекдоха кубулушу да байкалат. Синекдоха – "жалпынын аты аркылуу жекени (бөлүктү) билгизүү же анын тескерисинче, жекенин (бөлүктүн) аты аркылуу жалпыны (бүтүндү) түшүндүрүү. М: туяк – бала, баш – адам" (184, 76). Синекдоха кубулушунан келип чыккан жер-суу атына Балтыр-Бешик-Көл (22.б) сыяктуу аталышты киргизүүгө болот. Балтыр-Бешик – кичинекей бешиктеги, эмчектеги бала деген мааниде (122, 85).

### 1.1.8. Жер-суу аттарындагы табу

Тергөө сөздөр кыргыз тилинде адамдарга карата колдонулуп, улуу адамдын атын башка сөз менен тергеп айтуунун негизинде келип чыгат. Бул кубулуш аз санда болсо да антропотопонимдерде, жана гидронимдерде сакталгандыгы байкалат.

**Жайылма** – Отрадный айыл өкмөтүнүн аймагындагы жер аты катары кездешет. Белек уруусунан чыккан Шапак баатырды келиндери тергеп айтууларынын негизинде, жер-шартынын өзгөчөлүгүнө карата коюлуп калган.

**Мамырбайдын баса калмасы, Мамырбайдын дарбазасы, Мамырбайдын Боор-Албасы** – Ысык-Көлдүн сыртындагы жер аттары. Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө а.ө. жашоочуларынын маалыматтарына караганда (2.с; 4.б; 61.б; 13.б; 16.б; 22.б; 33.б; 34.б; 56.б), Мамырбай дөөлөс уруусунан чыккан мергенчи болгон. Орустар келгенде, Мамырбайдын мергенчилик өнөрү тууралуу угушуп, ага өзүлөрүнүн жаңы мылтыгын берип сынашмакчы болушат. Мамырбайга мылтыктын бул түрү абдан жаккандыктан, жапайы эчки, теке, кулжаларды ата баштайт. Чыныгы мерген экендигине ынанган орус: "Мамырбай, Хватит!"- деп кыйкырат. Мамырбай мергенчиликтин кызыгына өзүн алдырып, "Жарайсың,

Мамырбай!" деп айтып жаткандай угат да, орустун кайра-кайра кыйкырганына карабастан, бардык аркар, кулжа, текелерди атып таштайт. Ошол окуядан кийин бул жер "Хватит Мамырбайдын баса калмасы", "Хватит Мамырбайдын дарбазасы", "Хватиттин Боор-Албасы" деп аталып кетет. Азыркы учурда да келиндери Мамырбай мергенчинин урпактарын "Хватит атанын балдары" деп тергешет. Мамырбай мергенчинин мергенчилик өнөрү, аңчылык кесиби чөбөрөсүндө сакталган.

Кер-Булак – Түп районунун Талды-Суу а.ө. караштуу жайлоонун, булактын аты. Бул булактын суусу кир чыккандыктан, жергиликтүү токой элдери жакшылыкка жорушуп, терген Кер-Булак коюшуптур (1.с).

Буркан – Жети-Өгүз жана Тоң райондорунун аймагындагы суунун, мөңгүнүн, көлдүн аты. Ж.Мукамбаевдин жазгандарына караганда "Ысык-Көлдө Калмак, Калмакбай деген аттарды Буркан деп тергешкен" (148б, 400). Демек, бул аталыш тергөө кубулушу аркылуу келип чыккан.

### 1.1.9. Эллипсистик топонимдер

Бир сөздөн турган топонимдер көп учурларда грамматикалык оформление алуу жолу менен эллипсистик мүнөзгө ээ болуп, аныктоочтун да аныкталгычтын да милдетин аткарып кала берет. Топонимист Д.Исаев эллипсистик топонимдер жөнүндө кыскача төмөнкүлөрдү жазган: "Кайыңды-Булак, Кайыңды-Жар топонимдери топонимдик объектини бир кыйла так, конкреттүү көрсөтүп турганы менен аныкталгычы түшүп калып, жөн эле Кайыңды аталып калган" (84, 45).

1. Жөнөкөй топонимдер (бир тутумдуу, мүчөсүз топонимдер).

а) Энчилүү ат катарында турган географиялык терминдер: жал, чат, кудук, төш жана башкалар.

б) Жалпы зат атооч: Карагай, Капчыгай.

в) Энчилүү зат атооч (антропонимдер): Тилекмат, Бөкөнбаев, Темир, Балбай, Балтабай, Шапак жана башкалар.

Ысык-Көл топонимиясында бир кыйла жер-суу аттары эллипсистик мүнөздө колдонулат. Мисалга алсак, Чырак топоними. Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз жергиликтүү өз алдынча

башкаруусуна караштуу айылдын аты. Топонимист Д.Исаев бул топонимди монгол тилиндеги **ширэг** сөзүнө туура келип, саз деген маанидеги сөз катары Шалбаа топоними менен синонимдеш деп божомолдогон (84, 34).

Биздин иликтөөбүздө топоним айылда жашаган элдердин басымдуу бөлүгү чырак-тамга уруусунан болгондуктан, айылдын аты уруунун аты менен аталгандыгы белгилүү болду. Чырак-Тамга уруусунун эн тамгасы алардын малдарына да басылган. Уруунун аталышындагы тамга деген аныкталгычы айтылбай түшүп калуунун натыйжасында Чырак түрүндө аталып кеткен. Бул маалыматтарды айылда жашаган элдердин басымдуу бөлүгү жана санжырачылар Кадыров Эсен (38.с; 11.с) сыяктуу көптү билген адамдар да ырастайт.

Эллипсистик топонимдерге Сарт акенин Ак-Чийи, Акун акенин дөңү, Тилекматтын көк сазы, Өмүрдүн кайкысы, Бирназардын Кара-Чери, Кыдыр акенин кайкысы, Кыдыр акенин Ак-Бака булагы, Кыдыр акенин жайлоосу, Кыдыр акенин Тайкашкасы деген сыяктуу таандык байланыштагы жер-суу аттарын да киргизүүгө болот. Бул топонимдер мезгилдин өтүшү менен жергиликтүү болуп жашаган кыргыз уруулары тарабынан унутулуп, жөн гана аныкталгычы гана айтылып, аныктоочу түшүп калгандыгы байкалат. Маселен, Ак-Чий, Дөң, Кайкы, Тилекмат (Көк-Сазы айтылбай, түшүп калган), Кара-Чер.

Асан-Тукуму – Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз капчыгайындагы суунун, жердин аты. Бул топоним географиялык карталарда (98, масштаб 1: 50 000) Асантукуму – түрүндө татаал түзүлүштө жазылып берилгени менен, жердик болуп жашаган кыргыз уруулары тарабынан Асаке, Асан-Жайлоо, Асан-Суу деп биринчи компоненти айтылып, экинчи компоненти түшүрүлүп аталат. Көпчүлүк учурда Асан-Төр эмес, Асан деп гана айтылып калган. Курум-Корум – Сырттагы жер аты. Тегереги таш келген жер. Көпчүлүк учурда Корум деп гана аталат. Чолок-Арал –Жети-Өгүз р. Ак-Дөбө а ө. жер аты (81.б). Азыркы учурда бул жер жөнөкөй түзүлүштө Арал деп гана аныктоочу түшүрүлүп аталат.

## 1.2. Жергиликтүү географиялык терминдер

Ысык-Көл топонимиясын жасоодо жергиликтүү географиялык терминдер колдонулат.

Кыргыз топонимикасынын тарыхында Э.М.Мурзаев, С.Умурзаков, Д.Исаев, К.Конкобаев, Ш.Жапаров, Т.Ахматов, Ж.Карамолдоев, А.Григорьев, В.А.Никонов, Л.Сулайманова, жалпы түркологияда Н.А.Баскаков, А.Н.Кононов, О.Т.Молчанова, М.Гельдыханов, Г.Конкашпаев, Е.Койчубаев жана башкалардын эмгектеринде жергиликтүү географиялык терминдер да изилдөөгө алынган. Алардын эмгектеринде жергиликтүү географиялык терминдердин бир катарына илимий көз караштагы түшүндүрмөлөрү, талдоолору берилет.

Д.Исаев "Жер-суу аттарынын сыры" эмгегинде: "белчир, омпол, сырт, тарагай, торпу, айыл, кыштак" сыяктуу географиялык терминдерге мүнөздөмө берет (84, 35 – 40). К.Конкобаев диссертациялык эмгегинде (111, 144 – 159) Кыргызстандын топонимиясындагы кеңири колдонулуучу географиялык терминдердин кыскача сөздүгүн берген. Бул сөздүктө топонимдерде өтө көп кездешкен 450 географиялык термин жана башка сөздөр камтылат.

Т.Ахматовдун "Талас өрөөнүнүн географиялык аттары" боюнча (167, 35 – 38) жазган макаласында Талас өрөөнүндөгү географиялык аттар жалпы кыргыз лексикасындагы (саз – болота, токой – лес, көлмө – водоем, тоо – гора, аска – скала, дөбө, төбө – холм, адыр – плоскогоря, жар – овраг жана башкалар) сөздөрдү өзүнө камтыйт. Аталган жердин өзгөчөлүгүн чагылдырат. (Алымдын кудугу – Колодец Алыма, Кулан коргон – Курган Кулана, Шоро, Баласаруу жана башкалар). Т.Ахматовдун изилдөөсү боюнча эң көп 90 жергиликтүү термин аң-аңгек маанисиндеги рельефти билдирсе, эң аз сандагы топ Талас өрөөнүндөгү саз сөзүнө тиешелүү экендигин белгилейт.

В.А.Никонов Кыргызстандын оронимиясы боюнча кыскача макаласында "Кыргыз оронимдери (рельефтик объектилердин аттары – тоо кыркалар, чоку, дөбө, бет, кайкы, капчыгай, жар, үңкүр, ашуу жана башка) сан жеткис" (165, 86) деп белгилеген. Ошондой эле окумуштуу Кыргызстандын топонимиясында кездешүүчү бир катар географиялык терминдерди талдоого алат.

Л.Сулайманова "Кыргызстандын топонимиясындагы элдик географиялык терминдерге лингвистикалык анализ жүргүзүү" деген темада кандидаттык иш жазып, 2007-жылы коргоду. Бул эмгекте 800 элдик географиялык термин жана 4000 топонимдин картотекасы түзүлгөн (195б). ЭГТ системага салынып, ГТ орду жана мааниси, пайда болушундагы өзгөчөлүгү аныкталат.

Географиялык объектилердин аталыштары болгон тоо, дарыя, көл, жайлоо, кыштоо, төр, өстөн ж.б. сөздөр илимий адабияттарда номенклатура терминдери, индикаторлор, апеллятивдер, топонимикалык терминдер, географиялык терминдер болуп бир канча түрлүү жана элдик же жергиликтүү географиялык терминдер болуп берилип жүрөт. Биз географиялык объектилердин аттарын географиялык терминдер, ал эми нагыз кыргыз тилиндеги терминдерди жергиликтүү географиялык терминдер деп алдык.

Кыргызстан – тоолуу өлкө болгондуктан, Ысык-Көл топонимиясында географиялык терминдер көрүнүктүү орунду ээлейт.

Иликтөөнүн негизги объектиси катары Ысык-Көл топонимиясындагы айрым географиялык терминдер, мисалы, **керүү, жылга, жыбыт, жыбытча, кайкы, секи, секиче, куйма, өстөн, олкө, ирим, күдүр, күбүр** ж.б. сыяктуу катышкан топонимдер алынды. Талдоого алынган терминдердин көпчүлүгү Ысык-Көлдүн тоолорунда, сырттарында тоо беттериндеги өзгөчөлүктөргө байланыштуу коюлган аталыштар.

**Бөлтөк.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: "Бөлтөк – дөңгө окшогон кичине тоо; дөң, дөңсөө" (122, 114). Бул термин кара деген сөз менен айкашып, топоним катары колдонулат. Кара-Бөлтөк – Ак-Суу районундагы Ак-Суу капчыгайынын сол тарабындагы тоонун жана Жети-Өгүз районундагы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө караштуу тоонун аты. Аталган тоолор эки башка аймакта жайгашса да, топурагынын каралыгы бирдей, кичине тоо, дөңсөө сыяктуу өзгөчөлүгү да эки тоо үчүн мүнөздүү. Ошондуктан бул топонимди тавтологиялык кубулуш катары кароого болот. Демек, бөлтөк – кичине тоо, дөңсөө деген маанидеги термин.

**Ирим.** Юдахиндин сөздүгүндө: "ирим – пучина, омут (суунун ирими)" маанисинде көрсөтүлгөн (237, 303).

Ысык-Көлдүн сыртында Көк-Ирим аталышындагы суу бар.

Суунун уюлгуп, айлампа болуп аккан жеринен улам, суу Көк-Ирим деп аталган.

**Жылга.** "Жылга – ложе ручья, длинная впадина, ложбина, балка" (237, 279). Э.Мурзаевде "Джилга – овраг, балка, ложбина, ручей, речка (тюрк). Казах. жылга – "ручей"; азерб. джылга, туркм. джылка татар. диал. жылга -"сухой овраг". Другие тюрк. формы: елга, илга, йылга. За пределами тюрк. яз. в тадж. заимствовано джилга – в том же значении; бур. и халк.-монг. – также "впадина" (150, 180) деген маанилерин көрсөткөн. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө "жылга кичине кокту, узунунан кеткен ойдуң жер" (122, 230) деп берилген. Жылга – "суунун сайы", "жар", "аң", "кокту-колот" деген маанидеги термин.

Жылга термини менен синтаксистик жактан айкашып географиялык ат катарында сакталып келген Түп районундагы Сары-Булак айыл өкмөтүнө караштуу жерлердеги аталыштар: Сары-Жылга, Токтаалынын жылгасы, Туюк-Жылга, Жол-Жылга, Кургак-Жылга, Конкоштун жылгасы, Бейшенин жылгасы ж.б.

**Жыбыт.** Жыбыт сөзү оозеки кепте да, илимий адабияттарда да кош сөз катары жылга сөзү менен бирге айтылып, өз алдынча да мааниге ээ болгон географиялык термин. Жыбыт – кичине кокту (122, 228). Жыбыт жылгага караганда кичине келет. Жыбытча – жыбыттан да кичирээк жер (122, 128) деген маанидеги термин.

**Кайкы.** К.Юдахин сөздүгүндө "Кайкы – небольшая впадина между гор" деп берсе (237, 319), Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө кайкы эки мааниде берилген: а) орто жери ийилиңки бир аз кайкайган; б) эки жагы көтөрүңкү, орто жери ылдый (122, 263). Кайкы сөзү көбүнчө жылкы малына карата кайкы бел түрүндө айтылат. Кылычтын түрүнө карата кайкы кылыч, мурунга карата кайкы мурун деген сөздөр да кездешет. Негизинен, тоо бети ээр сыяктанып көрүнгөндүктөн, салыштырмалуу түрдө окшоштурулуп коюлган, ал сөз жер аталышына өткөндө географиялык термин касиетине ээ болгон. Кайкы сөзүн кыргыз тилиндеги Көтөрмө, өзбек тилиндеги Күтөл жана Күторма топонимдери менен салыштырып кароого да болот.

**Куйма.** Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө айылына караштуу көл жээгиндеги жердин аты. Ысык-Көлгө 2 чакырым аралыктагы

жерде Кокуй-Көл деген көл бар. Кокуй-Көлдөн Ысык-Көлгө суу агып чыгып куюлгандыктан, көлдүн жээги жергиликтүү элдер тарабынан Куйма деп аталган (2.с;11с;44.б). Куйма – суунун куйган жери (150, 309). Бул термин Ысык-Көлгө куйган бардык сууларда учурайт. Куйма – дарыя куймасы, б.а. негизги өзөнгө куйган суу.

**Кудук.** Бул сөз Ысык-Көл облусунун тоолуу (дөңсөөлүү) жерлеринде топоним катары сакталган. Тасма дөңсөөсүндө жердин, булактын аты, Түп районундагы Талды-Суу айылынын аймагында да булактын аты катары учурайт. Бул аталыштардан сырткары кудук термини сын атооч сөздөр менен айкашып, татаал жер-суу аталышы түрүндө Ак-Суу районунда Үч-Кайнар айылынын аймагындагы дөң жерде Ак-Кудук булагы, Жети-Өгүз районундагы Оргочор дөңсөөсүндө Ак-Кудук булагы, Түп районунда Чаар-Кудук суусу, жайлоосу жана булагы сыяктуу топонимдер кездешет.

Э.М.Мурзаевдин сөздүгүндө: "...эвенкийский диалект. кудук – ручей соленой водой" (150, 308) маанисинде түшүндүрүлгөн. Кудук – бизче "туз", "туз булак" маанисиндеги сөз. Кудук сөзү Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө да берилген. Бул маалыматтарга таянып айтканыбызда, жалпы түрк тилдерине тиешелүү кудук термини Ысык-Көл облусунун аймагындагы тоолуу жерлерде көп кылымдар бою сакталып келгендиги байкалат.

**Керүү.** Ысык-Көл облусунда жашаган элдердин басымдуу бөлүгү "керүү" сөзүн тоонун жапыз бет жагы деп түшүндүрүүгө аракеттенишет. Ушул маанисинде кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө (122, 69) керүү – "тоонун жапыз бети, түзөң жери" деп берилет. Ал эми К.К.Юдахиндин сөздүгүндө (237, 379) "Керүү – верх горы, или склон высокой горы, покрытый травой, керүү тарткан бел – длинный, широкий склон горы" деп берилген. Керүү – тоонун жантык, капталдай кеткен жери. Ысык-Көлдүн сыртында Кара-Керүү деген аталыштагы капчыгай, суу жана жайлоо бар (98.2). Капчыгайдын жана суунун аты жайлоонун атынан аталган.

**Күбүр** – үстүңкү бетин муз каптаган, асты көңдөйлөнгөн же суу агып жаткан жер (237, 458). Топоним Сыртта кездешет.

**Күдүр** термини Ысык-Көл сырттарындагы Сары-Чат жана Ээр-Таш өрөөндөрүндө жана Жети-Өгүз районундагы Ырдык капчыгайынын Көк-Жайыгы менен Кайып-Булактын ортосунда

учурайт. Юдахиндин сөздүгүндө: “күдүр – мелкие бугры, равнина покрытая небольшими буграми, извилинами с извилинами как у головного мозга” (237, 459) деген мааниде берилген. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: “күдүр – түз эмес, ой чуңкурлуу жер, талаа жана хутор” (122, 370) деген маанилерде көрсөтүлгөн.

Күдүр – ой-чуңкурлуу жер.

**Өлкө.** Ысык-Көлдүн сырттарында кездешүүчү жердин аты. Ысык жерди кыргыз эли байыртадан өлкө жер деп келишкендиги белгилүү. Юдахиндин сөздүгүндө өлкө – үч мааниде: “теплая, ветренное место, удобное место для скота” (237, 596) деп көрсөтүлгөн.

Өлкө – жылуу жер маанисиндеги сөз.

**Өстөн.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: “Өстөн – чоң арык, чоң суудан бөлүнүп алынган чоң сугат каналы” (122, 489) деген маанидеги сөз деп көрсөтүлгөн. Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө айыл өкмөтүнө караштуу айыл аты Аң-Өстөн аталат. Айыл аты Жети-Өгүз суусу бир нече жылдар мурун айыл четиндеги жер менен агып, аң кылып жеп аккандыктан, Аң-Өстөн деп аталып калган.

**Секи.** Секи сөзү толук маанилүү сөздөр менен айкашып, Ысык-Көл топонимиясында Көк-Секи, Боз-Секи, Кара-Секи ж.б. деп аталган жер аталыштарында кездешет. Көк-Секи топоними Жети-Өгүз районундагы Жети-Өгүз айылынын аймагында, Көк-Жайыктын жогору жагындагы жайлоонун аты. Жети-Өгүз районундагы Чоң-Кызыл-Суу айылынын аймагында да Чоң-Көк-Секи, Кичи-Көк-Секи деген жерлер бар. Кара-Күнгөй тоосунда Боз-Секи деген жер бар. Юдахиндин сөздүгүндө: “Секи – небольшой плоский выступ в предгорьях” (237, 641), - деп берилген. Демек, секи сөзү – географиялык термин катары "тоонун бир аз тегиз жери" деген маанидеги сөз. Кыргыз тилинде секи сөзү тектир, өтөк сөздөрү менен маанилеш. Болжолдуу түрдө 5 – 6 гектар жерди секи, тектир деп түшүнүүгө болот.

**Секиче.** Секиче – секиден кичирээк жер, жайлоо (237, 641).

Жыйынтыктап айтканда, ЖГТ топонимдерди пайда кылууда негизги каражаттардын бири. Биздин топтогон материалдарыбыздын 55 – 60% ГТ түзөт. Географиялык терминдерди иликтеп-изилдөөнүн практикалык да, илимий-теориялык мааниси да өтө чоң экендиги талашсыз.

Жогоруда көрүнгөндөй, Ысык-Көл топонимиясындагы тилдик каражаттар жергиликтүү географиялык терминдерден жана кадыресе сөздөрдөн түзүлгөндүгүнө күбө болдук. Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөнкүдөй тыянакка келебиз:

1. Ысык-Көл топонимиясы адабий тилдеги сөздөрдөн түзүлгөн.

2. ЖГТ башка түрк тилдери сыяктуу топонимдерди жаратууда өзгөчө орунда катышары аныкталды.

3. Географиялык аттарды пайда кылган ар түрдүү тилдик каражаттар белгиленди.

4. Эллипсистик топонимдердин катары белгилүү болду.

5. Топонимдерде жандуу тилдерде колдонулбаган эскирген сөздөр тилдин жана элдин тарыхында баалуу маалыматтарды кептөгөн кылымдар сактаган.

# II БӨЛҮМ

## Ысык-Көл топонимиясындагы фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик кубулуштар

Топонимдерге анализ жүргүзүүдө фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик кубулуштарды байкоого болот. Топоним – барынан мурда сөз болгондуктан, анда фонетикалык жагынан тыбыштык өзгөрүүлөр, үндөшүү, үнсүз тыбыштардын жумшарышы, ассимилиция, диссимилиция, метатеза, морфологиялык жагынан уңгу, мүчө, синтаксистик жактан сөз айкашы, сүйлөм ж.б. кубулуштар толук сакталат.

### 2.1. Фонетикалык кубулуштар

#### 2.1.1. Топонимдердеги үндүүлөрдүн үндөшүүсү

Үндүүлөрдүн үндөшүүсү түрк тилдеринин бөтөнчөлүктөрүнүн бири. Бул кубулуш бир сөз ичинде болот. Түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилинде үндөштүк мыйзамы күчтүү өнүккөн. Кыргыз топонимдеринде сингармонизм кубулушу тил күүсү жана эрин күүсү боюнча өзгөрөт.

1. Тил күүсү боюнча үндөшүү. Топонимдин биринчи муунунда а, ы, о, у сыяктуу үндүү тыбыштар болсо, андан кийинки муундагы үндүү тыбыштар дагы жоон үндүүлөр менен үндөшөт. Эгер топонимдин биринчи мууну ичке үндүү менен башталса, кийинки уланган муундары ичке үндүү менен үндөшөт.

1) жоон үндүү менен ээрчишкен топонимдер: Долоно, Балтырган, Балыкчы, Ыштык, Бугуту, Бурган, Борду ж.б.

2) ичке үндүү менен ээрчишкен топонимдер: Бөйрөк, Жеңиш, Бикиртик, Дүңгүрөмө, Өрүктү ж.б.

2. Эрин күүсү боюнча ээрчишкен топонимдер: Коёнду, Кой-

Суу, Кокуй-Көл, Кузгун, Көөчү, Көмүркөй-Төр, Көл-Төр, Көк-Түз, Көкө-Кулусун, Көк-Мойнок, Кум-Булуң, Күдүр, Күйгөн, Күркүрөө, Күрмөнтү, Мүйүз-Көпүрө, Момун-Төр, Ноолуу-Кокту, Орой-Суу-Төр, Ортоктун-Жону, Оттук, Сокур-Кудук, Түздүн-Бүктөөсү, Төрткүл, Түлкү-Төр, Төлө-Чоку, Тогуз-Коргоол, Турук ж.б.

### 2.1.2. Топонимдердеги үндүү тыбыштардын түшүп калуусу

Кыргыз тилиндеги эки же андан ашык муундуу сөздөргө айрым сөз мүчөлөрү уланганда ал сөздүн аякы муунундагы үндүү тыбыштын түшүп калуу учурлары кездешет. Бул, көбүнчө басым башка муунга оошуп кетишинин негизинде келип чыгат жана түшүп калуу ы, и, у, ү тыбыштарына гана таандык болот (216, 63). М: айыл+ы – айлы, Телити – Телти ж.б.

Башкы тыбышы үндүүлөр менен башталган же жалаң үндүү тыбыштан турган -ым, -ың, -ыш, -ып, -оо, -уу сыяктуу сөз мүчөлөрү аягы үндүүлөр менен бүткөн сөздөргө уланганда мүчөдөгү үндүү тыбыш түшүп айтылат, жазууда ошол түрү сакталат: Кептеш – Кеп+ыш ж.б.

Жанаша айтылган сөздөрдүн биринчиси үндүү менен аяктап, ага удаалаш айтылган экинчи сөз да үндүү менен башталса, көбүнчө, биринчи сөздүн аяккы үндүү тыбышы түшүп айтылат. Бирок орфографияда алардын толук формалары сакталат: Карой – Кара-Ой, Сарой – Сары-Ой, Сарбулак – Сары-Булак, Торайгыр – Тору-Айгыр, Жетөгүз – Жети-Өгүз ж.б.

Топонимдерде үндүү тыбыштардын кошулуп айтылганын да учуратабыз. Мисалы, Барыскоон – Барскоон ж.б.

### 2.1.3. Топонимдердеги үнсүз тыбыштардын жумшарышы

Кыргыз тилинде үндүүлөрдүн таасирине карай жумшарып айтылуучу тыбыштардын саны өтө эле аз. Алар к, к, п. Бул тыбыштар үндүүлөр аркылуу жумшарып өзгөрүшү, көбүнчө, регрессивдүү ассимиляциялык кубулуштарга жатат. Эгерде башкы тыбышы үндүүлөр менен келген мүчөлөр жалганса, сөз аягындагы к, к,п тыбыштары жумшарып, к – г, п – б болуп өзгөрөт (216, 61). Демек мүчөдөгү үндүү тыбыштар өзүнөн мурдагы каткалаң үнсүздөргө

таасир этет. Мисалы, Агала-Таш – Ак-Ала-Таш.

Бири-бирине катар келип айтылган эки сөздүн биринчиси каткалаң к, п тыбыштарынын бири менен аяктап, андан кийинки сөз үндүү тыбыш менен башталса, ал каткалаңдар өзүнөн кийинки үндүү тыбышка карата өзгөрүп, г, б тыбыштарына өтөт, бирок мындай өзгөрүү орфографиянын нормаларына ылайык келбейт: Түндүг-Алма – Түндүк-Алма, Эшег-Арт – Эшек-Арт, Көг-Аянт – Көк-Аянт, Көг-Аңыз – Көк-Аңыз.

### 2.1.4. Топонимдердеги ассимиляция кубулушу

Ысык-Көл топонимиясында түрк тилдериндеги сөздөрдөн пайда болгон көпчүлүк топонимдердин тобу ассимиляциялык кубулуштардан толук жана жарым жартылай сингармонизмдин мыйзамдарына баш ийдирилет.

Топонимдерде прогрессивдүү жана регрессивдүү ассимиляциянын экөө тең учурагандыгы байкалат.

**Прогрессивдүү ассимиляция.** Топонимдердеги үнсүз тыбыштардын алга карай окшошуп өзгөрүшү уңгу менен мүчөнүн айкалышкан жеринде же эки бири-бирине жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда каткалаң+жумшак болуп кабатталып келген абалда, сөздүн аякки тыбышы каткалаң үнсүз тыбыш менен аякталса, ага жалганган мүчөнүн же жанаша айтылган экинчи бир сөздүн башындагы жумшак үнсүз да өзүнүн каткалаң түгөйүнө өтөт: 1) б – п: Итбайдын коосу – Итпайдын коосу; 2) д – т: Кудургу – Кутургу; 3) г – к: Атган-Көл – Аткан-Көл.

Балтырган – Балтыркан, Бурган – Буркан, Аяккы-Гөл – Аяккы-Көл, Ит-Ичбестин Ала-Көлү – Ит-Ичпестин Ала-Көлү, Түндүк-Гакты – Түндүк-Какты, Атган-Көл – Аткан-Көл, Кыр-Гоо-Жунай тоосу – Кыр-Коо - Жумай.

**Регрессивдүү ассимиляция.**

1) н>ң. Анги-Сай – Аңги-Сай, Дунган-Өлчү – Дунган-Өлчү, Дүнгүрөмө – Дүңгүрөмө, Кескен-Кыя – Кескең-Кыя, Конкоштун жылгасы – Коңкоштун жылгасы, Күнгөй-Тегерек – Күңгөй-Тегерек. Бул мисалдарда уңгу менен мүчөнүн же жанаша айтылган эки сөз ортосунда н+г болуп кабатталган үнсүздөрдүн кийинкиси (г, к) өзүнөн мурдагы үнсүзгө (н тыбышына) таасир этип, аны н – ң түрүнө өзгөрттү.

2) з>с. Бозтери – Бостери, Музтаг – Мустаг. Бул топоним-

дердеги каткалаң т тыбышы өзүнөн мурункү тыбышты каткалаң түргө өзгөрттү.

3) н – м. Бир сөз ичинде же жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда н+б болуп кабатталып айтылган үнсүз тыбыштардын экинчи түгөйү (б, м) кош эринчил болгондуктан, ал өзүнөн мурдагы н тыбышын кош эринчил м тыбышына өткөрүп, анын натыйжасында нб – мм сыяктуу өзгөрүү пайда болот. Аны төмөнкү топонимдердин мисалында көрөбүз: Айланпа – Айлампа, Атанкулу суусу – Атамкулу суусу, Асанбек-Кокту – Асамбек-Кокту, Бозунбайдын тамы, Бозумбайдын тегирмени – Бозумбайдын тамы, Бозумбайдын тегирмени, Дүйшөнбүнүн дөбөсү – Дүйшөмбүнүн дөбөсү, Кескем-Бел – Кескен-Бел, Ондонбайдын чокусу – Ондомбайдын чокусу, Таштанбек-Төр – Таштамбек-Төр, Тойгонбай-Булак – Тойгомбай-Булак.

### 2.1.5. Топонимдердеги диссимиляция (окшошпоо) кубулушу

Топонимдердеги диссимиляция кубулушу айрым гана үнсүздөрдүн бири-бирине кабат келип айкалышкан комбинациясында учурай турган жана ассимиляцияга караганда анча активдүү өнүкпөгөн тыбыштык кубулуш болуп саналат. Үнсүз тыбыштардын диссимиляциялык кубулуштары топонимдерде төмөнкүдөй учурларда байкалат:

1) -луу, -лык, -ны мүчөлөрүнүн башкы л, н тыбыштары сөз аягында колдонулган жумшак үнсүздөргө кабат келип айтылган учурда л – д жана н – д болуп өзгөрөт. Жазууда булардын өзгөргөн түрлөрү толук сакталат.

-лык: Бир+лык – Бирлик, От+лык – Оттук. Сан+лык+таш – Сандык-Таш

-луу: Борон+луу – Борондуу, Коён+луу – Коёнду, Шамал+луу+сай – Шамалдуу-Сай, Алма+луу –Алмалуу, Корум+ны – Корумду (айыл, ашуу, мөңгү, көпүрө)

-ны: Тал+ны суу – Талды-Суу, Талды-Булак, Тел+ны – Телти

Чымын+ны+сай – Чымынды-Сай, Бор+ны – Борду ж.б.

2) Топонимдерде үнсүз тыбыштардын диссимиляциялык кубулуштарынын дагы бир көрүнүшү бир сөз ичинде жана жанаша айтылган эки сөз ортосунда учураган ч+с, ч+т, ч+ч, ч+ж сыяктуу тыбыштык айкалыштардын негизинде пайда болот. Мындай айкалыштарда с, т, ч, ж тыбыштарынын таасири менен өзүнөн мурдагы ч тыбышы ч>ш тыбышы болуп өзгөрөт: Чакай-Качты –

Чакай-Кашты, Үч-Жыгач – Үш-Жыгач(ш), Үч-Чат – Үш-Чат. Жазууда бул сыяктуу топонимдердин өзгөрбөгөн түрүнө гана жол берилген.

### 2.1.6. Топонимдердеги метатеза

Жөнөкөй топонимдерде тыбыштардын орун алмашып айтылуу учурлары – метатеза да кездешет. Бул кубулуш сөздүн башында да, ортосунда да болот (216, 70).

1. Жанаша турган тыбыштар орун алмашып айтылса, жанаша метатеза болот: бөксө тоо – бөскө тоо.

2. Жанаша айтылган тыбыштардын орун алмашуу чегинен чыгып, аттамактап орун алмашып айтылышы обочо метатеза болот: Тескей – Терскей, Күрткү – Күртүк, Жыланңач – Жыңалач, Терме-Төр – Терим-Төр, Чубал-Жон – Чубар-Жон, Ышнатa – Шың-Ата, Көөлү – Койлуу.

### 2.1.7. Топонимдердеги үнсүз тыбыштардын түшүп калуусу

Ысык-Көл топонимиясындагы айрым топонимдерде үнсүз тыбыштардын түшүп калуу учурлары байкалат. “Кыргыз адабий тилинин грамматикасы” аттуу эмгекте жалпы түрк тилдериндеги азыркы өнүгүш деңгээлинде бир катар сөздөрдө г тыбышы түшүп калгандыгы белгиленген (216, 68). Үнсүз г тыбышынын түшүрүлүп, адабий тилде колдонулуп кеткен Ысык-Көл облусунун Сары-Жаз сыртында Эңилчек топоними бар. Эңилчек суунун, айылдын жана мөңгүнүн аты катары оозеки жана жазуу түрүндө да колдонулат (22.б; 37.б; 46.б; 49.б; 56.б; 58.б; 59.б; 98; 120, 121; 193;-194): Эңгилчек – Эңилчек.

Топонимдерде үнсүз тыбыштардын көбүрөөк түшүрүлүп айтылышы н тыбышына да туура келет (216, 69). Түп районундагы Ичке-Суу, Ак-Суу районундагы Ичке-Жергез, Жети-Өгүз районундагы Ичке-Булуң сыяктуу топонимдерде н тыбышы түшүрүлүп айтылган. Бул жер-суу аталыштары кыргыз адабий тилинин нормаларында н тыбышынын түшүрүлүп айтылган түрүндө кабыл алынып кеткен.

## 2.2. Морфологиялык кубулуштар

Сөздөр морфологиялык түзүлүшү жагынан тубаса жана туунду болот. Түзүлүшү жагынан бөлүнбөгөн сөз, мисалы, тоо, таш, суу жана башкалар тубаса, ал эми курамы жагынан морфемаларга ажыртыла турган сөздөр туунду сөздөр болуп саналат, мисалы, кой – койчу, таш – ташта, баш – башта жана башкалар.

Сөздүн курамдык бөлүкчөлөргө-морфемаларга ажырабаган маанилүү эң кичинекей жөнөкөй бөлүгү уңгу деп аталары белгилүү (216, 85).

### 2.2.1. Жөнөкөй топонимдер

Жөнөкөй топонимдерди тубаса жана туунду (мүчөсүз, мүчөлүү) жөнөкөй топонимдер деп бөлүүгө болот. Алар бир гана сөздүн негизинде келип чыгып, мүчөсүз да, мүчө уланган түрдө да учурайт.

#### 2.2.1.1. Тубаса жөнөкөй топонимдер

Тубаса жөнөкөй топонимдер ар кандай тематикадагы топтолгон сөздөрдөн жана терминдердѐн келип чыгат:

1. Географиялык терминдер – жөнөкөй топонимдер: Орток, Найза, Куйма, Өтөк, Жылга, Өзөн.

2. Социалдык-экономикалык терминдер – жөнөкөй топонимдер: Тепши, Сандык, Дарбаза, Тепке, Така, Таарылга, Куржун, Ыштык, Зындан, Балчелек, Домбу, Бешик, Босого.

3. Жөнөкөй этнотопонимдер: Маман, Мундуз, Саруу, Кытай, Чырак, Черик.

4. Жөнөкөй антропотопонимдер: Темир, Балбай, Тилекмат, Шапак.

5. Жөнөкөй зоотопонимдер жана фитотопонимдер:

а) Аңыр, Бүркүт, Жагалмай, Каркыра, Карчыга, Кузгун, Кыраан, Дулдул, Кекилик.

б) Шылуун, Шыргый, Эңилчек, Четин, Шалбаа, Арча, Долоно, Кырчын, Кызгалдак, Кулжа (ашуу, тоо, жайлоо), Балтырган, Чегедек.

6. Жөнөкөй геологиялык терминдер жана топонимдер: Бор, Жошо, Туз, Шахты, Корум, Таш, Шор, Топурак, Кум.

7. Кошумча айрым сын атоочторду да ушул жакка киргизүүгө

болот: Туюк, Ичке, Улан (монг. улан – “кызыл”), Кызыл жана башка топонимикалык сөздүн курамында затташкан (субстантивдешкен) зат атоочтор: Жыланач, Чолок, Чуңкур, Тайгак, Кайрак, Богара, Какыр, Такыр, Кайкы, Мойнок, Тегерек, Айрык жана башкалар. Бул географиялык терминдер сын атоочко мүнөздүү белгилерди гана билдирбестен, конкреттүү географиялык объектилерди да билдирет.

Бул мисалдардан сырткары Түз, Тез, Туз, Чат, Чап, Саз жана башка терминдери да бар. Тез, Түз – сын атоочтор. Бул топонимдер да затташуу жолу менен, башкача айтканда, сын атоочтон зат атоочко өтүү жолу менен келип чыкты.

Бир гана уңгудан түзүлүп, сөз мүчөлөрү уланбастан пайда болгон жөнөкөй топонимдерге төмөндөгүлөр кирет: Алкым, Арал, Жууку, Жээк, Кеңеш, Кытай, Мундуз, Кабак, Өрнөк, Пионер, Комсомол, Саз, Сай, Совет, Тамга, Тасма, Тепке, Төлөк, Туз, Челпек, Черик, Чолпон, Чырак, Төр, Кайнар, Булак, Шапак, Эңилчек, Талап, Дубана, Капчыгай, Тосор, Сөөк, Тез, Түз.

### 2.2.1.2. Туунду (аффикстик) топонимдер

Туунду жөнөкөй топонимдер төмөндөгүдөй аффикстердин (мүчөлөрдүн) жардамы менен жасалат:

-лар: кыргыз топониминде -лор, -дор, -тор варианттарында кездешип, көптүк маанисин билдирет: Эл комиссарлар.

-луу: Алмалуу, Жолборстуу, Турналуу, Көөлү, Текелүү.

-туу: Жолборстуу, Бүркүттүү

-чил: Эмгекчил, Тегизчил.

-лы, -ли, -лу, -ды, -ди, -дү, -ты, -тү: Текели, Четинди, Эрменди, Борду, Корумду, Табылгыты, Чырпыкты, Каманды, Жыланды, Өрүктү, Күрмөнтү, Бугуту, Телти, Коёнду.

-чы: Тамчы, Балыкчы.

-чү: Көөчү, Бүркүтчү.

-ык, -ук: Турук, Шаркырак ж.б.

-ыш, -еш, -иш, -үш: Жеңиш, Өзгөрүш, Айланыш, Энчилеш.

-лык, -лук, -лик, -дук, -тук: Бирлик, Оттук.

-дак: Кумдак, Таштак, Шарпылдак.

-чак: Жуукучак, Чуңкурчак, Коктучак.

-ма: (варианттары -мо, -мө, -ме, кээде -па): Шаркыратма, Жайылма, Айлампа, Дүңгүрөмө, Чапчыма, Кызыл-Эшме, Шыңгыма.

-ган: Бириккен, Жайылган, Күйгөн, Кууган.

-ке: Эсеке, Асаке, Келдике.

### 2.2.2. Татаал топонимдер

Кыргыз топонимиясында биринчи жолу бул маселени иликтөө иши топонимист Д.Исаевдин жана К.Конкобаевдин эмгектеринде (84; 111) каралган. Кыргыз тилинде эки же андан ашык сөздөрдөн турган сөздөр татаал сөздөрдүн тобун түзөт, топонимдерде да ушул эреже толук сакталат. Кыргызстандын топонимиясында эки же үч түгөйлүү жер-суу аттары болжолдуу түрдө 70 пайызга жакын экендиги К.Конкобаев тарабынан айтылган (111, 113).

Ысык-Көл топонимиясында топонимдердин көпчүлүгү эки түгөйдөн турат, үч компоненттүү топонимдер да бир кыйла учурайт. Ал эми төрт түгөйдөн турган топонимдер аз санда кездешет. Ошондуктан морфологиялык касиетине (белгилерине) карата эки түгөйлүү, үч түгөйлүү жана сейрегирээк кездешүүчү төрт түгөйлүү топонимдер деп бөлүштүрүүгө болот.

1. Эки түгөйлүү топонимдер.

Эки түгөйлүү татаал топонимдерди сөз түркүмдөрүнө жана уланган мүчөлөрүнө карата морфологиялык жети типке бөлүштүрүүгө болот:

1) Зат атооч+зат атооч тибиндеги географиялык аттар.

Бул топонимдик моделде эки түрдүү топонимдер түзүлөт:

а) мүчөсүз татаал топонимдер. Түгөйлөрү зат атоочтордон түзүлүп биринчиси аныктооч, экинчиси аныкталгыч болуп түшөт.

б) мүчөлүү татаал топонимдер. Сөз айкашы тибиндеги топонимдер, эки же үч сөздүн изафеттик байланышы аркылуу түзүлөт.

### 2.2.3.1. Мүчөсүз татаал топонимдер (түрк изафетинин 1-тиби)

Бул топонимдер грамматикалык жагынан ыкташуу жолу боюнча пайда болот.

а) Топонимдин биринчи түгөйү антропонимдерден, мында биринчи түгөйгө эч кандай мүчө уланбаса да географиялык объектилердин кай бирөөнө таандык экендигин көрсөтүп турат: Айкан-Кокту, Талкан-Жайлоо, Алдаке-Арык, Апай-Төр, Таштанбек-Төр, Ыман-Кокту, Шабырбек-Төр жана башкалар, жана ошондой эле, топонимдердин биринчи компоненти географиялык объектиге кайсы бир уруунун, элдин тиешеси бар же таандык экендигин көрсөтөт: Кыргыз-Орток, Орус-Орток, Калмак-Ашуу, Калмак-Арык, Калмак-Очок, Орус-Жергез жана башкалар.

б) Топонимдердин биринчи түгөйү объектинин кандай жерлерде орношкондугун, кандай жерлерден өтө тургандыгын, башталышын, башкача айтканда, мейкиндигин, ордун көрсөтөт: Аң-Өстөн, Ой-Булак, Жол-Жылга, Жол-Колот, Ой-Кайың, Кыр-Таш, Кыр-Коо, Бел-Өтөк, Бийик-Бет.

в) Аныктоочтор объектинин тегин, объект үчүн эмне мүнөздүү экендигин көрсөткөн топонимдер: Таш-Дөбө, Кум-Булуң, Муз-Төр, Топурак-Бел, Бор-Жайлоо, Бор-Булак, Адыр-Төр, Кум-Төр, Алтын-Булак.

г) Топонимдердин аныктоочу негизги белги катарында ошол жерлердеги жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн дүйнөсүн көрсөткөн зат атоочтор: Аңыр-Төр, Арча-Төр, Аюу-Төр, Каргай-Булак, Тулпар-Таш, Бүркүт-Уя, Көгүчкөн-Уя, Кара-Нар-Кокту, Турна-Көл, Каркыра-Жайлоо, Кулжа-Мүйүз, Кызгалдак-Төр, Доңуз-Кудук, Жагалмай-Тоо, Чочко-Аңыз, Өрдөк-Учар, Алтын-Тамыр-Төр, Чегедек-Суу, Эчки-Тал.

д) Топонимдердин аныктоочу болгон зат атоочтор окшоштук белгисин көрсөтүүчү: Желе-Карагай, Желе-Дөбө, Керегe-Таш, Куу-Найза, Босого-Тоо, Бөйрөк-Тоо, Дөңгөлөк-Саз, Боор-Өтөк, Ашказан-Талаа, Кайчы-Тоо, Зындан-Ашуу, Дарбаза-Тоо, Киндик-Дөбө, Куу-Мамы, Куу-Мойнок, Селкинчек-Жайлоо, Така-Зоо, Тепши-Жайлоо, Тепке-Тоо, Ээр-Таш, Чатыр-Төр, Балчелек-Жайлоо, Балчелек-Тоо.

е) Сапатты билдирген аныктоочтор: Айран-Суу, Жаман-Карагай, Жалпак-Таш, Жайдак-Төр, Жыгач-Үй, Жоо-Жүрөк, Кара-Суу, Ак-Суу, Кашка-Суу.

ж) Белгилүү бир багытты, тарапты көрсөтүүчү аныктоочтор: Аяккы-Көл, Баш-Булак, Баш-Кайрак, Бел-Өтөк, Күнгөй-Тегерек, Тескей-Тегерек, Чет-Булак, Чет-Байсоорун, Чолок-Тасма.

з) Топонимдердин биринчи компоненти ошол жердеги коомдук – тарыхый, табигый жана башка белгилерди көрсөтүү менен аныктоочтук милдетти аткарат: Карал-Дөбө, Кароол-Чоку, Май-Төр, Май-Дөбө, Май-Чуңкур, Май-Саз, Бай-Төр, Жоо-Жүрөк.

й) Татаал топонимдин аныктоочу апелятивдин санын билдирет: Жалгыз-Өрүк, Жалгыз-Көл, Беш-Мойнок, Миң-Булак, Үч-Кайнар, Жети-Өгүз, Тогуз-Булак, Сан-Таш, Үч-Күнгөй, Үч-Салаа, Үч-Чат, Үч-Дөбө, Үч-Булак, Эгиз-Төр, Эки-Тал, Эки-Чат, Кош-Дөбө, Кош-Ашуу, Беш-Күнгөй.

### 2.2.3.2. Мүчөлүү татаал топонимдер

1. Зат атооч+зат атооч түзүлүшүндөгү жер-суу аттарынын ичинен мүчө уланган географиялык аттар өтө сейрек учурайт.

Мындай мүчөлүү татаал топонимдерди 2 топко бөлүп кароого болот:

а) курамындагы экинчи компонентине III жактын таандык мүчөсү уланган же изаффеттик формадагы топонимдер: Аюу сайы, Босого чокусу, Думана капчыгайы, Абдрахманов чокусу, Мамырбай дарбазасы, Батма ичи, Селкинчек жайлоосу.

б) биринчи компоненти илик жөндөмөсүндөгү топонимдер. Мындай топонимдердин экинчи түгөйүнө III жактын таандык мүчөсү жалганат: Жайчыбектин оюу, Салмакенин жайлоосу, Кидибайдын сазы, Сарыбайдын жайлоосу, Өмүрдүн кайкысы.

Эки топто тең мүчөлүү татаал топонимдер кыргыз тилиндеги топонимдерде бир топ санда кездешет, өзгөчө көпчүлүгү микротопонимдердин составында учурайт.

2. "Сын атооч+зат атооч" тибиндеги топонимдер. Бул түзүлүштөгү географиялык аттар Ысык-Көл топонимиясында татаал топонимдердин кеңири таралган түрү болуп эсептелет. Синтаксистик жагынан айкаша келген эки түгөйдүн биринчи

түгөйү дайыма аныктоочтук милдет аткарып, экинчи түгөйү аныкталгычтын милдетин аткарат. Топонимдин составында ар бир түгөйдүн ички түзүлүшү жагынан бул түзүлүштөгү топонимдер да мүчөсүз жана мүчөлүү татаал топонимдер болуп экиге бөлүнөт.

Сын атооч жана зат атооч сөздөрдөн турган жер-суу аттарынын биринчи түгөйү көбүнчө -луу, -лы (-лыг), -ды мүчөлөрүнүн жардамы менен зат атоочтордон түзүлгөн туунду сын атооч болуп эсептелет: Алмалуу суусу, Гүлдүү-Кокту, Бордуу-Төр, Текелүү-Төр, Бүлөөлүү-Сай, Борондуу-Кокту, Бүркүттүү-Жар, Арчалуу-Төр, Койлуу суусу, Кайыңды мөңгүсү, өрөөнү, Чийлүү-Колот, Каманды-Төр, Коёнду-Кыштоо, Корумду айылы, Өрүктү, Хутор, Теректи тоосу, Тегирменти суусу, Эчкили-Таш, Чымынды-Сай, Шамалды-Сай, Эрменди-Жайлоо, Күрмөнтү ашуусу.

Аныктоочу сын атооч сөз түркүмүнөн болгон түгөйлөр географиялык объектилердин ар түрдүү сын-сыпаттарын, өзгөчөлүктөрүн (өң-түсүн) мүнөздөйт.

1) Аныкталгычтын өңү-түсүнө тиешелүү белгилерди билдирген: Ак-Таш, Кара-Талаа, Кызыл-Үңкүр, Сары-Күңгөй, Боз-Булуң, Көк-Бел, Жашыл-Көл.

2) Аныкталгычтын формасын, рельефинин өзгөчөлүгүн көрсөткөн: Ай-Төр, Айланыш-Төр, Ача-Булак, Ийри-Өтөк, Түздүн-Бүктөөсү, Жалпак-Таш, Жалпак-Жон, Дөң-Талаа, Тегерек-Саз, Жайдак-Төр, Жырык-Өтөк, Жоор-Колот, Тешик-Таш, Ийри-Суу, Жантык-Конуш, Түз-Ашуу, Тез-Жайлоо, Тик-Кыя.

3) Аныкталгычтын көлөмүнө, бийиктик же узундук ченемине карата болгон өзгөчөлүгүн билдирген: Кең-Жылга, Кең-Суу, Узун-Булак, Ичке-Булуң, Чолок-Төр, Чоң-Долоно, Чоң-Органор, Майда-Балаты, Майда-Кайың, Узун-Саз, Чоң-Жон, Чоң-Курбу, Эгиз-Төр, Кичи-Жаргылчак, Кичи-Айрык, Бийик-Бет.

4) Ар кандай сапатты, айырмалоо белгилерин көрсөткөн: Жаңы-Арык, Жылаңач-Жайлоо, Кургак-Айрык, Котур-Төр, Сасык-Булак, Такыр-Корум, Туура-Суу, Жаман-Карагай, Аңги-Сай, Ат-Жайлоо, Кой-Жайлоо, Бай-Төр, Куу-Мойнок, Калча-Киндик, Кашка-Суу.

5) -луу, -лы мүчөсүнөн жасалган сын атоочтор ошол жерде белгилүү бир заттын бар экендигин же көптүгүн билдирген: Суулу-Айрык, Суулуу-Эрмен, Сүттүү-Булак, Талды-Булак, Чийдүү-Колот,

Четиндүү-Аянт, Чийлүү-Бааз, Эчкилүү-Таш, Бүркүттүү-Зоо, Бүлөөлүү-Сай.

3. "Сын атооч+сын атооч" түзүлүшүндөгү топонимдер. Башкы-Долоноту, Кичи-Өрүктү, Чоң-Өрүктү, Чоң-Корумду, Четки-Сөгөттү, Чоң-Сөгөттү, Чоң-Борду.

4. Сан атооч+зат атооч тибиндеги топонимдер. Топонимдердин биринчи түгөйү сан атооч сөздөрдөн түзүлүп, аныктоочтук милдет аткарат: Беш-Мойнок, Үч-Кайнар, Тогуз-Булак, Үч-Байке, Беш-Терек, Бир-Булак, Жети-Өгүз, Миң-Булак, Он-Жети-Карагай, Төрткүл, Үч-Кошкон, Үч-Күнгөй, Беш-Күнгөй, Үч-Чат, Үч-Көл, Үч-Дөбө, Үч-Эмчек, Кош-Дөбө, Эгиз-Төр, Үч-Булак, Эгиз-Кара, Эгиз-Төр, Жалгыз-Карагай, Беш-Карагай, Жетим-Тоо, Миң-Кууш, Миң-Камыр, Отуз-Уул, Эки-Тал, Эки-Бала.

Бул топтогу топонимдердин аныктоочу эсептик сан атоочтордон келип чыккандыгын көрөбүз.

5. Этиштик топонимдер. Этиш сөздөр катышып түзүлгөн топонимдер эки түрдүү болот:

1) Зат атооч+этиш;

2) Этиш+зат атооч.

1) Бул типтеги жер-суу аттары грамматикалык жагынан, өзүнчө бир сүйлөм катарында эсептелет. Топонимдин экинчи түгөйү болгон этиш ар кандай белгилерди билдиргенине жана грамматикалык формага ээ болушунуна карата өз ичинен 4 топко бөлүүгө болот.

а) Экинчи түгөйү жалпы өткөн чакты уюштуруучу атоочтук -ган формасына туура келген топонимдер: Орус-Өлгөн.

б) Экинчи түгөйү айкын өткөн чактын формасында турган топонимдер: Чакай-Качты.

в) Экинчи түгөйү арсар келер чактагы атоочтуктун оң же терс формасында турган топонимдер: Өрдөк-Учар, Бөрү-Көрбөс, Шамал-Тийбес, Ат-Чыкпас, Күн-Тийбес, Боор-Албас, Эт-Албас, Барса-Келбес, Ит-Ичпес.

г) Экинчи компоненти атоочтуктун адат өткөн чак формасында турган топонимдер: Эркетай-Өлчү, Муканбет-Өлчү, Жумаш-Өлчү, Кулболду-Өлчү, Кунан-Чабуучу, Чапан-Өрттөнчү, Ит-Өлчү.

2) Этиш+зат атooч тибиндеги топонимдер.

Топонимдин биринчи түгөйү атоочтуктун -ган формасында болуп, экинчи түгөйү болгон зат атоочко аныктооч болуп түшөт: Кескен-Бел, Кескен-Таш, Кулаган-Таш, Бурган-Суу, Өкүргөн-Көл жана башкалар.

### 2.2.3.3. Үч түгөйдөн турган татаал топонимдер

Үч түгөйлүү татаал топонимдер Ысык-Көл топонимикасында эки түгөйлүү топонимдерге салыштырмалуу азыраак санда кездешет. Бул сыяктуу кыргыз топонимдери К.Конкобаевдин "Түштүк Кыргызстандын топонимиясы", Д.Исаевдин "Түндүк Кыргызстандын топонимикасы" эмгектеринде кеңири анализденген (84; 111). Үч түгөйдөн турган татаал топонимдер: Орто-Кой-Суу, Булан-Сөгөттү суусу, Булак-Ашуу суусу, Жайылманын Кара-Ташы, Жусуп Абдрахманов чокусу, Ийри-Талды-Булак, Ичке-Тасма-Тоо, Кайыңдынын Жылуу-Булагы, Кара-Баткак мөңгүсү, Карчыга-Уя-Кокту, Карга акенин коргону, Сарт акенин Ак-Чийи, Кичи-Туура-Булак, Кичи-Көк-Жайык, Таштамбек-Төр-Башы, Келдике-Шаркырак шаркыратмасы, Сүйрү-Кашаанын чаты, Кичи-Кур-Сай, Мамырбайдын баса калмасы, Суу-Чыккан-Кокту, Кичи-Кызыл-Суу, Кызыл-Мойнок ашуусу, Сары-Күнгөйдүн жайлоосу, Сары-Күнгөйдүн чаты, Кичи-Талды-Булак, Сарыбайдын Короо-Карагайы.

### 2.2.3.4. Төрт түгөйлүү татаал топонимдер

Төрт сөздөн турган географиялык аттар өтө аз санда кездешет. Мисалы: Кулжанын-Буту-Сынган-Жер, Ачык-Таштын Кара-Ташы, Ит-Ичпестин Ала-Көлү, Кичи-Сары-Ой-Көл кыштоосу, Чоң-Кереге-Таш жайлоосу, Чоң-Эчкилүү-Таш кыштоосу, Чоң-Сары-Бел кыштоосу, Чоң-Сары-Булак ашуусу, Чоң-Сары-Булак суусу, Чоң-Сары-Ой айылы. Кулжанын-Буту-Сынган-Жер – бул мисалда жер багындыруучу түгөй, аныкталгыч, Кулжанын-Буту-Сынган – атоочтук түрмөк, сүйлөмдүн аныктооч мүчөсүнүн милдетин аткарат.

2-мисал: Ачык-Таштын Кара-Ташы. Топонимдин биринчи эки компоненти аныктоочтун милдетин аткарып, илик жөндөмөсүнүн мүчөсү менен түзүлүп жана акыркы эки компоненти

үчүнчү жактын таандык мүчөсү менен өзгөрдү. Мындай кубулуш түркологияда изафеттик формадагы байланыш катары каралат.

## 2.3. Топонимдердеги синтаксистик кубулуштар

Кошмок сөздөрдөн, сөз айкаштарынан, ажырагыс сөз тизмектериндеги конструкциялардан келип чыккан топонимдердин айкашы (кубулуштары), түгөйлөрүнүн бири-бирине байланыш жолдору – булар синтаксистик изилдөө объектисине жакындаштырат. Көпчүлүк топонимдер жөнөкөй түзүлүштө жана татаал түзүлүштөрдө да кездешет.

Кыргыз топонимдеринин тарыхый конструкцияларын көңүлгө алып, алардын кээ бир айкашындагы топонимдерди кыскача талдоого алууга болот.

### 2.3.1. Сөз айкашы түрүндөгү топонимдер

Жер-суу аттарын пайда кылган сөз айкаштары жанаша келген кызматчы сөздөрдү, терминдерди пайда кылган сөз айкаштарынан айырмалабайт.

Татаал сөздүү топонимдердин түгөйлөрүнүн арасындагы байланыштык. Компоненттери бири-бирине багынычсыз байланыштагы топонимдер жана 2) компоненттери, бири экинчисине багыничтуу болгон байланыштык топонимдер болуп эки чоң топко бөлүнөт.

Мааниси тең даражадагы байланыш. Экинчисинде сыпаттык мааниде, сан менен сын атоочтун айкашынан келип чыккан топонимдердин компоненттери бири-бирине багынычсыз, тең укуктуу даражада байланышат. Мисалы: Курум – Корум.

**2.3.1.1. Топонимдердеги ыкташуу жолу.** Ыкташуу жолу боюнча байланышкан сөздөрдүн морфологиялык каражаты жок. Багыныңкы байланыштын бул түрү кыргыз тилинде байыртадан бери кеңири колдонулуп келе жаткандыктан, байланыштын башкаруу, таандык жолдоруна салыштырмалуу мурда пайда болгон. Ошол себептен кыргыз топониминде ыкташуу жолу менен байланышкан топонимдер көбүрөөк санда кездешет. Өз ара айкашып турган сөздөрдүн ыкташуу байланышы түгөйүнө карата алган орун тартиби боюнча берилет. Ал түз орун тартиби боюнча, ыкташкан

сөз (түгөй) багындыруучу өзөктөн мурда жайланышат (76, 53): Кызыл-Суу, Ак-Дөбө, Арпа-Тектир жана башкалар.

Бул жол менен жасалган топонимдин биринчи багынычтуу түгөйү морфологиялык жагынан сын атоочтордон, сан атооч, зат атооч, ат атооч, тактооч жана этиштин атоочтук формасынан уюшулат. Көп-Булак (сан атооч жана зат атооч), Кош-Ашуу (сан атооч жана зат атооч), Аюу-Төр (зат атооч жана зат атооч). Шор-Булак (сын атооч+зат атооч). Жети-Өгүз (сан атооч+зат атооч), Кулаган-Таш (атоочтук жана зат атооч).

**2.3.1.2. Башкаруу жолу.** Багыныңкы байланыштын бул жолу боюнча байланышкан кыргыз топонимдери аз санда учурайт. Башкаруу байланышында топонимдердин багыныңкы түгөйү багындыруучу түгөйдөн орун тартиби боюнча биринчи туруп, тейлөөчү каражаттар, башкача айтканда, барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү же атоочтуктун -ар мүчөсү уланган учурда жасалат. Бул жол менен байланышкан сөз айкаштарында экинчи компонент көбүнчө өткөн чактагы атоочтуктардан, этиштерден жана белгисиз келер чак атоочтуктардын мүчөлөрүнөн жасалган сөздөрдөн (216, 125), биринчи компоненти болсо көмүскөдөгү кыйыр жөндөмөнүн мүчөлөрү менен келет (76, 55). Мисалы: Бөрү-Көрбөс, Боор-Албас, Чеке-Чабар, Түндүк-Какты, Эт-Албас, Жол-Тапты, Өң-Алды ж.б.

**2.3.1.3. Таандык байланышы.** Эки түгөйлүү географиялык аттардан пайда болгон топонимдердеги байланыш, көбүнчө таандык байланыштын ичинде болот. Бул кубулуш Ысык-Көл топонимдеринен да байкалат. Топонимдерде байланыштын таандык жолу сөз айкашынын үч тибинде кездешет.

а) Сөз айкашынын биринчи тибинде биринчи түгөйгө илик жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган аттардан, экинчи түгөйгө III жактын таандык мүчөсү уланган сөздөрдөн болот: Түмөнбайдын жайлоосу, Жайчыбектин оюу, Сагынбайдын Таш-Короосу, Сарыбайдын Короо-Карагайы, Мамырбайдын баса калмасы, Кулболдунун чокусу, Кызылдын Май-Булагы, Мэнин жайлоосу,

б) Сөз айкашынын экинчи тиби. Биринчи түгөйү илик жөндөмөсүнүн мүчөсүз формасынан (76, 59 – 60), экинчи түгөйү III жактын таандык мүчөсүнөн түзүлгөн аттардан пайда болот (76, 60). Мисалы: Кулжа ашуусу, Күркүрөө жайлоосу, Кара-Сай мөңгүсү,

Жумаш чокусу, Дөөлөт ою, Ара-Бел суусу, Атамкулу суусу, Оторбай жайыты, Эраалы төрү, Шыргый суусу жана башкалар.

в) Сөз айкашынын үчүнчү тибинде топонимдердин эч бир түгөйүндө мүчө болбойт. Жогоруда берилгендер менен салыштырганда бул типтеги топонимдердин саны бир кыйла көп жана алардын топонимдик мааниси күчтүүрөк. Мисалы: Куу-Сере, Жергез-Суу, Кара-Талаа, Кулжа-Мүйүз, Кунан-Ашуу. Ушул сыяктуу жер-суу аттары узак мезгилдерден бери сакталып келаткандыктан, сөз мүчөлөрү кыскарып, азыркы формасында аталып кеткен.

**2.3.1.4. Ээрчишүү байланышы.** Байланыштын бул жолу менен түзүлгөн топонимдер сүйлөм түрүндөгү сөз айкаштарынан пайда болуп, алардын биринчи компоненти ээге туура келген формасындагы аттардан, экинчи компоненти баяндооч формасында ээге карата сан, жак, түр боюнча өзгөрүп түзүлгөн сөздөрдөн турат: Өрдөк-Учар, Ит-Өлдү, Абдырахман-Какачы, Орус-Өлдү, Мукан-бет-Өлдү, Барса-Келбес, Жет -Кайт.

Кыргыз тилинде ээрчишүү байланышы баш мүчөлөрдүн бири-бири менен болгон карым-катнашында пайда болот. Бул кубулуш топонимдерде да сакталгандыгын көрүүгө болот. Орун тартиби боюнча багындыруучу түгөй дайыма багынынкы түгөйдөн мурда орун алат (76, 49 – 53).

### 2.3.2. Сүйлөм түрүндөгү топонимдер

Курамында этиштер болгон топонимдердин бир топтору сүйлөмдө атрибутив катышын түшүндүрсө (Музтаг), экинчи компоненттери этиштерден турган топонимдердин көпчүлүгүнөн предикативдик катыштагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү да жасайт. Анын үчүнчүсүндө кээ бир топонимдерге аздыр-көптүр алардын талдоо изилдөөсүнө алынып, бир нече илимий иштер жазылган (1, 74 – 80). Окумуштуулардын арасында этиштик конструкциялардын кээ бир түрлөрүнөн сүйлөм жасоо жагдайында бирдиктүү ой жок.

Маселен, Ж.Кармышева: "Экинчи компоненти өткөн чактагы этиштин мүчөсүнөн келип чыккан топонимдерди татаал аныктооч катары эсептеп, ошол себептен, мындай сөздөр топонимдердин составында түшүп калган географиялык терминдерди аныктайт" (7,

106 – 107) деген пикирин айтса, топонимист А.Абдырахманов географиялык аттардын азыркы жагдайын көңүлгө алып, экинчи компоненти этиштерден болгон топонимдердин көпчүлүгүн сүйлөм түрүндөгү конструциялар пайда кыларын айтышкан (1, 75). А.Абдырахмановдун аныктамасына таянып, топоним сүйлөмдөрдү төмөндө үч чакта кароого болот:

### 1. Өткөн чактагы атоочтуктар менен келген сүйлөм түрүндөгү топонимдер

Бул топонимдердин биринчи компоненти атооч жөндөмөдөгү аттардан, экинчи компоненти өткөн чактагы атоочтуктун -ган, -ген аффиксинен уланган сөздөрдөн болот. Атооч жөндөмөгө туура келген аттар сүйлөмдүн (көмүскө) формалдуу жагдайында ээси, экинчи компонент маанисиндеги этиштер баяндоочу эсептелет. Бул топоним сүйлөмдөрдө ээ бир учурда кыймыл-аракет субъектиси жана кээ бир жагдайларда объекти ролунда келет.

а) Сүйлөмдүн көмүскө ээси кыймыл-аракеттин субъектиси болуп келген абалындагы топонимдер: Кен-Бышырган, Казан-Куйган;

б) Сүйлөмдүн көмүскө ээси аракеттин объектиси болуп келген топонимдер: Арпа-Себилген, Мерген-Өлгөн, Элик-Бакырган.

Бул топтогу пайда болгон топоним – сүйлөмдөр мурунку убактарда сүйлөм түрүндөгү ат катарында, андан кийин алар жөнөкөй сүйлөм, акырында айрым тополексема түрүндө да сакталган (164, 129 – 131).

### 2. Келер чактагы атоочтуктардан келип чыккан сүйлөм түрүндөгү топонимдер

Эки сөздөн пайда болгон топонимдердин биринчи компоненти атооч жөндөмөдө келген аттардан болот жана алар сүйлөмдө ээ кыймыл аракети субъект эсептелет. Экинчи компонентинде этиштердин келер чактагы атоочтуктун формалары кошулат: Өрдөк-Учар, Үч-Кайнар, Кулан-Ашар, Күн-Тийбес.

Кээ бир топонимдерде сүйлөмдүн ээси болгон сөз жок: Чукуп-Чыгар, Катуу-Агар, Түз-Агар, Өң-Билбес, Узун-Агар жана башкалар.

### 3. Этиштик баяндоочу өткөн чак формасынан болгон сүйлөм түрүндөгү топонимдер

Бул сыяктуу топоним – сүйлөмдөгү этиштик баяндоочтордун уңгусуна -ды, -ди өткөн чактын мүчөлөрүнүн уланышы аркылуу жасалат.

а) Доңуз-Өлдү, Кудайберди, Кулай-Ашты, Чакай-Качты, Чака-Качты ж.б.

б) Өң-Алды, Жол-Тапты ж.б.

Аттардан (атоочтордон) жана өткөн чак этиштерден пайда болгон бул топонимдерди топонимисттердин көпчүлүгү сүйлөм түрүндө карашат.

Жогорудагылардан башка да бир сөздөн турган топонимдер бир аз санда кездешет. Алардын кээ бирлери жак мүчөлөр менен келет: Айланды.

Биздин көз карашыбызда, этиштик конструкциялар тилдин ички фактыларына ылайык келип чыгуу менен бирдикте, алар тилдин кээ бир формаларын ушул убакка чейин сактаган. Алардын үйрөнүлүшү болсо, дагы бир кыргыз топонимдеринин жасалыш жана түзүлүш типтерин аныктоо үчүн кыргыз тилиндеги кээ бир белгисиз формалардын тарыхый өсүш жолдорун билүү үчүн маанилүү.

Ошентип, Ысык-Көл топонимиясындагы фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик кубулуштар жөнүндөгү изилдөөнүн натыйжасы төмөнкү корутундуларды жаратты:

1. Топонимдердеги үндөштүк мыйзамы, толук жана толук эмес үндөшүү, үнсүз тыбыштардын жумшарышы, ассимиляция, диссимиляция жана метатеза кубулуштары аныкталды.

2. Топонимдердин грамматикалык түзүлүшүнүн маңызы жөнөкөй жана татаал, ал эми морфологиялык жагынан тубаса жана туунду.

3. Жер-суу аттары бир, эки, үч жана төрт составдуу. Көпчүлүк топонимдер эки курамдуу, экинчи орунда бир жана үч курамдуу. Ошондой эле төрт курамдуу топонимдер да аз санда кездешет.

4. Региондун географиялык аттары синтаксистик жагынан байланыштын бардык (ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу жана

таандык) жолдору боюнча байланышат. Түрк тилдүү элдердин топонимикасындагы өзгөчөлүктөрүнүн бири катары сүйлөм түрүндөгү жер-суу аттары учурай тургандыгы байкалды.

5. Топонимдер “аныктооч + аныкталгыч” тибиндеги моделде, б.а. көпчүлүк учурда ыкташуу байланышы аркылуу жасалган.

# III БӨЛҮМ

## Ысык-Көл топонимиясы жана кыргыз тилинин тарыхый маселелери

### 3.0. Кыргыз тилинин калыптанышы жана өнүгүшү

Кыргыз тилинин тарыхы тарыхый-салыштырма ыкмаларды колдонуу аркылуу жыйналган жана диалектилерде сакталган фактыларды талдоо натыйжасында тилдин алыскы тарыхынын негизги доорлору болжолдонуп белгиленип келүүдө. Академик Б.М.Юнусалиев кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхындагы өзгөчөлүктөрдү эске алып, жалпы элдик тилдин калыптаныш тарыхын үч чоң доорго бөлүп көрсөтөт:

"а) байыркы кыргыз тили – IX – X кылымдарга чейинки кыргыз тили;

б) орто кылымдык, б.а. XV – XVI кылымдарга чейинки кыргыз тили;

в) жаңы кыргыз тилинин доору XVI кылымдан баштап азыркы мезгилди өз ичине алат" (240, 57).

Б.Юнусалиевдин мындай бөлүштүрүүсүнүн себеби бар. Байыркы кыргыз тили жөнүндө: "Енисей эстеликтердин тилин жалгыз кыргыз тили гана эмес, башка жакын тектеш тилдерге да ошол эле даражада жакындатууга болор эле, анткени азыркы убактан байыркыны көздөй канчалык алыстаган сайын, тектеш тилдер ошончолук бири-бирине жакындай түшөт" (240, 57), - деп Енисей эстеликтеринин тили тектеш тилдерге тең экендигин жана азыркы тилдердин байыркы мезгилдерде бир экендигин айкындаган. Б.Юнусалиевдин бул көз карашына академик Б.Орузбаева (172б, 14 – 21), К.К.Сартбаев (185, 35) сыяктуу окумуштуулар кошулат.

Кыргыз элинин жана кыргыз тилинин калыптанышы (түзүлүшү) бири-бирине тыкыс байланыштуу. Н.А.Баскаков

кыргыз тилинин калыптанышы жана өнүгүшү жөнүндө “Введение в изучение тюркских языков” деген эмгегинде:

“1) хун доору б.з.ч V к. – кыргыз-кыпчак (з – ш; д/т) тобу.

2) байыркы түрк доору (V – X кк) – байыркы кыргыз (д/т) тили.

3) орто түрк доору (X – XV кк) – кыргыз тили.

4) жаңы түрк доору (X – XIX вв) – кыргыз тили” (27, 294 – 298) – деп бөлүштүргөн. Ал эми белгилүү түрколог Э.Тенишев кыргыз тилинин тарыхый грамматикасын изилдөө аркылуу кыргыз тилинин тарыхый калыптануусунда үч доорду (мезгилди) эске алуу керектигин айтат:

“1) (енисей-иртыштык (VIII – XII кк) – байыркы.

2) алтайлык (XIII – XIV кк) – орто.

3) тянь-шандык (XV – XVI кк) – жаңы (205, 28).

Жогорудагы айтылган түрколог окумуштуулардын кыргыз тилинин калыптануу жана өнүгүүсүнө берген классификацияларын негизге алуу жана тарыхый, топонимиялык маалыматтарга таянып, Ысык-Көл топонимиясынын тарыхый калыптануусун төмөнкүдөй этаптарга бөлүүгө болот:

1. Байыркы кыргыз тили – б.з.ч. V – III кк – X кылымга чейинки кыргыз тили;

2. Орто кылымдык кыргыз тили – X кылымдан XVI кылымга чейинки кыргыз тили;

3. Жаңы кыргыз тили – XV – XVI кылымдардан бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз тили.

Кыргызстандын топонимиясын биринчилерден болуп изилдеген топонимисттер Д.Исаев жана К.Конкобаевдин эмгектеринде (84; 111) топонимикалык стратиграфия маселелери төмөнкүчө каралат.

Д.Исаев Түндүк Кыргызстандын топонимиясын 4 тилдик катмарга – түрк (кыргыз), иран, моңгол жана орус катмары деп бөлүштүргөн. Ал эми К.Конкобаев «Түштүк Кыргызстандын топонимиясы» эмгегинде 5 негизги катмарды таап көрсөтөт. Алар: иран, согд-ягноб жана тажик катмары; түрк, байыркы түрк, нагыз кыргыз (собственно кыргызский), түштүк сибирь (алтай, тува) жана уйгур-өзбек катмарлары; ошондой эле, араб, моңгол жана орус катмарлары.

Кыргыз топонимикасы боюнча жогорудагы окумуштуулардын тарыхый-лингвистикалык иликтөөлөрү бири-биринен айырмаланган стратиграфиялык схемаларды көрсөтөт. Бирок бул схемаларда изилдөөчүлөрдүн бирдиктүү көз караштарын да байкоого болот.

Иликтөөбүздө Ысык-Көл топонимиясын шарттуу түрдө түрк (кыргыз), түштүк сибирь (алтай, тува, хакас, шор) катмары, монгол – кыргыз, иран жана орус катмарларына бөлүштүрөбүз.

## 3.1. Түрк лексикалык катмарынын негизинде түзүлгөн топонимдер

Кыргыз тили түрк тилдеринин системасына кирет. Кыргыз эли байыркы эл болгондуктан, анын тили да байыркы тил. Элдин тарыхы – тилдин тарыхы, ал эми тилдин тарыхы бул – элдин тарыхы. Ар бир тилдин өнүгүш тарыхы узак мезгилди камтыйт. Уруулук жана андан элдик, улуттук тил болуп калыптануу процессинде уруу тилдеринин айрым белгилери сакталып калышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан түрк элдеринин ички, сырткы белгилерин ажыратыш үчүн, аларды бири-бири менен салыштырып изилдөө зарылдыгы келип чыгат.

Ар бир тилдин өнүгүш өзгөчөлүгү, ага мүнөздүү белгилери бар. Түрк тилдеринин бири-бирине тектештиги – фонетикалык, лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик түзүлүшү боюнча жалпылыкты түзөт. Түркологияда, айрыкча, фонетикада өзгөчөлүктөр өтө айкын көрүнөт. Ал белги түрк тилдерин салыштырып изилдөөдө системалуу түрдө бири-бирине дал келет, же жакын тыбыштар менен ырааттуу түрдө мыйзам ченемдүүлүк менен ылайыкташат. Кыргыз тилинин, диалектилеринин тарыхы өтө узак мезгилди камтыйт. Ондогон кылымдардын ичинде кыргыз элинин турмушунда ар түрлүү өзгөрүштөр болуп, ошого жараша алардын тилинде да кыйла өзгөрүштөр болуп өткөн. Алар тектеш жана тектеш эмес тилдерде сүйлөгөн элдер менен саясий, маданий, социалдык ж.б. мамилелерде болуунун натыйжасында ар бир доор, мезгилдерде зарыл сөздөр кабыл алынган, ал сөздөр менен кошо айрым учурда жаңы тыбыштар жана мүчөлөр да келип кирген (240, 32 – 33).

Тарыхый маалыматтарга караганда түрк тилдеринин тобунда

сүйлөгөн орто-азиялык, алтайлык жана сибирдик калктар байыркы учурларда көчмөн болуп, негизинен, жоокерчилик жана малчылык менен кесип кылышкан. Элдердин ичинде уруучулук кагылыштар, коңшулаш жоолашкан башка журттар менен да салгылаштар болуп келген. Мындай шартта жеңилген элдер жеңген элдердин же башка уруулардын элдерине көчүп, аралашып кете беришкен. Ошол себептен тили жагынан тектеш болгон кыргыз, казак, өзбек, уйгур, каракалпак, алтай ж.б. элдердин айрым топтору бири-бирине чачырап кириши, ошол тектеш тилдердеги жалпы түрк тилдерине орток сөздөрдү, ошону менен бирге эле, бир кыйла сөздөрдүн окшош кайталана турган субстраттык көрүнүшүн пайда кылган. Мындай көрүнүштү жер-суу аттарынан да байкоого болот. Буга Б.М.Юнусалиевдин азыркы Кыргызстан менен Алтайдын бир катар топонимдерин салыштырып көрүү эң эле кызык материал берет деген пикирин негизге алууга болот. Академик Б.Юнусалиевдин пикиринде "бир кыйла чоң суулардын жана жерлердин аттарын кыргыздар өздөрү менен кошо ала келгендей сыяктанат. Корумду, Табылгыты, Туюк сыяктуу топонимдер Алтайда да, Кыргызстанда да кездешет" (242, 28 – 41).

Түрк катмары – Ысык-Көл топонимиясынын басымдуу бөлүгүн түзөт. Ысык-Көл топонимиясындагы түрк катмары өз ичинен тарыхый жагынан байыркы түрк (байыркы жана орто кыргыз), кыргыз, түштүк сибирь (алтай, тува, хакас, шор) катмарларына бөлүнүп каралууга тийиш. Анткени кыргыз тили өзүнүн калыптануу жана өнүгүү мезгилинде ушундай ырааттуулукта өнүккөн.

### 3.1.1. Байыркы жана орто түрк, кыргыз катмары

Байыркы түрк (байыркы жана орто кыргыз) катмарына кыргыз топонимдерин таандык кылуу же шарттуу түрдө киргизүү Кыргызстандын топонимиясынын, кыргыз тилинин тарыхый грамматикасынын, лексикологиясынын аз изилденилгендигине байланыштуу. Ошондуктан, иликтөөбүздө байыркы түрк тилиндеги айрым элементтерге географиялык аттарды салыштыруу жолу аркылуу айрым түркологиялык адабияттарга таянуу менен чектелмекчибиз.

Ысык-Көл топонимиясында байыркы мезгилдерден бери

байыркы жана орто кыргыз катмарына таандык төмөнкү жер-суу аттары сакталып келген: Ала-Тоо, Күнгөй Ала-Тоо, Тескей Ала-Тоо, Ысык-Көл, Кой-Сары, Кой-Суу, Музтаг, Тамга, Барскоон, Тоң, Түп, Татыр, Көк-Жар – Турук, Каркыра, Булан-Сөгөттү, Жети-Өгүз ж.б.

Окумуштуулар Б.Орузбаеванын, Д.Исаевдин, К.Конкобаевдин жана Е.Койчубаевдин көз караштарына таянуу менен, -ты, -ды, -лы байыркы түрк (кыргыз) тилинен сакталып калган топоформанттарды да ушул катмарга киргизебиз: Күрмөнтү, Өрүктү, Корумду, Алмалуу, Аңырты, Четинди, Табылгыты, Тегирменти, Бүлөөлүү, Чырпыкты, Талды-Суу, Шылуун-Карагайты, Шамалды-Сай, Жыланды, Каманды, Эрменди, Текели, Эчкилүү-Таш, Борду, Жолборсту, Бугуту ж.б.

**Ак-Сай** – Тоң районундагы айылдын, суунун аты. Күн-Батыш жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айыл. Тоң районунун Тоң жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу дагы бир айылдын аты – Ак-Сай. Ысык-Көлдүн боюнда жайгашкан. Ак-Сай суусу – Тоң суусунун сол куймасы. Тескей Ала-Тоонун түндүк капталынан башталып, Жер-Үй суусу менен Көк-Сай суулары кошулганда Ак-Сай деп аталат. Узундугу 36 км, алабынын аянты 340 км$^2$. Кууш капчыгай аркылуу өтүп, Ак-Сай айылы турган жерден терең сай аркылуу агып, Ысык-Көлгө куят (120, 14). Тоң районунун Ак-Сай жана Көк-Сай айылдарындагы айтуучулардын маалыматтарында: “Ак-Сай суусу аккан сайдагы таштары жалтырак ак болуп көрүнгөндүктөн, суунун аты Ак-Сай деп аталган. Ак-Сай тоосунун таштары, негизинен, кызыл болуп көрүнөт. Ак-Сай деп аталышындагы өзгөчөлүгү ошондон да болуусу мүмкүн” (26.с.).

**Ак-Сай** – Жети-Өгүз районундагы суу жана жер аты. Ак-Сай суусу Жууку суусуна куят. Жергиликтүү айтуучулардын маалыматтарына караганда, бул жер агарган ак топурактуу, сайдагы таштары да ак. Ошол өзгөчөлүгүнө карата суу Ак-Сай деп аталган (68.с.).

Ак-Сай топоними Казахстанда, Россиянын Ростов, Волгоград областарында да кездешет (163, 18). Мурзаевдер аны Ак-Суу (160, 195) деп карайт. Түркия менен Азербайжанда сай сөзү көбүнчө “чай” формасында келип “өзөн” (суу) маанисинде берилет. Казак

окумуштуусу Е.Койчубаев азыркы казак тилинде сай сөзү семантикалык жагынан төмөндөгүдөй маанилерде колдонулгандыгын көрсөтөт: “сай употребляется в знач “лощина, белка, расщелина” а частично как “ущелье” (южн. говор) (103, 24).

Жогорудагы Ак-Сай тууралуу элдик жана илимий көз караштарды талдай келгенибизде, Ысык-Көл облусунун аймагындагы Ак-Сай топонимдери – Ак-Суу деген мааниден келип чыккан.

**Барскоон** – Жети-Өгүз районундагы Барскоон айыл өкмөтүнө караштуу айылдын, капчыгайдын, ашуунун, суунун жана шаар чалдыбарынын аты. Орто кылымдарда (VI–XIII) Барскан шаарчасы болгон. Шаарчанын чалдыбары (калдыктары) азыркы Барскоон айылынын түндүк батышынан орун алган. Аянты 4 $км^2$ (120, 53 – 54). Ал моңголдордун жортуулунда талкаланган. Барскоон шаарчасынын топонимиялык мааниси азыркы Барскоон айылына туура келет. Барскоон топоними жөнүндө уламыштар, илимий божомолдор арбын учурайт.

Махмуд Кашгаринин орто кылымдарда жаралган сөздүгүндө Барскоон топоними тууралуу эки уламыш жазылып калтырылган: 1) “Барсган – Афрасийабдын уулунун ысымы; 2) Бул жердин таза абасы үчүн жылкыларды айдап келген кайсы бир уйгур бийлик эгесинин кол алдындагы жылкычынын ысымы, ошондон улам шаар да кийинчерээк Барскан аталып калган” (132б, 1054).

Түркологи С.Сыдыковдун пикиринде бул “Барс” сөзү “арслан”, “бөрү” сыяктуу сөздөрдөй эле адамдарга ысым кылынып, алардын тигил же бул эрдигинен улам аларга ушул каардуу жаныбарлар менен байланыштуу “дурус”, “мыкты” делген сапаттарды каалоо иретинде коюлуп келген. Ошондуктан, бул топонимдин толугу менен антропонимден келип чыгышы мүмкүн. Маселен, бул сөздүн биринчи бөлүгү – “барс” (кыргызча – барс, илбирс) деген сөз орто кылымдардын эрте мезгилиндеги түрк калктарында өтө кеңири колдонулган адам ысымы иретинде кезигет: Талас жазма эстеликтеринде Барс, Кара Барс, Огул Барс деген ысымдар жолукса, Енисейдеги жазма эстеликтерде Күч Барс, Түз Барс, Күч Барс Күлүг деген ысымдар учурайт (201, 47 – 56).

“Орто кылымдагы белгилүү аалым Махмуд Кашгаринин “Диванын” которгон Бесим Аталай, Салих Муталибов өңдүү

изилдөөчүлөр жана бир катар тарыхчылар барскан деген уруу аты (гENONИМ, этноним) болгон деп эсептешсе (234, 81), кыргыз тарыхчысы Тынчтыкбек Чороев Махмуд Кашгаринин маалыматтарына таянуу менен Барскан топонимине мындайча көз карашын билдирген: "Барс деген адам ысымынан жана Батыш Түрк каганатынын доорунан бери маалым болуп, түрк жана согду элдеринин тилинде орток пайдаланылган "кенд", "кан" (шаар, отурукташкан жай) сөзүнөн турат жана алгач "Барска таандык чеп, ордо, калаа" деген түшүнүктү берген (Махмуд Кашгаринин маалыматы боюнча Самарканд деген согдулуктардын шаары түрк элдеринде "Семизкенд" деп аталган. Мында да "кан (д)" термини "кен" сөзүнө синоним иретинде колдонулат). Ал эми бул калааны бийлеген Барс өзү бийлик эгеси катары чыгып жаткандыктан, аны Барсхан деп атоолору толук мүмкүн. Махмуд Кашгари китебинин бардык жеринде топонимди каткалаң "гайн" тамгасы аркылуу Барсган деп берет, ал эми "Диванга" тиркелген дүйнөнүн алкак тариздеги картасында каткалаң "каф" тамгасы аркылуу Барскан деп берет. Махмуд Кашгаринин калтырган маалыматтары боюнча, бул топоним түрктөрдүн адамга берилүүчү энчилүү атынан келип чыккан (234, 77 – 78).

Барскоон топоними тууралуу макаласында топонимист К.Конкобаев "Барскан – адам атынан келип чыккан" деп караган (113, 4).

Жогоруда айтылган бул көз караштар жүйөлүү жана негиздүү деп эсептейбиз. Жыйынтыктап айтканда, топонимдин "барс" сөзү адам ысымынан, ал эми "кенд" – шаар, отурукташкан жай маанисин билдирип, Барска таандык чеп, ордо, калаа деген түшүнүктүн негизинде пайда болгон. Биздин пикирибизче, Барскан – түрктөрдүн эрте феодалдык тарыхый уламышындагы баатыры жана жол башчы Алп Эр Тоңанын уулунун ысымы. Топоним мезгилдин өтүшү менен фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурап, мааниси түшүнүксүз болуп, Барскоон түрүндө колдонулуп кеткен. Ошондуктан жергиликтүү элдерде барсайган коондорго байланышкан ар түрдүү уламыштар жаралган.

**Башкы-Долоноту** – Ысык-Көл районундагы суунун, чокунун (Энциклопедияда Бактуу-Долоноту (120, 51), карталарда Бактуу-Долон-Ата суусу (193, 26; 98) деп берилип жүрөт), айылдын аты.

Бул аймактагы азыркы Бостери шаарчасынын мурунку аты – Долоноту деп аталган (120, 68).

Ысык-Көл районунун Чоң-Өрүктү айылынын жашоочусу, мергенчи Уркалый Шадыбаев: "Тоодо долоно дарагы көп өскөндүктөн, ошого карата Долоноту аталган" дейт. Дагы бир кызыктуу фактыны бостерилик окумуштуу Кусейин Исаев: "Бактуу-Долоноту деп туура эмес жазылып жүрөт, аталыш Башкы-Долоноту болуп жазылышы керек, анткени орустар картага туура эмес жазганы боюнча колдонулуп келе жатат" деп билдирди.

Бул маалыматтарга караганда, аталган аймакта долоно өскөндүгү талашсыз, бирок тактап кетүүчү нерсе, ушул райондо катарлаш үч долоно бар. Алардын ар бири өз өзүнчө географиялык объект: Башкы-Долоноту (Бактуу-Долоноту) суу, чоку аты (193, 26; 120, 51), Долоноту айыл (шаарча) (120, 68), Четки-Долоноту жер, суу (120, 68). Бул географиялык аттардагы байыркы -лы мүчөсү -ту болуп, байыркы түрк, анын ичинде кыргыз тилинин үндөштүк мыйзамына карата үндөшүп өзгөргөн. Топонимдердеги бул мүчө байыркы мезгилден бери сакталып, тоо маанисин билдирет (179, II, 146; 104, 140 – 146; 111, 34 – 35). Демек, Башкы-Долоноту – "башкы долонолуу тоо" деген багытты билдирген маанисинде, Долоноту – долонолуу тоо деген мааниден келип чыккан.

**Булан-Сөгөттү** – Ысык-Көл районундагы айылдын аты. Жергиликтүү айтуучулардын маалыматтарына караганда, айыл аты Калыгулдун сөөгү ушул жерден өткөндүктөн, Буландын сөөгү өттү, Буландын сөөгү өткөн жер деп коюлуп калган (80.б). Биздин пикирибизде, бул окуя жердик саяктардын кийинки турмушундагы окуялары сыяктуу. Топонимди мындай чечмелөө – элдик этимология. Татаал топонимдин биринчи түгөйү булан – багыш (бугунун бир түрү) (106, 74), экинчи түгөйү сөгөт – "тал", орусча "ива", "тальник" (111, 34 – 35). -тү – "тоо" маанисиндеги байыркы мүчө. Булан-Сөгөттү – талдуу тоодогу багыш деген мааниден келип чыккан.

**Борду** – Тескей Ала-Тоонун түштүк тармагындагы тоонун аты. Борду мөңгүсү. Борбордук Тянь-Шандагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Ак-Шыйрак тоо тизмегинин түштүк-чыгышынын капталында. Узундугу 3,3 км, аянты 2,7 км$^2$. Мөңгүдөн Борду суусу башталып Ак-Ташка оң жагынан куят (120, 67). Сырттагы жердик-

тердин айтымында, кыргыздар суук жерлерде тон кийишкен. Тоо бордуу келгендиктен, борду ушул тоодогу жерден алышып, тонду кадимки бор менен акташкан. Ошондон тоонун, суунун жана мөңгүнүн аты аталган (27.с.).

Борду топониминдеги -ду мүчөсү байыркы -ды мүчөсүнүн өзгөргөн түрү. Топоним "бору көп жер" деген мааниден келип чыккан.

**Даркан** – Жети-Өгүз районундагы Даркан айыл өкмөтүнө караштуу айылдын аты. Жууку суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. 1911-жылы негизделген. Калкы 4303 (1986), 4651 (1989) (120, 76). Негизинен желдең уруусундагы төрт уруу – тойчу, итийбас, ак-күптөр (ногойлор), күрүчбек уруктарынын эли жана адигине уруусундагы жору уруктары турушат. Бул топонимдин түшүн-дүрүлүшү түрк жана монгол тилдерине негизделип, бир канча варианттар менен кездешет.

I. Даркан. 1. Уста (баатырдык эпостордо колдонулат): Кыл-дың беле кылычты даркан, Соктуң беле соотту даркан (122, 150).

II. Даркан. 1. Эски түрк сөзү. Орто-кылымдагы түрк кандары-нын наамы. Айрыкча Хазар хандыгынын доорунда, IX–X кылым-дардагы феодалдардын наамы болгон.

2. Орто Азияда, Закавказьеде, Казан, Астрахан жана Крым хандыгынын убагында феодалдардын мамлекет салыгынан бошо-тулган жер-суу, мал-мүлктөрү (XII – XVII кылым).

3. Россияда – айрыкча укукка ээ болгон адам.

4. Эл бийлөөчү улук аким. Бул кызматка жарасаң, өзүмө найып кылам, элге даркан кылам (Тоголок Молдо).

III. Даркан. Х.Карасаевдин "Камус Наама" эмгегинде: "Кыр-гыз: ыйык, касиеттүү, чыгаан, кеңири" (96, 237) маанисинде түшүн-дүрүлгөн. Даркан кыргыз лексикасында жөн гана уста эмес, темир уста экендиги, жарак-жабдык согуучу темир уста (кузнец-оружейник) экендиги, бул адистик түрк жана монгол элдеринин аскерлеринде абдан жогору бааланып, алардын артыкчылык укуктары болгондугу К.К.Юдахиндин сөздүгүндө да белгиленген (237, 186). Е.М.Поспелов "Школьный топонимический словарь" эмгегинде Монголияда да Дархан шаары бар экендигин көрсөтөт: "Дархан – город в МНР. Основан в 1961 году и стал вторым по

количеству жителей экономическому значению городом страны. Многоотраслевой характер промышленности Дархана отражен в его названии: в Монголии его называют "городом мастеров" (монг. Дархан – мастер)" (177, 61).

IV. Академик Б.Жамгерчинов келтирген маалыматтарга караганда, XIX кылымдын экинчи жарымында бул жерде эл орношкон пункт болгон эмес, көчүп-конуп кыргыз уруулары жашап жүрүшкөн. 1863-жылы кичирээк орус отряды Жууку суусунун боюна убактылуу коргонуу жайларын курушкан. 1866-жылдан баштап гана алгачкы Россиядан көчүп келгендер жайгаша башташкан (62, 357). Топонимист Д.Исаев бул топонимди изилдеген. Ал аталган айылда XX кылымдын башына чейин эл орношкон жана бул тууралуу эки түрдүү маалыматты келтирет: "Биринчиси, Дархан – ошол жергиликтүү болуп кыргыздашып кеткен татарлардын бир баатыр чоң аталарынын ысымы. Экинчиден, ошол эле жергиликтүү татарлардын ата-бабаларынын бири орус өкмөтүнө жакшы кызмат көрсөткөндүгү үчүн тархан наамына (титулуна) татыктуу болгон. Ошонун урматына келген татарлар кыштактын наамын "Тархан" деп коюшкан. Тарыхта бул термин "эркин болуу, боштондук алуу, алык-салыктан эркин, кадырлуу деген сөздөрдүн символу катарында колдонулуп, ошондон улам атайын наам болуп калган" (84, 93). В.В.Радловдун жыйнаган тексттеринде дархан – "уста" деген сөз менен жанаша, б.а. тизмектеш колдонулган (109, 43).

Биздин пикирибизче, Дархан 3 мааниден – "жарак-жабдык жасоочу темир уста" деген, балким, "кең", "ачык талаа" же жергиликтүү болуп жашашкан татарлардын "эркин болуу", "боштондук алуу" деген мааниден келип чыккан болуусу да ыктымал. Географиялык жайгашкан ордуна карата алганда, Даркан – ачык талаа, кең талаа деген мааниге туура келсе, азыркы учурда жашашкан ак-күп уруусу кыргыздашып кеткен келгин татарлардын уруусу болуп эсептелет (11.с; 68.с)

**Жети-Өгүз** – Жети-Өгүз жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкы 2610 (1986-ж.) (120, 93). Бугу уруусунун белек тобундагы данияр, черик уруктары жана адигине уруулары турушат. Ушул аймактагы район, капчыгай, суу жана

курорт да Жети-Өгүз наамында. Жети-Өгүз топониминин келип чыгышын жергиликтүү элдер төмөндөгүдөй уламыштар менен байланыштырышат.

1-уламыш. Илгери бир кыргыз баланын жети торпогу болгон экен. Эт алганына жакшы деп жетөөнү тең бычтырып тоого чыгарып жиберет. Арадан бир топ убакыт өтөт. Торпоктордон дайын жок болот. Себеби ал мезгилдерде көлдүн айланасындагы тоолордун ичи чычкан мурду жөргөлөгүс жыш чер болгон экен (санжыралык маалыматтарга таянганыбызда, Каракол суусунун, Ак-Суу жана Жети-Өгүз сууларынын капталдары бүтүндөй жыш чер, чычырканак, чий болуп, адамдар, жаныбарлар өтө алышчу эмес экен). Жети торпоктун ээси малынан түңүлүп, жырткыч жаныбарларга жем болгон экен деген ойдо жүргөндө, кокусунан жетөө тең Көк-Жайыктан өгүз болуп калганда табылыптыр. Ошондон улам бул жер Жети-Өгүз аталып калган (31.б.).

2-уламыш. Көкчө Анжияндан, Бокош баатыр Какшаалдагы нойгут уруусунан. Бул эки баатыр тандап ат минип азык, курал алышып, "Ысык-Көлдөн калмактар кетиптир"- деп жол жүрүп, Ысык-Көлдүн жээги менен жүрүп олтуруп, Жети-Өгүздүн алкымына келсе, жети өгүз жүргөнүн көрөт. Бул калмактан калган музоолор экен. Жер ээн болгондуктан, музоолор эркинче чоңоюп, жети өгүз болушкан. Көкчө менен Бокош ошол өгүздөрдү санап, ал жерге Жети-Өгүз деп ат коюшкан. Жети-Өгүздөн жөнөп Оргочорго келет. Суунун боюна аттан түшүп, атын чалдырып, өзү Анжияндын сараласын (тамеки) канжагага салып, тартып кашатты карап жатса, Көкчөнүн изин кубалап, мылтыгын сундуруп бир адам чыга түшөт. Бул Бокош баатыр эле, аны көргөндө Көкчө баатыр колундагы канжасын оодара көтөрүп, калмакча белги бергенде Бокош баатыр Кашаттан чуркап келип, Көкчө менен учурашып аттан түшөт. Эки баатыр ал-жай сурашат. "Калмактар үркүп, Ысык-Көл ээн калды" деп угуп, билелик деп келдим, - дейт. Анда мен да ушул иш боюнча келдим деп тууган болуп алышат. Анжияндын сараласын Бокошко сунуп, Какшаалды (Көкаласын) караласын Көкчөгө сунуп, тамеки тартып, чаначтагы сүзмөдөн сууга эзип тамактанып отурушат.

Бир маалда кашааттан бир өгүздүн мүйүзү көрүнө түшүп, мылтыгын түтөткөн чал чыга келди. Чалды көргөндө, эки баатыр

колундагы канжарларын көтөрүп белги беришти: "– Элсиңерби же жоосуңарбы?" деп кыйкырганда: "Элбиз" - деп жооп беришет. Өгүз минген калмак мылтыгын өңөрүп, кашаттан түшүп келип, экөөнө кол берип учурушат. Эки баатыр: "Кайдан, аксакал?"- деп, жай сурашат. Калмак аксакал калмактардын үркүп кеткендигинен кеп сала баштайт: "Биз Шуркандын эли элек Кудайга жаман көрүндүк, кара көпөлөк айдады, үркүп Кытайга кетишти.

Биз Букардын Көк-Ташына чейин ээлеп жатчу элек. Учта (Сары-Көлдө) 17 түтүн калмак калдык. Мал жетишет. Мал десең малды алгын 3000 кой, 1000 жылкы, уй, төө, өгүз бар. Жер ээн калды, жерге ээ болгула, жер эзелтен бери силердики, эми биротоло жерге ээлик кылгыла. 17 түтүн менен кошулуп мен да силерге тууган болоюн", - дейт.

Ошентип (Көкөнө-Кошун) абышка эки баатырга кол куушуруп, мөгдүрөдү да турду. Өлтүрсөң да, мал кылсаң да, эл кылсаң да мен өзүңөрдүн алдыңарда турам, - деп мылтыгынын оозунан өөп жиберип ант берет. Көкчө менен Бокош да мылтыгын өөп ант беришет. Сизди эл кылып алабыз, малыңдан чычкак улагыңа тийбейбиз, -дешет.

Андай болсо жүргүлө, Текестин Чортаалы малы жатат. Калмактын малы Каркырда болуш керек, ошол жылкылардан айдап кеткиле, -деп чал эки баатырды ээрчитип Боздөлөң деген атын минип алып, үчөө Тасманын кыры менен эки жагына көз чаптырып жүрүп олтурушуп, Улабастын тоосунун чокусуна чыгып, жалгыз көздүү турнабайды туш-тушка чаптырышат. Каркыранын түзүндө сандаган көп жылкы жатканын көрүшөт.

Мен силер менен барсам калмактар мени таанышт, мен үйгө кайттым,-деп чал баатырлар менен коштошот. Эки баатыр жылкыга барса, эч ким жок. Алар жылкылардан 300 дөй малды бөлүп алып айдап келсе, чал күтүп турган болот. Кайра кайтып келе жатышып чалга кезигишет. Алар өзүлөрүнүн күзүндө көчүп келишерин билдиришип жолго чыгышат.

Эки баатыр Анжиянда Көкчөнүн агасы Алдакенин үйүнө келишип, 7 күн өргүп жатышат. Алдакенин 17 жаштагы кызын көргөн Бокош: "Менин аял ала элек иним бар эле"-деп, куда түшөт. Бокош минген аты Майсараланы баш кылып, башына кебез байлап 150 жылкыны алып барып куда түшөт.

Кетээрде Бокошко өзүнүн минип жүргөн аты Көкаласын мингизип жөнөтөт. Көкчө жазында көчүп келет. Чал күтүп алат. Көкчө менен Бокош 17 түтүн калмакты көчүрүп келишип, Таш-Кыя, Бурма-Суу, Бөрү-Баш деген үч айылынын жерин берип: малыңар менен жашап жата бергиле" дейт. Силер мусулман динине өттүңөр, эми силерге эч ким тийбейт, - деп эки баатыр өздөрү Көлдүн башын ээлейбиз деп Ак-Булуң, Ак-Булак, Зындан деген жерлерди биринчи келип ээлеп жашап калышат (63.с.).

3-уламыш. Бул уламышты 1940-жылы, орус жазуучусу, саякатчы Иван Сергеевич Соколов-Микитов Кыргызстанга келгенде жазып алган. Бирок уламышты ким деген адамдан, кайсы уруудан, канча жашта экендигин жазып калтырган эмес.

Биз асканын этегиндеги көлөкө өрөөнгө жайгаштык. Тунук суу – таштуу сайда атырылып агууда. Бул капчыгайдын түбүнөн күкүрт жыттангандары булак болуп оргуп чыгат. Тоонун тоого тоноптош курорт-кыштактын чатырчалары кылтыйып көрүнүп турат Бизге жол көрсөтүп жүргөн шайыр, сөзмөр адам кызыл аскаларды карап: эски жомокту ук деди, - деп жазат Соколов-Микитов өзүнүн күндөлүгүндө.

"Качандыр бир убактарда ушул тоолорду жерден, сансыз көп уруу элдерин башкарып, атактуу жана күчтүү эки хан жашашкан экен. Күндөрдүн биринде ач көз жана каардуу хан өзүнүн коңшусунун аялын ала качып кетет. Ошондон кийин эки уруу чатакташып, бири-бири менен согуша башташат. Мына ошондо кара өзгөй хандын акылман, эстүү-баштуу адамдары чогулуп акыл-кеңеш беришет: "Сенин душманың аялыңды хайра алып келип берсин!"-дейт, сен муну аткара аласың. Аялды өлтүргүн да анын өлүгүн ага алып барып бер. Сен анын талабын аткарган соң, ал сага эч нерсе дей албайт. Ошентип сенин жайың жай алып тынат, ал болсо, сен кайтарып берген аялга ээ болбой калат да аял сага да, ага да жок болот"-дешет.

Акылмандардын айткан сөздөрү кара мүртөз ханга жагып калат. Өзүнүн кытмыр оюн ишке ашырыш үчүн көп эл чакырып, чоң той өткөрмөкчү болот. Тойго көп эл келгендиктен, аларды узатыш үчүн жети өгүз союлат. Жетинчи өгүздү мууздарда каардуу хан аялдын жүрөгүнө канжарды малып калган экен. Ошондо атып

чыккан ысык кан токтоо бербей диркиреп аскаларга чачырап бүткүл тоолорду каптайт. Мына ошондон бери ал кан тиги беттин борчуктарынан көрүнүп турат. Мала кызыл кан менен кошо жарааттан кайнаган суу чыгып, ысык сел бүткүл өрөөндү жайпайт. Кайнаган суудан тойго келген хандын коноктору менен бирге канкор хандын көп сандаган уруусу да кырылат.

Селдей каптаган ысык суу тойго союлган жети кызыл өгүздү да агыны менен алып барып, тээтиги бийикке шилтеп чыгарып салат. Жакшылап карап, тигинден кызыл жети өгүздү, жети борчукту санап көр. Көрдүңбү, береги жети кызыл аска – ошондогу жети өгүз. Мына ошондуктан, ушул күнгө чейин бул жер – Жети-Өгүз өрөөнү деп аталып калган" (137, 193 – 194).

4. Илгери-илгери бир кишинин үч уулу болгон экен. Алардын малынан жети торпок жоголуп кетип, кийин өгүз болгондо табылып үч бир тууган аларды бөлүшө албай чатакташат. Ошондо бир сыйкырчы абышка аларды жети аскага айландырган экен. Үч бир туугандын чатагы басылат. Көп жыл аккан кан бул жерди кызыл түскө боейт. Ошондон бери бул жер Жети-Өгүз аталып калган экен (58, 85).

5. Илгери бир аялдын жалгыз уулу болгон экен. Уулу бир байдын торпокторун кайтарчу. Күндөрдүн биринде ал бала жети торпокту жоготуп алат. Көп күндөр бою издешет. Торпоктор табылбай, бай баланы сабап жатып өлтүргөн экен. Бир күнү эле баягы баланын энеси, кары кемпир чыгып келе жаткан жети өгүздү көрүп, ушул өгүздөр үчүн өлгөн уулун эстеп, өгүздөрдү каргаган экен. Жети өгүз ошол жерде селейип, таш болуп катып калыптыр (15, 5).

Бул уламыштар топонимдин маанисинин келип чыгышына негиз боло албайт. Жети-Өгүз топоними жөнүндө окумуштуулар арасында да ар кандай көз караштар бар.

Д.Исавдин көз карашында: "Жети-Өгүз – "Жети бийик аска" (Семь высоких скал), ал эми жети деген топонимдин биринчи компоненти бири биринен айкын ажырап турган жети асканын бир мезгилдерде болгонун, бирок мезгил өткөн сайын жаан-чачын, жер титирөөнүн кесепетинен дагы жиктелип бөлүнүүлөр пайда болуусу мүмкүн, ошол себептен жети санын так деп айтуу кыйын" (84, 123

– 134) деп белгилейт. Ал эми географ, окумуштуу С.Умурзаков аталган топоним тууралуу мындай дейт:

1. "Второй компонент топонима Джеты-Огуз связан с древним значением слова (окуз – река), а не с современным. Отсюда Джеты-Огуз – "семь рек", а не семь быков.

2. Свое имя гидроним получил не от рек, а от семи горячих минеральных источников, расположенных в районе современного курорта Джеты-Огуз.

3. Как собственное географическое название (Йети-Окуз) топоним возник не позже VI – XI вв" (227, 62 – 69).

Тилчи окумуштуу К.Сейдакматов да Жети-Өгүз тууралуу "Древнетюркский куз" макаласында Д.Исаев менен С.Умурзаковдун илимий божомолдоолоруна кошулбай тургандыгын билдирип, Жети-Өгүз топонимин кыргыз тилиндеги сингармонизм (үндөштүк) мыйзамы аркылуу келип чыккандыгын көрсөтөт:

"Красные скалы близ курорта Джети-Огуз – замечательное и неповторимое создание природы. Скалы расположены в устье речки и разделены расщелинами, которых насчитывается как раз семь. В древности эти расщелины могли быть глубокими, они как будто разделили скалцу на семь частей. Поэтому скалу назвали Жети-куз – Семь расщелин, позже все урочище, где расположено семь расщелин, стали называть Жети-Куз. Под влиянием народной этимологии Жети-куз превратился в Жети-Өгүз. Таким образом, истинное происхождение названия Жети-Өгүз от слова Жети-Куз (Семь расщелин) в народе забыто" (189, 60 – 62).

4. Жапаров Нооманбек "Гидронимия Кыргызстана" деген диссертациялык эмгегинде "Жети-Өгүз топоними Йенчи-Огуз сөзүнөн фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган деп көрсөтүлүп, байыркы түрк тилинде "широкая река" – "кең суу" деген мааниде келип чыккан" (63) деген пикирин ортого салат.

Биздин пикирибизде, жогорудагы айтылган уламыштарды элдик этимология катары кароо негиздүү. Ал эми илимий көз караштардын ичинен Н.Жапаровдун пикири Жети-Өгүз суусунун касиетине толук туура келбейт. С.Умурзаковдун "Жети-Өгүз – жети суу" деген чечмелөөсү илимий негизге жакыныраак келет. Бирок ал жети суу деген маанинин келип чыгышын азыркы

мезгилде да Жети-Өгүз курортунун аймагында жети жерден агып чыккан ысык, дары булактарды далил катары алып, аныктама берген. Жети-Өгүз топониминин этимологиясын жети булактын далилинде түшүнүү күмөндүүлүктү пайда кылат. Сууну агып чыккан жеринен баштап иликтөө негиздүү. Жети-Өгүз суусунун башталган жери – Өгүз-Чоку. Бул чоку 2005-жылы Б.Н.Ельцин чокусу болуп аталган. Өгүз-Чокудан башталган суу Огуз-Башы аталып, ага жети чоң коктудан бээ агызган суулар куят, алар: сол тарабынан Бай-Төр, Асан-Төр, Чотур-Төр, Ат-Жайлоо суулары, оң тарабынан Арча-Төр, Телти жана Көк-Секи суулары (98). Жети-Өгүз айылынын жашоочусу, 1955-жылы туулган черик уруусундагы мергенчи Медет Чалаевдин маалыматына караганда, аталган суулардан башка да кичи суулар Бүлөөлүү-Сай (оң), Кашка-Суу (оң), Туура-Суу (сол), Көк-Жайык (сол), Кичи-Көк-Жайык (сол) жана көп сандаган майда булактар куят. Жети-Өгүз суусунун негизги курамы жогоруда аталган жети суудан түзүлгөндүктөн, Жети-Өгүз гидроними келип чыккан. Жети – жети сан маанисинен, өгүз – байыркы түрк тилдериндеги окус сөзү фонетикалык жагынан өзгөрүүгө учурап "суу", "өзөн" маанисинен пайда болгон. Өгүз-Чоку – өзөндүн, суунун чокусу, Огуз-Башы – суунун, өзөндүн башы, башталышы деген мааниден келип чыккан.

**Жолборсту** – Жети-Өгүз районунун Тамга айыл өкмөтүнө караштуу жердин аты. Бул жерде жолборстор көп жүрчү экен. Ошондуктан Жолборсту аталган (65.с.). Казак топонимисти Е.Койчубаев "топонимдердеги байыркы -ты мүчөсүнүн тоо деген мааниси бар" (103, 196) деп карайт. Жолборсту – жолборстор көп жүргөн тоо деген мааниден келип чыккан.

**Жолборсту** – Түп районунун Талды-Суу айылындагы коктунун аты. Мурунку мезгилдерде бул коктуда жолборстор көп болгон. Ошондон улам, Жолборсту-Кокту аташкан. Азыркы учурда жолборс, илбирс жокко эсе (53.с.). Топоним байыркы мезгилден бери сакталып, бир мезгилдерде жолборс көп жүргөн кокту болгондуктан келип чыккан.

**Жолборсту** – Ысык-Көл районунун Орто-Өрүктү айылындагы жайлоонун аты. Жолборстор көп жүргөн жер болгондуктан аталган (20.б).

Жолборсту – жолборс көп жүргөн жер деген мааниде.

**Калкагар (Комсомол)** – Тоң районундагы Ак-Терек жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айыл аты. 1930-ж. негизделген. Калкы 340 (1987-ж) (120, 153).

Казак топонимисти Е.Койчубаев: "Калкогар – из тюрк. Калка "укрытие" – "калкала", гар – древнетюркского переводится "вершина" – "чоку" (103, 15), - деп чечмелеп жазса, профессор К.Конкобаев: "Калкагар – бийик аскалуу тоо, тоонун жаракасы – нависший утес, обрыв горы, высокая сколистая гора" (111, 150) деп түшүндүрмө берет.

Калкагар – байыркы түрк сөзү, бийик аскалуу тоо деген мааниден келип чыккан. Топоним тоонун өзгөчөлүгүнө карата келип чыгып, айыл да тоонун аты менен кайталанып аталып калган.

**Кичи-Өрүктү** – Түп районундагы Кутургу жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айыл. Калкынын саны 847 (1986-ж.) (120, 150). Алдаяр уруусу жашайт. Кичи-Өрүктү суусу да бар. Кичи-Өрүктү айылынын мурунку аты – Ийри-Өрүктү (120, 150). Кичи-Өрүктү топониминин келип чыгышы – тоодогу жапайы өскөн өрүктөргө байланыштуу. Бул аймакта азыркы мезгилде 4 айыл – Кичи-Өрүктү, Орто-Өрүктү, Чоң-Өрүктү жана Өрүктү-Хутор бар. Кичи-Өрүктү айылындагы калкынын саны 847 (120, 150), Орто-Өрүктүдө 1214 (120, 226), Чоң-Өрүктүдө 1745 (1987-жылындагы эл каттоо боюнча) (120, 338), Өрүктү-Хутордо 615 киши жашайт (120, 237). Чоң-Өрүктү суусунун узундугу 21 чакырым, алабынын аянты 78,7 $км^2$ (120, 338), Орто-Өрүктү суусунун узундугу 17 чакырым (120, 226).

Биздин оюбузча, айылдардын чоң, кичи, орто болуп аталышы – ар бир айылдагы жашаган элдердин санына байланыштуу деп айтууга болот. Ал эми топонимдин өрүктү компоненти – таштуу келген жер болгондуктан, азыркы мезгилге чейин өрүк көп өскөндүгүнө карата аталган. Өрүктү топониминдеги -тү мүчөсү кыргыз тилинин үндөштүк мыйзамына байланыштуу өзгөргөн. -тү, -ты мүчөлөрү Б.Орузбаеванын пикиринде топонимдерди уюштуруучу байыркы түрк тилинен сакталып калган мүчө катары каралган (172, 78 – 81).

**Кичи-Татыр** – Ысык-Көл сыртынын Ак-Шыйрак капчыгайындагы жердин аты. Жергиликтүү айтуучулардын маалыматында, өлчөлүү келген 10 – 15 гектар жер. Чоң-Татырдан кичине

жер болгондуктан, Кичи-Татыр аталган (25.с.). К.Конкобаев татыр термини Махмуд Кашгаринин мезгилинде болгондугун айтып, Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Татыр топоними "такыр жер" дегенге туура келет деп белгилейт (111, 29 – 30).

Ысык-Көл сыртындагы Чоң-Татыр жана Кичи-Татыр топонимдери чөп өспөгөн жер маанисинен пайда болгон.

**Кичи-Эчкилүү-Таш** – Сары-Жаздагы кыштоонун аты. Кыштоодо таштар, эчки-теке ж.б. көп кездешет. Кыштоонун аянтынын көлөмүнө жараша Кичи-Эчкилүү-Таш, Чоң-Эчкилүү-Таш деп аталат (59.с.). Бул топонимде -лы байыркы мүчөсү үндөштүк мыйзамына ылайык -лүү түрүнө өткөн.

**Коёнду** – Ак-Шыйрак тоо кыркасындагы ашуунун, мөңгүнүн жана суунун аты. Сырттык жердиктердин айтымдарында, бул жерде жапайы боз коёндор көп жашайт. Кыш мезгилинде жер кара чыгат, кар жаабайт, мал колду карабайт. Ошондуктан Коёнду деп аталган (27.с., 25.с., 34.б).

Коёнду – коён көп жүргөн жер. -ду мүчөсү топонимди уюштуруу менен бирге, байыркы мезгилден бери сакталган.

**Кой-Сары (Зеленый Гай)** – Жети-Өгүз районундагы Липенка жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын, шаар чалдыбардын, курорттун аты. Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк-чыгышында, Жети-Өгүз суусунун чатынын чыгыш тарабындагы түздүктө жайгашкан. Калкынын саны 107 (1986-ж.). Ушул аймактагы тумшук да Кой-Сары наамында. Кой-Сары тумшугу – Ысык-Көлдүн Жыргалаң булуңунун түштүк жээгинин түндүк учу булуңдун оозунан 4 чакырым чыгыш тарапта жайгашкан. VI – XV кылымдарга таандык Кой-Сары шаар чалдыбары – Ысык-Көл өрөөнүндөгү ири шаарлардын бири эсептелген шаарлардан болгон. Кой-Сары кыштагынын бир бөлүгүн жана анын түштүк чегиндеги тектирче аянтын ээлейт. Шаар түндүгүнөн Ысык-Көл менен чектешип, түштүгүнөн коргонуу жолдору менен бекемделген (120, 151 – 152).

Кой-Сарыда туулуп, ушул жерде балалык чагы өткөн, ичкебулуңдук окумуштуу Ж.Мамытов Кой-Сары топоними боюнча "Туулган жер жөнүндө" деген макаласында (129, 2) төмөндөгүдөй аныктама берет: "Байыркы түрк ата-бабаларыбыз колдонуп келген

(5 – 8) кылымдарда рун жазуусу табылган жер катары дүйнөлүк илимге белгилүү болгон Кой-Сары топониминин кой менен байланыштуулугу жок. "Кой" – байыркы түркчө "өрөөн түбү". "Сары – моңголчо сарну – "ийри", "жантык" дегенди билгизет да, Кой-Сары – "жантык өрөөн", "ийри кокту" деген мааниде. Чындыгында эле, көл жээгиндеги айылдын географиялык табияты ушундай". Байыркы түрк тилинде кой – өрөөн, булун (132, 156), ал эми сары – чоң, бийик, кенен, кең деген маанилерди билдире тургандыгын эске алсак, Ж.Мамытовдун чечмелөөсү илимий негизге жакын келет. Кой-Сары – ийри кокту, балким, ийри булуң, ичке булуң деген мааниден келип чыгышы да ыктымал.

**Кой-Суу** – Ысык-Көл районундагы суунун, мөңгүнүн аты. **Кой-Суу мөңгүсү** – Күнгөй Ала-Тоонун түндүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү, Чоң-Кемин өрөөнүндө. Узундугу 2,0 км, аянты 3,4 км$^2$. Чоң-Кемин суусунун алабында жайгашкан. Мөңгүдөн башталган өзөн Кой-Сууга (Чоң-Кеминдин сол куймасы) сол тараптан куят. Бул аймакта Чоң-Кой-Суу суусу, мөңгүсү, шаар чалдыбары жана Орто-Кой-Суу суусу да бар (120, 152).

Кой-Суу жергиликтүү элдердин айтымында, "кой малы кечип, суу ичкенге ыңгайлуу келгендиктен, ушундай аталган" (80.б; 24.б). Кой сөзү Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө (132, 156) "өрөөн" деген мааниде берилет. Топонимист Д.Исаев: "Кой – в современных тюркских языках употребляется только в форме койун, коюн, кайын (основное значение "пазуха"). Однако в географических названиях оно означает "лог", горную ложбину, узкую горную, продолговатую впадину между двумя возвышенностями. "Кой-Суу – речка в горной ложбине, а не "баранья вода" или "овечья вода". Сюда относится и гидроним Кой-Булак в Таласской долине" – деген илимий көз карашын билдирген (85, 12).

Д.Исаевдин чечмелөөсү жүйөлүү. Кой-Суу – өрөөндүн суусу деген мааниден келип чыккан.

**Музтаг (Мустаг, Музтоо)** – тарыхый топоним, Кыргызстандагы бийик тоолуу аймак. Тарыхый герафиялык адабиятта Музтаг жөнүндө түрдүү түшүнүк болгон. Биринчисинде Мустаг – Борбордук Тянь-Шандагы бийик тоолуу чакан аймак. Кытай географиясында ал Сидань Цзандан (VII к.) тартып Линшань, Лыншань

("Музтоо") деп аталат. Экинчиси боюнча (орус окумуштуусу Г.Ф.Миллер, француз Ж.Дегин, XVIII к., немец К.Риттер, 1832-ж.). Мустаг чыгышта Муз-Арт суусунан тартып, батышта Болор (Фергана тоо кыркаларына чейин созулган тоолуу өлкө. Бирок XIX кылымдын 2-жарымындагы жаңы XX кылымдын башында изилдөөлөргө байланыштуу, топонимдин семантикалык маңызына карата ат Тянь-Шань тоо системасынын тоолуу ак кар, көк музга бөлөнгөн Сары-Жаз-Теңир-Тоо-Какшаал тоо тизмегине көчкөн. Бул жерде өлкөдөгү өтө бийик Жеңиш, Кан-Тоо (Кан-Теңир) чокулары бар. Өткөн кылымда Мустаг, Муз-Арт, Мүсүр аттары менен да белгилүү, Тянь-Шандын азыркы номенклатурасында бул ат аз кезигет. Ал көбүнчө эски топоним катары эскерилет. Кээде Какшаал тоо кыркасынын чыгыштагы эң четки өтө бийик бөлүгү Муз-Тоо же Чоң-Ак-Тоо аталып жүрөт. Мустаг эски (о.к. дагы) аттарга кирет. Аны топонимдин экинчи компонентинин жазылыш формасы (кыргызча тоо ордуна байыркы түрк тилиндеги таг, тог/дог терминдеринин колдонулушу) ачык эле көрсөтүлүп турат. Кытайча Лыншань ("Музтоо") байыркы түрк топониминин котормосу. Тоолорду муз, мөңгү каптаганга байланыштуу бул ат берилген (120, 210 – 212). "Муз" термининен жасалган топонимдер: Муз-Төр, Муз-Бел, Муз-Арт, Муз-Мурут ж.б.

**Оттук** – Ак-Суу районунун Сары-Жаз өрөөнүндөгү айылдын, жердин, суунун, мөңгүнүн аты. **Оттук суусу** – Борбордук Тянь-Шандагы суу. Сары-Жаздын оң куймасы, узундугу 24 км, алабынын аянты 186 $км^2$, деңиз деңгээлинен орто бийиктикте 3400 м. Тескей Ала-Тоонун түштүк капталынын Оттук мөңгүсүнөн башталып, кууш өрөөн аркылуу агат. Сары-Жаздын оң куймасы. Оттук мөңгүсү – өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу 32 км аянты 3500 $км^2$. Башы деңиз деңгээлинен 4200 м, этеги 3800 м, абяция областынын аянты 0,6 $км^2$ (120, 228).

1. Бул жерде оттук таштар өтө көп кездешет, ошол себептен Оттук деп аталат (6.с.; 59.с.).

2. Оттук – Сары-Жаздагы айылдын аты. Азыркы мезгилде да мурункудай оттук таштар бар. Ошондой эле уран дагы бар. Оттук таштар көп болгондуктан ушундайча аталган (37.с.).

3. Оттук – Сары-Жаздагы жердин аты. Бул жерде кара таштар

бар. Таш менен ташты чапса, от чыгат. Ошондон бул жер Оттук деп аталган (58.с.).

**Оттук** – Тоң районундагы Улахол жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. Калкы 1455 (120, 228). Бугу уруусунун, арык уруусундагы жоотатырдын күчүгүнүн сейиткулу (сабатар) уругу 300 түтүн, тынымсейиттин аян уругу турушат. Оттук айылынын малы жайлаганга ыңгайлуу келген айылдын күн батыш жагында бир канча гектар таштуу жер бар. Жергиликтүү элдер ошол себептен оттуу жер, мал семиз болот деп айтышат. Жердин ушул өзгөчөлүгүнө жараша коюлган. Анткени көпчүлүк элдер мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан (12.с.). Топоним от+лык деген уңгу жана байыркы мүчөдөн (201б, 211) турат.

Сары-Жаздагы жана Тоң районундагы жер-суу аттары – оттук таштар көп болгондуктан, балким, от чөп көп болгон жер экендигине карата келип чыгышы ыктымал.

**Талды-Булак** – Жети-Өгүз районунун Барскоон айылындагы жайлоонун аты. Эчки тал (ива) көп өскөн жер. Бул талдын арасынан булак чыгып, Барскоон суусуна куят. Талды-Булак – ошол себептен аталган (65.с.).

**Талды-Булак** – Жети-Өгүз районундагы Жети-Өгүз жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Жети-Өгүз суусунун боюнда жайгашкан. Калкынын саны 60 (1987-ж.) (120, 271).

1. Айылдагы жерде жапайы талдар өскөндүктөн аталган. Бул жерде булактар да көп чыгат. Жети-Өгүз суусунун жээги болуп эсептелет (55.б.).

2. Талды-Булак – Кара-Күнгөйдөгү жер аты. Бул жерде бир түп мажүрүм тал өскөн. Ошол тал өскөн жерден булак чыгат. Ошол себептен Талды-Булак аталып кеткен (29.б.)

Талды-Булак – булактар чыккан жерге талдар өскөндүктөн келип чыккан.

**Талды-Суу** – Түп районундагы Талды-Суу өз алдынча жергиликтүү башкаруусуна караштуу айылдын аты. Талды-Суу суусунун оң жагында жайгашкан. 1921-жылы негизделген. Калкынын саны 3320 (1987-ж.) (120, 271). Айылда бугу уруусунун белек тобунун токоч уругу жана толубай уруктарынын элдери турушат. Суунун агымынын эки жагында тал-теректер көп өсөт. Ошол өзгөчөлүгүнө карата аталган (53.с.).

**Талды-Суу** – Сары-Жаздагы жердин, суунун аты. Суунун жээктеринде көп талдар өскөндүктөн, Талды-Суу деп аталган (58.с.). Талды-Суу – суу жээгиндеги талдарга карата коюлган.

**Тамчы** – Ысык-Көл районундагы Тамчы жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айыл. Айылдын мурунку аты – Кара-Чекенди. Айыл 1929-ж. негизделген. Калкы 1708 (1986-ж.). Тамчы суусу да бар. Чоң-Тамчы суусу Күнгөй Ала-Тоодон агып түшөт (120, 272). Бул аймакта суу аз. Жаан көп жаабайт.

Тамчы айылынын жашоочуларынын айтымында: " Бир атчан адам жол жүрүп келатып, түн кирип кетет. Ал аргасыз бир кепеге баш калкалап туруп калат. Ошондо анын үстүнөн тамчы тама баштайт. Ошол окуядан кийин бул жер Тамчы аталып калат. Кара-Чекенди – кара чекенди көп өскөндүктөн келип чыккан".

Тамчы топоними боюнча Мурзаевдердин сөздүгүндө "тамчи – скудный родник, источник с малыми дебитом, падающий в воду каплями" (от "там" – капля тюрк-монгол). (Средняя Азия, Алтай). В Монголии тамц. Такие родники обычны на Устюрте и Мангышлаке. Село Тамчи на северном побережье Иссык-Куля, родник Тамчи на обрыве Устюрта у восточного побережья зал. Кара-Богаз-Гол, село и пересыхающая речка тамцаг-булак в Чойболсоновском аймаке Мир, ур. Тамчи на юж. берег. Гусинского озера в Забайкалье" (160, 221) - деп маалымат берилет.

Тамчы топоними байыркы мезгилден бери сакталып, булак суусу тамчылап аккандыктан келип чыккан.

**Тамга** – Жети-Өгүз районундагы айылдын, суунун жана булуңдун аты. Тамга айылында 3633 (1986-ж.) киши жашайт (120, 271). Тамга топоними илимий көз караштa топонимист К.Конкобаев тарабынан байыркы түрк тилдеринин маанисинде чечмеленген: "Древнетюркский тамга – "рукав", "приток реки", "ручей, залив". В действительности Тамга – один из больших заливов озера Иссык-Куль, в который впадает одноименная речушка. В одном случае древнетюркский географический термин сохранился лишь как топоним (111, 29).

Байыркы түрк сөздүгүндө тамга сөзүнүн эки мааниси берилген. Экинчи мааниси "залив" – "булуң" (55, 530). Ошондуктан, топонимист К.Конкобаевдин чечмелөөсү жүйөлүү пикир экендигин белгилемекчибиз. Тамга – байыркы түрк тилиндеги булуң деген мааниден келип чыккан.

**Тарагай** – Жети-Өгүз районундагы суунун аты. Ара-Бел суусу менен Кум-Төр суусу кошулганда Тарагай суусу башталат. Тарагай өрөөнү да бар. Ички Тянь-Шанда Жети-Өгүз районунун аймагында Сөөк (Жетим-Бел), Тескей Ала-Тоо жана Ак-Шыйрак кырка тоолорунун аралыгында түндүк чыгыштан түндүк батышка карай Тарагай суусунун агымы боюнча 80 км ге созулуп жатат (120, 272). Тарагай суусу – Жаак-Таш суусу деп да аталат. Чоң-Нарындын оң курамы. Узундугу 36 км, алабынын аянты 1173 $км^2$. Жогорку бөлүгүндө Жетим-Бел жана Ак-Шыйрак кырка тоолорун бөлүп турган капчыгай аркылуу, андан чыкканда байыркы мореналдуу түздүк менен түштүк батышка карай агат. Түздүккө чыкканда жай агып, салааларга бөлүнөт. Төмөнкү агымында бир нук менен агып, босоголорду пайда кылат. Мөңгү, кар жана жаан-чачын сууларынан куралат (120, 81). Жергиликтүү айтуучулардын маалыматтарында, Тарагай – суугa байланыштуу коюлган ат. Мөңгүдөн агып түшкөн суулар колдун беш салаасынын үстүндөгү тарамыштардай болуп таралып келип түшүшүнөн Тарагай суусу башталат. Ошол себептен Тарагай аталган (13.б.).

Тарагай топоними окумуштуу Д.Исаев тарабынан изилденилип: “Тарагай – токою жок, карагай өспөгөн жерди билдирет. Бул маани Нарын өрөөнүндөгү Тарагай топониминде сакталып калган” деп белгилеп көрсөтүлөт (84, 36). Бул топоним Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун аймагынан да кездешет.

**Тасма** – Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Тасма жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. Тасма өрөөнүндө жайгашкан. 1928-ж. негизделген. Калкы 1111 (1986-ж.) (120, 273). Бугу уруусундагы Белектин улуу байбичеси Мекенин балдары – Тогузбай, Элчибай, Кожош, Шүкүр, Теңизбай турушат. Тасма жарым аралы, Ичке-Тасма, Сары-Дөбө – Ысык-Көлдүн четки чыгыш жээгиндеги жарым арал Түп жана Жыргалаң булундарынын аралыгында жайгашкан аймак. Узундугу 20 км, туурасы 10 км ден ашык (120, 273).

Н.Аристов: “На карте Рената, где имена гор большей частью не означены, небольшой хребет между Тюпом и Джергаланом назван Тасманом. Ныне он именуется Тасма, что по тюркски значит “без камня”: действительно, по П.П.Семенову, (Petermons Mittheilungen; 1858, s.360, хребтик этот состоит из каменных пород в нем не обнаружено” - деп жазган (13, 460).

Тасма тоосу ташы жок тоо экендиги талашсыз, бул сөз – тилке, узатасынан кеткен кырка жон (84, 94), кырка тоо маанисиндеги географиялык термин. Тасма илимий жана санжыралык маалыматтарда кыргыз элиндеги уруу аты катары да берилген.

**Төрткүл** – Жети-Өгүз районунун Дархан айылындагы жердин аты. Кум-Жалдын үстүндө. Биздин эрага чейин эле бул жерде өнүккөн эл жашаган өңдүү. Археологиялык эстеликтер бар. Чоподон жасалган идиштер, трубалар ж.б. 1932-жылдары апрель айында карапа табылган. 1960-жылдардагы дың жерлерди өздөштүрүүдө курулуштун урандылары чыккан. Бул жер – Дархан айылы менен Ысык-Көлдүн жээгинин орто чегинде (61.с.)

**Төрткүл** – Ак-Суу районунун Кайырма-Арык айылындагы жердин аты. Азыркы учурда бул жер айдоо жерине айланган. 2 гектар. Бул жерден азыркы мезгилде чөп чабылып алынат (45.б.).

**Төрткүл** – Тоң районундагы Төрткүл жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкынын саны 2997 (1987-ж) (120, 291). Айылда кыдык уруусунун торгой, жаныбек уруктары турушат.

Төрткүл топоними Кыргызстандын башка Чүй, Кочкор, Жумгал райондорунда да кездешет. Төрткүл Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө "турткил – четырехугольный дом, или другой предмет четырехугольной формы" (132б, 1053) деп берилет. Төрткүл – төрт бурч деген мааниден келип чыккан сөз. Топоним катары бул жерлерде качандыр бир кезде курулуштар, чептер, сепилдер, калаалар же эл орношкон пункттар болгондугунун күбөсү. Төрткүл айылында бүгүнкү күнгө чейин анын калдыктары сакталып, байкалып турат. Ошол себептен бул айыл жергиликтүү элдер тарабынан Төрткүл деп аталган. Төрткүл топоними Казакстандын түштүгүндө да кездешет. Н.А.Бернштам "Система городов Семиречья связывалась между собой караванными путями. Следами этого караванного пути надо считать Торткули, весьма не большие по размерам" деп жазса (35), Е.Койчубаев сөздүгүндө "Торткули имеют четырехугольную форму, букв "четырехугольник" - деп түшүндүрмө берген (103, 224).

Төрткүл топонимдери төрт бурч деген мааниден пайда болуп, байыркы убактан азыркы күнгө чейин сакталган.

**Түп** – Ысык-Көл облусундагы айылдын, булуңдун, өрөөндүн, райондун жана суунун аты. Түп айылы 1868-жылы негизделген. Калкы 11009 (1986-жылы). Түп булуңу – Ысык-Көлдүн чыгышындагы ири булуң. Түп айылынан 3 чакырым батыш тарапта. Узундугу 18,2 км. Жазылыгы кире беришинде 6,6 км, төрүндө 1,2 км. Жээк сызыгынын узундугу 103,44 км. Булуң көп сандаган буйткалар менен колтуктарды пайда кылган агын суу өрөөндөрү менен тилмеленген. Буйткалар менен колтуктардын саны 21; ирилери Кутургу, Күрмөнтү, Кош-Сары-Булак, Сары-Булуң жана башкалар. Сары-Булуң буйткасынын узундугу 7 км, туурасы 200 – 500 м, тереңдиги кире беришинде 20 метр. Булуңга Түп суусу куят (120, 297 – 298). **Түп суусу** – Ысык-Көлдүн чыгышындагы ири куймасынын узундугу 120 км, алабынын аянты 1180 $км^2$. Тескей Ала-Тоонун түндүк капталынан башталып, кууш капчыгай аркылуу түндүктү карай, Сан-Таш айылынан баштап жазыраак өрөөн менен батышты карай агып, Түп булуңуна куят. Ири куймалары: Шаты, Көөчү, Талды-Суу, Корумду, Табылгыты жана башкалар. Алабында жалпы аянты 2,67 $км^2$ болгон 28 көл бар. **Түп өрөөнү** – Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш тарабында жайгашкан. Түндүгүнөн Күнгөй Ала-Тоосу (бийиктиги 2900 – 3660 м), Түштүгүнөн Тасма тоосу (1800 – 2400 м) менен чектелет. Аянты 1180 $км^2$ . **Түп району** 1934-ж. уюшулган. Аянты 2030 $км^2$. Калкы 50, 5 миң (1986-ж) (120, 298).

Түп топониминин келип чыгышын жергиликтүү элдер көлдүн аягы, түбү деген мааниде түшүндүрүүгө аракет кылышат (11с; 53.с; 60.с). Бул топоним географ окумуштуу С.Умурзаков тарабынан иликтенилип, ал: “Тюп происходит от слова туба, который означает “залив” деп чечмелеген (226, 63 – 69). С.Умурзаковдун бул чечмелөөсүндө илимий тактык бар. Чындыгында, Түп топоними географиялык жагынан алганда “булуң” маанисине туура келет. Бул топоним жер аты катары Алтайда да кездешет (150, 570).

**Чагыр –** Ысык-Көл облусунун сыртындагы жердин, жолдун, ашуунун аты. Бикиртик кыштоосундагы Боз-Адырдын жанында. Жердик айтуучулардын айтымында, “Чагыр – бир беттеп гана жүрүүгө болгон тик келген өрдөш жер, мурда ат жолу гана болгон. Себеби жол өтө кууш, тар болгондуктан, бул жерден көп малдар, машиналар учкан” (61.б, 34.б, 27.б, 25.с, 4.с).

Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө “чагыр – “узкая дорога”

деген мааниде берилген (132, 324). Биздин пикирибизче, Чагыр – кууш жол. Чындыгында эле, бул маани жердин өзгөчөлүк табиятына туура келет.

**Четки-Сөгөттү** – Ысык-Көл районундагы жердин, суунун аты. Бул аймактагы үч Сөгөттүнүн четкиси болгондуктан, Четки-Сөгөттү деп аталган. Сөгөт сөзүн В.В.Радлов "талдын бир түрү", ал эми -тү мүчөсү – "тоо" деген мааниде деп көрсөткөн (179, II, 146). Четки-Сөгөттү – талдуу тоонун четкиси деген мааниден келип чыккан.

**Чок-Тал** – Ысык-Көл районундагы Чоң-Сары-Ой жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. 1910-ж. негизделген. Калкы 1022 (1987-ж). Саяк уруусунун куртка-мерген уругу турушат. Ушул аймактагы суу, жарым арал, мөңгү, өрөөн, чоку, көл да Чок-Тал деген аталышта. "Чок-Тал суусу – Ысык-Көлгө куят. Узундугу 26 км, алабынын аянты 132 км$^2$. Чок-Тал чокусу – Күнгөй Ала-Тоонун эң бийик чокусу. Кырка тоонун батыш бөлүгүндө, Жинди-Суу менен Чок-Тал сууларынын башында жайгашкан. Бийиктиги 4771 м. Пирамида түрүндө. Чок-Тал тоосу 4700 м бийиктикте" (120, 331).

Е.Койчубаев Казакстандагы Шоктал (Чок-Тал) топонимдерин "куча высот, много высоких гор" маанисинде караган (103, 254). Мурзаевдин сөздүгүндө: "Чок – пик, острая вершина горы (саам.). (150, 618) чоку – вершина, пик; досл. "темя", "голова" (кирг.); Сопоставляют также с монг. Цохио – "утёс" (зоо, зоока, аска)", ал эми тал сөзүнүн төмөнкүдөй маанилери түшүндүрүлгөн: "1. Тал – обрыв вдоль реки; обнажение четвертичных отложений, в котором находят обильные остатки фауны копытных (Колыма), 2. Тал – холм, горка, бугор, возвышенность (тадж.). Ср. Перс. телль, тель – то же, что заимствовано из араб. Tell – tall – "холм" (150, 541 – 542). Э.Мурзаев изилдөөсүндө Койчубаевдин пикирине да токтолуп, шилтеме жасаган, бирок "тал деген түрк сөзү – "мелкая ива, тальник" деген сөз" деп белгилеген (150, 542).

Пикирибизде, байыркы түрк сөздүгүндө: "Тал – 1. Ива, тальник, ивовый прут" маанисинде (55, 528) берилгендигине таянсак, балким, Чок-Тал – "көп тал" деген мааниден келип чыккан.

**Чоң-Сөгөттү** – Ысык-Көл районундагы суунун, жердин аты. Четки-Сөгөттү, Сөгөттү суулары, жерлери да бар. Топонимдин

биринчи чоң аныктоочу аймактагы үч суунун биринин чоңдугуна карата аталган, ал эми экинчи сөгөт аныкталгычы топонимист К.Конкобаев тарабынан “ива”, “тальник” маанисинде каралган (111, 34 – 35). В.Радлов сөгет – талдын бир түрү, ту (гора) – тоо маанисинде деп берген (179, II, 146). Топоним башка Сөгөттү жерлерге салыштырмалуу чоң талдуу тоо маанисинен келип чыккан.

**Чоң-Татыр** – Ак-Шыйрактагы жердин аты. Өлчөлүү жер. 10 – 15 гектар келет. Кичи-Татыр деген жери да бар (25.с.). Татыр топоними топонимист К.Конкобаев тарабынан иликтенилип, Ош областынын Кара-Кулжа районундагы Татыр – “солончак”, “солончаковая местность”. Татыр сөзү менен пайда болгон топонимде жергиликтүү түрк термини татыр (такыр), какыр (111, 139) деп белгиленген. Топоним Казакстанда да ушул мааниде чечмеленет (103, 213). Чоң-Татыр – чоң какыраган жер маанисинен пайда болгон.

**Чоң-Кой-Суу** – Ысык-Көл районундагы суунун, мөңгүнүн, шаар чалдыбарынын аты. Суусунун узундугу 22 км, алабынын аянты 77 км$^2$. Күнгөй Ала-Тоонун түштүк капталындагы мөңгүдөн башталып, кууш таштуу өрөөн аркылуу агат (120, 337). Чоң-Кой-Суу суусу Кой-Суу, Орто-Кой-Суу сууларына салыштырмалуу чоң. Ошол себептен аталган. Ал эми Кой-Суу гидронимин кой менен байланыштырып, “тайыз кечүүлөрдөн койлор суу кечип, айдап өткөнгө ыңгайлуу келгендиктен, келип чыккан” (20.б; 80.б) деген элдик түшүндүрмөлөрү негизсиз. Биздин пикирибизде, Чоң-Кой-Суу – өрөөндүн чоң суусу деген мааниден келип чыккан.

**Ысык-Көл** – Кыргызстандагы эң ири көлдүн аты. Республиканын түндүк чыгышында жайгашкан. Күнгөй жана Тескей Ала-Тоолору менен курчалган кеңдик багыттагы кенен ойдуңдун таманын ээлеп жатат. 1968-жылы батимериялык ченөөлөр боюнча көлдүн узундугу 178 км, туурасы 60,1 км, жээк сызыгынын узундугу 688 км, орточо тереңдиги 278,4 м, эң терең жери 668 м, аянты 6236 км$^2$, суусунун көлөмү 1738 км$^3$. Алгачкы Ысык-Көл плиоцендин башында пайда болгон. Ысык-Көлдүн туздуулугу 6 промиллге жетет. Тунуктугу кыштын ызгаардуу мезгилинде, көлдүн ортоңку бөлүгүндө 30 – 40 м ге жетет. Көлдүн тайыз жээк

бөлүгүндө январь, февралда температура 4,2 – 5$^0$С, июль – августта 20 – 24$^0$С, эң жогорку температура 29$^0$С. Көлдүн суу массасынын зор жылуулук сыйымдуулугунун негизинде Ысык-Көл эч качан тоңбойт (120, 353 – 354).

Ысык-Көлдү байыркы жана орто кылымдарда башка тилдүү улут элдер өздөрүнүн жазма адабият эмгектеринде Жехай, Темирту-Нор, Туз-Көл, Тяньчи, Цинчи, Бууган ж.б. деп да аташкан. Жехай – (Жехай, кытайча жэ – ысык, хай – көл, туурасы деңиз) – тарыхый топоним, Кыргызстандагы Ысык-Көлдүн кытайча аты. VIII кылымдагы кытай маалыматтарында: "Жери суук, бирок тоңбойт, ошондуктан аны ысык деңиз деп аташат" деп жазылган. Муну комментаторлор "көл муздак, бирок тоңбойт", ошондуктан ысык деңиз делинген", деп түшүндүрүшөт. Байыркы жана орто кылымдарда Ысык-Көлдү кытай адабиятындагы Тяньчи, Цинжи, Йе-хе, Суй-йе-нгуй, Яньхай, Жехай, Темурту-Нор деп келишкен. Темурту-Нор – Ысык-Көлдүн моңголчо (төмөр-темир, нуур-көл), калмакча (тамр-темир, нур-көл) аталышы. Негизинен XVII – XIX кылымдардагы адабияттарда көбүнчө Тэмуэртуноэр түрүндө кезигет. Атынын (темирдүү көл) келип чыгышы көл жээгинен магниттүү темирдин майда кум түрүндө жолугушуна байланыштуу. Ал тоо суулары агызып келген шилендилерде кезигет (120, 277). **Туз-Көл** – тарыхый топоним, Ысык-Көлдүн байыркы аталыштарынын бири. Адабияттарда гидроним VII кылымдан бери (кытайлык) таншу дарегинде, 7 – 10 кылымдарда Яньхай (Туз-Көл) маалым. XVIII кылымдарда жазылган даректерде түзүлгөн карталарда көлдүн бул аты баса көрсөтүлгөн. Анда көл суусунун туздуу экени белгиленген (120, 291).

Топонимист Д.Исаев Ысык-Көл топонимин 3 вариантта чечмелеп көрсөткөн:

1. Ысык-Көлдүн аталышында анын биринчи компонентин жогорку температураны, аптапты билдирген мааниси негизги ролду ойнобойт. Көлдүн тоңбогондугу суунун ысык же жылуу температурада болушу менен эмес, көлдүн тереңдиги, суунун оошуп-алмашып туруусу, туздуулугу жана өрөөндүн климатынын жумшактыгы менен түшүндүрөт.

2. Гидроним сүйкүмдүүлүктү, жүрөккө жакын, суктанып, көңүл тартарлык көрүнүштү, сулуулукту билдирүүчү ысык сөзүнөн

улам келип чыгышы объектинин табиятына толук ылайык келет жана топонимикалык ишенимдүүлүгү жагынан да абдан жүйөлүү.

3. Ысык-Көлдү орус тилине “Прекрасное озеро” эквиваленти менен берүү толук ылайык келет” (84, 122 – 123).

Э.М. Мурзаев менен С.У.Умурзаков ысык деген сөздү ыйык деген сөз менен байланыштуу караган (158, 92 – 95; 222, 44 – 49).

Бул маселени топонимист К.Конкобаев да иликтөөгө алган: “Ходячая этимология – Иссык-Куль – (букв) “горячее озеро” искусственна и не раскрывает действительный смысл первого компонента топонима. Его следует искать в древнем значении этого слова. Прилагательное ысык – фонетически измененная форма древнетюркского (священный, святой) сохранившегося в значении (обобщено) “почитаемый, уважаемый, священный, святой, жертва, жертвенный”. В современных сибирско-тюркских языках (якут – ытык, тувин – ыдык, хакас – ызык, алтай – ыйык). При его участии возникли культовые географические названия на обширной территории от Якутии до Таджикистана. Кырг. Ысык-Көл – “священное (почитаемое, заповедное) озеро” (9, 24). Биздин иликтөөбүздө Чыгыш Алтайда Ытык топоними бар экендиги белгилүү болду. “Терек кырка тоосундагы бийик кырдуу чоку, тоо (4767 м), ашуу (4053 м) жана андан башталган суу (Көк суунун сол куймасы Кара-Белдин бир тармагы) Ытык деп аталат. Адабиятта, карталарда Итык, Итик түрүндө жазылып жүрөт. Туурасы – Ытык, байыркы түрк тилдеринде idug, азыркы сибирдик түрк элдеринде ыдык (тува), ызых (хакас), ытык (якут, саха), ыйык (кыргыз) – ыйык, керемет, азиз деген маанини берет” (120, 361).

Жыйынтыктап айтканда, Ысык-Көл – “ыйык көл” деген мааниден келип чыккан. Ысык-Көл – Ызык-Көл деген сөздүн фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган түрү. Ысык-Көл жергиликтүү элдердин тилинде говордук өзгөчөлүккө байланыштуу азыркы учурда айрым адамдардын тилинде с – з тыбышы менен алмашылып айтылгандыгын да учуратабыз. Байыркы мезгилден бери кыргыздар жана түрк тилдеринде сүйлөгөн калктар Ысык-Көлдү булгабай, касиетине сыйынып келишкен. Ошондуктан “Касиеттүү-Көл”, “Ыйык-Көл” түрүндөгү синонимдери менен азыркы учурда да аталып келет.

**Эшек-Арт тоосу** – Борбордук Тянь-Шандагы Ак-Шыйрак тоо

тоомунун чыгышында Үч-Көл жана Ак-Шыйрак (Сары-Жаздын оң куймасы) сууларынын аралыгында жайгашкан. "Эшек-Арт тоосу кеңдик боюнча 50 км ге созулат. Жети-Өгүз районунун аймагында. Орточо бийиктиги 4200 м, эң бийик жери 4384 м. Кыры батышта тик чокулуу, борбордук жана чыгыш бөлүгү тайпагыраак келип, байыркы түздүктөрдүн калдыктары кездешет. Тоонун түштүк-батыш капталдары жазыраак келип, бир аз жантайыңкы" (120, 264).

Жергиликтүү айтуучулардын маалыматтарында: "Эшек-Арт ашуусунда жүргүнчүлөр көп жүрүшкөн. Ашуу – чоң ашуулардай эмес, жалпак келген ашуу. Кытай мамлекетинен сарттар эшек менен көп ашышкан. Ошондон улам Эшек-Арт аталып калган" (22.б)."Эшек-Арт – үч жолдун айрылышы. Ушул жерден Сары-Чатка, Үч-Көлгө, Ак-Шыйракка кетет" (25.с.).

Топонимдин арт компоненти тоо ашуусу маанисиндеги байыркы түрк сөзү (55, 55; 150, 56), кыргыз тилинде географиялык аттарда гана сакталып калган. Топонимист К.Конкобаев арт термини тополексема катары кыргыз жана алтай топонимдеринин курамында сакталып жана тува, шор тилдеринде азыркы учурда да колдонула тургандыгын жазган (111, 24). Эшек-Арт – эшек ашуу маанисинде, Ысык-Көлдөгү Муз-Арт топоними муз ашуу маанисинен сакталып калганын көрөбүз.

### 3.1.2. Кыргыз катмары

Ысык-Көл топонимиясынын басымдуу бөлүгүн кыргыз катмары түзөт. Анда кыргыз адабий тилиндеги, кыргыз диалектилериндеги жана сүйлөшүү тилиндеги ар түрдүү сөздөр кирет. Изилдөөгө алынган региондун топонимдеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – Түштүк Кыргызстандын жана Түндүк Кыргызстандагы башка региондордун топонимиясына салыштырмалуу адабий тилдин нормаларына ылайык, таза түрүндөгү (диалектилик эмес) сөздөрдөн түзүлгөндүгүн белгилөөгө болот. Бирок аталган региондо түштүк диалектиге мүнөздүү Ноолуу-Кокту, Ысык-Көл говоруна мүнөздүү "аке" даражасы менен айкашкан антропотопонимдер жана Ичке-Суу, Ичке-Жергез, Ичке-Булуң, Забилке, Чүрүш сыяктуу саналуу топонимдер да учурайт.

### 3.1.2.1. Гидронимдер

**Айдың-Көл –** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы көлдүн аты. Жергиликтүү информаторлордун айтымында, ачык, кең жердеги пайда болгон көл болгондуктан, Айдың-Көл деп аталган. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө "Айдың – лунный свет, места освещенное лунным светом". Айдың-Көл "чистое зеркальное озеро" (237, 30) - деп берилген.

Айрым изилдөөчүлөрдүн ойлоруна кошулуу менен, И.Б.Молдобаев "О гидрониме Ала-Көл" деген макаласында Ала-Көл көлү кээ бир чыгарма, эмгектерде Айдың-Көл формасында да колдонулгандыктан, эки гидроним маанилеш деп көрсөтөт (144, 96). Э.М.Мурзаевдин сөздүгүндө: "Айдың – открытая (незаросшая) волная поверхность большого озера, отдельные озеровидные плесы в русле и пойме реки. Айдың-Көл – большое открытое озеро. Термин часто встречается в народных песнях и художественной литературе как эпитет к озеру в значение "необозримое" (160, 21) – деп жазган. Кыргыз, казак элдеринде тоолуу жерлердеги туш тарабы ачык, кең, жайык, чалкар, даңгыл, суусу тунук көлдөрдү Айдың-Көл деп аташкан. Азыркы мезгилде бул көл агып кеткен. Биздин оюбузча, Айдың-Көл – бийик тоолордун арасындагы туш тарабы ачык, кең, түз жердеги жайгашкан көл.

**Айран-Суу** – Сары-Жаз сыртынын Көйкап өрөөнүндө жайгашкан. Айран-Суу – айранга, ак түс маанисине салыштыруу аркылуу коюлган. Топоним Д.Исаевдин эмгегинде иран тилдерининин негизинде вайрон сөзүнүн фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган деп түшүндүрүлөт (84, 90). Ал топонимдин сүттөн уютулган айран менен эч кандай байланышы жок деп эсептейт. Биздин иликтөөбүздө, Сары-Жаздагы эки суу Айран-Суу жана Ойрон-Суу жанаша агары белгилүү болуп, кызыгууну жаратты. Сыртта мергенчилик, малчылык менен кесип кылган Муканов Рыскелдинин айтуусунда, суу ак жана тунук болуп аккандыктан Айран-Суу, ал эми катуу аккан суу Ойрон-Суу деп аталган (73.с.). Демек, Айран-Суу – айранга, ак түс маанисине карата, Ойрон-Суу суусуна салыштыруу аркылуу коюлган.

**Алтын-Булак** – Ак-Суу районунун Энчилеш айылындагы булактын аты. Бул булактын суусу бел ооруга, өпкөгө, иче карын, сустав, гинекология ооруларына дарылык касиети бар. Илгери ата-

бабалар булак суусунун ушул өзгөчөлүгүнө карата Алтын-Булак деп аташкан (58.с.).

Алтын-Булак – ушул аймактагы алтынчы булак болушу да толук ыктымал.

**Капа-Булак** – Жети-Өгүз районунун Кара-Күнгөй тоосундагы булактын аты. Мамытов Турдубайдын айтымында, жардын боорундагы чуңкурдан суу чыгат. Чыккан суу ташка (жерге) сиңип кетет. Суусу өтө катаал келет. Ошол себептен чабандар, малчылар Капа-Булакка бара алышпай, өкүнүп кайра келишчү экен. Суусу муздак, жери ысык (47.с). Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: "Капа сөзүнүн мааниси "үп", "ысык" деп берилген (122, 282). Биздин пикирибизде, Капа-Булак – "ысык жерден чыккан булак" дегенге жакын келет. Огуз тилдеринде бул сөз "баш" деген мааниде колдонулушу кызыгууну пайда кылат.

**Капа-Булак** – Чымынды-Сайдагы булактын, жердин аты. Жел тийбеген терең сайдан булак чыгат. Ошондуктан Капа-Булак аталган (32.б.). Капа-Булак – ысык жердеги булак.

**Капчыгай** – Сырт өрөөнүндөгү жердин, суунун аты. Капчыгайдан ылдый Ыштык суусу агат, ал сууга Ачанын суусу, Бикиртиктин суусу, Коёндунун суусу куюп, бир капчыгай менен агат. Ошон үчүн Капчыгай деп аташкан (34.б.).

**Кара-Булуң** – Ысык-Көлдүн түштүк-чыгышындагы эң ири булуң. Жети-Өгүз районунун аймагында. Аянты 16, 5 км$^2$, узундугу 6,0 км ден ашык, жазылыгы оозунда 5 км, эң терең жери 5 км. Кара-Булуң топографиялык карталарда "Покровка булуңу" деп берилип жүрөт. Кара-Булуң жарым аралы – Жети-Өгүз районунун аймагынын батышындагы Кара-Булуң тумшугунан чыгыштагы Чоң-Оргочор тоосуна чейин 12 км ден ашык аралыкка созулат. Туурасы 1,5 – 9 км, абсолюттук бийиктиги 1606 – 1750 м. Эң бийик жери Кичи-Оргочор тоосу 1751 метр (120, 122). Кара-Булуң топоними – булуң карарып көрүнгөндүктөн аталган (18.с.).

Кара-Булуң – чоң булуң дегенге туура келет.

**Кара-Сай (Жырык-Өтөк)** – таштары кара тартып көрүнөт, сай кара. Жырык-Өтөк – суу акканда жеп кеткен жер, Кара-Сайдын боюндагы жер (25.с.).

Кара-Сай суусу – кара таштуу сай. Жети-Өгүз районундагы Май-Төр капчыгайында Чоң-Нарындын сол куймасы. Узундугу 61 км. алабынын аянты 845 км$^2$. Ак-Шыйрак тоо тоомунун түндүк-

батышты, түштүктү, андан кийин батышты карай агат. Башталышында капчыгай аркылуу өтүп, тоодон чыкканда нугу кумдуу келип, саздуу өрөөн менен агат да, салааларга бөлүнүп Чоң-Нарынга сол жактан куят. Ири куймалары: оңу Ачык-Таш-Төр, Кундай, Кыр-Коо-Суу, Сары-Төр, Туюк-Чакыр-Корум (120, 132).

**Кара-Сай** – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Барскоон жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштактын аты. Тарагай өрөөнүндө жайгашкан. Калкынын саны 120 (1990-ж.). Кара-Сай мөңгүсү. Ак-Шыйрак тоо тизмегинин түштүк-батыш капталында жайгашкан. Түндүк Кара-Сай, Түштүк Кара-Сай мөңгүлөрү (120, 132). Кумдуу, кара топурактуу жер. Ошондуктан, суунун, мөңгүнүн, айылдын аты Кара-Сай деп аталган (75.с.).

Кара-Сай – Сырттагы жердин, суунун аты. Жердик айтуучулардын айткандарына караганда, жердин үстүнүн баары – кара таштуу, кара кумдуу. Ошол өзгөчөлүгүнө байланыштуу коюлган (34.б.).

**Кара-Сай** – Тоң районундагы жердин аты. Жергиликтүү айтуучулардын маалыматында, бул жерден суу акпайт. Жаан-чачын катуу болгондо, кыян жүрөт. Ошондо бул жердеги суунун өңү кара-кызыл болот. Ошондон Кара-Сай деп аталган (26.с.).

Е.Койчубаев Казакстандагы Кара-Сай топонимине төмөндөгүдөй түшүндүрмө берген: “Кара-Сай – одно из самых частых названий глубоких оврагов и ложбин. Этим: глубокая расщелина, расщелина-бескормилица” (103, 122 – 123).

**Кара-Суу** – Жети-Өгүз районунун Чырак айылындагы суунун аты. Кичине суу. Жерден, булактардан агып чыккан суу болгондуктан, Кара-Суу аталган (38.с.).

**Кара-Суу** – Ак-Терек айылынын күнчыгыш бетиндеги жайлоонун, суунун аты. Тоңбогон суу болгондуктан, Кара-Суу деп аталган (65.с.).

**Кара-Суу** – Ак-Суу районунун Качыбек айылындагы суунун аты. Бул суу Качыбек айылынын сазынан башталып, Жыргалаң суусуна оң жагынан куят. Жерден чыккан суу болгондуктан, Кара-Суу деп аталат (43.б.).

Ысык-Көл топонимиясында Кара-Суу гидроними көп кездешет. Жогорудагы айтылгандардан сырткары ар бир айылдын аймагындагы саздуу жерлерден кара суу агып чыга тургандыгына

күбө болобуз. Ошондуктан географ Ж.Карамолдоевдин макаласындагы (95, 6) "Кара-Суу – жерден чыккан суу" деген пикири чындыкка жакын келет.

**Кичи-Кызыл-Суу** – Жети-Өгүз районундагы суу, Ысык-Көлдүн куймасы. Узундугу 37 чакырым, алабынын аянты 139 км$^2$. Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүнүн түндүк капталынан агып түшөт. Кичи-Кызыл-Сууга узундугу 21 чакырым болгон 9 суу куят. өрөөнүндө Кызыл-Суу айылы (Покровка) жайгашкан (120, 149). Райондун аймагында узундугу 48 чакырым, алабынын аянты 340 км$^2$ келген Чоң-Кызыл-Суу суусу бар. Чоң-Кызыл-Суу айылы, өрөөнү да бар (120, 337).

Гидронимдин Кичи-Кызыл-Суу аталышы – Чоң-Кызыл-Сууга салыштырмалуу кичине суу экендигине байланыштуу. Ал эми Кызыл-Суу деп аталышы – кызыл палеоген чопо тектерине тиешелүү. Кыргызстандагы агын суулардын эмне себептен ак, ала, кашка, кара, көк жана Кызыл-Суу деп аталышы география илиминин кандидаты Ж.Карамолдоев тарабынан изилденген: "Кызыл палеоген чопо тектери сууну начар өткөргөндүктөн, кар эригенде же жаан-чачын болгондо, суу жерге сиңбей кызыл чопону беттерден жууп түшүп, чопо түстүү болот" (95, 6). Бул ойду география илимдеринин кандидаты, профессор Б.Алышбаев, Ш.Токомбаевдер жана жергиликтүү информаторлор да ырасташат. Биздин пикирибизче, Кичи-Кызыл-Суу – кызыл түстөгү кичи суу деген мааниси чындыкка ылайык келет.

**Сары-Булак** – Түп районунун Сары-Булак жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу Балбай айылынын мурунку аты. Айыл аты Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки мезгилдерде Балбай айылы деп аталган. Айылдын мурунку аты Сары-Булак. Түп районунда эки суунун, анын айланасындагы тоонун, өрдөп баргандыгы ашуунун аты да Сары-Булак (84, 37). Айылдын аймагында эки суу бар: 1. Чоң-Сары-Булак (290 литр суу агат). 2. Кичи-Сары-Булак (570 литр суу агат).

Мурунку мезгилдерде азыркы Балбай айылында жашаган элдер (абайылда, айбаш уруулары) Кичи-Сары-Булак суусу аккан жакта жашашкан. Кийинчерээк эл азыркы Балбай айылы жайгашкан Чоң-Сары-Булак суусу аккан жакка көчүп кетишет.

Ошол себептен элдин саны Кичи-Сары-Булакта аз санда калып, Чоң-Сары-Булакта көп болгондугуна карата салыштырмалуу түрдө Чоң жана Кичи-Сары-Булак деген аталышта суусу, жери да аталып кеткен. Бирок айылдын аты Сары-Булак деп аталып калган (39.б.).

Сары-Булак сууларынын башталган жери саздуу келген жерлер. Бул булактын суусу саргыч түстө көрүнөт да, тунук эмес болуп агып чыгат. Булак сууларынын ушул өзгөчөлүгүнө ылайык суунун, айылдын аттары ушундай аталган (15.б.).

Топонимист Д.Исаев Кыргызстандагы Сары-Булак деген аталыштагы жердин, суунун, булактардын аттарын жалпысынан изилдеп, сары деген сөздүн түстүк мааниде эмес, сары сөзү иран-фарсы тилдериндеги "баш" деген сөзгө ы тыбышы кошулуп, фонетикалык жагынан болор-болбос өзгөрүүлөргө учурап, сары түрүндө колдонулуп калган деп карап, "Сары-Булак – башат"; бир нерсенин башы, башталышы деген мааниде деп чечмелейт (84, 76 – 83).

Илимий адабияттарда сары сөзүнүн топонимикалык көп маанилери айтылат. Д.Исаев сары сөзү менен айкашкан Кыргызстандагы көптөгөн жер-суу аттарынын маанилерин илимий көз караштa анализдеп талдагандыгы талашсыз. Бирок биздин көз карашыбызда, Түп районундагы Сары-Булак гидроними иран-фарсы тилинин негизинде эмес, жергиликтүү болуп жашап келишкен бугу урууларынын тилдик өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу пайда болгон болуу керек. Иликтөөбүздө Сары-Булак – сары топурактуу жерден чыккан булак дегенге туура келет. Түп районунун топурагы башка райондордун топурагынан кара топурактуулугу, түшүмдү жакшы бергендиги менен айырмаланат. Бирок Сары-Булак суусу агып чыккан Сары-Булак тоосунун топурагы ак топурактуу экендиги белгилүү болду. Жергиликтүү бугу уруусунун абайылда, кожош уруулары жана кыпчак уруктарынын эли кадимки ак топуракты сары топурак деп айтышары кызыгууну пайда кылат. Окумуштуу Д.Исаев Сары-Булак суусун изилдей келип "тунук суу, ак суу" деп, сары түс менен байланышпагандыгын далилдеген (84, 77 – 78). Экинчиден, Кичи-Сары-Булакта Сары-Жылга деген жери бар. Бул жылгада мурунку мезгилдерде жер көчкү жүргөн. Жылганын топурагы кадимки ак топурак. Үстү

жагынан караганда ак болуп көрүнөт, ал эми Чыгыш жагынан караганда, өзгөчө жаан жаагандан кийин сары болуп көрүнгөндүгү өзүнчө кызыгууну пайда кылат.

Күнгөй Ала-Тоонун аркы бетинде да (Казакстандын территориясында) Сары-Булак, Күрмөнтү, Шаты деген жер-суу аттары бар. Казак окумуштуусу Е.Койчубаевдин пикиринде: "Сары-Булак – кең булак" маанисиндеги аталыш (103, 205). Балким, Сары-Булак – чоң ак булак, же чоң ак булак суу деген мааниден келип чыккан болуу керек.

**Үкөк** – Ак-Суу районунун Арашан капчыгайындагы жердин аты. Аңырты суусунун башталган жериндеги зоо таш үкөккө окшоп тургандыктан, Үкөк деп аталган (70.с.).

**Үч-Булак** – Жети-Өгүздөгү жайлоонун аты. Көк-Жайыктын үстүндө. Бул жайлоодон көп булак чыккан. Ошол себептен Үч-Булак деп аталган (13.с.).

**Үч-Кайнар** – Ак-Суу районундагы Кара-Жал жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышында, Жыргалаң түздүгүнүн түштүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан. Калкы 690 (1987) (120, 311). Байым (майым) уругу турушат (6.с.).

1. Айылдын аты үч жерден булак чыккандыктан, Үч-Кайнар деп аталган (53.с.).

2. Жоокерчилик учурларда ушул жерде чоң алаамат болуп, үч муундагы адамдарды (кичинекей балдарды, жаштарды, абышка-кемпирлерди) тирүүлөй үч жерге көмүшкөн экен. Кийин ал жерлерден булактар чыккан. Ошондуктан Үч-Кайнар деп аталган (60.с.).

3. Үч-Кайнарда үч жерден булак чыгат:

1) Айылдын кире беришиндеги көпүрөнүн астында Чакай-Булак. Чакай – кедей, дыйкан адамдын аты. Дыйканчылык кылып жүрүп булактын көзүн ачкан Чакай деген адам болгон. Чакай-Булак аталышы – ушундан.

2) Көпүрөнүн ылдый жагындагы чыккан булак – Ак-Булак. Ак-Булактын суусун айылынын элдери ичишет. Ак-Булак-тунук, таза булак деген мааниде. Ак-Булакка Семетейдин аялы Айчүрөк учуп келатып, канаты талыганда конгон касиеттүү жер. Бир топко эс алып эртеси учкан жер.

3) Үчүнчү булак – Тойгонбай-Булак. Тойгонбай деген жоо-татыр уругунан чыккан чарбакеч, дыйкан адам болгон экен. Ошол адамдын атынан.

Кайнар дегени – суу атырылып, суу кайнап чыккандыгынан аталган. Суусу муздак (6.с.).

Үч-Кайнар – үч булак деген мааниден келип чыккан.

**Үч-Кашка** – Каркырадагы жайлоонун аты. Жергиликтүү айтуучулар "Чымынды-Сайдан Каркыраны көздөй ашканда Үч-Кашка жайлоосу башталат. Бул жердеги үч сайда эч нерсе өспөйт. Ошол жердин өзгөчөлүгүнө карата жайлоо Үч-Кашка деп аталган" (59.с.) деп айтышат. Биздин пикирде, Үч-Кашка топониминде үч компоненти сан маанисинде, ал эми кашка компоненти таза, тунук маанисинен келип чыккан болуу керек.

**Үч-Кошкон** – Сырттагы айылдын, жердин аты. Ак-Шыйрак-та. Жердиктерде Үч-Кошкон үч жактан жол кошулгандыктан (67.б), үч суунун куймасындагы жер болгондуктан (34.б), үч коктунун кошулуусу, аягы биригип келип түз болуп калат (25.с.). Ошондуктан Үч-Кошкон аталган, деп бир нече варианттарда чечмеленет. Биздин пикирибизче, Үч-Кошкон – үч коктунун, үч суунун кошулушунан аталган.

**Чаар-Кудук** – Ысык-Көл облусунун Каркыра өрөөнүндөгү жердин, суунун аты. Топонимдин келип чыгышы боюнча санжы-рачы, манасчы Шаабай Азиз уулунун санжырасы илимий негизге жакын айтылган. Анын билдирүүсүнө караганда: "Кызыл-Кыянын түшө калышында жайгашкан бул жерден туз чыгат. Чаар деген сөз – "туз" деген маанини билдирет. Туз турган жерде чөп чыкпайт. Ал эми кудук сөзү – "булак" деген маанини түшүндүрөт. Суусун кайнатса, тузга айланат" (6.с).

Биздин иликтөөбүздө, топонимдин биринчи чаар түгөйү сөздүн өтмө маанисинде суунун түсүн билдирүүгө карата колдонулган. Ал эми кудук сөзү Э.М.Мурзаевдин сөздүгүндө: "...эвенкийский диалект. кудук – ручей соленой водой" (150, 308) маанисинде түшүндүрүлгөн. Кудук – бизче "туз", "туз булак" маанисиндеги сөз. Кудук сөзү Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө берилген. Жалпы түрк тилдерине тиешелүү Кудук топоними Ысык-Көл облусунун аймагындагы тоолуу жерлерде көп кылымдар бою

сакталып келгендиги байкалат. Кыскасы, Чаар-Кудук – туз булак маанисинде келип чыккан. Топонимдин эмне себептен Чаар-Кудук аталып калгандыгы тууралуу иликтөө жүргүзгөн доцент Ж.Барктабасов "Ак-Куу" гезитине жазган макаласында: "Чаар-Кудук – туз булак маанисинде келип чыккан аталыш" (19, 5) – деп, биздин пикирди географиялык аспектиде кароо аркылуу дагы бир ирет ырастайт.

### 3.1.2.2. Ойконимдер жана оронимдерден келип чыккан топонимдер

**Балыкчы** – Ысык-Көл облусундагы шаардын аты. Ысык-Көлдүн батыш жээгинде орун алган. Негизинен кыргыз, орус, украин ж.б. элдер жашайт.

"Кызыл-Токой деген жерде 1871-жылы бир гана түтүн балыкчы орус жашаган. 1884-жылы Кызыл-Токойго М.И.Бачин көчүп келип, там салып, Ысык-Көлдөн балык кармаган. Кийин бул жер Бачино аталып кеткен. XX кылымдын башында Бачино кичинекей кыштак болуп кала берген, анда он чакты гана жапыз там үй, бир нече боз үй турган. 1909-жылы Рыбачий аты коюлган. 1915-жылдын аягында 24 короодо 137 киши жашаган, анын 20 түтүнү балык кармап күн көрүшкөн. Ошондуктан жергиликтүү эл кыштакты 1916-жылы Балыкчы деп аташкан" (120, 52; 120, 245).

Балыкчы – тарыхый топоним, шаар деген мааниден келип чыккан деген пикирлер бар (63). Топонимдин Балыкчы түрүндөгү мааниси кийинки орус келгиндеринин келишине байланыштуу гана пайда болгон болуу керек.

**Боор-Албас** – Жети-Өгүз районунун аймагындагы Борбордук Тянь-Шандын тоолуу өрөөнү. Түндүк батыш жагынан Борколдой жана Ак-Зоо тоолору менен чектешет. Узундугу 63 км, туурасы 2 км. Жергиликтүү айтуучулардын маалыматтарында, бул жерден мергенчилер кийикти көп атышып, этин алып кете алышпай ошол жерде калгандыктан, Боор-Албас болуп аталып кеткен (75.с.).

**Желе-Дөбө (Данияровка)** – Жети-Өгүз жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Жети-Өгүз суусунун сол өйүзүндөгү түздүктө жайгашкан. 1922-жылы негиз-делген. Калкынын саны 859 (1988-ж.) (120, 91). Белек уруусунун

данияр уругу, кыргыздын коңурат жана кытай уруулары жашайт (28.б). Топонимдин келип чыгышы тууралуу төмөндөгүдөй варианттар кездешет:

1. Айылдын батыш тарабындагы 9 дөбө алыстан караганда желедей болуп көрүнгөндүктөн "Желе-Дөбө" деп аталган. Бир убактарда ошол дөбөлөр Кыргызстандын жергесинде жашап өткөн сактардын көрүстөндөрү болгон (68.с.).

2. Айылдын четиндеги бул дөбөлөргө мурунку мезгилде бээлерди багышып, желеге кулун байлашчу экен. Ошол себептен Желе-Дөбө деп аталган 9 дөбө бар (28.с.).

3. Эрнис Турсунов "Балбай" романында: "Желе-Дөбө – эмгек куралдарынын негизинде келип чыккан ат" (217, 20 – 22) деп жазган.

Биздин пикирибизде, Желе-Дөбө – желе сыяктуу тизилип турган дөбө деген мааниден келип чыккан. Бул аймактагы дөбөлөр байыркы мезгилдерде Кыргызстандын аймагында жашашкан сактардын көрүстөндөрү экендиги археологдор тарабынан аныкталган (34;43;45;46). Ал эми топонимди эмгек куралдарына байланыштыруу элдик этимология. Желе-Дөбө айылы Совет бийлигинин жылдарында Данияровка деп аталган. Орус топонимдерин уюштуруучу -овка мүчөсү идеологиялык саясаттын негизинде кыргыз топонимдерине да өткөн. Данияр – кыргыз элинин бугу уруусундагы Бирназар бийдин беш уулунун бири болгон. Негизинен айылда данияр уругунун эли басымдуу болгондуктан, ушундай аталышта аталган.

**Зындан** – Ак-Суу районунун Ак-Суу капчыгайындагы коктунун, капчыгайдын аты. Каркырада Зындан ашуусу да бар. Бийиктиги 2906 метр. Кыргызстан менен Казакстандын чек арасында. Бул коктуда терең жер бар. Кыргыздар мындай терең жерлерди Зындан аташкан (70.с.).

**Зындан (Токтогул)** – Ак-Суу районунун Ак-Булуң жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Жыргалаң суусунун оң жээгинде жайгашкан. 1930-ж. негизделген. Калкы 903 (1987-ж.) (120, 284). Арык уруусунун балтатыр тобундагы кедей уругунун эли турушат (49.с.). "Бир мезгилдерде Чынгызхан, Батыйдын байлыгы катылган жер. Буга күбө

Темирландын Чыгыш менен Батыштын ортосу деп Чаар-Жондун астына, алыскы ысык жолдон кийин ат которуп, эс алдырып турганга деп, кербен сарай салдырган. Ошол кербендерди атайын тийип-качып тоногон каракчыларга зындан салдырып, жердин түбү, ордун түбү деп, кийин ал жер Зындан аталып калган" (235, 67).

Санжырачы, манасчы Шаабай Азиз уулунун айтуусунда, Зындандын тоосу чеп өңдөнүп турат. Көмүскө жер зынданды эл "Коргоо" деп да аташкан. Ал эми айылдын мурунку аты – Токтогул. Бул атты белгилүү акын жана драматург Ж.Бөкөнбаев келип, Токтогул Сатылгановдун ысымына коюп кеткен (6.с.).

Зындан – ор деген мааниден келип чыккан.

**Ичке-Булуң** – Жети-Өгүз районунун Липенка жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк чыгышында, Ысык-Көлдүн ичке булуңдуу жерине жакын түздүктө жайгашкан. Калкынын саны 1071 (1986-ж) (120, 107). Ысык-Көлдүн кургактыкка кирип кеткен ичке булуңу бар. Ошол булуңдун тушундагы айыл болгондуктан, Ичке-Булуң деп аталган (54.с.).

Чындыгында, бул жердин географиялык табияты ушундай. Ичке-Булуң – Ысык-Көлдүн суусунун кургактыкка кирип кеткен ичке булуңуна байланыштуу келип чыккан.

**Ичке-Жергез** – Ак-Суу районундагы айылдын аты. Ичке-Жергез суусунун жээгинде жайгашкан. Калкы 1560 (1986-ж.) (120, 107). Арык уруусунун калматай, кара-такыя уругунун эли турушат (47.б.). Жер бөлүштүрүүдө орус келгиндери өзүлөрүнө чоң жер кесип, калматай, кара-такыя урууларына ичке, бирок узун келген жер кесип алышкандыктан, бул жер Ичке-Жергез деп аталган (47.б.).

**Кайчы** – Ысык-Көлдүн сыртындагы капчыгайдын, тоонун, суунун, өрөөндүн, эки мөңгүнүн жана ашуунун аты. Жердик айтуучулардын санжыралык маалыматтарында, Жаңарттын жанында илгерки кыргыздар атайын айдашкан жер. Ал жердин баш жагы кайчы сымал келет, бир жагы менен Бикиртик аркылуу Кытайга ашат, экинчи жагы менен да Кытайга ашууга болот. Ошондуктан ушул аймактагы ашуу, капчыгай жана суу дагы Кайчы деп аталып калган (27.с.).

**Кайчы** топоними – кайчы сыяктуу келген жердин өзгөчөлүгүнө карата пайда болгон.

**Кара-Баткак** – Тескей Ала-Тоонун түндүк капталындагы Чоң-Кызыл-Суунун алабынан орун алган, өрөөн тибиндеги мөңгүнүн аты. Узундугу 3,5 км, туурасы 300 – 500 м, аянты 4,5 $км^2$ (120, 121). Ушул аймактагы жайлоо, капчыгай, суу дагы Кара-Баткак деген аталышта аталган.

**Кара-Баткак** – Чоң-Кызыл-Суунун эки жагындагы кара топурактуу топурактын касиетинен улам аталган (2.с.).

**Кара-Баткак** – Түп районундагы жердин аты. Түп айылы менен Балбай айылынын ортосунда.

Илгери атчан киши өтө албаган кара баткактуу, саздуу келген жер болгон. Көлдүн деңгээли азыркы Түп – Балбай жолун саз кылып турган. Кийинки мезгилдерде көлдүн тартылышы менен кургап бул жерге жол салынган. Санжыралык маалыматтарда бугу уруусу менен сарыбагыш уруусу салгылашып жаткан убакта Төрөгелди баатыр аты менен ушул кара баткакка тыгылганда Балбай баатыр аны жеңген экен (40.б.).

Кара-Баткак топонимдериндеги кара компоненти кыргыз тилиндеги чоң деген мааниге (122, 284), баткак компоненти саз (150, 75 – 76) деген түшүнүккө жакын болуу керек.

**Кароол-Дөбө** – Ысык-Көл районундагы Жаркынбаев жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Күнгөй Ала-Тоонун түштүк капталындагы Байсоорун коктусунун оозунда жайгашкан. Калкынын саны 535 (1987) (120, 139). Айылда саяк уруусунун кожояр, бөөбүй (12 түтүн) уруктары турушат. Азыркы мезгилде бул айыл Карал-Дөбө деп да аталат. Айылдын жогорку жагында чоң дөбө бар. Жоокерчилик мезгилдерде бул дөбөгө кароол коюлуп, ал дөбөдөн Ысык-Көлдүн күнгөй-тескейин карап турган. Ошол себептен бул дөбө Кароол-Дөбө аталып кеткен. Ошого байланыштуу айыл да Карал-Дөбө, Кароол-Дөбө деп аталган (24.б.).

**Кара-Ой (Мурунку Долинка)** – Ысык-Көл районундагы айыл аты. 1911-ж. негизделген. Калкы 2757 (1996-ж.) (120, 132). Айылда кыргыз элиндеги саяк уруусунун бакачы, ботогур уруктарынын элдери турушат. Кара-Ой жарым аралы да бар

(120,132). Кара-Ой – кар түшпөгөн ой деген мааниден аталып калган (99, 84). Бул жерде шамал болуп тургандыктан, кыш мезгилинде кар түшпөйт. Ошол өзгөчөлүгүнө карата келип чыккан.

**Кара-Секи** – Кара-Күнгөйдөгү жердин аты. Жети-Өгүз районунда. Бул чакан жайыт жер башка жерлерге салыштырмалуу кара топурактуу келет. Ошол себептен Кара-Секи деп коюлган (16.б.). Топонимдин кара түгөйү – түс маанисинде, секи түгөйү – тоонун тектири, бир аз тегиз жери (237, 64) деген мааниде. Кара-Секи – кара тоонун тектири (тегиз жери) деген маанини түшүндүрөт.

**Кескен-Бел** – Тоң районундагы тоонун аты. Балыкчы – Каракол жолунун салынышында тоону кесип, казып жол салышкан, ошондуктан Кескен-Бел аталган (26.с.).

**Кескен-Бел** – Жети-Өгүз районунун Оргочор дөңсөөсүндөгү жердин аты. Бул жер мурун тоонун бели болгон. Жол курулганда көпүрө салуу үчүн бел кесилип оюлган Боз-Бешиктеги бел (18.с.).

**Кескен-Таш** – Жети-Өгүз районунун Кара-Баткак жайлоосундагы жердин аты. Кадимки абалактай болуп кесилген, бөлүк-бөлүк таштар көп болгондуктан улам, ушундайча аталган (4.б.).

**Кичи-Седемик, Чоң-Седемик** – Сары-Жаздагы кыштоо аттары. Күнгөй жагы Кичи-Седемик, тескей жагы Чоң-Седемик болуп кыштоолордун чоң-кичинелигине карата кишинин атынан коюлган (59.с.).

Жергиликтүү айтуучу Муканов Рыскелдинин маалыматы күмөндүүлүктү пайда кылат. Бирок ондон уруусундагы, сыртта айдоочу, зергер уста болуп иштеген Койлумусаев Карачтын айтуусунда, Седемик – асыл таш деген мааниден келип чыккан (49.с.). Топонимдер седемик таштарга карата аталган. Анткени бул жерлерде седемик таштар көп.

**Көдөө** – Сары-Жаздагы жердин, кыштоонун аты. Илгери жылкыга көдөөнүн дарты пайда болгон. Ошол дарттан улам жер аты аталып калган (59.с.).

**Көдөөнүн Муз-Булагы** – Сары-Жаздагы кыштоонун, булактын аты. Бул кыштоодо булак чыгып, тоңуп калат. Ошондуктан ушундайча аталган (59.с.). Түшүндүрмө сөздүктө көдөө сөзүнүн эки мааниси берилген: “1. Мал жей турган чөп. 2. Көбүнчө жылкыга чыгуучу жара” (122, 341). Топоним көдөө чөп өскөндүктөн келип чыгышы да ыктымал.

**Көөлү** – Сары-Жаздагы өрөөндүн, жердин, кырка тоонун жана суунун аты. Жердик айтуучулардын маалыматтарына караганда, бул жердеги аскалардан түшкөн кумдары кара келет (58.с.), күнгөй жагы – караңгы, тескей жагы – бетегелүү көк чөп. Күнгөй жагы карарып калган көө сыяктуу, тазаласа да көө боло берет (6.с.). Зоосу көөлөп койгондой болуп тургандыктан, Көөлү деп аталган (25.с.). Таштары көө сыяктуу кара келет. Зоолору карараак, ошондон Көөлү деп аталган (59.с.). Көөлүнү Ак-Суу районунун эли жайыт катары пайдаланат. Көөлү – деген сөз өзгөртүлүп отуруп Койлуу деп да аталып, жазылып жүрөт. Көөлү дегени – туура. Анткени илгеркилер: "бул жер көмүр чыккандыктан, ушундайча аталган" дешер эле. Көөлү деп, жер топурагынын кара топурактуу келгендигинен жана көмүр чыккан жер болгондуктан аталган (37.б). Жогорудагы жердик айтуучулардын маалыматтарына таянуу аркылуу, Көөлү топоними – таш көмүр кени чыккан жер деген мааниден келип чыккан деп айтуу чындыкка жакын келет.

**Кунан-Ашуу** – Сары-Жаздагы жердин, ашуунун аты. Эңилчектеги Жылуу-Булактын мөңгүсүндө. Бул ашууну кунан менен ашып, Кайыңдыга түшсө болот. Ошол себептен аталган (58.с.).

**Кызыл-Үңөт (Туурасы Кызыл-Өңүт болуу керек)** – Сырттагы жердин аты. Казыбай Бектемировдун айтуусу боюнча бул жердин топурагы кызыл, шордуу келет. Аркы өйүзү да, берки өйүзү да бүтүндөй кызыл жар. Ошондуктан Кызыл-Үңөт деп аталган (25.с.). Бул маалыматка караганда, топонимдин биринчи кызыл түгөйүн тоо зоосу кызыл таштуу келгендиктен келип чыккан, бирок экинчи үңөт түгөйү боюнча иликтөө жүргүзгөнүбүздө, топонимикалык эмгектерде (111; 84; 55; 96; 127; 188), сөздүктөрдө (103; 106; 122; 139; 147; 150; 160; 179; 189; 194; 220; 214; 215; 237; 248) бул сөз кездешпегендигине күбө болдук. Жергиликтүү айтуучулар Саты Абдымамбетовдун жана Аман Саспаевдин айтымдарында, бул сөз өңүп, үңүп деген сөздөр менен маанилеш. Алардын ою боюнча: "үңөт – мергенчиликке байланыштуу сөз, кыргыздар үңүп жатып атып алдым деген сөздөрдү көп айтышкан". 1962-жылы чыккан сөздүктө Сары-Жаз дарыясынын алабында Кызыл-Өңүт деген суунун аты берилген (193, 32). Кызыл-Үңөт

Кызыл-Өңүт аталышынын жергиликтүү элдер тарабынан туура эмес айтылышы болушу ыктымал. Демек, Кызыл-Өңүт – кандуу жер, жапайы эчки-теке, аркар-кулжа атканга ыңгайлуу, кандуу өңүт деген мааниден пайда болгон.

**Тоголок марча (Карасуулун)** – Ак-Суу районунун Ак-Суу капчыгайындагы жайлоонун аты. Бул жайлоодо тоголок марча кездешет. Аны туз жок болгондо, койлор жалашат. Марча – шор, ак топурак (73.б). Марча – шор топурак, көбүнчө жапайы айбандар туз сураганда жалачу шор, жалак (122, 420).

**Карчыга-Уя коктусу.** Каракол капчыгайындагы Каракол суусунун оң жагындагы чоң кокту, ошол коктуда уя бар. Карчыга-Уя деп аталышы – ошондон. Азыркы учурда Карч-Кыя деп айтып, жазып да жүрүшөт (70.с.). Карчыга – кыраан, жырткыч, учкул куш (122, 291), уя – куштун уясы деген мааниден келип чыккан.

**Түндүк-Алма** – Сары-Жаз сыртындагы кыштоонун аты. Бул кыштоодо кыясы кууш жер бар. Жердиктер бул жерден өткөндө боз үйдү аттан чечип алып өтүүгө дуушар болушат. Ошол себептен бул кыштоо Түндүк-Алма деп аталган (59.с.).

**Үч-Салаа** – Ак-Суу районундагы коктунун аты. Бул коктуда карагай, шилби, четин, кара карагат, ж.б. өсөт. 20 – 30 гектар жер. Үч-Кайнар айылы жактан караганда колдун үч салаасындай болуп көрүнүп турат. Негизинен, туура үч кокту бар. Үч-Салаа деп аталышы – ошондон (6.с.).

**Үч-Чат тоосу** – Борбордук Тянь-Шанда, Сары-Жаз, Үч-Чат жана Кайыңды сууларынын аралыгында дого сымал 25 км ге созулуп жатат. Туурасы 6 – 7 км. Орточо бийиктиги 4200 – 4600 м, эң бийик жери 5042 м. Тоонун кыры дээрлик аска-зоодон турат, мөңгүлүү; капталдары тик, терең капчыгайлуу. Жайкы жайыт (120, 312). Үч-Чат – Сары-Жаздагы суунун, жердин аты. Үч жакка жол, суу кетет. Ошондон Үч-Чат деп аталган (37.б).

**Үч-Чат** – Сырттагы Чоң-Май-Төр менен Жоо-Жүрөк тоолорунун жанынан аккан Ара-Бел суусу жакта жайгашкан жер. Илгери бул жер менен кербендер жүргөн. Үч жолу бар: Ак-Белдин (Нарын, Соок жактан), Чоң-Жуукунун жолу, Барскоондун жолу ушул жерден биригет. Бул жолду тогуз жолдун тоому деп да атаса болот. Себеби көптөгөн соодагерлер Үч-Чатка тыныгып, эс алышкан (61.с.).

**Чубал-Жон** – Ак-Суу районундагы тоонун аты. Бирине бири чубама төр сыяктанган тоо. Куйрук улаш жайгашкан. Картада – Чубар-Жон деп берилген (98), туурасы – Чубал-Жон.

**Чүрүш** – Сары-Жаздагы жердин аты. Жер чүрүшүп, кууш келгендиктен Чүрүш деп аташкан (37.б).

**Ыштык** – Ысык-Көлдүн сыртындагы капчыгайдын, жайлоо-төрдүн, коктунун жана суунун аты. Сырттагы айыл да ушул аталышта аталган. Мурун бул жерде кыргыздар саба (кымыз ачыткан чанач) ышташкан. Ошондон бул жер Ыштык деп аталган (75.с.).

2. Бул жердин коктусу беш салаа болуп турат. Эртели-кеч шамал болгондо, кокту ылдый кум учурат. Ошондо ыштык болот (75.с.).

3. Илгери солдаттар ушул жерлерде ыштык менен жүрүшкөн. Ошондон Ыштык деп аталган (67.б). Ыштык топоними шамалга карата келип чыккан.

**Ыштык** – Жети-Өгүз районунун Жаргылчак айылындагы жайлоонун аты. Бул жерден чоң саба жасашып, кымыз ыштаган жер болгон. Ошондон Ыштык деп аталган жер (65.с.). Ыштык – кымыз ыштаган жер деген мааниден пайда болгон.

**Эт-Албас** – Сырттагы жердин, суунун аты. Бул жер чуңкурлуу келген түзөң жер. Эчки, теке, кийик жайлайт. Мергенчилер кийик, эчки, теке ж.б. атышканда, ал жерден чыгарыш оорго турган. Ошол жагдайга байланыштуу, атылган кийик, аркар, эчки, текелер ошол жерде көп калып калат. Ошондон Эт-Албас деп аталган. Бул жердеги суу да Эт-Албас деп аталып, Ара-Бел суусуна куят (61.б).

### 3.1.2.3. Өсүмдүк аттарынан келип чыккан топонимдер (фитотопонимдер)

**Алтын-Тамыр** – Түп районунун Сары-Булак жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу жердин аты. Алтын тамыр (Золотой корень) – бул дары чөп. Спиртке ачытылып медицина тармагында колдонулат. Бул жерде ушул дары чөп көп өскөндүктөн, Алтын-Тамыр деп аталган (15.с.). Алтын-Тамыр – дары чөп көп өскөн жер.

**Кичи-Моюл, Чоң-Моюл** – Жаргылчактагы жер аттары. Чөп чабындуу жерлер. Жыгач-дарактын түрлөрү – кара малина, бүлдүркөн, кара карагат, козу карын, арча, карагайдын түрлөрү ж.б. жер-жемиштердин баары өскөн өтө кооз жер. Моюл – өсүмдүк (65.с.). Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө (122, 435) "моюл – башында сабак-сабак болуп чыккан жыттуу гүлү бар бадал өсүмдүгү", - деп берилген. Топоним моюл көп өскөн жер болгондуктан келип чыккан. Чоң-Моюл жана Кичи-Моюл дегени – ээлеген аянтка байланыштуу.

**Куу-Найза** – Ак-Суу районунун Ак-Суу капчыгайындагы жердин аты. Бул жерде талдар бар. Токойлуу жер келет. Илгери бирөө жыгач сайган болуу керек (73.с.). Куу-Найза – куурап калган карагайларга карата пайдаланган топоним.

**Куу-Найза** – Ак-Суу районундагы Түргөн капчыгайынын ичиндеги жердин аты. Карагай куураганда найзага окшоп калган болуу керек. Ошого карата аталган (58.с.). Түргөн капчыгайын өз көзүбүз менен көргөнүбүздө жыш өскөн карагайлардын арасында куураган карагайлар найзага окшоп турганына күбө болдук. Куу-Найза – куураган карагайга байланыштуу келип чыккан.

**Эңилчек** – Борбордук Тянь-Шандагы мөңгүнүн, тоонун, өрөөндүн, суунун, айылдын, үңкүрдүн аты. Байыркы муз каптоо мезгилинде, Эңилчек өрөөнү толугу менен муздун астында калып, анын эрозиялык аракетинен азыркы тепши сымал абалына келген (120, 362 – 363).

Эңилчек – таштын бооруна жайылып чыгуучу өсүмдүк. Көбүнчө эңилчекти кыргыз эли бөйрөк оорусун айыктырыш үчүн пайдаланышкан (оозго салып чайноо аркылуу). Экинчиден, аркардын, койдун чүкөлөрүн кызгылтым чөп менен боёп, өңүн өзгөртүш үчүн колдонушкан (27.с). Түшүндүрмө сөздүктө (122, 764) "эңгилчек – нымдуу таштарда, жерде тамырсыз, гүлү жок өскөн, ар кандай боёк даярдалуучу өсүмдүк". Эңилчек – өсүмдүктүн атынан келип чыккан топоним.

**Эчки-Тал** – Ак-Суу районунун Ичке-Жергез айылындагы жердин аты. Чоң-Эчки-Тал, Кичи-Эчки-Тал деген аталышта дагы жерлери бар. Келботоев Эсенкалыйдын айтуусунда, "бул жерлерде карагай ж.б. талдын көп түрлөрү өсөт" (46.с). Бул жерди өз көзүбүз менен барып көргөнүбүздө, тоодогу жерде эчки тал көп өскөндүгү белгилүү болду. Топоним – эчки тал көп өскөндүктөн пайда болгон.

### 3.1.3. Түштүк Сибирь (алтай, тува, хакас, шор) катмары

Ысык-Көл облусунун аймактарынан жыйналып топтолгон материалдардын ичинен бир кыйла жер-суу аттары жана алардын маанилери алтай, тува, хакас жана шор тилдерине туура келери байкалат. Мындай топонимдердин маанилери жергиликтүү болуп жашашкан кыргыз элине жарым-жартылай же толук түрдө түшүнүксүз бойдон калып келе жатат.

Ысык-Көл топонимиясында Түштүк Сибирь түрк тилдериндеги жер-суу аталыштарынын болушу толук мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Кыргыздын кыйла жер-суу аттары Алтай тараптагы жер-суу аттары менен окшошуп кетет: Каракол (Алтайда да Каракол), Куурай-Кыр (Алтайда да Куурай деген айыл бар), Туюк (Алтайда да Туюк), Катын-Мазар (Алтайда да Катун деген суу бар), Туякты (Алтайда да Туяхти), Табылгыты (Алтайда да Табылгыты), Кемин (Алтайда да Хем) болуп айтылат да "суу, дарыя" деген түшүнүктү берет. Академик Б.М.Юнусалиев Алтайдагы топонимдер Кыргызстанда да кайталанарын белгилеген (242, 28 – 41). Н.Баскаковдун макаласы да түздөн-түз алтай жана кыргыз тилдериндеги жалпылыктарга тиешелүү (27, 294 – 298).

Тарыхый маалыматтарга караганда, Улуу кыргыз эли Алтайдан Ала-Тоого, Ала-Тоодон Алтайга чейинки аралыкта көчүп конуп, эки бөлүндү болуп жашап келишкен. Алтай-кыргыз лексикалык параллелдери бул тилдердеги сүйлөгөн элдердин этникалык жакындыгын, тилдик жакындыгын жана алтай, кыргыз элдеринин бир мезгилдерде өмүр тизгинин бирге жылоолошкондугунан кабар берет.

Биздин иликтөөбүздө Боом, Кудургу, Күркүрөө, Корумду, Кулунду, Кокуй-Көл, Хан-Теңири, Каракол, Кемин, Чүй, Жууку, Шаты, Түргөн сыяктуу топонимдер жана суу, ой, булак, айрык, чоку, таш, тоо, учар, бел, кабак, ашуу, арт сыяктуу географиялык терминдер түштүк сибирь-кыргыз тилдериндеги жалпылык катары жер-суу аттарында сакталып калгандыгы белгилүү болду.

Жогоруда айтылгандардан башка дагы алтай-кыргыз параллелдерине туура келген көп сандаган географиялык терминдер кездешет. Белгилүү болгондой, географиялык терминдер белгилүү деңгээлде ар бир тилдин топонимиясынын жүзүн аныктайт.

Топонимист К.К.Конкобаев Кыргызстандын жана Тоолуу Алтай автономиялык областындагы топонимдерди пайда кылууда активдүү катышкан алтай жана кыргыз параллелдерин таап чыккан. Натыйжада Түштүк Кыргызстандагы топонимдердин курамында кездешкен 35 географиялык термин салыштырылып түшүндүрүлөт (111, 51 – 55).

Профессор К.Конкобаев алтай-кыргыз тилдериндеги параллелдери боюнча көтөрүлгөн маселенин чечилишине, талдоого алынган географиялык аттар менен конкреттүү жыйынтыктарды чыгаруу жетишсиз экендигин жана бул проблема жаңыдан гана иликтене баштагандыгын билдирип, кыргыз топонимиялык катмары Алтай топонимиясында, ал эми түштүк сибирь катмары Кыргыз топонимиясында да бар деп белгилеген.

О.Молчанова Алтай топонимиясынын факт-материалдарына байкоо жүргүзүү аркылуу Алтай жергесинде кыргыздардын мурунку мезгилдерде жашашкандыгын тастыктаган кызыктуу ойлорун айтуу менен, Алтай топонимиясындагы 1896 топонимдин 79 топониминин этимологиясын кыргыз тилинин жана тува тилинин базасында чечмелеген. О.Молчundefinedованын көз карашында Боронду суусу, Ичкекуль көлү, Кексе тоосу, Курдюм булагы, Курманда суусу, Куругайра суусу, Улькунь-Тайга, Мана-Кудьур тоосу, Тендек суусу, тоосу, Улуджай суусу, тоосу, Тоото талаасы, Чыргайтуу тоосу, Уюк-Чалыр, Чилик суусу сыяктуу алтай топонимдери кыргыз тилинин негизинде келип чыккан. Ал алтай – кыргыз терминдериндеги параллелдердин оронимдерде кездеше тургандыгын да көрсөтөт: ажу – ашуу, арт – арт, баш, бажы – баш, башы, бел – бел, бом – боом, кабак – кабак, кудьур – кужур, кыр – кыр, таш – таш, төбө – төбө, туу – тоо, учар – учар, чоку – чокы, чоку, айры – айрык, булак – булак, ой – ой, суу – суу (145, 179 – 187).

Н.А.Баскаковдун “Географическая номенклатура в топонимии Горного Алтая” деген макаласынан (212, 64 – 71) алтай – кыргыз лексикалык параллелдеринин дагы бир жалпылыктарын көрөбүз.

**Боом** – Ысык-Көл областындагы капчыгайдын аты. Боом капчыгайы – Күнгөй Ала-Тоонун батыш четинде жайгашкан өткөөл капчыгай. Узундугу 25 км, таманынын жазылыгы 150 – 350 м.

Генезистик тиби боюнча антецеденттик өткөөл капчыгай. Күнгөй Ала-Тоонун батыш учун, Терек-Жону тоосунун чыгыш учун же бул эки тоонун ортосундагы байыркы өрөөндү кесип өтөт (120, 64). XIX кылымдын орто ченинде Боом капчыгайында 3 "кой" жолу болгон. Ошол жолдор менен 1856-жылы Кичи-Кеминден Ысык-Көлдү көздөй орус саякатчысы П.П.Семеновдун экспедициясы өтүп, анын эмгегинде "Буам" (Боом), "тау" (тоо) окшош сөздөр калган. А.Н.Бернштам өз эмгектеринде Боом деп жазган. Н.Зеланд 1887-жылы монголдун "Бомо" деген сөзү – "Буам" - деп бурмалангандыгын көрсөткөн. Анын жазганына караганда Бомо – монголчо "капчыгай" деген маанини билдирет (193, 4).

Боом аймагын жергиликтүү эл илгертеден эле мекендеп пайдаланып келген. Аны айтылган жолдордон тышкары, капчыгайдын ичиндеги археологиялык эстеликтер, жер-суу аттары, тарыхый кол жазмалардагы даректер, фольклордук материалдар (Чжион Цян, Сюан Цзан), араб-фарс (Тамим ибн Бахр, Ибн-Хордадбек, Гардизи ж.б) саякатчыларынын, өзгөчө XIX – XX кылымдагы тарыхчылардын маалыматтары Боом капчыгайынын мааниси жөнүндө белгилүү түшүнүк берет. 1376, 1383-жылы Могулистанга каршы жортуулдарга чыккан Тимурдун аскери Боом капчыгайы аркылуу өткөн. Топонимдин өзү да адабиятта биринчи жолу ушул мезгилде кезигет. Низам ад-Дин Шами (14-кылымга.; Йсикул буум), Шораф ад-Дин Езди (15-кылым-буга Асикул) экөө тең номенди "Ысык-Көл боому" түрүндө беришет. Орусча адабияттарда ал Бом, Буам формасында жолугат. Байыркы түрк, азыркы алтай, тува, монгол жана башка тилдерде боом "аскалуу тумшук", тик кыя; зоока; "тар капчыгай" деген маанини берет (120, 64–65). "Этимология топонима связана с древнетюркск. Боом – (крупной скалистый выступ; скала;) сохранившийся в том значение на алтайском, тувинском, монгольском и др. языках" (9, I, 24). Бом называется на чернокыргызском наречии, как и на алтайском, проход по отвесным к реке скалам. Северные киргизы вместо длинного о выговаривают уа: и потому вместо бом выговаривают буам" (179б, 6).

Боом – тик аска, зоо, кууш капчыгай маанисинен келип чыккан.

**Жууку** – Жети-Өгүз районундагы суунун, ашуунун, көлдүн, мөңгүнүн, өрөөндүн, тоонун аты. Жууку (Жуука) суусу – Тескей Ала-Тоодон башталып Ысык-Көлгө куят. Узундугу 68 км, алабынын аянты 590 км$^2$ (120, 99). **Жууку ашуусу** – Тескей Ала-Тоодо. Жууку суусунун башында. Деңиз деңгээлинен бийиктиги 3633 м. Жууку көлү – Жууку суусунун башында жайгашкан. Узундугу 450 м, эң жазы жери 250 м. Аянты 0,073 км$^2$, суунун көлөмү 0,204 млн м$^3$. Эң терең жери 9,5 м. Жууку мөңгүсү. Тескей Ала-Тоонун түндүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу 4,2 км, аянты 4,7 км$^2$. Жууку өрөөнү. Тескей Ала-Тоонун түндүк капталында жайгашкан. Узундугу 49 км, туурасы 0,3 – 4 км (120, 99 – 100). **Жууку тоосу.** Тескей Ала-Тоонун түндүк тармагы. Жууку жана Барскоон сууларынын аралыгында 35 – 38 км ге созулуп жатат. Туурасы 15 – 17 км. Орточо бийиктиги 4671 м. Кыры аска-зоолуу жана мөңгүлүү, түндүк капталындагы Ысык-Көл өрөөнүн көздөй тигирээк түшөт (120, 100).

Жууку сөзү алтай тилиндеги "дьуука" – "аң" ("овраг"), аңгек ("ров") дегенге туура келет (24, 59). Топонимист К.Конкобаев Жуука – "овраг" (111, 48) "аң" деген маанисинен келип чыккандыгын көрсөткөн.

Топоним – Борбордук Азияда "кууш", "тар" маанилериндеги капчыгайларды да туюндурат. Тоолуу Алтай Автономиялык облас--тында Жуукалуу деп аталган айыл, Жуука аталган суусу да кездешет (150, 181). Жууку – аң, аңгек деген мааниден келип чыккан.

**Кокуй-Көл** – Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу көлдүн аты. Ысык-Көлдөн 2 чакырым алыстыкта жайгашкан. Узундугу 500 м, туурасы 300 м. Бул көлдүн Кокуй-Көл болуп аталып калышы боюнча жергиликтүү эл оозунда айтылып жүргөн уламыштар бар.

1-уламыш. Кайсы бир убактарда ушул көлдүн тегерегинде эл жашаган. Күндөрдүн биринде бир келиндин бир жашка чыга элек жаш баласы шымын булгап салат. Ошондо энеси баласын жана анын кийимдерин жууш үчүн көлдүн жээгине келип, колундагы паристени кокусунан сууга түшүрүп жиберген экен. Көл терең, сормо болгондуктан, кечип сууга кире албайт. Көз ачып жумганча

уулунан ажыраган эне: “Кокуй, Кокуй-Көл!”- деп ыйлайт. Ошол окуядан кийин, бул көл Кокуй-Көл аталып калган (78.б).

2-уламыш. Илгери өткөн заманда абышка-кемпирдин Токтобек деген жалгыз уулу болгон экен. Токтобек ойноп жүрүп, атасы балык кармаган кодоо торго илинип, көлдөн чыга албай калат. Ата-энеси издеп баланы таппай, кодоо торду салганын унутуп көп убакыт өтүп кетет. Уулун издеген кемпир менен абышка буркурап ыйлап олтурушуп өрдөк болуп кубулушат. Өрдөктөр: “Токтобек, кокуй!” деп учушат. Ошондон улам бул көл Кокуй-Көл аталып калат (74.б. Бул уламыштын ыр түрүндөгү варианты да бар).

3-уламыш. Бир адам атчан келе жатканда, аты үркүп кетет. Ал аты менен кошо көлгө кирип чыга албай: “Кокуй-Көл!” деп кыйкырат. Ошол окуядан кийин көл Кокуй-Көл аталат (2.б). Айылдагы эң сакалдуу карыялар Осокеев Калкабайдын (88 жашта), Турумбаев Макештин (87 жашта) айтымдарында: “Биз кичинекей бала кезде, ушул көлдүн жанында мал кайтарып ойноп жүргөндө, “Кокуй, кокуй, кокуй!” деген үндөр чыгып, кулакка жаңыраар эле” - дешет.

Топонимдин пайда болушуна байланыштуу уламыштар – элдик этимология. Азыркы кыргыз тилинде кокуй сөзү сырдык сөз катары кеңири колдонулат. Жергиликтүү элдердин кокуй сөзүнө байланыштуу уламыштары элдин кийинки турмушуна жакын окуяларынан жаралган сыяктуу. Ошондуктан бул топонимди тектеш тилдердин далилинде гана туура чечмелөөгө болот. Кокуй-Көл аталган көлдүн тереңдигин, сормо көл экендигин эске алсак, илимий негизде тува тилиндеги “кокай” сөзү бизче карышкыр, бөрү деген маанини билдирет (214, 246). Демек, Кокуй-Көл – жырткыч, каардуу, каргашалуу көл деген маанилерден келип чыккан болуу керек. Топонимист О.Т.Молчанова Тоолуу Алтайда “кокуй” сөзүнө байланыштуу 11 топоним учурай тургандыгын көрсөткөн (145, 29). Биздин жыйнаган материалдарыбызда бул сөз катышкан Жети-Өгүз районунда 3 Кокуй-Көл, Түп районунда Кокуй-Төр, Сары-Жаз сыртында Кокуй-Таш сыяктуу жер-суу аттары белгилүү болду.

**Кутургу** – Түп районундагы Кутургу жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. 1911-жылы негизделген.

Калкы 1616 (1986-жыл) (120, 173). Бугу уруусунун белек тобундагы алдаяр уругунун эли жана казак элдери турушат (53.с.).

Санжырачы Кулумбай уулу Молдокматтын айтуусу боюнча "Кутургу айылынын тоо тарабында булак чыгат. Жергиликтүү элдер ал булакты "Кутурган-Булак" деп аташат. Кутурган-Булактын үстүнө (айманга) булут келсе, сөзсүз Кутургу айылына жаан жаайт. Ошондуктан табигаттын ушул өзгөчөлүгүнө байланыштуу айыл Кутургу деп аталып калган" (53.с.).

Бул аймакта Кутургу суусу, тоосу, ашуусу (194, 125) да бар. Топоним Тоолуу Алтайда да жердин, суунун аттары катарында "Көздүргы", "Кудырга" түрлөрүндө да кездешип: "жертва", "возношение", "жертвенный – курман, курмандык" маанисинде түшүндүрүлөт (145, 29).

Биздин пикирибизче, Кутургу – кутургу (булут) келатат, жаан жаайт деген мааниде айылдын географиялык өзгөчөлүгүнө жараша коюлган. Анын негизги себептери табияттын мындай кубулуштары башка жерлерде да кездешет. Маселен, Жети-Өгүз районундагы Ондонбайдын чокусу деп аталган жер бар. Бул чокуга булут келсе, сөзсүз жаан жаайт. Ошондуктан бир байбиче (дөөлөс уруусунан) ошол булуттарды от жагып айдап турчу экен.

Ушул сыяктуу Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө деген айылына Кичи-Оргочордун Кара-Булуң деген жериндеги тоонун (Победанын) үстүнө булут келсе, сөзсүз жаан жаайт. Победа деп, жергиликтүү дөөлөс элдери бул дөңдү машинага окшоштуруп аташат.

Түп районундагы Кокуй-Төр топониминин чыгышы да тоо төрүндөгү булутка байланыштуу. Төрдүн үстүнө булут келсе, Күрмөнтү айылына жаан жаайт. Ошол себептен жергиликтүү бугу уруусунун токой эли Кокуй-Төр деп аташат (53.с.). Балким, Кутургу – сөздүн түз маанисинде келип чыккан топоним болуу керек. Кутургу – Кудургу болуп көпчүлүк жергиликтүү элдердин оозеки кебинде айтылат. Акыркы учурларда Кудургу деп айыл атала баштады. Бул топонимдеги каткалаң "т" тыбышы жумшак "д" тыбышына өткөндүгү байкалат.

**Күрмөнтү** – Түп районундагы Сары-Булак жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Айыл "Күрмөнтү

суусунун боюнда жайгашкан. Калкы 2223 (1986) (120, 175). Бугу уруусунун токой бирикмесинин эли турушат. Күрмөнтү ашуусу да бар. Күнгөй Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүндө, Күрмөнтү суусунун башында. Бийиктиги 3582 метр. Айырмач сыяктуу таш, корумдуу бел. Капталдары тик, палеозойдун гранит-порфирит тектеринен турган заттар, майда чокулар бар. **Күрмөнтү колтугу** – Түп суусунун бир буйткасы. Узундугу 3 км, тереңдиги ооз бөлүгүндө 20 метр, жээктери тик, толкун менен шамалдан ыктоо жайгашкан" (120, 175).

А.Асанбековдун айтуусунда "Күрмөнтү айылынын дал ортосунда катар-катар тизилген, көлөмү үйдөй кой таштар бар. Ал кой таштар азыркы учурда жерге батып турат. Мурунку мезгилдерде ушул аймакта кой таштар көп болгон. Азыркы учурда Ысык-Көлдүн жээк жактарына жакын жерлерде да кездешет. Күрмөнтү деп айылдын аталып калышы ушул жердеги таштарга гана байланыштуу" (15.б.). Биздин пикирде, тоонун ашуусундагы чоң таштарга, тоодогу катмар болуп турган таштарга байланыштуу келип чыккан болуу керек. Күрмөнтү топоними түрк тилдериндеги (алтай, хакас, шор, тува) "Күрмөн", "күрбөл", "күрмөндүү" деген сөздөргө туура келип, "алачыктай", "үйдөй таштуу жерлер" деген маанини билдирет. Монгол тилиндеги хүрмэл сөзүнүн "осока"- "өлөң чөп" (147, 577) деген мааниси да бар. Бирок бул маани топонимдин келип чыгышына негиз боло албайт.

Ысык-Көл жана Нарын облустарынын аймагында Күрмөнтү суусу жана тоолору бар. Тоонун эки жагында тең Күрмөнтү суусу агып түшөт (98).

Түп районундагы Күрмөнтү айылы, суусу, ашуусу туштагы тоонун аркы бетинде, Казакстандын аймагында да Күрмөнтү топоними кездешет (192, 214).

**Телти** – Жети-Өгүз районундагы суунун, мөңгүнүн аты. "Телти мөңгүсү" – Тескей Ала-Тоонун түндүк капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Жети-Өгүз суусунун оң куймасы Телтинин башында жайгашкан. Узундугу 3,2 квадрат км. Үч камералуу цирктин таманында жайгашып, үч мөңгүдөн турат. "Телти" кыска, жазы, орток морена аркылуу үч салаага бөлүнгөн. Башы деңиз деңгээлинен 4450 м. Этеги 3460 м бийиктикте жатат. Кар чегинин

бийиктиги 3760 м, абляция областынын аянты 2,1 квадрат км. Мөңгүдөн Телти суусу башталат" (120, 277). Жети-Өгүз капчыгайында мал менен жайлаган Саты Абдымамбетовдун айтымында: "Телти суусу – кичи суу келгени менен, өтө тик аккан, бээ агызган суу. Жети-Өгүз суусуна оң жагы менен агып түшөт, бирок кичине суу. Телти жайлоосу да бар, анда арчалуу келген жери кездешет. Экинчиден, "Каракол" токой чарбасында көп жылдар карагай башчы болуп иштеген, сарткалмак уруусундагы Токтосун Токтогуловдун айтуусунда: "Телти – "Каракол" капчыгайынын жогору жагындагы жайкы жайыт жер. Чаттын ичинде. Башы Жети-Өгүзгө тиет. Арчалуу жайыт жер болгондуктан, Телти деп аталган". Бул маалыматтардын негизинде иликтөө жүргүзгөнүбүздө, Телти деген аталыштагы эки суунун жана эки жердин аты бар экендиги белгилүү болду. Биринчи "Телти" суусу "Жети-Өгүз" суусуна оң тарабынан куйса, экинчи "Телти" суусу Каракол суусуна сол тарабынан куят. Эки суунун башталган жери бир, бирок куйган тараптары эки башка. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: "Тел – бири-бирине жанаша турган, жанаша жайгашкан эки нерсе. Тел арча. Тел дайра" (122, 587) деп түшүндүрүлгөн. Демек, Телти – эки жанаша жайгашкан арча же эки окшош жанаша жайгашкан суу дегенге туура келет. Ал эми -ты топонимди уюштуруучу байыркы мүчө (172, 71 – 91; 104, 140 – 146; 84, 57; 111, 34 – 35). Тел сөзү тува тилинде да "эгиз" деген мааниде жана тел ыяш – "бир өзөктөн өскөн эки дарак" деген маанилерде колдонулат (214, 410). Ошентип, бул топонимди Кыргыз жана Тува жергелериндеги параллели катары кароого болот.

**Турук** – Ысык-Көл облусунун Түп районундагы жердин аты. Каркыранын аймагында. Турук – түрк тилдеринде "стоянка" – "орун, жай, үй-жай" маанисиндеги сөз (111, 156). Ж.Мукамбаев сөздүгүндө "турук – тоонун кептелиш жери" (148б, 40) маанисинде жана "кайберендер кача албай камалып кала турган аска жер" (148б, 9) деп түшүндүрмө берген. Турук – орун-жай манисинен келип чыккан.

**Түргөн** – Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Ак-Булуң жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. Тескей Ала-Тоонун этегинде, Түргөн суусунун боюнда жайгашкан.

1938-жылы негизделген. Калкы 81 (1987-ж). Түргөн-Ак-Суу – Ак-Суу районундагы суунун аты. Жыргаландын сол куймасы. Узундугу 45 км. Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүнүн түндүк капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Түргөн-Ак-Сууга жалпы узундугу 188 км болгон 81суу куят. Түргөн-Ак-Суу мөңгүсүнүн узундугу 7,5, аянты 5,1 км$^2$. Мөңгүдөн Түргөн-Ак-Суу суусу башталат (120, 298 – 299).

Жергиликтүү айтуучулардын маалыматтарында, "Түргөн сөзү калмакча "аяккы", "акыркы" дегенди билдирет" (84.с.).

Топонимист Д.Исаев: "Түргөн – монголчо шар, ылдам ("быстрая, стремительная") деген маанини берет. Бул топоним ушул жердеги шар аккан суулардын негизинде келип чыккан" - деп белгилеп көрсөткөн (84, 104). Мындай топонимдердин Монголияда көп экендиги Э.Мурзаев тарабынан бир нече жолу белгиленген (155, 62 – 65).

Түргөн топоними Тувада да кездешет. Тува тилинде дүрген – "тез", "ылдам" (214, 190). Ушул маанисинде Казакстандын Алма-Ата областында тоо суусунун атында жана алтай тилинде сакталган (103, 213). Түргөн – тез, ылдам аккан суу деген мааниден пайда болгон.

**Чымынды-Сай** – жайлоонун, суунун жана өрөөндүн аты. Түп районунда жайгашкан. Бул топоним жөнүндө бир нече уламыштар, санжыралар жергиликтүү эл оозунда сакталып калган.

1. Илгери асмандан чымындар жаап, малдардын өпкөлөрүнө кирип кеткендиктен өзүнчө мал кырылган. Ошол окуядан кийин Чымынды-Сай аталып кетиптир (41.б).

2. Жуманов Токтобай карыя энесинен уккан мындайча ула-маны билдирди: "Энем казак кызы эле. 6 – 7 жашында азыркы Чымынды-Сайдын аркы өйүзүн казактар, берки өйүзүн кыргыздар жайлоочу экен. Төркүнү абдан бай болуп, төөсүнөн эле 16сы болуптур. Бул жерде чымын өтө көп болуп, төөлөрдүн мурдуна чымын кирип кырылган. Ошол окуядан кийин, бул жер "Чымындуу-Сай" деп аталган. Энем мурун бул жердин аты жок болчу деп айткан эле" (32.б).

Шапак айылындагы Токтобай карыянын энеси 100 жашка чыккан, болжолу 1992-жылдары каза болуптур.

3. Чымынды-Сай жайлоосунун чет жагында сай болгон, азыркы учурда суусу жок. Ал жерге шамал тийбейт, ысык келген жер. Ошол себептен чымын эң эле көп. Бул жердин ушул өзгөчөлүгүнөн улам, бүтүндөй жайлоо Чымынды-Сай деп аталган (6.с.). Биздин пикирибизче, Чымынды-Сай – жердин ысык болгондугуна байланыштуу коюлган.

**Шаты** – Түп районундагы Түп жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Күнгөй Ала-Тоонун этегинде жайгашкан. Калкы 986 (1986) (120, 349). Айылда белек тобунун толубай, итбок (мамбет уулу), бооке уруктарынын эли турушат. Шаты айылынын тоосу алыстан караганда кадимки жасап койгон шатыдай болуп көрүнүп тургандыктан Шаты деп аталган. Тоонун аркы бети дагы окшош шаты сыяктанып турат. Казакстандын жерине тиешелүү (53.с.).

Топонимист К.Конкобаев Алайкуу өрөөнүндөгү Шаты топонимине төмөндөгүдөй түшүндүрмө берет: “Шаты – горная гряда. В основе лежит тувинское шат – “горная гряда”, кряж и аффикс -ы (вероятно, ы – аффикс принадлежности). Шаты, значит и место с горной грядой” (111, 50 – 51).

Шаты – Сары-Жаз сыртынын Үч-Көл өрөөнүндөгү жердин аты. Кызыл сыяктуу жогорку төрлөрдү камтыган өрөөн. Жери шаты сыяктанып тургандыктан аталган (25.с.).

О.Т.Молчанова тарабынан Алтайдагы Шаты топонимине төмөндөгүдөй талдоо жасалган: “Шаты – ур. Из древнетюркских чаат и аффикс -ы в значении и место с лишайником” (ча: т “лишайник” О.Т.Молчанова, 1968, с. 123).

**Шатылы-Төр** – Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу айылынын Кара-Баткак жайлоосундагы жердин аты.

1. Бул төргө аттар менен барганда, тепкич-тепкич болуп, шаты менен чыккан сыяктуу чыгат. Ошондуктан Шатылы деп аталган (48.с.).

2. Шатылы – коктунун, суунун, жайыт жеринин аты. Чыгып келатканда кыясы тик, секиртме таштары бар, үйдөй чоң ташы бар. Жаздын күнү кар эригенде суусу агат. Илгерки кишилер мергенчилик кылып ат менен чыгышчу. Азыр ат менен чыга албайсың. Кыясы татаал. Мурунку мезгилдерде эле ошондой

болгон дешет. Колхоз мезгилинде "Коммунизм" колхозу бул жерди жайыт кылган. Кокту тик болуп чыга албагандыктан, жарга карагайдын шырыктарын зым менен толгоп жасап, уй ж.б. малдарын өткөрүшкөн. Бул жерден чыккандан кийин, чоң кокту көрүнөт. Ал Шатылы-Кокту деп аталат (13.б.).

Шаты жана Шатылы топонимдери тоонун бети тик, жантык келип шаты сыяктанып тургандыктан, тоо бетинин өзгөчөлүгүнө карата келип чыккан. Тува тилиндеги шат сөзү аталган топонимдерде сакталган.

## 3.2. Башка тилдердин негизинде келип чыккан катмарлар

### 3.2.1. Түрк (кыргыз) - монгол тилдеринин лексикалык параллелдеринин негизинде түзүлгөн топонимдер

Кыргыз эли басып өткөн тарыхында монгол тилдеринде сүйлөгөн элдер менен саясий, экономикалык жана маданий жактан байланышта болуп келген. Ошол себептен кыргыз лексикасына башка элдердин тилдеринен көптөгөн сөздөр келип кирген. Кыргыз тилине монгол тилинен кирген сөздөр кайсыл мезгилде киргендиги тууралуу окумуштуулар арасында төмөндөгүдөй пикирлер бар:

1. И.А.Батмановдун пикири: "1) Монголдор менен кыргыздардын ата-бабаларынын Алтайдагы биргелешип коңшу турган убагында кирген; 2) XIII кылымдагы монголдордун кыймылынын негизинде, б.а. Чыңгызхандын мезгилинде; 3) Кыргыздардын ойроттор менен Жети-Суу, Иле калмактары менен болгон өз ара катнашынын мезгилинде эки түрдүү жол менен: а) кыргыздар менен монголдордун тике оозеки катышуусунун натыйжасында; б) башка тилдер аркылуу монгол сөздөрү келип кирген" (184, 162).

2. Э.М.Мурзаев монгол топонимдери Кыргызстандын территориясына эки жол менен киргендигин божомолдойт: "1) Монголдор менен бирге XII к; 2) Кыргыздар Түштүк Сибирден Тянь-Шанга жана Борбордук Азияга келишкенде, өздөрү менен кошо монгол топонимдерин жана географиялык терминдерди ала келишкен" (155, 62 – 65).

3. Б.М.Юнусалиевдин пикири: "1) Байыркы кыргыз доорунда.

2) X – XV кылымдарда орто кыргыз доорунда кирген, бул Чыңгызхандын мезгилине туура келет.

3) Жаңы кыргыз доору – XVI к. Бул 1855-жыл. Россия, Совет доору аркылуу монгол сөздөрү кирген" (240, 59 – 60; 184, 162).

4. Ж.Мукамбаевдин пикири: "1) Байыркы замандагы тике катнашуудан; 2) Тили жакын экинчи бир элдерден; 3) Монгол, калмак элинин составындагы байыркы жана орто кылымдагы кээ бир топтордун аралашуусунан монгол сөздөрү кыргыз тилине кирген" (184, 162 – 163).

4. Ж.Мамытовдун пикири: "XIII – XV кылымдарда монголдордун басып алуу мезгилинде түрк урууларынын ичине сиңип кетип, башка түрк элдери сыяктуу эле кыргыз элинин түзүлүшүндө составдык компоненттеринин бири болгон Тянь-Шандык монголдордон да кыргыз тилине монгол тилдеринен сөздөр кирген" (130, 256; 184,163).

Ысык-Көл облусунда монгол тилдеринин базасында түзүлгөн топонимдер көп учурайт. Мындай болушу толук мыйзам ченемдүү көрүнүш, анткени жогоруда окумуштуулар тарабынан белгиленгендей, бул аймактагы топонимдердин түзүлүш процессинде башка элдер менен катар монгол уруулары да чоң мааниге ээ болгондугу тарыхый окуялардан улам белгилүү. Монгол тилдери менен түрк тилдери алыскы тектештик мааниде болгондуктан, кыргыз тилинин сөздүк фондусу менен моңгол тилдеринин сөздүк фондусунда жалпылыктар көп экендиги талашсыз.

Бул жалпылык биринчи кезекте түп жана уңгу сөздөрдүн окшоштугу менен түшүндүрүлөт. Жалпы түрк тилдерине тиешелүү болгон бир катар географиялык терминдер моңгол тилинде, аздап иран тилдеринде кездеше тургандыгын, тескерисинче, көп терминдер монгол жана түрк тилдеринде бирдей колдонулуп, бир тобу монгол тилдеринен киргендигин айтып келип, казак топонимисти К.Конкашпаев анын себебин бул элдердин коңшулаш аймакта жашашкандыгынан, чарбачылык турмушунун жакындыгынан жана тарыхый өнүгүш жалпылыгы менен шартталган деп көрсөтөт (110, 25).

Чындыгында арал, кудук, талаа, дөбө (монг. довдугар), жал (монг. дэл – грива), коо (монг. гоо – ложбина), кабырга (монг. хавирга(н) – ребро), каптал (монг. хавцал – склон), капчыгай (монг.

хавцай – узкое ущелье), булуң (монг. булан (г) – залив, булак (монг. булаг – родник) сыяктуу бир катар географиялык терминдер эки тил үчүн бирдей даражада кеңири таралып, сиңип кеткендиктен, бул сөз түрк тилдерине таандык же монгол тилдерине таандык деп так ажыратуу кыйын. Ошондой болсо да түрк жана монгол тилдеринин өз ара аракеттешүүсү жөнүндөгү маселе изилдөөчүлөрдүн көңүлүн эчактан бери эле кызыктырып келген.

Түрк-монгол тилдериндеги тилдик жалпылыктары жөнүндө Г.И.Рамстеддин, Е.Д.Поливановдун, В.В.Радловдун, С.Е.Маловдун, Н.А.Баскаковдун, Г.Д.Санжеевдин ж.б. эмгектери арналган.

Кыргыз лексикасындагы монгол тилдеринен кирген сөздөр жана кыргыз-монгол тилдериндеги жалпылыктары тууралуу И.А.Батмановдун, Б.М.Юнусалиевдин, Б.О.Орузбаеванын, С.Кудайбергеновдун, Х.Карасаевдин, С.Сыдыковдун, К.Дыйкановдун, топонимисттер Д.Исаевдин жана К.Конкобаевдердин эмгектеринде айтылат.

**Алтын-Арашан** – Ак-Суу районундагы суунун, мөңгүнүн, капчыгайдын аты. Алтын-Арашан аймагынын төмөнкү жана ортоңку бөлүгү калың карагайлуу. Алтын-Арашан өзөнү Ак-Суунун сол айрыгы. Арашан капчыгайы – Тескей Ала-Тоонун түндүк капталында, Арашан суусу аккан багытта түштүктөн түндүккө карай 30 – 33 км ге созулат. Минералдуу ысык булактар чыгат (120, 36).

1. Бул суунун астындагы кумдар алтын өңдөнүп жалтылдап турат. Азыр бул жерге бассейин курулуп салынган (70.с.). Алтын-Арашан минералдык суусу да бар. Бул жерден кайнаган суу чыгат, түбүндө жылтылдаган таштар бар. Алтын сымал жалтырап көрүнөт (6.с.). Е.Койчубаевдин сөздүгүндө “У тюрков и монголов аршан // аржан “минеральный источник” (тёплый, горячий)” (103, 37) деп жазган.

Капчыгайдын, өрөөндүн, мөңгүнүн аты дарылык касиети бар, жерден чыккан жылуу булактын атында коюлган.

**Байсоорун** – Ысык-Көл районундагы тоо кырканын, суулардын (Чет-Байсоорун, Орто-Байсоорун) жана Ананьево айылынын мурунку аты. Үч өрөөндүн, үч коктунун аты да Байсоорун деп аталат. Элдик уламыштарда Байсоорун кишинин аты катары

чечмеленет. Этнограф Эрнис Турсунов “Байсоорун – илгерки калмак конушу, байлыктын гүлдөп өскөн жери деген мааниден келип чыккан” - деп жазса (217, 20 – 22), Б.Орузбаева Байсоорун топонимин монгол тилдерине таандык деп караган (171, 111 – 116). Пикирибизде, Байсоорун – калмак сөзү, кыргыз тилинде бул жер соорусу түрүндө колдонулуп келатат.

**Жаак** – Сырттагы жердин, суунун аты. Жаак сөзү монголдун зааг – чек, кошулушкан жер, чектешкен аралык деген сөзүнөн келип чыккандыгын топонимист Д.Исаев белгилеп, өзү менен бирге, жергиликтүү информаторлордун берген маалыматтарына таянуу менен бул жер чындыгында эле Сары-Жаздын чегинде, бир жагынан Ак-Шыйрак менен чектешип жаткандыгын көрсөткөн (84, 94 – 95). Д.Исаевдин чечмелөөсү илимий негизде каралган. Чындыгында, бул жер “чек” деген мааниге туура келет.

**Жыргалаң** – Ысык-Көл областынын Ак-Суу районундагы суунун, айылдын, булундун жана Түп районундагы курорттун, минералдык суунун, өрөөндүн, шаар калдыктарынын аты. Жыргалаң суусу. Тескей Ала-Тоонун түндүк капталынан башталып, Ысык-Көлгө куят. Узундугу 97 км, алабынын аянты 2070 км$^2$. 50 дөн ашык куймасы бар. Алабында жалпы аянты 1,54 км$^2$ келген 42 көл жатат. Жыргалаң шаар тибиндеги айыл. Деңиз деңгээлинен 2300 м бийиктикте жайгашкан. Калкы 1,7 миң. (1986-ж.) (120, 102). **Жыргалаң булуңу** – Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүндө. Узундугу 18 км, туурасы 1,5 – 2,5 км, жээк сызыгынын узундугу 42 км. Тереңдиги булуңдун оозунда 59 м. Бул булуңда шаар чалдыбар болгон. Төрт бурчтуу дубалдын бийиктиги 1,5 – 2,5 м, туурасы 2 м. 1949-жылы А.Н.Бернштам казып, ш.ч.1 – 5-кылымдарга таандык деген жыйынтыкка келген, бирок Д.В.Винник изилдеп, 8-кылымда пайда болуп, 13-кылымдарда монгол жапырыгында кыйрагандыгын айкындаган (120, 103). **Жыргалаң** – Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы суунун, тоонун (3737 м), айылдын аты. Жергиликтүү айтуучулардын маалыматтарында, “Жыргалаң – калмак сөзү. Ойдуңга келгенде жай агат. Ошондуктан “жылма аккан суу” деген маанини билдирет” (84.с.), - деп түшүндүрүүгө аракеттенишет. Казак окумуштуусу Е.Койчубаев Казакстандагы Жыргалаң жайлоосу жөнүндө мындайча чечмелейт:

“Жыргалан – горное джайлау. От тюркского (каз.) жырга – “наслаждайся”, (получай удовольствие) и окончание -лан, образующего от глагольное существительное “благоденствие”, “наслаждение” (103, 106). Ал эми Б.Орузбаева Жыргалаң ж.б. жер-суу аттарын кыргыз жана монгол тилдериндеги лексикалык параллели катары караган (171, 111 – 116). Жыргалаң топоними монгол жана кыргыз тилиндеги жургал, дзыргал, жыргал – бакыт, бак-таалай деген мааниден келип чыккан.

**Калмак-Арык** – Ысык-Көл облусунун дээрлик көп жерлеринде дөңсөө тегерете, төш тегерете чабылып салынган. Маселен, Түп районунун Сары-Дөбө айылында, Жети-Өгүз районунун Светлая Поляна айылынын тоосунда, Ысык-Көл районунда (78б, 57 – 58) жана башка жерлерде кездешет.

**Калмак-Арык** – Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна тиешелүү аймактагы арыктын, суунун аты. Калмак-Арык – калмактар чаптырган арык.

**Калмак-Арык** – Ак-Суу районунун Тасма тоосунун этегиндеги жана Ак-Суу (Теплоключенка) айылынын тоосундагы арыктарынын аттары. Бул арыктарды калмактар жер өздөштүрүү үчүн чаптырышкан. Ошол себептен Калмак-Арык деп аталган (43.б.).

Калмак-Арык топонимдери элдик уламыштардагы маалыматтарга караганда, жер иштетүү үчүн калмактар тоо ылдый кумду капка салып, эшектин үстүнө жүктөп, каптын эки жагынан тешип коё беришкенде, кум түшүп олтурган. Эшек жаныбары баскан жол менен суунун арыгы чабылган. Ошондон Калмак-Арык аталып калган.

**Калмак-Ашуу** – Ысык-Көл өрөөнүндөгү ашуунун аты. Күнгөй Ала-Тоонун батыш бөлүгүндө. Бийиктиги 3250 м. Түндүк бети бир кыйла тик, түштүгү жантык. Белде майда шагыл, беттерде кумай кездешет. Чоң-Кемин менен Ысык-Көл өрөөндөрүн байланыштырат (120, 115). Калмак-Ашуу – калмактар качкан ашуу.

**Калмак-Очок** – кыштоо. Сары-Жаз сыртындагы Ой-Кайыңдын маңдайында. Калмактын очогу сыяктуу жер болгондуктан аталган (59.с.). Бул топонимдин сакталышы калмактардын бир мезгилде азыркы Кыргызстандын аймагында жашашкандыгынан кабар берет.

Калмак-Арык, Калмак-Очок, Калмак-Ашуу топонимдери, негизинен, кыргыз элинин атоосу боюнча аталган, биз аталыштардын калмак деген этноним менен байланыштуу болгондугун гана эске алып, шарттуу түрдө ушул катмарга киргиздик.

**Каракол** – Ысык-Көл облусундагы борбор шаардын, капчыгайдын, суунун аты. Топонимдин келип чыгышы тууралуу бир нече уламыштар жана илимий божомолдоолор бар.

Максат Эркинбаевдин айтуусунда атасы Актен Эркинбай уулу: “Азыркы Каракол шаарынын жайгашкан жери мурунку убактарда ажайып-кооз, токой-черлүү жер болгон. Ошондуктан бул жерде чоң кол, чоң армия өргүшчү экен. Темирландын колу да ушул жерге келишкенде, өргүшкөн экен. Каракол сөзүндөгү кара – “чоң”, кол – “армия”, “аскер” деген маанилерди билдирет”, - деп айтчу экен.

Максат Эркинбаевдин дагы бир маалыматында, Каракол шаарынын жашоочусу, сарткалмак уруусундагы Т.Шарипов мындайча маалымат айткан: “Каракол – калмак сөзү. Калмактарда коол – “чер”, “токой” дегенди билдирет. Мурда калың чер баскан жер болгондуктан, шаардын алгачкы тамдарын ошол карагай-черлерди кыйып салышкан”.

Каракол шаарынын тургуну Ахмеджан Нааматовдун айтуусунда: “Кара колдуу дарымчы кара киши биринчилерден болуп ушул жерге там салып, элди ар кандай оорулардан айыктырган. Ошол себептен бул жер Каракол деп аталган”.

Географ Ш.Токомбаевдин айткан уламышында: “Азыркы Каракол капчыгайы – адамдын колунун беш манжасынын салааларындай болуп тирелип өсүп тургандыгынан улам, ошол тирелген карагайларга байланыштуу Каракол деп аталып кеткен”.

Этнограф С.М.Абрамзондун Ысык-Көлгө келгендеги жазып алган уламышында: “Ыйык Арсланбаб атанын жети баласынын бири Каракол атанын сөөгү азыркы Каракол (мурунку Пржевальск) шаарындагы агып өткөн суунун оң өйүзүнө коюлган” (3, 320 – 321). Уламышта Каракол ата коюлган жер ыйык жер катары көрсөтүлөт.

Шарип Эгембердиев “Мушла чоң энемдин санжырасы” китепчесинде: “Каракол калмакча Харгол – “кара кокту” деген маанide которулат” деп жазган (Челпек, 2006, 14-бет).

Профессор Ж.Мамытов “Туулган жер жөнүндө” деген макаласында (129, 2): “Каракол топонимин – кыргыз тилинин азыркы

өнүгүш абалындагы маанисинде кара түс жана адамдын дене мүчөсү, же аскер деген маанилер менен байланыштырып түшүндүрүүгө болбойт. Топонимдин накта маанисин түрк-моңгол тилдеринин жалпылыгынын негизинде, түрк-моңгол тилдеринде кара деген сөз "түс" маанисинен башка "чоң", "улуу" деген маанини да билдирет. Ошондуктан кыргыздар малды майда мал (кой, эчки) жана кара мал (уй, жылкы, төө) деп бөлөт. Кол – деген сөз болсо, түрк-моңголчо "суу", "өзөн", "өрөөн" деген мааниде болгон. Каракол – "Чоң суу" же "Чоң өзөн", - деп корутунду чыгарат (129, 2).

Казак окумуштуусу Е.Койчубаев Казакстандагы Каракол топоними Семипалатинск, Көкчөтоо жана Чыгыш Казакстандын облусунда кездеше тургандыгын көрсөтүп, Каракол – "очень много рек" (103, 121) деген пикирин айткан.

Иликтөөбүздө Ысык-Көл топонимиясында 3 Каракол топоними бар экендигине күбө болдук. Бул топоним Тоолуу Алтайда, Казакстанда да кездешет (171, 8).

Каракол топоними тууралуу жергиликтүү айтуучулардын элдик уламыштары аталыштын келип чыгышына негиз боло албайт. Жумаш Мамытовдун макаласындагы "Каракол – чоң суу" деген чечмелөөсү илимий негизге жакын айтылган пикир. Биздин көз карашыбызда, Каракол топонимин экинчи вариантта төмөндөгүдөй талдоону да сунуш кылабыз.

Түрк тилдериндеги Кара-Суу жана Ак-Суу сыяктуу аталыштар көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көңүлүн мурдатан бери буруп келген. А.Н.Кононовдун ою боюнча: "…ак суу образовано от древнетюркского слова ак – течь, протекать, литься, а кара суу от слова "земля, суша" и, следовательно, кара суу – "вода из земли", земляная, грунтовая вода". В широком смысле слова кара суу – "подземные воды", ак суу – "поверхностные, текучие по цвету не обязательно белые" (116, 83 – 85).

Кыргызстандын айрым гидронимдерин изилдеген орус топонимисти Л.А.Григорьев окумуштуулардын көз караштарына таянуу аркылуу жерден чыккан суу кара суу, ал эми мөңгүнүн суусу ак суу деп мүнөздөгөн (48, 105 – 106). Ал Н.Г.Маллицкийдин суулардын түсү жөнүндөгү оюн да бекемдеген. Ошондой эле, кыргыз географы Ж.Карамолдоев Кыргызстандагы агын суулардын ак, ала,

кара көк, кашка жана кызыл суу деп аталыштарын “Суунун сырын сурасаң” макаласында: “Кыргыздар байыртадан бери тоо жергесинде жашап келгендиктен, өзүнүн жер-суу, тоо, ашуу ж.б. табигый объектилерин жалпы журтчулук түшүнгөндөй атап келишкен. Көптөгөн табигый объектилерди атоодо алардын сырткы көрүнүшү гана эмес, көпчүлүк учурда алардын ички динамикасын эске алышкан. Мөңгүнүн суусу – Ак-Суу, жерден чыккан суу – Кара-Суу” (95, 6) деп караган.

Н.А.Баскаков “Географическая номенклатура в топонимии Горного Алтая” деген макаласында: “Кол, коол 1) “проток, река”; 2) “лог”, “ложбина”; алтайские названия: Ара-коол “Промежуточный проток”; Бай-коол “Болшой, главный проток”; Кара-коол “Черный проток” маанилеринде мүнөздөгөн (212, 64 – 65).

Жогоруда айтылган Каракол жөнүндөгү уламыштарды жана илимий пикирлерди салыштыруунун негизинде, Каракол суусунун башаты саздуу жерден чыккандыгына таянып, Каракол – Кара-Суу, кара топурактуу жерден чыккан суу дегенге туура келет.

Кыргыз эли байыркы мезгилден бери тоо этектеринде жайгашкан сууну Кара-Суу деп аташкан. Суулардын пайда болгон жерлери саздак келет. Бул пикирди географ, профессор Ш.Токомбаев да ырастай тургандыгын билдирди.

Ак-Суу районундагы Каракол айылы Совет мезгилинде уюшулган Каракол совхозунун атынан улам келип чыккан. Ал эми Жети-Өгүз районунун сырт өрөөнүндөгү Каракол топоними – алтай тилиндеги кол, коол – “лог”, “ложбина” деген маанилерине туура келет. Чындыгында бул жер кара топурактуу, кара баткак, саз келген кокту-колот. Сырттык жердиктердин жана Мусагул Сагымбаевдин маалыматтарына караганда, бул аймактагы жакын жерде Кара-Чуңкур деген жер бар экендиги жана саздан агып чыккан суу Нарын суусуна оң тарабынан куяры кызыгууну пайда кылат.

**Коңур** – Жети-Өгүз районунун Дархан айылындагы тоонун аты. Бул жерде карагай өспөйт, жалаң төө куйрук өсөт, мал бакканга ыктуу, жайыт жер. Коңур сөзү бизче “суу чыкпаган кургак жер” дегенди түшүндүрөт (68.б). Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө (122, 331) коңур сөзүнүн үчүнчү “кургак, кичине,

ымдалышкан, сууланган, чала кургак” деген мааниси берилген. Коңур топоними кургак деген түшүнүктү билдирет. **Коңур-Өлөң** – Тоң районундагы Көл-Төр жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Айыл 1924-жылы негизделген. Калкы 1287 (1987-ж) (120, 154). Саяк уруусунун бостери жана башка бирикмелери жашайт. **Коңур-Өлөң (Айдың-Көл) көлү** да бар. Коңур-Өлөң-Ала-Баш өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүнөн орун алган. Деңиз деңгээлинен 1906 м бийиктикте жатат. Аянты 0,7 км$^2$. Узундугу 2,4 км. Туурасы 600 – 700 м. Терeңдиги 1м ге чейин. Азыркы кезде көл саздын кеңейишинен соолуп бара жатат. Тоң районундагы өрөөн, эки мөңгү жана суу да Коңур-Өлөң наамында. Коңур-Өлөң – Ала-Баш өрөөнү. Узундугу 40 км, туурасы 7 км. Рельефи түзөң, өрөөндүн топурагы боз жана саз кыртыштуу, тоо тарабы кара көң. Талаа, шалбаа, өлөң саз. Мөңгүлөрдөн Коңур-Өлөң суусу башталат (120, 154). Коңур-Өлөң топонимин эки вариантта чечмелеп кароого болот.

Жер шартынын өзгөчөлүгүнө карата түрк тилдеринде (кыргыз тилинде) топонимдин биринчи коңур компоненти “сууланган, чала кургак же салкын, муздак аба маанисинде, ал эми өлөң компоненти “саздак жерде өсүүчү көп жылдык ичке жалбырактуу чөп” деген маанисиндеги сөз”. Демек, “ашуунун этегиндеги шамал сокон, салкын, муздак өрөөндөгү чөптүү келген саздак жер” дегенге туура келиши мүмкүн.

Коңур-Өлөң топоними монгол тилдеринин негизинде келип чыккан деген көз караштар Б.Орузбаеванын жана Д.Исаевдин эмгектеринде учурайт.

Д.Исаев: “Коңур – монгол тилиндеги көп маанилүү хонхор, конхур деген сөздүн кыргызчага ылайыкташтырылган түрү. Балким, бул сөз бурят тилиндеги хонхор деген көп маанилүү сөздүн топоним түзүүчү кең, кеңири, жайык деген мааниси менен байланыштуу болушу да мүмкүн” деген оюн айткан (84, 97). Монгол тилдериндеги “кохур”, “конхор” (углубление, впадина, ухаб, лог, ложбина – тереңдик, чуңкур, кабак, ойдуң, өңгүл, дөңгүл, коо, колот) деген маанилердеги сөздү туюндурат (147, 537). Ошондуктан топонимист Д.Исаевдин мындай чечмелөөсү жүйөлүү.

Коңур-Өлөң – 1. Ашуу этегиндеги шамал соккон, салкын, муздак өрөөндөгү чөптүү келген саздак жер.

2. Жергиликтүү айтуучулардын сүрөттөөлөрүнө жана өз көзүбүз менен барып көргөнүбүзгө караганда, чындыгында эле бул өрөөн орографиялык жагынан өңгүл-дөңгүл, кокту-колоттуу, ойдуңу бар, саз чөп баскан уңкур-чуңкурлары көп жер.

**Корумду** – Түп районундагы Талды-Суу жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкы 1229 (1986-ж.). Айылда белек тобунун шераалы уругунун эли турушат. Корумду ашуусу да бар. Корумду айылынын жогору жагында. Бийиктиги 3178 метр (120, 155).

Корумду топоними айылдан 2 чакырым алыстыктагы тоодон ылдый кулаган таштарга карата келип чыккан. Ысык-Көл районунда да Корумду айылы бар. Корумду суусунун боюнда жайгашкан. 1927-жылы негизделген. Калкы 1909 (1986-ж.) (120, 155). Айылда саяк уруусунун чоңчарык уругунун эли турушат.

Корумду айылынын тоо жагы кокту, ойдуң ылдый көп таштуу, корумдуу келет. Айыл ичи да таштуу. Көлөмү бир метрдей келген таштар жер титирегенде тоодон ылдый кулагандыгы байкалат. Ошол себептен бул жер Корумду аталган.

Тоң районундагы өрөөн жана өрөөн тибиндеги эки ири мөңгүнүн аты да Корумду. "Тоң суусунун оң куймасы. Жалпы узундугу 7,4 км, аянты 10,4 км$^2$. Мөңгүдөн Тоңдун оң куймасы Корумду суусу башталат" (120, 155).

Корумду топонимдеринин чечмелениши монгол тилиндеги "хорум" – "таштардын үймөгү" деген маанидеги сөзүнө дал келет (171, 111 – 116).

**Корумду** – Сары-Жаздагы жердин аты. Тескей өрөөнүндө. Сайдын ичи корум таштуу келгендиктен, Корумду деп аталган (59.с.). **Корумду мөңгүлөрү** – Тескей Ала-Тоонун түндүк капталында жайгашкан өрөөн жана татаал өрөөн тибиндеги 2 ири мөңгү Тоң суусунун оң куймасы Корумдунун башында. Жалпы узундугу 7,4 км, аянты 10,4 км$^2$. Башы деңиз деңгээлинен 4420 – 4460 м, этеги 3500 – 5520 м бийиктикте жатат. Мөңгүлөрдөн Тоңдун оң куймасы Корумду суусу башталат (120, 155).

**Корумду көпүрөсү** – Тоң районундагы Кара-Орто тоосу менен Сары-Күнгөйдүн ортосундагы аккан суудагы көпүрө. Тоң районундагы мөңгүнүн, суунун, көпүрөнүн, жердин Корумду аталышы – жер-суудагы корум таштардын көптүгүнө карата коюлган.

**Корум-Өтөк** – Сырттын Сары-Чат өрөөнүндөгү өтөктүн аты. Өтөк корум, таштуу. Бир кездерде зоо ураган өңдүү. Ошондон Корум- Өтөк деп аталган (25.с.).

**Көкө-Кулусун** – Ысык-Көлдүн чыгыш жагында, Түп районундагы Тасма (Сухой Хребет) жарым аралынын Ысык-Көлгө кирип турган тумшугу. Жарым аралдын мурдагы аты Сары-Дөбө. Тумшук жапыз аккумляциялык жээк тибине кирет: көлдүн "төмөнкү" тектиринин учу. Азыркы майда тунма кумдардан турат. Көлдүн деңгээлинен 1 – 1,5 м гана бийик жатат. Көл суусунун таралышына байланыштуу Көкө-Кулусун тез өзгөрмөлүү абалда. Жарым аралдын жээктеринде камыш, жекен, өлөң, жылгын ж.б. өсөт. Аты моңгол-калмак лексикасынын негизинде жаралган: монгол хулс(ан) "бам-бук", "камыш", көк – "көк". Көкө-Кулусун – көк камыш. То-поним "Манас" эпосунда да кезигет. 1856 – 1859-ж. тартылган кар-таларда Кук-Кулусун, Куке-Кулусун түрүндө жазылган. Жаңы топографиялык карталарда Сухой хребет тумшугу деп берилген" (120, 163).

Д.Исаев бул жерде көл бою өтө алгыс калың камыш болгондугун жазып, монгол тилиндеги "хунсан – тросник, камыш, которгондо көк камыш" дегенди билдирет деп көрсөтөт (84, 99). Демек, Көкө-Кулусун-көк камыш деген мааниден келип чыккан.

**Кызыл-Корум** – Жети-Өгүз районунун Даркан айылындагы жердин аты. Граниттер корум-корум болуп жаткан жер болгондуктан, Кызыл-Корум деп аталган (68.б). Кызыл-Корум-кызыл таш.

**Кызыл-Омпол тоосу** – Ички Тянь-Шанда Ысык-Көл өрөөнүнүн батышында Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш уландысы. Узундугу 20 км, туурасы 13 км. Орточо бийиктиги 2950 м, эң бийик жери 3189 м (120, 180). Кызыл-Омпол топоними боюнча топонимист Д.Исаев: "Омпол, бул сөздүн м тыбышы түшүп айтылгандагы формасы опол – башкалардан айырмаланган эң чоң, барандуу деген маанини берет. К.Юдахиндин сөздүгүндө (237, 568) "омпол" – высокий, вздымаюшийся, опол тоо, опол тоодой – громадина громаднейший, огромный" (237, 749) түрүндө которулган маанилер Ысык-Көл өрөөнүндөгү Кызыл-Омпол жана Опол-Тоо, Ат-Башы өрөөнүндөгү Ополдой топонимдерине туура келет" деген көз карашын билдирген (84, 35).

Кызыл-Омпол – кызыл чопо таштуу чоң тоо деген мааниден келип чыккан.

**Оргочор** – Оргочор жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Ысык-Көлдүн жээгиндеги ойдуңдун түштүк чыгышынан орун алган адырлуу дөңсөө да ушул наамда. Неоген мезгилинде пайда болгон. Жумуру таштуу тектерден турат. Чоң-Оргочордун узундугу 12 км, туурасы 7 км, бийиктиги 1751 метр. Кичи-Оргочор тоосу да бар. Чоң-Оргочордун уландысы. Оргочор айылы 1932-жылы негизделген. Калкынын саны 1586, (1986-жылдагы маалымат боюнча) (120, 222). Айылда коңурат, моңолдор, дөөлөс, бешбала, желдең жана башка уруулардын эли турушат (65.с). Жергиликтүү элдерде Оргочор тууралуу 4 уламыш айтылат.

1-уламыш. Жүз элүү жашка чыккан абышка болгон экен. Улуту калмак. Андан элдер көп жашка чыккандыгыңыздын сыры эмнеде? - деп сурашканда,-анын себеби өз өмүрүмдө дайыма сарымай менен гана жуунуп, аттын үстүндө жүрдүм, -деген экен. Көп жашап, көптү көргөн карыя өзүнө баргандардан кайдан келдиңер, каяктан келатасыңар, ошол сен жашаган жердин атынын кандайча коюлуп, аталып калгандыгын билесиңерби? -деп суроо узатчу экен.

Бир жолу оргочорлуктар барышса, алардан Оргочор кандайча аталып калгандыгын сураса, билбей коюшуптур. Ошондогу 150 жаштагы абышка "Оргочор – Орго жана Чор деген эки бир тууган калмактын аты. Орго менен Чор ушул аймакта көптөгөн элдерди башкарып турган, ошондуктан Оргочор аталган" деп айткан экен (50.с.).

2. Илгери көл кылаасынын айланасын калмактар жердеп турушкан экен. Көл жээгиндеги тоо кыркаларынан бөлүнүп турган ушул тоонун батыш тарабында көк кашка булак чыгып, азыркы учурда да соолубай "Ак-Кудук" деп аталат. Эл арасында бул булактын айланасында көптөгөн уламыштар, аңыз кептер айтылып келет. Тоодо ар кандай айбанаттар, жандыктар, жыландар жана башкалар көп. Өзгөчө жыландын көптүгүнөн адам баласы көп зыяндыкка учурагандыктан, киши төшкө чыкчу эмес экен. Жергиликтүү элдер "Ак-Кудуктун ээси бар, суусу касиеттүү" дешип аңыз кылышат. Себеби булактын тегерегинде бүтүндөй жыландар тегеректеп жүрүшчү экен. Мына ошондон соң, бул тоо калмактардын орго – "дөбө", чор – "булак" деген сөздөрүнөн Оргочор деп аталып калган. (78.б.).

3. Өткөн заманда бул аймакта каардуу бир кан эл бийлеп, өзү билгендей үстөмдүгүн көрсөтүп, эпода кимдир бирөө анын акыйкатсыз бийлигине наразычылыгын билдирсе, катуу жаза колдончу экен. Ал учурдагы мындай оор жазалардын бири – терең казылган орго салынып, тегерегине сакчы коюп, күнөөлүүгө ал жерден чыкпай күн өткөрүшүн талап кылчу экен. Элге алынган, эр жүрөк бир азамат кандайдыр бир себеп менен ушул орго түшүп калат. Жыландуу тегеректен чыга албайт. Ошондо ушул аймакта кой кайтарган, жердин шартын билген чор таман жигит келип баатыр жигитти ордон чыгарган экен. Ошол окуядан кийин, Оргочор деп аталып калган (8.б.).

4. Жергиликтүү элдерде орго кырк чоро салынган, ошол себептен Оргочор деп аталган деген да уламалар айтылат (44.б.).

Бул уламыштардагы маалыматтар топонимдин келип чыгышына негиз боло албайт. Топонимист Д.Исаев Оргочор топонимин илимий жактан талдоого алып, төмөндөгүдөй чечмелейт: “Топоним монголдун органь же (органң) – жалгыз, бөлөк (“одинокий, единственный) жана оцгор (выступающий верхней частью вперед, торчающий”) деген сөздөрүнөн түзүлүп, жергиликтүү элдердин тилинде фонетикалык жагынан өзгөрүүгө учураган. Экинчи вариантта ор+гань+оргонцор, оргоцор, оргочор деп да чечмелөөгө болот. Цор компоненти өз алдынча колдонулбастан “гань”, “ганц” менен кошо айтылып, жападан жалгыз өзүнчө, таптакыр бөлөк (совершенно один) деген маанини берет. Оргочор – бөлөк-бөлөк тоолор, бөлүндү тоолор (дөбөлөр, сопкалар) дегенге туура келет (84, 101 – 102). Биздин оюбузча, Д.Исаевдин көз карашы илимий негизге жакын келет. Бирок Оргочор дөңсөөсү азыркы турган абалы боюнча Чоң-Оргочор жана Кичи-Оргочор болуп аталат. Көпчүлүк учурда бул тоолор, жалпысынан гана Оргочор түрүндө атала берет. Балким, эки тоонун географиялык жагынан жайгашкан орду боюнча Д.Исаевдин “оргоцор – бөлөк-бөлөк тоо, бөлүндү дөбө, дөңсөө” (84, 102) деген изилдөөсүндөгү маанисине ылайык келиши мүмкүн.

**Сары-Тологой** – Түп районундагы жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Түп суусунун жээгинен орун алган. Айылда белек тобунун, тазабек, муратаалы уругу

турушат. Калкынын саны 946 (1986-жыл) (120, 252). Сары-Тологой тоосу да бар. Топонимист Д.Исаевдин пикиринде, тологой – айрым бөлүнүп турган чокуну, көбүнчө учтанып турган дөбөнү (сопка) билдирет. В.А.Казакеевич (толгой – одинокая, небольшая горка или отдельная вершина в хребте, бугор, основное значение (голова) жана Г.К.Конкашпаев тарабынан ачык-айкын көрсөтүлгөндүгүн белгилеп, Сары-Тологой топониминдеги сары компонентин түстү билдирген сөз катарында кароого болбой турганын, бул жерди көрүп, таанышып чыккандан кийин сары компоненти дагы кыркалекей, кырка деген маанидеги монголдун сэр – гряда, основное значение позвоночный хребет, позвонок (84, 22) деген сөзүнүн фонетикалык жактан бузулуп айтылган формасы деп эсептешет.

Сары-Тологой – түндүк чыгыш жагынан карагандагы көрүнүшү боюнча кырка дөбө катарында мүнөздөө чындыкка толук туура келет деп божомолдогон, окумуштуу Д.Исаев (84, 103). Автордун бул пикиринде илимий тактык бар. Сары-Тологой – кырка чоку, дөбө деген мааниден келип чыккан.

**Сөөк** – Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Барскоон жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. “Оргочор”, “Ак-Терек”, “Тамга” бирикмелеринин жайыттарында. Барскоон капчыгайынан Тарагай өрөөнүнө чыга бериш жерде жайгашкан. Калкы 30 (1987-жыл). **Сөөк ашуусу** – Ички Тянь-Шанда, Ара-Бел жана Жогорку Нарын өрөөндөрүнүн аралыгындагы Сөөк тоосундагы ашуу. Бийиктиги 4627 м. Кырка тоонун ортоңку бөлүгүндө жайгашкан. Түштүк капталы тик келип, дайыма жылаңач, түндүгүн кар, мөңгү каптап жатат. Чокуга жакын Сөөк суусу башталып, ашуу жатат (120, 260).

Айылдын жана ашуунун Сөөк аталышы бүгүнкү мезгилге чейин белгисиз болуп келди. Географиялык аттардын сөздүгүндө жалпы Республика боюнча Сөөк топоними 8 жолу кайталанган. Алар Нарын обл. Көк-Мойнок тоо кыркасында, Ош обл. Торугарт кырка тоосундагы ашуу, Нарын обл. Арпа суусунун сол куймасы к.с., Ат-Башы р. к.с., Кочкор р., Ош обл. Алайкуу суусунун оң куймасы к.с., Панфилов р. Каракол суусунун сол куймасы к.с., Кочкор р. Сөөк-Төр к.с., Каракужур суусунун сол куймасы (194, 162 – 163).

“Карыялардын айтуусунда, Жетим-Бел тоосунун ашуусунда кырылган 292 адамдын сөөгү коюлган. Ошондон бери ал ашуу Сөөк ашуусу деп аталат” (235, 46). Сырттык Казыбай Бектемировдун айтуусуна караганда: “Ашуунун аркы бети да берки бети да сөөк. Бул жердин суугунан мал да, эл да кырылган жер” (25.с.).

Топонимист Д.Исаев Түндүк Кыргызстандын Кочкор өрөөнүндөгү Сөөк-Төр суусу, Жумгал өрөөнүндөгү Кызыл-Сөөк суусу, Нарын өрөөнүндөгү Сөөк суусу, Арпа өрөөнүндө тоонун, ашуунун, суунун, жердин аты катары бир нече ирет кайталангандыгын көрсөтүп, Сөөк көбүнчө сууларга тиешелүү ат деп, тарыхый планда сөөк – монголчо субук деген сөздүн жергиликтүү эл тарабынан өз тилине ылайыкташтырылып алган формасы. Кыргызча бул сөз көпчүлүккө белгилүү болгон сай деген терминге туура келет: “Субук – сухое русло водного потока, канава; ров” деп караган (84, 102 – 103).

Биздин пикирибизде, Кыргызстандагы Сөөк топонимдеринин бардыгын монголдун субук сөзүнүн фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган түрү деп айтуу толук ишенимдүү эмес жана Д.Исаев Жети-Өгүз районундагы Сөөк топонимдери тууралуу мисал келтирбейт. Ошондуктан Жети-Өгүз районундагы Сөөк айылынын жана ашуунун аты 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөш мезгилиндеги тарыхый окуялар менен байланыштуу да чечмелөөгө болот. Анткени Сөөк ашуусундагы малдын, адамдын сөөктөрү 2006-жылы, 90 жылдан кийин атайын экспедициянын жана демилгелүү топтун өкүлдөрү (Барскоон айылынын эли) тарабынан жыйналып жерге коюлуп, Барскоон капчыгайында аш өткөрүлгөндүгү тарыхый чындык.

**Улахол** – Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы жердин, суунун, тоонун жана ашуунун аты. Ашуусу 3625 м бийиктикте, тоосу 4003 м. Улахол айылы да бар. Мурун Улахол колхозу болгон. Ошондон калган ат. Айылда 100 түтүнгө жетпеген эл жашайт. Улахол – Семиз-Бел өрөөнү да бар. Тоң жана Кочкор өрөөндөрүнүн аймагында. Тегерек, Кыргоо – Жунай, Кара-Күнгөй, Борке тоолору менен курчалган. Кеңдик багытында 34 км созулуп жатат; туурасы 4 км. Деңиз деңгээлинен бийиктиги 2100 – 2700 м өрөөн аркылуу Борке, Туура-Суу, Улахол суулары агып өтөт (120, 307 – 308).

Улахол топоними эки сөздөн турат: Ула, ола моңголчо "тоо", кол – гол сөзүнүн фонетикалык жактан жумшак г тыбышы – каткалаң к, х тыбыштарына өтүп "өзөн, суу" деген маанини билдирет. Э.Мурзаев тарабынан бул топоним тоо суусу деп түшүндүрүлгөн (211, 12). Демек, Улахол топонимин тоо суусу деп түшүнүү негиздүү.

### 3.2.2. Иран тилдеринин негизинде пайда болгон топонимдер

Кыргыз лексикологиясында араб-иран тилдеринен кирген сөздөр бир топко бириктирилип каралат. Кыргызстандын топонимдерин лексикалык жагынан талдай келгенде, курамында араб сөздөрү кезиккен топонимдер аз санда. Тарыхый маалыматтарда кыргыз уруулары араб тилинде сүйлөгөн элдер менен тике мамиледе болгондугу тууралуу маалымат жок.

Ал эми иран-тажик тилдеринин базасында түзүлгөн топонимдер Кыргызстандын топонимиясында көп кездешет. Бирок мындай топонимдер көбүнчө Түштүк Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарына тиешелүү болуп, Түндүк Кыргызстанда анчалык басымдуулук кылбаса да, аздыр-көптүр топонимдердин бар экендиги топонимист Д.Исаев тарабынан көрсөтүлгөн. Окумуштуунун иликтөөсүндө Ысык-Көл топонимиясына тиешелүү Сары-Булак, Сары-Жон, Сары-Камыш, Кажы-Сай, Айран-Суу, Дөрө, Сан-Таш сыяктуу жер-суу аттары иран тилдик катмарына таандык чечмеленген (84). И.А.Батманов Тоң топонимин иран тилдеринин негизинде "чеп" деген сөздөн келип чыккан деп караган (30, 207). К.Конкобаев Сары-Жаз топонимин "большая равнина, широкая низменность, простор" түрүндө иран тилдеринин негизинде пайда болгон деп көрсөтөт (113, 4).

**Дөрө ашуусу** – Күнгөй Ала-Тоонун батышындагы Дөрө сууларынын башында. Бийиктиги 3734 м. Мөңгүдөн башталган Дөрө суусу Чоң-Кеминге куят. Ашуунун түндүк бети тик, аскалуу, түштүгү аскалуу, корум таштуу, мореналуу (120, 80).

В.А.Никонов "Заметки по оронимике" деген эмгегинде "Дөрө (дёрё) – "ущелье", "горный проход" деп көрсөтсө (165, 86), "Дөрө деген сөздүн өзү эле иран тилдеринде өрөөн, капчыгай, ашуу маанилерин билдирет" (84, 88), - деп жазган топонимист Д.Исаев.

Дөрө топоними ашуу деген мааниден келип чыккан.

**Кажы-Сай** – Тоң районундагы шаар тибиндеги айылдын, жердин жана суунун аты. 1947-жылы 31-октябрда негизделген. Калкы 8,1миң (1986-ж) (120, 110). Кажы-Саз айылы да бар. Топонимист Д.Исаевдин көз карашында "Кадж – иран тилинде карагай (сосна, ель) деген маанидеги сөз. Бул жер – карагайлуу жер болгондуктан аталган, топоним анын маанисине толук ылайык келет", - деп белгилейт (84, 88). Чындыгында эле азыркы Кажы-Сай шаарчасынын аймагы карагай, тал-теректүү келет.

**Көйкап** – Сары-Жаздагы өрөөндүн, жердин, тоонун, суунун, мөңгүнүн аты. Көйкап мөңгүсүн алгачкы жолу 1902-жылы жана 1903-жылы немец географы Б.Мерцбахер картага түшүргөн. Мөңгүдөн Теректи суусу башталат. Көйкап суусу Борбордук Тянь-Шандагы суу, Сары-Жаздын сол куймасы. Узундугу 33 км (120, 159).

Каптоо – асман мелжиген, адам өткүс ашкан бийик тоолуу, терең капчыгайлуу тоолуу өлкөнү билдирүүчү түшүнүк. Орто кылымдарда жакынкы жана орто чыгыш өлкөлөрүндө белгилүү болгон тарыхый Каф тоосунун атынан келип чыккан. Иран, араб мифологиясы боюнча Каф жердин четиндеги жер бетин курчап турган адам өтө алгыс өтө бийик тоо. (Араб-фарс адабияттарында Иаджуд, Маджуд, европа жомоктордо Гог, Могог тоолору деп да аталат. Кочкор районунда Кап деген тоо жана ашуу бар (120, 160). Көйкап – жердин түбү деген мааниден келип чыккан (73.с.).

Топонимист Д.Исаев Көйкап топонимин иран тилдерине таандык түшүндүрмө берген (84, 88).

Көйкап – бийик, асман мелжиген тоо маанисинен келип чыккан.

**Сан-Таш (Кара-Чуңкур)**–Ысык-Көл областынын Түп районундагы айылдын, ашуунун, шаар чалдыбарынын, капчыгайдын жана көлдүн аты. Сан-Таш (мурун Кара-Чуңкур айылы деп аталган) айылы Күнгөй Ала-Тоонун этегинде. Калкы 1496 (1986-жыл). Бугу уруусунун эли турушат. Сан-Таш ашуусу – өтө бийик эмес, Күнгөй Ала-Тоодогу ашуунун бийиктиги 2020 м. Сан-Таш – шаар чалдыбары. Түп суусунун сол жээгинде. Шаар чалдыбары X – XII кк. таандык. Сан-Таш эстелиги – айылдан 10 – 15 км чыгыш тарапта. Диаметри 60 метр, бийиктиги болжол менен 4 метр б.з.ч. VI – I

кк. таандык. 1959 жана 1976-жылдары Д.Ф.Винник тарабынан иликтенген. Сан-Таш – жергиликтүү элдерде көп таш, миңдеген таш, миң сандаган таш деген мааниде чечмеленип жүрөт (6.с;11.с;53.с;65.с), бирок топонимист Д.Исаев сан дегендин өзү эле таш дегенди билдирет деп түшүндүрүүнү сунуш кылган (84, 86 – 87). Исаевдин чечмелөөсүндө иран-тажик тилдеринде сан сөзү – таш дегенди билдирет. Бирок ушуга жакын айтылган бул сөз жазууда санг формасында берилет. Кыргызча фонетикалык өзгөрүүгө учурап сан түрүндө кабыл аланып кеткендиги айтылып, Сан-Таш топоними топонимикада кеңири таралган кайталануу жолу менен түзүлгөн, башкача айтканда, эки бөлүгү тең бирдей маанидеги географиялык ат катары каралат (84, 86 – 87). Е.Койчубаев сөздүгүндө (103, 189 – 190) "Сантас – уроч. Ю.Семиречья. От тюрк. "Несметные камни" деп чечмелеген.

Сан-Таш айылы 1950-жылдарда гана Сан-Таш деген аталышта аталган. Сан-Таш эстелиги ушул айылдан 10 – 15 чакырымда чыгыш тарапта орун алган. Бул аймакта Сан-Таш көлү да болгон. Айылдын мурунку аты Кара-Чуңкур. Кара-Чуңкур аталышы – бул айыл турган жер кышкысын көп учурда кары жок, кара топурактуу жер келип, карарып жаткандыгынан келип чыккан (53.с).

Сан-Таш – байыркы мезгилде жашаган усундардын, сактардын көрүстөндөрү. Топонимдин биринчи түгөйү көп деген мааниден келип чыгып, көп таш дегенди билдирет.

**Сары-Жаз** – Ак-Суу районундагы жердин, суунун, өрөөндүн, тоо кырканын аты. Сары-Жаз топониминин келип чыгышы тууралуу көптөгөн аңыздар, уламыштар, илимий божомолдор кездешет.

1. Сары-Жаз – Ак-Суу районундагы өрөөндүн, суунун аты. Бул өрөөндө дайыма жаз болуп турат. Чөптөрү кыска, сары келет. Ошол өзгөчөлүгүнө карата коюлган (58.б).

2. Бул өрөөндүн чөбүнүн өңү сары келет. Өзгөчө жаз мезгилинде тегиз саргарган өрөөн болуп калат, ошондуктан Сары-Жаз деп аталат (37.б).

Кыргыз ССРнин Атласында Сары-Жаз топоними тууралуу: "Из кыргызского (тюрк) Сары – желтая, жаз – весна, или Сары-Жаз

– начало бурной реки, где сар иран “начало” а жааз отмеченный как кыргызское слово, неизвестен в кыргызской лексикографии в значении бурная река. Сары – омоним. Кроме цвета тюркских языках он обозначает “большой”, “великий”, “главный”. Жаз усеченное форма от тюркского языка жазы (язы), широкий, просторный, плоский, равнина, степь. Сары-Жаз – большая равнина, степь, что соответствует реалии” (9, 1, 24) деген түшүндүрмө берилет. Топонимист К.Конкобаев “Сары-Жаз – большая равнина, широкая низменность, простор” (113, 4) деген мааниден келип чыккан деп көрсөткөн. Окумуштуу К.Конкобаевдин бул талдоосу илимий негизге жакын айтылган пикир, бирок жердиктердин “Сары-Жаз – дайыма жаз мезгилиндеги шартты элестет” деген маалыматтары өзгөчө кызыгууну жаратат. Балким, Сары-Жаз сырт сөзүнүн синоними, “башкы”, “жогорку дөңсөөлүү түздүк” маанисинен келип чыгышы да ыктымал.

**Сары-Жон** – Жети-Өгүз районунун Ак-Терек айылынын чыгыш жагындагы жондун аты. Бул жондун чөбү саргарып көрүнгөндүктөн, Сары-Жон деп аталган (65с). Сары-Жон – кенен, чоң жон.

**Сары-Камыш** – Ак-Суу районундагы Кереге-Таш жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкынын саны 1495 (1990) (120, 250). Айылда бугу уруусунун арык тукумундагы кызылсакал уругунун эли турушат. Азыркы Сары-Камыш айылы жайгашкан жер бир мезгилдерде камыштуу келген жер экен. Ошондуктан бул жерге арык уруусунун эли отурукташкандан кийин, Сары-Камыш деп аташкан (6.с).

Айылдын батыш бөлүгү саздак келип, калың камыштуу болуптур. Азыркы мезгилде анча-мынча гана камыштар өсөт (79.б).

Топонимист Д.Исаев “Сары-Камыш сары түстөгү камыш эмес, камыштуу жер, камыш көп жер, камыш баскан жер” деп Өрүкзар, гүлзар сыяктуу сөзүндөгү -зар формантында көптүктү, молдукту билдирүүчү сары сар (тажик тилинде сар) форманттары менен байланыштыра караган (84, 84)

Ж.Жылкыбаева “Кыдыр аке” китебинде Сары-Камыш айылынын аталышы боюнча мындайча маалыматты баяндап жазган: “ Ал кезде казак кыргыз жамааттан кыз алып, келин берип карым-катнаштагы эл болгон, топ казактар Каркыраны басып Жыргаланды

кечип Караколду аттап, Анжиян тарапка багыт алабыз, деп келе жатышып, көлдүн көкүрөгүндөгү түзөңдөгү бийигинен төө көрүнбөгөн жыш өскөн камыштын арасында жуушап жаткан сарала жылкыларды көрүп таң калышат: Ой бай уу, анау түркүн канаттуулар байырлаган, илбирс, жолборс жайлаган Сары-Камыштуу өзөндөгү сары жылкы кимдики экен? Ошол күндөн тартып Түлөбердинин токолу Эренченин айылы Сары жылкылуу байдын айылы, Сары камыштуу өзөндөгү сары бээлүү манаптын айылы деп аталып калат. "Азыркы Сары-Камыш деген айыл да ошол Түлөбердинин сары тайынын даңазасынан улам аталып калган, деп калышат көптү билген карылар" (73, 12 – 13).

Ысык-Көл районунда да Сары-Камыш деген аталыштагы айыл бар (120, 250). Казак топонимисти Е.Койчубаев Казакстандагы "Сары-Камыш – обширные заросли камыша" деген мааниде деп чечмелейт (103, 191).

Сары-Камыш – камыштуу жер деген мааниден пайда болгон.

**Тоң** – Тоң районундагы Тоң жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Аймактагы ашуу, булуң, өрөөн, район жана минералдуу суу да ушундай аталышта. "Азыркы Тоң айылы 1930-жылы негизделген. Калкы 1314 (1987-ж)" (120, 284). **Тоң шаар чалдыбары, Кан-Дөбө** – Ысык-Көл ойдуңундагы 6 – 12 к таандык ири шаарлардын бири. Орто Азиядан Түркестанга кетүүчү байыркы кербен жолунун боюнда жайгашкан. Бийиктиги 4 – 8 м, туурасы 3 – 5 м келген дубал түрүндөгү коргонуу курулуштары болгон. Өз учурунда шаар 100 гектарга чейинки аянтты ээлеген. Тоң шаарынын калдыктары VIII – XII кылымдагы жазма даректеринде эскертилет" (120, 286). Тоң топониминин келип чыгышы жөнүндө уламыш, улама кептер жана бир канча окумуштуулардын божомолдору бар.

Топонимди изилдөөгө кызыккан жергиликтүү элдердин изилдөөчүсү Үсөн Журтунов "Тоң топоними жана тарых" деген макаласын жазып: "Тоң десе, тоңуп жаткан жер эмес ал, Билгенге алп баатырдын ысымы дал" – деп Тоң Алп Эр Тоңанын (Афрасийаб) ысымынан келип чыккан (71) деп эсептейт.

Жергиликтүү информаторлор "Тоңго каар жаабайт, жааса да аз өлчөмдө жаап, бат эле эрип кетет. Негизинен шамал болуп турат.

Ошол себептен Тоң деп аталган" деген улама-кептерди айтышат. Т.Чороев өзүнүн "Махмуд Кашгаринин түркий тилдер сөз жыйнагы" китебинде: "Тоң топоними Ысык-Көл чөлкөмүндө 19 кылымдан азыркы күнгө чейин сакталып келе жаткандыгын белгилеген, ошондой эле этноним катары Тоң, Илак, Барскан деген чакан түркий уруулар VI – VIII кылымдарда Теңир Тоодо жашашы ыктымал", - деген оюн айткан (234, 80). Тарыхчы Табылды Акыртегин тарыхый маалыматтарга таянуу менен, Енисей урууларынын этнонимиясында Чигил аты дайыма тоң этнонимин (тоң, чыгал, тин, сукер) коштоп жүрөт. Демек, кимдин байыркы эли чиктер болгон. Чиктердин Теңир-Тоого жылышында кыргыз уруулары негизги орун ээлеген. Чиктердин тукумдары чигилдердин өзөгүн кыргыз, чик жана буларга тууган аз, кас, тоң, түргөш, ж.б. уруулар түзгөндүгүн билдирип "Тоң – тарыхый уруу" (202), - деген жыйынтыкка келген.

И.А.Батманов "Язык Енисейских памятников древнетюркской письменности" деген эмгегинде, Кыргызстандагы айрым географиялык аттар VI–XI кылымдардагы жазма булактарда семантикалык жана фонетикалык жактан да эч өзгөрүүсүз сакталгандыгы белгиленет. Аларга Ак-Сай, Алай, Ат-Башы, Барскоон, Ысык-Көл, Кавак-Арт, Кара-Жылга, Кара-Сиңер, Кочкор, Кызыл-Суу (чыгыш Алтайда), Талас, Тоң, Төрткүл, Торугарт, Чаткал ж.б. кирген. "Тоң топоними – "вал", "ограждение" – "тосмо", "чеп", "лагерь, глина – ылай, чопо, топурак түрүндөгү байыркы мааниси менен берилет" - деп көрсөтөт (30, 207). Тарыхый-археологиялык маалыматтарга караганда, Тоң суусунун, Тоң өрөөнүнүн аймагында орто кылымдардагы шаар чалдыбарынын урандылары сакталган (71; 33; 34; 43 – 45). Дун, Тунк, Тон аталышындагы шаар Тан маршрутунда, "Худуд ал-Аламда" жана Гардизиде эскерилген. Тоң топонимине окумуштуулар С.Умурзаков (230), Ж.Мукамбаев да кайрылган (65, 197). Биздин пикирибизче, Тоң топониминин келип чыгышы жөнүндөгү эл арасындагы уламыштар топонимдин келип чыгышына негиз боло албайт. Тоң топоними – "чеп" деген мааниден келип чыккан.

**Үзөңгү-Кууш** – Жети-Өгүз районунун аймагындагы өрөөндүн аты. "Түштүгүнөн Какшаал, түндүгүнөн Борколдой, Карлы-

Тоо, Чыгышынан Карлы-Кыр тоолору, батышынан Көбүргөнтү ашуусу менен чектешет. Узундугу 70 – 80 км, туурасы 2 – 5 км, деңиз деңгээлинен бийиктиги 2600 – 3800 м (120, 309).

Топоним тууралуу эл арасында айтылган уламыштар аталыштын келип чыгышына негиз боло албайт. Топонимист Д.Исаев "Үзөңгү-Кууш топоними иран тилдериндеги санги ("Таштуу") деген сөздүн башына үндүү тыбыш коюлуп (протеза жолу менен) айтылуунун жана кыргыз тилине ылайыкташтырылып фонетикалык өзгөрүүгө учурагандыгынын натыйжасында үзөңгү деген сөзгө айланып "таштуу кууш (жер, капчыгай)" деген түшүнүктү билдирүүчү так мааниси бар топоним семантикалык жагынан таанылгыс болуп чаташтырылган" (84, 84), - деп белгилеген. Д.Исаевдин бул чечмелөөсү негиздүү.

**Шор-Булак** – Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз – айылынын жогору жагындагы булактын аты. Төштөгү чыккан булактын суусу туздуу, ошондуктан Шор-Булак деп аталат (17.б).

**Шор-Булак** – Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу айылынын жогору жагындагы жердин, булактын аты. Узундугу 3 км (болжол менен). Айылдан 1 км аралыкта. Күн жааганда кызыл жарда-гы чопо эзилип, Шор-Булакка кирет. Шор-Булак Чоң-Кызыл-Сууга куйганда суу кызыл түскө өзгөрөт. Ошондон Шор-Булак деп ата-лат (48.б).

**Шор-Булак** – Тоң районунун Улакол жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкынын саны 752 (1987-ж.). Саяк уруусунун бостери уругунун эли турушат. Шор-Булак – булактын суусу туздуу келгендиктен, Шор-Булак деп аталган (12.б). Топонимдин шор компоненти иран тилдеринде да туз маанисин билдирет (181, 262).

Шор сөзү кыргыз тилинде "туз", монгол, калмак тилдеринде да "туз", иран тилинде да "туз" деген мааниде колдонула тургандыгы байкалды (150, 630). Шор-Булак топонимдери бул катмарга шарттуу түрдө киргизилди.

Араб-иран тилинен кирген сөздөр жөнүндө сөз болгондо, араб-иран сөздөрү чогуу бир топко киргизилет (84, 76). Ысык-Көл топонимиясында араб сөздөрүнүн негизинде түзүлгөн аз сандагы топонимдер да бар. Тарыхый маалыматтарда, арабдар VII–VIII

кылымдарда Орто Азияны, Волга боюндагы айрым элдерди басып алып, ислам динин тарата баштаган. Кыргыз эли менен араб эли тике байланышта болбогондугу тарыхый маалыматтарда белгилүү. Бирок кыргыз тилине араб сөздөрү башка элдердин тилинин таасири менен (тажик, өзбек, уйгур, татар тилдери) кыйыр түрдө кирген (184, 164–165). Араб сөздөрү кыргыз тилине кыргыздардын мусулман динин кабыл алышына байланыштуу кыргыз тилине алгач кабыл алынган сөздөр динге байланыштуу сөздөр болгон. Кийинчерээк илим, билимге, коомдук-саясий түшүнүктөргө ж.б. байланыштуу сөздөр кирген. Бул төмөндөгү топонимдерде даана байкалат.

**Кош-Коргон** – Жети-Өгүз районунун Боз-Бешик айылынын аймагындагы жердин аты. Чоң-Оргочордун батыш тарабында. Мурунку мезгилдерде бул жерде мүрзө, коргондор болгон. Колхоз мезгилинде Оргочордун чыгыш этеги менен Боз-Бешик айылын көздөй жол салынган. Ошондо бул жер түртүлүп, жол салынып калган. Азыркы мезгилде бул жерде көп жол кырсыктары болот. Буйткалуу, чукул бурулуштуу жер (18.с). Топонимдин экинчи коргон компоненти араб тилинен кыргыз тилине кыйыр түрдө кирген.

**Мазар** – Жети-Өгүз районунун Жаргылчак айылындагы жердин аты. Мурунку мезгилде бул жерде мечит болуптур. Мечиттин орду жер болгондуктан, жергиликтүү элдер бул жерди Мазар деп аташкан (65.с).

**Мазар** – Эңилчектин жогору жагындагы жердин аты. Алыстан бул жерди караганда, жаш төө сыяктанып көрүнөт. Ошол жерден жылуу суу чыгат. Ошол себептен ыйык жерге айланган (6.с).

**Моло мөңгүсү** – Тескей Ала-Тоонун түштүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгүнүн аты. Көөлү суусунун алабында жайгашкан. Узундугу 5,0 км. аянты 5,9 км$^2$. Мөңгүдөн Көөлүнүн оң куймасы Моло суусу башталат. Моло – иран тилинде “көр, көрүстөндүн додолонгон топурагы” дегенди түшүндүрөт (120, 208).

**Моло** – Сары-Жаз сыртындагы суунун, тоонун, жердин аты. Моло суусу Көөлү (Койлуу) суусуна сол жагынан куят. Бул жерде дөбөлөр, тоолор бар. Ошол дөбөлөр өзүнчө моло сыяктанып чыгып тургандыктан Моло-Тоо деп аталат. Жердин өзгөчөлүгүнө карата тоо, суу да ушундайча аталат (37.б).

**Мугалим (Учителдин багы)** – Жети-Өгүз районунун Жон-Булак айылынын тоосундагы, жайлоо жердин аты. 1910 – 1911-жылдары, үркүндөн мурунку мезгилдерде бир орус улутундагы киши келип балдарды окутат. Ошол окуядан кийин, бул жер Мугалим деп аталган (29.с). Мугалим араб тилинен кирген сөз.

### 3.2.3. Орус тилинин негизинде коюлган топонимдер

Топонимикалык аттар тарыхтын күбөсү катарында өз учурунда ошол жерлерде жашаган элдин коомдук жүзүн чагылдыра алат.

Тарыхый маалыматтарга караганда, Падышалык Россиянын куралдуу күчтөрү Кокон хандыгын талкалап, Түркстан генерал-губернаторлугун түзөт. Алардын алдыларына койгон максаттарынын бири – орус келгиндери туруучу поселокторду куруу үчүн кыргыз жер-суусун басып алууну практика жүзүндө ишке ашыруу милдетин койгон (70, II, 358). Академик Б.Жамгерчинов "Добровольное вхождение Киргизии в сосотав России" эмгегинде : "К 1865 году после вхождения в состав России основной части Северной Киргизии и значительной территории Кокандского ханства по Сыр-Дарье перед царским правительством стал вопрос об организации управления в этих краях"- деп көрсөтөт (62, 357).

Тарыхый маалыматтар боюнча 1864-жылы Түндүк Кыргызстан Россиянын курамына толук кошулган. XIX кылымдын 60 – 80-жылдарынан баштап Кыргызстанга орус келгиндеринин келе башташы менен орус тилинин негизинде түзүлгөн топонимдер пайда боло баштаган.

"Кыргыздардан тартып алынган жерлерде орус айылдары (посёлоктору) биринчи болуп курулган, андыктан мурдагы Түркстан жергесин агрардык колониялоо кыргыз аймактарын колониялоодон башталган. Түркстандын 1-генерал-губернатору Кауфмандын буйругу боюнча 1874-жылы Кара-Балтада орустардын биринчи турагы түзүлгөн, 1877-жылга чейин Чалдыбар, Дмитревское (Талас) жана Михайловка поселоктору пайда болгон. Ал эми Кыргызстандын Түштүгүндө орус келгиндерин кабыл алуу мурдараак болгон. Мурдагы Фергана облусунда орустардын биринчи поселогу 1893-жылы Куршаб жеринде уюшулган, ал – Покровский

поселогу. Ферганада келгиндердин көп отрукташкан жери Жалал-Абад районунун Көгарт өрөөнү болгон" (70, II, 359).

Орус келгиндерин мурда жана кийинчерээк келген келгиндер деп кароого болот. Орус дыйкандарынын экинчи келгиндери Россиядагы Столыпиндин агрардык-жер саясатына байланыштуу болгон. И. Слонин бул жөнүндө мындай деп жазган: "Аграрная политика Столыпина, которая нашла свое выражение в указе от 9 ноября 1906 г. и закон от 14 июня 1910 г, была политикой лавирования между крепостником-помещиком и капиталистическим хищником деревне-кулаком (194, 372). "Дальше едешь, тише будешь", - деп бул боюнча помещиктер айтышкан (88, 635 – 654).

Падышачылык саясаттын адилетсиздигинен улам, Ысык-Көлдүн аймагында жашаган жергиликтүү кыргыздар эң жакшы жерлеринен, жайыттарынан тоо-ташка, кокту-колотко сүрүлүшкөн. Бул жөнүндө Жусуп Абдрахманов тарыхый даректердин далилинде кеңири токтолгон (70, II, 358 – 384). Ысык-Көлдүн айланасындагы кыргыздардын жыл мезгилдери боюнча жашаган жерлерине алар жайыт которуп кетишкенден кийин бош жерлерге орус, украин сыяктуу элдер массалык түрдө жайгаштырылып, отурукташып калган элдер өздөрүнүн тилине ылайыктап топонимикалык аттарды жаратышкан. Географ Ш.Токомбаевдин маалыматтарына караганда, келгин орустар өздөрүнүн мурунку жашап жүргөн Россиядагы кыштактардын аттарын коюп алышкан ( 209, 83 – 84).

Кыргызстандын аймагындагы орус топонимиясы Н.П.Бутенко тарабынан иликтенип, диссертациялык иш жазылган (37; 38; 39). Ысык-Көл топонимиясында орус тилинде коюлган аттар ар кандай илимий экспедиция иштерине, айылдарга, шаарларга, каналдарга байланыштуу көп санда коюлган. Анын себеби саясий, коомдук ишмер Ж.Абдырахманов өз мезгилинде жазгандай, идеологиялык саясатка байланыштуу болгон.

**Богатыровка** – Жети-Өгүз районундагы Липенка жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. 1911-жылы негизделген. Калкы 791 (1986-ж) (120, 62). Кыштакта негизинен кыргыз жана орус улутундагы элдер турушат. Географ, профессор Ш. Токомбаевдин маалыматында, бул кыштактагы орус, украиндер мурунку Россиядагы жашаган жериндеги айыл-кыштактарынын биринин атын коюп алышкан (209, 84).

**Григорьевка** – Ысык-Көл районундагы айылдын аты. Чоң-Ак-Суу суусунун боюнда жайгашкан. 1900-жылы негизделген. Калкы 5465 (1986-ж.). **Григорьевка пристаны** – Ысык-Көл районунда. Калкы 348 (1986-ж.) Григорьевка айылында жашаган орус, украиндер өздөрүнүн мурунку жашаган жериндеги кыштактын атын коюп алышкан (209, 84).

**Григорьев мөңгүсү** – Ички Тянь-Шандагы балык жон тибиндеги мөңгү. Узундугу 6 км, аянты 8,3 км$^2$. Тескей Ала-Тоонун түштүк капталында, Ара-Бел суусунун алабында жайгашкан.

Мөңгү академик А.А.Григорьевдин ысымынан аталган (120, 75)

**Давыдов мөңгүсү** – Ак-Шыйрак тоо массивинин түндүк батыш капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгүнүн аты. Узундугу 5,8 км, аянты 11,6 км$^2$. Нарын дарыясынын башаты Кум-Төр суусунун алабынан орун алган (120, 76).

Мөңгү советтик географ жана гидролог Л.К.Давыдовдун ысымынан аталган.

**Данков чокусу** – Какшаал тоо тизмегиндеги чокунун аты. Бийиктиги 5982м. Үзөңгү-Кууштун сол куймасы Чоң-Туура-Суунун төрүндө жайгашкан. Чоку XIX кылымдын 70 – 80-жылдарында Кыргызстандын жерин картага түшүрүүгө катышкан орус топографы С.Д.Данковдун ысымы менен аталган (120, 76).

**Ельцин чокусу** – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы чокунун аты. Россия Федерациясынын биринчи президенти Б.Н.Ельциндин Кыргызстандын президенги А.Акаев тарабынан атайын чакырык менен Ысык-Көлгө келишине байланыштуу Жети-Өгүз районундагы аты жок чокуга Б.Н.Ельциндин ысымы берилген (Эркин-Тоо гезити, 4-октябрь, 2002-жыл). Айрым маалыматтарда бул чоку мурда Өгүз-Чоку аталган.

Б.Ельцин чокусу – адам атынан келип чыккан.

**Маяк** – Түп районундагы айылдын аты. Айылдын биринчи аты – Уч. Айыл жайгашкан тушта көлдүн жээгине маяк орнотулган. Маяк аталышы маяк орнотулган жер болгондугуна байланыштуу келип чыккан.

**Михайловка (Сары-Көл)** – Түп районундагы Михайловка жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты.

Жыргалаң булуңунун түндүк жээгинде жайгашкан. 1907-жылы негизделген. Калкы 3497 (1987-жыл) (120, 207). Орус, кыргыз, украин элдери жашайт.

Михайловка бул келгин орус, украин улутундагы элдер тарабынан белгилүү саякатчы Н.М.Пржевальскийдин атасынын аты менен аталган (209, 83 – 84).

**Сары-Көл** – айылдын мурунку аты. Бул атты айылдагы жердик кыргыздар (бешбала уруусу) коюшкан (60.с).

**Мушкетов мөңгүсү (Орто-Таш мөңгүсү)** – Борбордук Тянь-Шандагы бутакталган татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу 20,5 км, туурасы 1500 – 1800 м, аянты 75 $км^2$, калыңдыгы 250 м. Мөңгү Орто Азияны изилдөөчү орус геологу И.В.Мушкетовдун ысымынан коюлган (120, 211).

**Наливкин мөңгүсү** – Какшаал тоо тизмегинин түндүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу 13,2 км, аянты 19,5 $км^2$. Туурасы 300 – 1000 м. Мөңгү белгилүү геолог Д.В.Наливкиндин ысымынан аталган (120, 212).

**Нансен тоосу** – Эңилчек кырка тоосундагы тоо аты. Түз-Ашуунун маңдайында. **Нансен чокусу** – Эңилчек кырка тоосунун эң бийик чокусу. Бийиктиги 5722 м. Кырка тоонун ортоңку бөлүгүнөн түндүктү көздөй кеткен тармагында жайгашкан. Бардык тарабы мөңгүлүү. Тоонун жана чокунун аты норвегиялык илимпоз жана саякатчы Ф.Нансендин ысымынан аталган (120, 212).

**Николаевка (Тогуз-Булак)** – Түп районундагы айылдын аты. Түп булуңунун түштүк жээгинде жайгашкан. 1907-жылы негизделген. Калкынын саны 1119 (1986-ж) (120, 217). Айылда орус, кыргыз улутундагы элдер жашайт. Айылдын аймагындагы жерлерден көп булак чыккандыктан, Тогуз-Булак деп аталган (53.с.) Айылдагы булактардын ар биринин өзүнчө аттары да бар.

Николаевка – белгилүү саякатчы Н.М.Пржевальскийдин ысымынан коюлган (209, 83 – 84).

**Орус-Орток** – Ак-Суу районунун Каракол капчыгайындагы жайлоонун аты. Кыргыз жана орус улутундагы элдерде жер бөлүштүрүүдө орус элине бөлүнгөн жер Орус-Орток деп аталып калган, кыргыз улутундагы элге бөлүнгөн жер Кыргыз-Орток деп аталган (84.с.).

**Орус-Өлчү** – Ысык-Көл районундагы Кичи-Өрүктү айылына караштуу жайлоонун аты. Бул жайлоонун жолдору тар, жайлоосу бийик келет. 1916-жылы көтөрүлүш мезгилинде, бул жерде жашаган жергиликтүү элдер "Орустар келатат!" - деп качышат. Ысмайыл деген мергенчи бийик жайлоонун тар жолунан тосуп алып, орус падышачылык отрядын аткылайт. Отрядда бардыгы 17 киши болуптур. Ысмайыл отряддын командирин баш кылып жок кылат. Ошентип Ысмайыл мергенчи өз элин көп жолу аман сактап калган. Ушул окуяга байланыштуу жер Орус-Өлчү деп аталып калган (80.б).

Орус-Орток, Орус-Өлчү топонимдери кыргыз тилинде аталган, бирок кыргыз тилиндеги сөздөр менен орус этноним сөзү айкашкандыктан, ушул катмарга шарттуу түрдө киргизилди.

**Отрадный** – Ак-Суу районундагы Отрадный жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Жыргалаң суусунун ортоңку агымынын оң жээгинде жайгашкан, 1911-жылы негизделген. Калкынын саны 1512 (1986-жыл). Айылда белек уруусунун шапак уругунун эли жашайт (82.с).

Бул кыштак орус келгиндеринин отурукташуусунун негизинде, 1911-жылы өздөрү мурунку жашаган жериндеги айылынын аттарын коюп алышкандыгынан келип чыккан: Отрадный, Орлиный ж. б. (209, 83 – 84).

**Өрүктү-Хутор** – Ысык-Көл районундагы Өрүктү жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкынын саны 615 (1986-жыл). Топонимдин Хутор компоненти – орустар жашаган кичине айыл болгондуктан келип чыккан.

**Петров (Кум-Төр) мөңгүсү** – Ак-Шыйрак тоо массивиндеги эң ири татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу 11,3 км, аянты 69,8 км$^2$, Нарын дарыясынын башаты Кум-Төр суусунун төрүнөн орун алган. Башы деңиз деңгээлинен 4900 м, этеги 3730 м бийиктикте жатат. Мөңгү Ички Тянь-Шандын көп жерин картага биринчи болуп түшүргөн орус топографы Ф.П.Петровдун ысымы менен аталган (120, 239).

**Покровка булуңу, пристаны** – Жети-Өгүз районундагы жер аттары. Мурун азыркы Кызыл-Суу айылы да Покровка деп аталган. Ошол себептен айылдын, Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Кара-Булуңунда жайгашкан пристандын (Кызыл-Суу айылынан 9 км аралыкта) жана булуңдун аты да Покровка деп аталган. Покровка

пристанындагы калктын саны 128 (1986-жыл) (120, 240). Негизинен орус улутундагы элдер турушат. Пристан шаар тибиндеги айылдын наамында аталып калган.

**Пристань-Пржевальск (Пржевальский булуңу, пристаны).** Азыркы Каракол шаары (Пржевальск) 1865-жылы Россия өкмөтүнүн чечимине ылайык курулган. Жаңы шаар А.В.Каульбарстын сунушу боюнча Каракол деп аталган. 1888-жылы 20-октябрда Борбордук Азияга жасаган бешинчи саякатында Н.М.Пржевальский дүйнөдөн кайткан. 1889-жылы 11-мартта Падышанын Указы менен Каракол Пржевальск шаары деп аталган. 1921-жылдан 1939-жылга чейин шаардын Каракол деген аты кайра берилген. 1939-жылы саякатчы Пржевальскийдин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата кайра Пржевальск деп аталган (209, 83 – 84).

1990-жылдарга чейин шаар Пржевальск деп аталып, кайра Каракол деген аты эгемендүүлүк жылдарында берилди.

1944-жылы Пржевальск пристаны – шаар тибиндеги кыштак болгон. Калкы 3,8 миң (1986-жыл) (120, 241). Каракол шаарынан 12 км аралыктагы пристандын, булуңдун аты шаардын көл жагында жайгашкандыктан, Пржевальскийдин ысымынан аталган.

**Светлая Поляна** – Жети-Өгүз районундагы Оргочор жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Айылдын мурунку аты – Сүттүү-Булак. 1911-жылы негизделген. Калкынын саны 1939 (1986-жыл) (120, 254). Айылда дөөлөс уруусунун казанбак, чыгырык жана бугу уруусунун тилекмат уруктары жашашат.

Светлая Поляна орус тилинен которгондо “түстүү, ачык талаа” дегенди түшүндүрөт. Орустар келип отурукташа баштаганда, Кара-Күнгөй тоосунун этеги кызгалдак гүлү тегиз, жыш өскөн жер болгон (5.б; 25.б; 27.б). Ошол өзгөчөлүгүнө карата коюлган. Азыркы мезгилде да Кызгалдак-Төр сыяктуу жерлери бар.

**Семёновка (Он-Жети-Карагай)** – Ысык-Көл районунун Садыр аке жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. 1911-жылы негизделген. Калкынын саны 2972 (1986-жыл) (120, 254). Айылда саяк уруусунун кожояр уругунун эли жана орус улутундагы элдер турушат. Семёновка капчыгайы Кичи-Ак-Суу капчыгайы деп да аталат. Капчыгай ичи 100 гектарга жакын. Күнгөй Ала-Тоонун түштүк капталында. Кичи-Ак-Суу ушул

капчыгай аркылуу агат. Суунун узундугу 24 км, алабынын аянты 192 км$^2$. Алабы карагайлуу (120, 254).

**Семёнов мөңгүсү, чокусу** – Сары-Жаз кырка тоосунун түндүк капталында, Сары-Жаз суусунун аймагында. Узундугу – 21км, туурасы 1,3 – 1,6 км. Жалпы аянты 74 км$^2$. Мөңгү белгилүү саякатчы П.П.Тянь-Шанскийдин ысымынан аталган (120, 254 – 255). **Семенов чокусу** – Сары-Жаз кырка тоосунун эң бийик жери. Кырка тоонун чыгыш бөлүгүндө Кыргызстан менен Казакстандын чек-арасында жайгашкан. Бийиктиги 5816 м. Түндүк батышында Семенов мөңгүсү жайгашкан. Чоку белгилүү саякатчы П.П.Тянь-Шанскийдин ысымынан аталган (120, 255).

**Фрунзе (Ышната, Шың-Ата)** – Түп районундагы Светлый Мыс жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Ысык-Көлдүн Түп булуңунун түндүгүндө, Күнгөй Ала-Тоонун этегиндеги түздүктө 1930-жылы негизделген. Калкынын саны 929 (1987-ж.) (120, 318). Айылда болгар, карачай, казак, орус, кыргыз сыяктуу көп улуттуу элдер жашайт.

Айылдын аты колхоздун атынан аталган. Совет бийлигинин мезгилинде Пишпекте (Азыркы Бишкек шаарында) төрөлгөн, советтик, партиялык, мамлекеттик жана аскер ишмери, революционер Михаил Васильевич Фрунзенин ысымынан коюлган. Ананьево, Конкино, Луговое, Соколовка, Вознесеновка, Орус-Жергез, Преображенское, Колцовка, Комсомол, Пионер, Прогресс, Теплоключенка ж.б. сыяктуу орус тилине таандык жер-суу аттары көп санда учурайт.

Жыйынтыктап айтканда, изилденип жаткан аймактагы орус тилинин негизинде келип чыккан топонимдердин басымдуу бөлүгү адам аттарынын негизинде пайда болгон. Экинчиден, кыргыз топонимдерине орус топонимдерин уюштуруучу мүчөлөр кошулуп аталып кеткен: Темировка, Данияровка, Боконбаевское ж.б. Үчүнчүдөн, которуу (калька) жолу боюнча Ысык-Көл районундагы Таштак топоними Каменка, Ак-Суу районундагы Жылуу-Булак, Жылуу-Суу – Теплоключенка болуп которулуп аталып кеткен. Азыркы учурда да райондун борборундагы бул айыл Теплоключенка аталып келет.

Орус топонимдеринен сырткары Ысык-Көл топонимиясында дунган жана немец тилдеринде коюлган географиялык аттар да бар.

### 3.2.4. Башка тилдердин сөздөрүнүн негизинде келип чыккан топонимдер

**Дыйшын (Ырдык)** – Жети-Өгүз районундагы Ырдык өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Ырдык суусунун жээгинде, Тескей Ала-Тоонун этегинде жайгашкан. Калкы 2218 (1986-ж.) (120, 351). Негизинен дунган, уйгур, калмак жана аз санда кыргыздар жашашат (21.с). Ырдык суусу жана капчыгайы да бар. Ырдык суусунун узундугу 28 км, алабынын аянты 300 км$^2$. Ат-Жайлоодогу көлдөн башталып, сол куймасы Кызыл-Жар кошулгандан кийин капчыгайдан өрөөнгө чыгат.

"Ирдык страницы истории" эмгегинде Х.Юсупов: "Дунгане облюбовали Ирдык (от дунганского "эрогу", что в переводе означает "второе ущелье") 1877 года" (244, 6) деген түшүндүрмө берген.

Ж.Мукамбаевдин пикиринде, Ырдык топоними дунган тилиндеги "Эрдо" – экинчи жана "чу" – капчыгай деген сөздөрдүн биригип "эрдех" болуп айтылган варианттарынын кыргызча түрүнө өтүшүнөн улам пайда болгон (148). География илимдеринин кандидаты, профессор Б.Алышбаевдин жана жергиликтүү кыргыз, дунган улутундагы элдердин айтымында, Каракол – биринчи кокту, капчыгай, ал эми аймактык жактан бир кылкада жайланышып турган Ырдык (Дыйшын) айылынын турган жери – экинчи кокту, же экинчи капчыгай.

Айылдын азыркы аты – Дыйшын. Дунган тилиндеги "Дейшин" сөзү кыргыз тилине "Жеңиш" болуп которулат.

**Мерцбахер көлү** – Борбордук Тянь-Шандагы Кан-Теңир тоо тизмегинин батыш капталындагы бийик тоо көлү. Эңилчек өрөөнүнүн батышында, Түндүк Эңилчек мөңгүсүнүн этек бөлүгүндө жайгашкан. Узундугу 2 – 3 км, туурасы 1,1 км, аянты 4 м$^2$, тереңдиги 60 – 70 метр. Көл чанагы деңиз деңгээлинен 3304 м бийиктикте жатат. Башталган суу Эңилчек суусуна куят (120, 205).

Көлдүн аты 1903-жылы немец саякатчысы, изилдөөчү окумуштуусу, биринчи болуп изилдеген Мерцбахердин ысымы менен аталган ("Ак-Куу" гезити, №1 (14). март, 2002). Көл адам атынан коюлган.

Кыргызстандын башка региондорундагы (Чүй обл. башкасы) жерлерге салыштырмалуу дунган жана немец сөздөрүнөн пайда болгон аталыштар бар экендигине күбө болдук. Бирок топоним саякатчынын ысымы менен байланыштуу аталып калса, дунган тилиндеги топонимдер жергиликтүү болуп жашап калышкан дунган улутундагы элдердин өздөрүнүн тили менен капчыгай атын атап алуусу жана Октябрь революциясынын жеңиши биздин элдин жеңиши маанилеринде калькаланган.

Ошентип, жалпысынан айтканда, дүйнө жүзүндө таза түрүндөгү бир да тил жок. Чындыгында топонимика илиминде кандай гана өлкөлөрдүн топонимиясы болбосун, алар ар кандай тилдик катмарлардан турары белгилүү. Ошол себептүү изилденилип жаткан аймактын топонимдери да бир түрдүү, жалаң кыргыз тилиндеги сөздөрдөн эместиги ачык көрүндү.

Жогоруда айтылгандардан улам, төмөнкүдөй жыйынтык-тыянактарга келдик:

1. Ысык-Көл топонимиясы узак кылымдар бою түзүлгөн.

2. Региондун топосистемасы бир канча тилдик катмарлардан турат: байыркы жана орто түрк, кыргыз, монгол-түрк, кыргыз, орус жана нагыз кыргыз катмарлары. Ысык-Көлдөгү географиялык аттардын басымдуу бөлүгү, болжол менен 80 пайызы нагыз кыргыз тилиндеги сөздөрдөн түзүлгөн.

3. Түрк катмары – Ысык-Көл топонимиясынын негизги бөлүгүн түзөт. Ал байыркы түрк, нагыз кыргыз, түштүк сибир (алтай, тува, хакас, шор) катмарларынан турат.

4. Монгол, калмак сөздөрү кыргыздар менен саясий байланышынын жана коңшулаш аймакта жашашкандыгынын мезгилинде XIII–XVII кылымдарда сакталып калган.

5. Иран катмары – хронологиялык жагынан алганда башка тилдик катмарларга караганда, эрте пайда болгон катмар. Тарыхый жана топонимикалык маалыматтар алардын байыркылыгын күбөлөндүрүп турат. Ал эми араб топонимдери жергиликтүү элдердин мусулман динине ишенүүсүнө, кабылдоосуна байланыштуу кыйыр түрдөгү кабыл алынган сөздөрдүн негизинде, аз санда болсо да аталып калган.

6. Дунган жана немец тилиндеги сөздөрдүн негизинде коюлган аз сандагы жер-суу аттары аныкталды.

7. Орус тилиндеги аталыштар 1865-жылдан тартып орус келгиндеринин отурукташуусу менен пайда боло баштаган. Көпчүлүк топонимдер адам аттарынан коюлган. Компартиянын идеологиялык саясатына байланыштуу кыргыз тилиндеги топонимдерге -овка, -о ж.б. сыяктуу топонимди уюштуруучу орус тилиндеги мүчөлөр уланып аталып кеткен. Калька жолу кеңири пайдаланылган, Россиядагы кыштактардын аттарынын негизинде тавтологиялык жана кайталануучу топонимдер пайда болгон.

# IV БӨЛҮМ

## Ысык-Көл топонимиясы жана кыргыз элинин этникалык тарыхынын маселелери

### 4.1. Кыргыз элинин Теңир-Тоого келип жайгашышы

Кыргыз элинин келип чыгышы тууралуу маселе Борбордук Азиянын этникалык тарыхынын татаал жана талаш-тартыштуу жактарына кирет. XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап бул проблема орус, батыш европалык, чыгыш тарыхчыларынын жана хронисттеринин көңүлүн бекем тартып келген. Кыргыздардын пайда болушу жөнүндө гипотезалар биринин артынан бири пайда болуп, ой жоруулар жана божомолдор айтылып, алардын этникалык тарыхынын ар түрдүү жактары изилденип келүүдө.

Азыркы кыргыздардын этникалык тарыхын изилдөө ишине негиз салгандар негизинен орус окумуштуулары экендиги талашсыз. Алар бул проблеманы чечүүдө орчундуу салым кошушкан. Алардын ичинде XVIII кылымдын окумуштуулары П.И.Рычковду жана академик В.Н.Татищевди, ошондой эле капитан И.Г.Андреевди атоого болот. Аталган проблеманы иштеп чыгууда XVIII кылымдын изилдөөчүлөрү Н.Я.Бичурин (Иакинф), А.И.Левшин, Ч.Ч.Валиханов, академик В.В.Радлов жана Н.А.Аристов, ал эми совет бийлигинин мезгилинде Г.Е.Грумм-Грижимайло, академик В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, К.И.Петров, С.В.Киселев, кыргыз окумуштууларынан Б.Солтоноев, Талип Молдо, Ө.Караев, кытайлык тарыхчы илимпоз Анвар Байтур жана башка окумуштуулар көп салым кошушкан.

Тарых илими далилдүү булактарга ээ эмес болгондуктан, бул маселе башка маселелер менен бир катарда көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп келген.

С.М.Абрамзондун пикирине караганда, бир кыйла мурдараак

мезгилде кыргыздар Түштүк Сибирде, Енисейде, бир кыйла кийинчерээк мезгилде Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндө, Тянь-Шань жана Памир-Алай тоолорунда “кыргыз” деген ат менен эки этникалык жалпылык жашаган (4, 11). Бир катар чыгыш авторлорунун кыргыздар жөнүндө баалуу тарыхый жана этнографиялык маалыматтары бар чыгармалары да илимдин энчиси болуп калды, бул маалыматтар кыргыздар эң эле болбоду дегенде XV кылымдын экинчи жарымында Тянь-Шандын территориясында жашаган же аны менен кошуна жашаган (4, 11 – 12).

Кыргыздардын этникалык тарыхын иштеп чыгууда 1950-жылдардагы кеңири тараган изилдөөлөр жаңы этап болгон. Буга 1950 – 1951-жылдардагы Памир – Фергана археологиялык-этнографиялык экспедициясы негиз салган. Бул изилдөөлөр бир кыйла кеңири түрдө 1953 – 1955-жылдарда СССР Илимдер академиясынын жана Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Кыргыз археологиялык-этнографиялык эспедициясы тарабынан улантылат. Тарых жана тилчи окумуштуулардын кыргыз элинин пайда болуу проблемасын изилдөө жагындагы иликтөөлөрүнүн корутундулары СССР жана Кыргыз ССР Илимдер академиясынын кыргыз элинин этногенезине арналып, 1956-жылы ноябрда Фрунзе шаарында өткөрүлгөн илимий сессиясында жыйынтыкталат. Бул сессиянын катышуучулары кыргыз элинин уюткусу же анын курамына кирген бөлүктөрүнүн бирөө (уруусу) Борбордук Азияда пайда болгон деген корутундуга келишкен. Ошону менен бирге кыргыздардын борбордук азиялык этникалык уюткусун бир кыйла тагыраак жиктөө жөнүндөгү маселе али жетишерлик даражада иликтениле элек деп табылат.

Азыркы мезгилде кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө үч багыт аныкталган. Алардын бири А.Н.Бернштамдын кыргыздардын Тянь-Шанга көчүп келиши 1300 – 1400 жылга созулуп “көп этаптуу” болгон деген божомолун өнүктүрүүгө же чечмелөөгө байланышкан (70, II, 294; 33, 500 – 509). Бернштамдын оюу боюнча энесайлык кыргыздар Теңир-Тоого байыркы жана орто кылымдарда бир нече жолу көчүп келишкен. Алардын биринчи тобу Орто Азияга б.з.ч. 49 – 47-ж.ж. Талас өрөөнүнө келип туруп калышкан. Андан кийинки тобу VI – VIII кылымдарда келишкен, ал

эми Енисей кыргыздарынын Теңир-Тоого массалык түрдө көчүшү IX – X к.к. туш келет.

Бул гипотезанын өз тарапкерлери бар, алар кыргыздарды эң болбоду дегенде монголдор басып алар алдындагы мезгилде Тянь-Шандын аборигендери болгон деп эсептешет.

Экинчи багыт А.Н.Бернштамдын гипотезасына өтө жакын бул багыт кыргыздар эң байыркы мезгилден бери эле Тянь-Шань жана Памир-Алай тоолорунда жашап келишкен деп эсептешет. XIX кылымдын И.Я. Бичурин, Ч.Ч.Валиханов, Н.А. Аристов сыяктуу изилдөөчүлөрү ушундай көз караште турушкан. Бул маселе боюнча Ч.Ч.Валиханов тарабынан айтылган бир катар ой жүгүртүүлөрдөн А.Х.Маргулан IX–X кылымдарда кыргыздардын саясий бийлигинин борбору Үрүмчү шаарынын аймагында жана Турфандын түндүк тарабында жайгашкан деген корутунду чыгарат. Бул жактан кыргыздар ар түрдүү багыттарда көчүп жүрүшкөн. Тянь-Шань тарапка көчкөндөрдүн кээ бир күчтүү топтору ушул территорияда калып, бул жерде пайда болгон элдерге кыргыз деген ат беrген (70, II, 294 – 295).

Кыргыздардын негизги уюткусу байыркы мезгилден бери эле Кыргызстандын азыркы аймагында жашап келген деген пикирди А.Хасанов жана кыргыз элинин этногенези боюнча жогоруда эскерилген илимий сессиянын башка катышуучулары колдошкон (4, 13).

К.И.Петровдун эмгегиндеги негизделген үчүнчү багыт да кыргыз этносу “Енисей-Эртыш дарыяларынын аралыгынан” эки-үч этап менен көчүп келген, бирок бул көчүү бир кыйла кийинчерээк мезгилде болгон жана ал 300 – 400 жылга созулган деген пикирге негизденет. К.И.Петровдун божомолунда кийинчерээк кыргыз элин түзгөн жана биздин замандын миң жылдыгында калыптанган уруулардын негизги массиви – агымы же уюткусу “Енисей-Иртыш дарыяларынын аралыгындагы” кимак (кыпчак)-кыргыз уруулары, о.э. аларга жакын тектеш чыгыш-кыпчак уруулары болушкан. Адегенде Иле – Эртиш дарыяларынын аралыгын (XIII кылымдын ортосунда жана экинчи жарымында) ээлешип, алар кийин Борбордук Тянь-Шанга оой баштаган. Бул көчүп кетүүлөрдү автор согуштук-саясий окуялар менен айрыкча душмандардын басып кириши

менен түшүндүрөт. Алгач Тянь-Шанга майда топтор көчүп келишип, алар башка монгол-түрк калкы менен аралашкан. Темирден кийинки мезгилде (XV к) Тянь-Шанга көчүп келүүлөр массалык мүнөзгө ээ болгон. Аталган уруулардын Тянь-Шанга таралышы (XIII–XV к.к) автордун оюу боюнча, кыргыз элинин калыптануу процесси менен дал келет (176, 130 – 145).

С.М.Абрамзондун пикиринде, кыргыз эли жергиликтүү жана сырттан келген калктын өз ара тыгыз этникалык байланыштарынын натыйжасында куралган, ал эми анын этникалык тарыхы К.И.Петров эмгектеринде сүрөттөгөндөй өтө татаал мүнөздө болгон эмес. Куралуунун башкы өзгөчөлүгү – анын көп кырдуулугунда. Кыргыздардын этникалык тарыхы Борбордук Азияда, Түштүк Сибирде, Орто Азияда, азыркы Казакстандын талаа мейкиндиктеринде болуп өткөн этникалык процесстер менен көп түрдүү байланышуулар аркылуу түзүлгөн: ал тарыхты бул байланыштарды эске албай туруп кароого болбойт.

"Кыргыз" деген этнонимди алып жүргөндөр (эң болбогондо XV–XVII к.к.) бир эле убакта Түштүк Сибирде, Чыгыш Түркстанда, Тянь-Шанда, Памир-Алайда, Орто Азияда жана казак талааларында, Урал боюнда (башкырттардын арасында), б.а. бири-биринен алда канча алыс турган аймактарда жашашкан. Ушул фактынын өзү эле, - деп жазат С.Абрамзон, кыргыздардын этникалык тарыхы Орто Азия жана Борбордук Азиянын, о.э. канаатташ аймактардын көптөгөн башка урууларынын жана элдеринин калыптануу тарыхы менен тыгыз байланышкан, узакка созулган көп кырдуу процесс болгондугун далилдеп турат. С.Абрамзон этникалык тарыхтын аныктамасын төмөндөгүдөй мүнөздөйт: "Этникалык тарых дегенибиз – социалдык, экономикалык жана башка көрүнүштөрдүн, о.э. маданий турмуш-тиричилик жана этникалык салттарды камтыган процесстердин жыйындысы. Этникалык тарыхты, негизинен, саясий окуялардан жана согуштук кагылышуулардан келип пайда боло турган миграциялар менен чектөөгө болбойт" (4, 15).

Азыркы изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү кыргыз урууларынын ата-бабаларынын пайда болушу сактар менен усундардын, динлиндер менен гунндардын эң байыркы уруулук бирликтери менен байланыштуу деген корутундуга келишти (4, 16).

Кыргыздардын азыркы жашап турган жерине качан келгендиги туурасындагы айтылган айрым көз караштарга токтоло кетели.

1. В.Бартольд кыргыздар – Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Алар Сибирдин көчмөн урууларынын биринчи бирикмесин – кыргыз каганатын түзүшкөн. Бул ат биринчиден гунндар каратып алган уруулардын катарында Гэгунь же Цзяньгунь падышачылыгы делинип, б.з.ч. 201-жылдын этегиндеги жылнаамаларда учурайт (20, 15 – 16). В.В.Бартольд М.Хайдердин "Раши-динин тарыхына" таянып, "кыргыздар Енисей өрөөнүнөн Тянь-Шань тоолоруна XV кылымда көчүп келишкен" (4, 106), - деп жаз-ган.

2. 982-жылы белгисиз географ тарабынын жазылган "Дүйнөнүн чек арасында" ("Худуд ал-алам") түрк элдери, алардын ичинде кыргыздар жөнүндө көп баяндама учурайт. Бул эмгектеги маалыматтар боюнча кыргыз эли Тянь-Шандан Саян-Алтай тоолоруна чейинки аралыкта жашашкан (4, 100 – 101). Алардын бул аймакта көрсөтүлүшү Енисей кыргыздарынын IX– X кылымдардагы саясий жактан күчөп турган дооруна туура келет.

3. Атактуу араб географы Идриси "Областтар боюнча саякаттан жапа тарткандарды, эриккенди жазуу" аттуу географиясында кыргыздарды Чыгыш Тянь-Шандын түндүк тарабына жайгаштырган. Алар жөнүндө да саясий жана географиялык кыскача маалыматтар бар (70, I, 97).

4. В.В.Радлов Саяндын түштүгүндө жашашкан кыргыз урууларынын бир тобу Тянь-Шанга XII кылымда көчүп келишкен деп эсептейт. Көчүү монголдордун кысымынын натыйжасында болгон (178, 20).

5. Н.А.Аристов "Тарихи-н-Рашиди" боюнча "бул эл XVI кылымдын башында жергиликтүү калк катары Батыш Тянь-Шанды ээлеп турган, кара кыргыздар (XIV кылымда) өздөрүнүн азыркы жерлеринде болгон" дегенге толук ишенет. Аристовдун пикири боюнча "Бул жерден хунндарга баш ийген усундар Христ төрөлгөнгө чейинки II кылымдын ортосу ченде Батыш Тянь-Шанды көздөй жылган. Ал усундардын чыныгы элдик аты "дайыма кыргыздар болгон"(70, II, 169 – 170).

6. Ч.Валихановдун ою боюнча байыркы убактарда энесайлык кыргыздар Теңир-Тоо тоолоруна чейин көчүп жүрүшкөн. Энесайлык кыргыздардын бир бөлүгү Теңир-Тоодо IX же XIII кылымдарда пайда болгон, кийин алар Алтай менен Чыгыш Теңир-Тоонун этектеринде ойроттордун ээликтери түзүлгөнгө чейин Теңир-Тоодон (жайлоо катары) Хангайдын түндүгүнө чейин көчүп жүрүшкөн. Ч.Валиханов Теңир-Тоолук кыргыздар байыркы убактан бери Анжиян менен Ысык-Көлдүн ортосундагы аймактарда жашап келгенин айтат. Жайында алар Үрүмчү, Эртиш, Алтай, Хангайга чейин көчүп жүрүшкөн (40).

7. Т.Чороев Анвар Байтурдун эмгектерине сын көз караш менен Теңир-Тоого Эне-Сайдан кыргыздар эң алгач б.з.ч. I к. – б.з. III – IV кылымдарда келгендиги (70, I, 66) тууралуу автордун пикири даректик негизи тайкы пикир катары караган. Алтынчы тароодо тарыхый даректерге так шилтеме бербей туруп, кыргыздар б.з. I кылымынан тартып жашай баштаган, - деген ойду айтат (70, I, 298).

8. Ю.Худяков кыргыздардын экинчи бир жамааты б.з. II миң жылдыгынын башталышында Чыгыш Түркстанда турушкан. "Улуу державалык доордогу" кызыл кыргын, сары сүргүндөрдүн маалында кыргыздар уйгурлар менен чабышып, Куча, Беш-Балык, Үч-Турпан сыяктуу шаарларды бир нече ирет өздөрүнө караткан. Айрым шаарлар, мисалы, Пенчул, бирде кыргыздарга, бирде уйгурларга карап, колдон колго өтүп турган (70, I, 217).

9. Кыргыз тарыхчысы Ө.Караев В.Бартольддун маалыматына таянып, Гянгундар сыягы ал кезде Саян кырка тоосунан түштүгүрөөктө, азыркы Түндүк Батыш Монголия аймагында ушул кезге чейин Кыргыз-Нур деп аталып жүргөн көлгө жакын жашап турса керек (70, I, 107). Жылнаамада айтылгандай, алардын ата-бабалары "кыргут" же "кыркыс" деп аталышкан, мунун түп маанисин которгондо "кызылдар", "кызыл жүздүүлөр" дегенди билдирет. Ал эми алардын жердеген аймагы Кыргун (Цзянь-гунь) делинген (88, I, 236).

10. Кыргыз тарыхчысы Белек Солтоноевдин пикиринде кыргыздардын эң байыркы турган жери Енисей дайрасы, Алтай, Саян, Тянь-Шань, Памир, Котон тоолору, ушул айтылган тоолордун аралары жана өзөн салаалары болгон (70, II, 220).

11. Талип Молдо Тянь-Шандык кыргыздар азыркы жердеп турган жерине качан келген деген суроонун тегерегинде мындайча ой пикирин айтат: 1) Батыш Сибирде 346 жыл хандык кылган кыргыздар, алардын акыркы кандары Жедигер хан, Бекболот хандар Көчүм хандан жеңилип, өз баштарын куткаруу үчүн Букара тарапка качканда эл ошол качкан хандарын ээрчип, Анжиян, Наманган, Алай тоолоруна ооп кетиши мүмкүн (70, II, 510). 2) Кыргыздар азыркы жердеп турган жерине качан келгендиги тарыхта маалым эмес. Кыргыз эли азыркы жердеп турган жерине Чыңгызханга багынгандан кийин, Батыш Сибирге карай ооп, андан кандык Көчүм ханга өткөндөн кийин Сыдыкты ээрчий XV – XVI кылымдарда Фергана тарапты көздөй качып келген болууга тийиш. Кийинчерээк Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Талас, Чүй, Ысык-Көл, Текес, Кулжага тарашы ыктымал (70, II, 512).

Талип акун бул пикирди өзү да ишенимдүү түрдө толук далилдүү деп эсептеген эмес.

IX кылымдын ортосунда Теңир-Тоого уйгур каганатын (754 – 840) кулаткан кыргыздардын бир катар тобу кирип келип туруп калгандыгын А.Н.Бернштам, Ө.К.Караев, Ю.С.Худяков, Д.Г.Савинов, Т.К.Чороев сыяктуу изилдөөчүлөр белгилешет. Мындай пикирди Анвар Байтур да жазып, кыргыздын бир катар тобунун бул тарапка журт которушун кытайлык Тан сулалесинин көкүтүүсү жана жардам, сыйлыгы менен байланыштырууга умтулат (70, I, 302).

С.М.Абрамзон этникалык тарыхты изилдөөдө этнографиялык маалыматтар өзгөчө мааниге ээ болорун белгилөө менен, кыргыз урууларынын көрсөтүлгөн аймактарда таркашы азыркыга караганда бир топ кеңири болгондугуна токтолот.

Тарыхый-санжыралык маалыматтарга караганда, кыргыздын түпкү атасы Кылжыр болгон делинет. Түштүк Алтайдан анча алыс эмес территорияда Кылжыр деген дарыя бар. Тянь-Шандын Чыгыш тарабында да кыргыздардын легендарлуу түпкү ата тегинин наамын алып жүргөн (Мисалы, Үрүмчү, Муңаты) же кыргыз урууларынын атына уйкаш (Ават, Мунит, Актачы, Бостон-Терек, Орху ж.б.) жерлер кезигет. Азыр бул жерлердин көбүндө кыргыздар жашабайт (4, 43). Кыргыз журтчулугу байыркы кылымдарда Тянь-

Шанда жашагандыгы жөнүндө жогоруда келтирилген фактылардан улам кыргыздардын байыркы замандагы компонентин түзгөн уруулардын ата-бабалары ушул жерлерде калыптанган деп С.М.Абрамзон туура айткан (70, II, 300).

Жогорудагы ар түрдүү көз караштагы илимий пикирлерди талдай келгенибизде, кыргыздардын басып өткөн тарыхы узак мезгилди камтып, эл катары калыптануу, отурукташып жашоо, мамлекет түптөө татаал шартта жүргөн. Жогорудагы пикирлерге кошумча айта кетсек, айрым иликтөөчүлөр "Манас" эпосундагы кыргыздардын Ала-Тоого келиши жөнүндөгү атайын өзөк окуяга байланыштырууга далалат кылышат. Биздин пикирибизде, колдо бар маалыматтарга таянып, кыргыздар байыркы мезгилдерден бери Борбордук Азия менен Алтайга чейинки кеңири аймакта, башкача айтканда, азыркы жашап турган Кыргызстандын аймагынан Кытайдын Текес, Кулжа, Жылдыз, Күнөс, Бостон-Терек, Үрүмчү деген жерлеринен Алтайга чейинки аралыкта жоокерчиликке жана жайытка байланыштуу көчүп-конуп жашап келишкен. Саясий, экономикалык жана маданий жагдайларга байланыштуу көптөгөн ири жана майда уруу топторун өздөрүнө сиңирип алуусу да толук ыктымал. Изилдөөчүлөр кыргыздын байыркы уруулары коңурат, төөлөс эки бөлүндү болуп кыргыз деген ат менен азыркы ээликтеп турган жерлери – Алтайда, Ала-Тоодо, Памирде, Казакстанда жана Кытайда үзгүлтүксүз жашап турушкандыгын көрсөтүшкөн.

### 4.2. Жер-суу аттары жөнүндөгү элдик уламыштар – Борбордук Тянь-Шандын кыргыздарынын этникалык тарыхын изилдөөнүн булагы

А.Чорбаевдин тарыхый уламышында "Ээнсайдан Ай-Көл, Кой-Көл, Шарпылдак, Кара-Калкан, Жылдыз жана Кундуз деген жерлерге бир тууган төрт адам көчүп келет. Ал жактан Рыстаркан, Долон жана Оргочор деген үч бир тууган Кер-Көлгө (Ысык-Көлдүн эски аталышы) көчүп келишет, ал эми төртүнчүсү – Узун Калпак Муратай төмөнүрөөк, Сыр-Дарыянын жээгинен орун алат. Оргочор өзүнүн ысмы менен аталган жерде каза табат (Ысык-Көлдүн жээги), Долондун тукумдары Ысык-Көл менен Тянь-Шанды konуштап жашап калышат, ал эми Рыстаркан болсо Чыңгызхан менен бирге кетет" (4, 771 – 772).

С.М.Абрамзон А.Чоробаев тарабынан жыйналган О.Жаманжээновдун айткан төмөндөгүдөй уламышын жазат: "Катаган уруусу мурда Талас дарыясынын өрөөнүндө жашап, аларды бир туугандар Шамий султан менен хан Турсун башкарып турган. Коңшу аймактарда башында Эшимкан (кыргыздар Ишимканды ушундайча аташкан) турган кыпчак уруусу көчүп-конуп жүргөн болот. Эшимканга Ысык-Көлдүн чыгыш жээгинен орун алган көлдүн башы Көкө-Күлүсүн деген жерге калмак Ажаан көп кол менен келип, бүт кыргыздарды, боюнда бар аялдарга чейин кырып жатат деген кабар жетет. Ошондо Эшимкан белгилүү адамдарды чогултуп, ага Турсун ханды да чакырууну чечет. Ал Турсунга Ажаан менен биргелешип салгылашууну сунуш кылат.

Баарынан мурда Эшимкан өзүнүн саяпкер сынчысына өзүнө мингич ат тандоого буйрук берет. Сынчы Түгөл бийге таандык болгон Шарпкул деген күлүктү көрөт. Сынчынын кеңеши боюнча, Эшимкан 70-80 кишинин коштоосу менен Түгөл бийге барат да, чоң урмат-сый менен конок болуп, убактылуу пайдалануу үчүн (күч) атты алып кайтат.

Эшимкан жүрүшкө аттанат. Салгылашуу болот, ошондо Ажаан өзүнүн Телишалкы деген аты менен качат. Эшимкан аны кууп жетип, өлтүрүп, көп олжо менен Каркыра жана Кеген деген жерден Түп – Жыргалаң дегенге келет. Бул жерде ал эл менен кеңеш куруп, эс алат, ошондуктан бул жер Жыргалаң деп аталып калат (4, 772). Андан кийин Эшимкан каалагандарга жана жакшы мингич аты барларга өзү менен кошо Таласка барууну сунуш кылат. Калгандары болсо алардын артынан шашылбай жай келүүгө тийиш эле. Эшимкан менен мыкты күлүк ат минишкен беш адам кошо чыгышат. Аттардын биринин аты Тору-Айгыр, экөө – Кара-Буурул, экөө – Ак-Сур, мунун бири жорго экен. Таласка кетчү жолдо жолоочулардын күлүктөрү өлүп, жолдо конгон жерлер ал күлүктөрдүн аты боюнча – Тору-Айгыр, Чоң-Ак-Суу, Кичи-Ак-Суу, Кара-Буурул, Жоргонун бели деп аталып калат" (4, 772 – 773).

XVI жана XVIII кылымдар бою баскынчы жунгарларга (ойротторго) каршы жүргүзүлгөн узак согуштардын мезгили Борбордук Тянь-Шандын топонимикасында өз чагылышын таап, ал эми ошол мезгилдерге таандык болгон окуялар карыялардын эсинде сакталып калган (4, 772).

Уламыштардын бир кыйла олуттуу бөлүгү Тянь-Шанда ойроттор (калмактар) үстөмдүк кылып турган мезгил менен байланыштуу. Көпчүлүк уламыштарда Тянь-Шанга калмактар келгенден кийин кыргыздар бул жактан сүрүлүп чыгарылганы айтылат. А дегенде Ысык-Көлдөн бугулар куулуп, алар Борбордук Тянь-Шанга ооп кетишкен, кийинчерээк калмактар ал жактан бүткүл кыргыздарды кетүүгө аргасыз кылган (4, 774.).

Айрым бир маалыматтарга караганда, калмактар Ысык-Көл боюн жана Тянь-Шанды ээлеп алгандан кийин да кыргыздар Чүй жана Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө жашоосун уланта беришкен (87б, 42).

С.М.Абрамзондун оюу боюнча, калмактардын Борбордук Тянь-Шанда узак убакыт бою жашап тургандыгы топонимикалар менен да ырасталарына көңүл буруу керек деп, Дөдөмөл айылынын аталышы (Тогузторододо) калмактыкы деп эсептейт. Ат-Башы районунда Буркан, Чоногур ашуусу, Калмак-Арык, Улаан ашуусу, Олдомур (кырг. Соку-Таш, Шиш-Чоку же Таш-Чоку) (4, 776).

Кыргыздардын этникалык топторунун ичинен эң байыркылардын бири болгон дөөлөс (төөлөс) тобу өзгөчө орунду ээлеп турат. Дөөлөс тобу азыркы учурда бири-биринен алыс турган аймактарда (Алтайда, Ат-Башы районунун Пограничник айылында, Ош облусунун Жаңы-Ноокат районунда (15 миң дөөлөс), Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө, Аң-Өстөн, Боз-Бешик, Чоң-Кызыл-Суу, Жалгыз-Өрүк жана Сүттүү-Булак айылдарында жашап турушат.

1953-жылы кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отряды иштеген учурда дөөлөс тобунун Ысык-Көл боюна кандайча шартта пайда болгондугу жөнүндө аң-өстөндүк С.Кыдыралиевден (65 жашта) төмөндөгүдөй маалыматтар жазылган: "Кызыл-Уулдун уулу – Кыпчак, Кыпчактын уулу Дөөлөс, Дөөлөстүн уулу Толуман болгон. Толумандын тогуз уул, бир кызы бар экен. Күндөрдүн биринде калмактын ханы Толумандан сулуу кызыңды, аны менен кошо атактуу Тору-Айгырыңды бересиң деп талап кылат. Бул айгырды бардык жылкылардын ээси, колдоочусу Камбар ата деп эсептешчү. Тору-Айгыр жылкыларды илдеттен, айрыкча маңка оорусунан коргоп турган, ошондуктан Толумандын жылкысы көп болгон.

Толуман хандын талабын аткарып, кызын Тору-Айгырга мингизип жөнөтүп жиберет. Кызы менен атынан айрылгандан кийин, Толумандын жылкылары илдеттен өлүп, өзү кедейленип калат. Ошондо ага Тору-Айгырдын жалынан жок дегенде бир талын алып келүүгө кеңеш беришет. Эки жылдан кийин Толуман өзүнүн кенже уулу Чулум кашканы кызына жиберет. Күндөрдүн биринде ал Тору-Айгырдын көкүлүнөн бир нече кыл кесип алып, андан нокто өрүп коёт. Ушундан кийин Толумандын жылкыларында өлүм-житим токтойт. Калмактын ханы бул жөнүндө билип калып, баланы кармап келүүгө буйрук берет. Бирок ал качып, Ысык-Көлгө келет. Бул жерде ал үйлөнөт. Ысык-Көлдө жашаган дөөлөстөр анын тукумдары деп эсептелинет. Ошондон тартып дөөлөстөрдө кызын күйөөгө бергенде аны тору атка мингизбөө, сепке кошуп тору жылкы бербөө салт болуп калган" (4, 769 – 770).

Бул уламыштан сырткары жогоруда аталган топ Жаңы-Ноокат районундагы Толуман айылында жашаган А.Досматовдон (73 жашта) ушул айылдын тургундарынын жакынкы ата-бабасы Калчабай менен байланышкан дагы бир уламыш жазып алган.

Калчабай деген кедей адам болгон экен. Күндөрдүн биринде Калчабай жаандан кийин көк желени көргүсү келип, дөңгө чыкса, дөңдө жаңы эле туулган кулун турат, жанында эч кандай аттын изи жок. Үйүнө келип бир койду садага чаап, мууздап кудайы өткөрөт. Баягы дөңгө кайра келсе, жанында тогуз бээ бар Тору-Кашка айгыр турганын көрөт. Калчабай дагы ырымын жасап дөңгө келсе, көп жылкы жүргөн болот. Соорусунда ай тамгасы бар, маңдайы кашка Тору-Кашка көп сандаган жылкынын алдында баштап жүрөт. Калчабай ушундайча бай болуп калган экен. Калчабайдын жалгыз кызы болот. Ага коңшу саруу уруусунан бирөө куда түшөт. Ал "Кызың Тору-Кашканы минип келсин!" деген талап койгондо, Калчабай аткарганга аргасыз болот. Ушундан кийин, Калчабайдын жылкылары ылаңдан өлүп, адамдары да апаат боло баштайт. Калчабайдын тапшыруусу боюнча бир киши айгырды өлтүрүп, анын башын кесип алып келип берет. Ошондон тартып Калчабайдын иши оңолот.

Тору-Кашканы жылкылардын ээси-колдоочусу (Камбар Ата же жылкылардын камбары) деп эсептешкен. Калчабай уруусуна

жакын уруктардын бардыгы (додон, кенже-тукум, дүкөн) Тору-Кашка Калчабайдын колунда жүргөндө жылкыларын Тору-Кашканын тукумунан өстүрүшкөн. Ошондон тартып дөөлөстөрдүн бул тобу ай тамга деп аталып калган.

С.Абрамзон бул эки уламыштын мазмундарынын окшоштугун эки бөлүнүп калган дөөлөс топторунун ортосунда түпкү генетикалык байланыштын бар экендигин далилдеп тургандыгын, уламыштагы айрым деталдардын негизинде дөөлөстөрдүн ысык-көлдүк тобунун ата-бабалары Ысык-Көлгө 17 кылымдын орто чендеринде келишкен деп болжолдоп, өз кезегинде түштүк кыргыз дөөлөстөрү өздөрүнүн ата-бабалары Синьцзяндын түштүк бөлүгүнөн келишкен деп божомолдошот деген маалымат келтирет (4, 770).

Жазып алынган уламыштарда жаныбарлардын (жылкынын) ээси-колдоочусу жөнүндөгү, о.э. малдын өзүндө гана эмес, анын айрым мүчөлөрүндө (кылында, канында, башында ж.б.) сыйкырдуу күчтүн бар экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдүн кызыгарлык калдыктары мусулманчылыкка чейинки диний көз караштардын бул издери кыргыздардын байыркы дүйнө таанымы жөнүндөгү башка маалыматтар менен толук үндөшүп турат (4, 770).

Азыркы мезгилде жашап жаткан ысык-көлдүк дөөлөс уруулары С.М.Абрамзондун келтирген уламыштарынан башка-чараак уламыштарды айтышат. Ак-Дөбө айылынын жашоочусу, Саты Абдымамбетовдун айтымында, Кудаяр хандын убагында Толумандын кызына куда түшүп келишет. Кудаяр хандын обозгери сынчы, кыраакы, акылман адам болуптур. Ошондо ханга обозгери алтын, күмүш дүнүйөң өзүңө жетишет, Толумандын байлыгына кызыкпа, болгону колуңдан келсе, желесинде байланып турган Тору-Айгырын кызына кошуп ал, куржундагы даамынан ооз тийсең болду. Тору-Айгыр – жылкынын камбары, аны менен сага көп жакшылыктар кошо келет деген кеңешин айтат. Хан обозгердин айтканындай Толуманга билдирет. Хандын сураганын бербегенге Толумандын аргасы жок эле. Ал Тору-Айгырга мингизип, кызын узатып жатканда эки көзүнөн жашы алмак-салмак куюлуп турган экен.

Ошол күндөн баштап, кыздын атасынын жылкылары темтең

оорусу менен ооруп, өлө баштайт. Ошондо Толуман кенже баласы (тогуз уулунун ортончу баласы деп да айтылат) Чулумду кандай болсо да Тору-Кашканы уурдап келүүнү буюрат. Чулум – Толумандын эң чыйрак, өтүмдүү баласы болуптур. Чулум хандын ордосуна кире албай, Тору-Айгырдын кайда экенин таппай алты айлап жүрөт. Акыры хандын ордосуна кирип, ар кандай жумуштарын жасамыш болуп бардыгын изилдеп чыгат, бирок максатын ишке ашыра албайт. Аргасы түгөнгөн Чулум түн кирген-де, Тору-Айгырды мууздап, бир ууч канын жана жинин куржунга салып келип, желеге чачат. Ошондон кийин Толумандын жылкы-ларындагы темтең оорусу токтоп, калган жылкылары аман калат. Бул ишти ким жасаганын хан өз ичинен Толумандын башка балдарынын колунан келбейт, Чулумдун гана колунан келди деп билип коёт. Толуман баласын качырууга туура келет. Хан Чулум-дун артынан түшүп алат. Ошол куугундан качкан Чулум өз атын жашырып, атын Кашка деп изин суутат. Ал азыркы Ысык-Көлгө келип, жергиликтүү бугу элдери менен бир туугандай болуп жашап калган экен (Бул уламышты Саты карыя бала кезинде санжырачы Бексултандан, Абдымамбеттен уккан, алар чоң-кызыл-суулук Кур-ман деген санжырачы ушундай айтаар эле деп эскерип турушкан. Бул вариантты дээрлик Жети-Өгүздөгү дөөлөс, тилекмат уруулары бир аз өзгөртүүлөрү менен айтышат).

### 4.2.1. Ысык-Көл топонимиясы боюнча элдик уламыштар

Кыргыз фольклор таануу илиминде кеңири тараган жанр-лардын бири – уламыш. Уламыштар – элдин тарыхий жана мада-ний баалуулуктарын билүүгө жардам берген каражаттардан. Кыр-гыз элинде оозеки чыгармачылык бай болгондуктан, байыркы мез-гилден бери окуяларга, кубулуштарга, нерселерге түшүндүрмө берүүчү уламыштар негизги мааниге ээ болгон. Уламыштарда уруу, улут тарыхы, ишенимдери, жашоо-шарты, руху, өкүнүчү жана сүйүнүчү сыяктуу маселелер камтылат. Кыргыз уламыштары маз-муну жагынан кыска, бирок түшүнүктүү болуп, көпчүлүк учурда оозеки түрүндө айтылган. Кыргыз эли басып өткөн тарыхын уламалап, муундан-муунга, ооздон-оозго кылымдар бою айтып келишкендиктен, жер-суу аттары да эл оозунда уламышка айланган.

Кыргыз фольклористтеринде азыркы мезгилге чейин, уламыш термини тууралуу бирдиктүү пикир жок (204; 16; 100). Илимпоздордун ичинен Т.Танаевдин: "Уламышты легенда жана уламыш деп экиге бөлүү туура эмес, синоним сөздөр" (204, 73 – 74) деген пикири жүйөлүү. Ал уламыш тууралуу аныктамасында: "Өткөндү, учурду жана келечекти фантастикалуу түрдө баяндаган жанрдын бири" деп түшүндүрсө, К.Байжигитов: "Уламыштардын мазмундарынын тарыхый негизи бар. Бул касиетти жана негизги атрибутту сактаган уламыштар азыркы күнгө чейин муундан-муунга өтүп айтылып келет. Айтуучу (баяндоочу) уламыштарга канчалык деңгээлде кыялдан чыгарылган окуяларды кошсо да, уламыштар угуучулар тарабынан чындык катары кабылданат" (16, 9) деп жазат. Ал эми Р.Кыдырбаева менен А.Муратовдордун пикиринде: "Уламыш – элдик адабиятта кеңири колдонулган баяндоо жанрынын бири. Мазмунунда тарыхый бир чындык тарыхтагыдай эле баяндалат жана турмуш чындыгында кездешкен окуялардан сөз кылынат. Уламыштарда тарыхый инсандар, окуялар, көрүнүштөр жана жерсуу аттарынын келип чыгышы тема катары алынат" (131, 310).

Ысык-Көл топонимиясына тиешелүү уламыш биринчи жолу Махмуд Кашгаринин орто кылымдарда жаралган сөздүгүндө кездешет (132б, 1054). Махмуд Кашгари Барскоон топоними тууралуу эки уламыш жазып калтырган: 1) "Барсган – Афрасийабдын уулунун ысымы; 2) Бул жердин таза абасы үчүн жылкыларды айдап келген кайсы бир уйгур бийлик эгесинин кол алдындагы жылкычынын ысымы, ошондон улам шаар да кийинчерээк Барскан аталып калган".

Махмуд Кашгари уламыштардын биринчисин туура деп кабыл алган сыяктуу. Орто кылымдарда жашаган барскандык (барскоондук) Махмуд Кашгаринин топонимдин маанисин чечмелөөдөгү алгачкы аракети Кыргызстандын топонимиясы, анын ичинде Ысык-Көл топонимиясы үчүн чоң мааниге ээ.

Аталган маселе боюнча кыргыз топонимисттери, лингвисттери жана географтары да өзүлөрүнүн илимий пикирлерин билдиришкен (5; 69; 82; 84; 129; 227).

Ү.Асаналиевдин "Жер-суунун аты – өткөндүн тарыхы" макаласында (5, 4) топонимдердин этимологиясын чечмелөөдө уламыштар кандай мааниге ээ экендиги айтылат.

Д.Исаевдин "Жер-суу аттарынын сыры" китебинде Ысык-Көл, Тору-Айгыр, Сан-Таш жана Жети-Өгүз жөнүндөгү уламыштарга орун берилип, топонимдердин келип чыгышында уламыштар элдик этимология катары көрсөтүлөт (84). Жети-Өгүз, Ысык-Көл тууралуу уламыштар С.Умурзаковдун эмгектеринде да бар. Ал Жети-Өгүз топоними жөнүндөгү уламыш топонимдин келип чыгышына негиз боло албастыгын көрсөтөт (227, 62 – 64).

Ж.Мамытов "Туулган жер жөнүндө" деген макаласында Кой-Сары жана Каракол топонимдеринин келип чыгышын талдоого алат. Бул макалада Кой-Сары жөнүндөгү койго байланыштуу уламыштар, Каракол тууралуу кыргыз тилинин азыркы өнүгүш абалындагы маанисинде – кара түс жана адамдын дене мүчөсү же аскер (чёрная рука, чёрная войска) деген маанилер менен байланыштырып түшүндүрүүгө болбой тургандыгын белгилейт (129, 3).

Ш.Токомбаев: "Сан-Таш топоними жөнүндө Семёнов Тянь-Шанскийдин жазып алган уламышы тарыхый фактылардан бир кыйла алыс, азыркы илимий маалыматтарда Сан-Таш дөбөсү биздин заманга чейинки VI – I кылымдардагы жашашкан сактардын көрүстөнү" деп эсептейт (82, 15).

Жер-суу аттарынын сырларына кызыкпаган адам жок болуу керек. Ошондуктан Ысык-Көл облусундагы географиялык аттарга байланыштуу маселелер саякатчылардын, акын-жазуучулардын жана окумуштуулардын көңүлүн мурдатан бери өзүнө буруп келген. Саякатчылар жана окумуштуулар – П.П.Семёнов-Тянь-Шанский (192, 164 – 165), Ч.Валиханов (41, 236 – 257), Соколов-Микитов (137, 193 – 194), С.М.Абрамзон (3, 320 – 321) өзүлөрүнүн эмгектеринде жер-суу аттарынын маанисинин келип чыгыштары жөнүндөгү маселе боюнча алгачкы уламыштарды эл оозунан жазып алышкан. Алар уламыштарды жазуу ишинде жергиликтүү кыргыз элинин ичиндеги жер-сууну мыкты билген куйма кулак, сөз билги, санжырачы жана рухий жагынан бай адамдарга таянышкан.

Семёнов Тянь-Шанский 1957-жылы 9-июнда Сан-Таш дөбөсүн биринчи жолу көрүп, жергиликтүү кыргыздардан Сан-Таш топониминин аталышы жөнүндөгү эл оозунда айтылган төмөнкү уламышты жазып алган:

"…Аксак Темир XIV кылымдын акырында Чыгыштагы

өлкөлөрдү каратканы баратып, Түп суусун кечип өтөөрдө аскерлерине: "Ар бир жоокер сайдан бирден таш алып, белдин түзүнө үйсүн!" деп буйрук берет. Чыгышта көп жеңиштерге ээ болгондон кийин, ал кайрадан Сан-Таш аркылуу өтүп бараткандa үйүлгөн таштан бирден алып анын жанына кайра үйүүгө буйрук берет. Мурдагы таш дөбө бир кыйла кичирейет, бирок таш түгөнбөйт. Ошентип мурунку дөбөдө калган таштар Чыгышта курман болгондордун санын көрсөтүптүр…" (192, 164 – 165).

Орус саякатчысы, жазуучусу Иван Сергеевич Соколов-Микитов 1940-жылы Кыргызстанга келгенде, Жети-Өгүз топоними тууралуу жергиликтүү элдерден уламыш жазып алат (137, 193 – 194). Бирок уламыштын ким тарабынан айтылгандыгы, жашы, уруусу жазып калтырылган эмес.

Казак окумуштуусу, этнограф Ч.Валиханов 1856-жылы апрель-июль айларында Ысык-Көлгө келгенде, Сан-Таш, Каркыра жана Бакалы топонимдери боюнча уламыштарды күндөлүгүндө (41, 236 – 257) жазып калтырган. Ал Сан-Таш топоними тууралуу Аксак Темирге (Темирлан) байланыштуу уламышка токтолуп, уламыштагы маалыматтар тарыхый маалыматтарга карама-каршы келерин айтат (41, 256). Андан сырткары Каркыра суусу жана Бакалы жөнүндө кыскача төмөндөгүдөй уламыштарды жазган:

"Киргизы в один из набегов на калмык захватили на этой реке двух молодых девушек, дочерей зайсана. Аул их только что снялся на кочевку. Они остались на месте, чтобы заняться туалетом и явиться на кош – сборное место – в нарядном и праздничном виде. На головах своих они имели перышки, султаны. Киргизы перья эти называют каркара. Вот и начало названия Каркары и легенда о том" (41, 257).

"Бакалы – значит лягушачье место. …Киргиз из рода Сарыбагыш уверял.., что когда манап их Умбет-Алы зимовал там, то в одном роднике всю зиму квакали лягушки. Он говорил также, что те лягушки имеют белую кожу и величиной ладонь" (41, 279).

Ч.Валихановдун Ысык-Көлгө келгендеги күндөлүгүндө Суук-Төр жана башка жер аталыштары тууралуу да элдик уламыштары учурайт (41, 236 – 237). Бакалы жана Каркыра жөнүндөгү уламыштары 1987-жылы чыккан "Киргизские народные сказки" (311–312-беттер) китебинде да берилген.

Түркolog, этнограф С.М.Абрамзон этнографиялык экспедициясында Чолпон-Атадан бир молдого кезигип, Кыргызстандагы ыйык жерлер жөнүндө уламыш жазып алган (3, 320 – 321).

Х.Карасаевдин "Камус наама" китебинде Чолпон-Ата топоними жөнүндө уламышы берилген:

"Азыркы Курский кыштагынын четинен тоону караганда тоонун бетинде бир кыз узунунан жатканы, анын жанында атасы тике туруп карап турганы көрүнөт. Ошол жаткан кыздын аты Чолпон имиш" (96, 779 – 780).

Ж.Мукамбаевдин Чолпон-Ата жөнүндөгү уламышы 1980-жылы чыккан "Менин жомокторум" китебинде берилет (149, 160 – 163).

Б.Зюков 1962-жылы "Ысык-Көлдүн толкундары" чыгармасында Ысык-Көл тууралуу уламыштарды жарыялаган (75, 15 – 18). 1962-жылы С.В.Узин "Географиялык аттардын сыры" эмгегинде кыргыздардын жер аттарына тиешелүү уламыштарды берет (221, 8 – 10).

Ч.Жумагуловдун 1983-жылы "Ленинчил жаш" гезитине "Тамга-Таштын сыры" макаласы жарык көргөн (69, 5). Макалада Тамга топонимине байланыштуу элдик уламышы берилген.

Жазуучу Ж.Медетовдун "Жер ысмы" китебинде Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы Тору-Айгыр топоними жөнүндө уламыштар чагылдырылган (135, 128 – 207). Жазуучу бул уламыштын мазмунун көркөм чеберчилик менен кайрадан жараткан.

Жазуучу О.Айтымбетов Ысык-Көл топоними тууралуу "Теңир-Көл" тарыхий таржымалы бар уламыш жазган. А.Байбосуновдун "Кыргыздардын илимге чейинки табигатка байланыштуу түшүнүктөрү" эмгегинде кыргыздардын жер аттары боюнча уламыштары берилген (15, 5).

2005-жылы А.Дыйканбаеванын "Кыргыз уламыштары" китеби жарык көрдү. Бул эмгекте 206 уламыш киргизилген. Анын ичинен Ысык-Көл топонимиясына тиешелүү Ысык-Көл, Тору-Айгыр, Чолпон-Ата, Манастын тоосу, Айдың-Көл, Хан тактысы, Үч-Кайнар, Тамга, Жаргылчак, Оттук жана Манастын ташы сыяктуу уламыштар камтылат (58, 212 – 296).

Кыргыз эли уламышка бай, бирок жогоруда аталган саякатчылардын жана окумуштуулардын эмгектеринде учураган уламыштар Ысык-Көл топонимиясы боюнча аз санда экендиги

байкалат. Анын себеби жер-суу аттары жөнүндөгү уламыштар азыркы мезгилге чейин атайын иликтөөгө алынбай, комплекстүү түрдө жыйналып-чогултулбай келгендигине байланыштуу. Ошондой эле, топонимисттер уламыштар тууралуу бир жактуу, башкача айтканда, тезис түрүндөгү элдик этимология катары айтылган пикирлер ортого коюлуп келди. Ошондуктан көтөрүлгөн маселени чечүү максатында Ысык-Көл облусундагы жергиликтүү жашаган элдерден географиялык аттар жөнүндөгү элдик уламыштарды жыйноо иши жүргүзүлүп, анын натыйжасында уламыштар топтолду.

Жалпысынан уламыштар өтө көп санда экендиги белгилүү болду. Анын себеби жергиликтүү элдердин жашоосунда жер-суунун колдонулушунун маанилүү экендигинен улам болгон. Ар бир адам өзүнүн жашап жаткан жеринин маанисин алардын аттарында берген. Ошондуктан уламыштар жаралган.

Географиялык аттардын качан, кайсы убакта, кимдер тарабынан коюлгандыгы белгисиз. Ушул маселелерге байланыштуу жергиликтүү элдер өз турмушундагы ар кандай тарыхый окуяларга карата табиятты сактоо, эли-жерин ардактоо жана жашоо-шартка тиешелүү уламыштарды жаратышкан.

Биздин топтогон уламыштарыбызда бир аталыш тууралуу бир нече варианттагы уламыштардын болушу жана аймактык жагынан башка башка жерлерде кездешкен жер-суу аттарынын чечмелениш мазмунунун окшош болушу сыяктуу уламыштар өзгөчө кызыгууну пайда кылды. Көп варианттуу уламыштарга: Жети-Өгүз, Кокуй-Көл, Каракол, Мыкаачынын коосу, Оргочор, Сүттүү-Булак, Ак-Шыйрак, Келин-Тайгак, Капа-Булак (Жети-Өгүз районундагы Кара-Күнгөй тоосунда) – Капа-Булак (Ак-Суу районунда), Сабатар, Чырак, Сан-Таш, Үч-Кайнар, Токтоян, Ыштык, Чолпон-Ата, Тоң, Барскоон жана башкалар кирет.

Ал эми мазмундук окшоштугу менен өзгөчөлөнгөн, башкача айтканда, кайталоо кубулушундагы аталыштар: Кыз-Күйөө (Боом капчыгайында) – Кыз-Күйөө (же Кулаган-Таш – Жети-Өгүз районунда, Сырт өрөөнүндө), Кокуй-Көл (Жети-Өгүз районунда) – Балтыр-Бешик-Көл (Сырт өрөөнүндө), Ак-Терек (Тоң районунда) – Ак-Терек (Жети-Өгүз районундагы Ак-Терек айыл өкмөтүндө жана Барскоон капчыгайында). Жаргылчак (Жети-Өгүз районунда) –

Жаргылчак (Ак-Суу районундагы Энчилеш айылынын аймагында), Ак-Кудук (Ак-Суу районундагы Үч-Кайнар айылында) – Ак-Кудук (Жети-Өгүз районунун Боз-Бешик айылында) жана башкалар.

Жогоруда айтылган саякатчылардын, окумуштуулардын жана жазуучулардын эмгектериндеги уламыштар жана биздин жергиликтүү элдерден жыйнаган Ысык-Көл топонимиясына тиешелүү уламыштар Кыргызстандын топонимиясы, кыргыз тарыхы, географиясы жана фольклор таануу илимдеринде кеңири пайдаланылышы ыктымал.

### 4.2.2. Кыргыз топонимдери – теңирчилик маалымат булагы

Топонимдер – көптөгөн доордун күбөсү жана азыгы. Тилдин жана элдин тарыхында, географияда, этнографияда, археологияда, геологияда бай материалдарды өз ичине камтыйт. Ошондой эле жалпы адамзат турмушунун ар бир басып өткөн доордогу элдердин ошол чөйрөгө, коомго болгон дүйнө таанымын жана мамилесин билдирет. Ошондуктан азыркы мезгилде топонимиканын мааниси өтө чоң. Совет бийлигинин жылдарында компартиянын идеологиялык саясатына байланыштуу байыркы мезгилден бери жашап келаткан кыргыз элинин тарыхы, тили, дини толук иликтенилбей окумуштуулардын көз жаздымында калып келген. Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон баштап, аталган маселелерге жаңыча көз караашта баа берүү зарылчылыгы келип чыкты.

Белгилүү чыгыш тарыхчысы, академик В.В.Бартольд "Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер" деген эмгегинде: "Кыргыздар Орто Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирет. Азыркы кезде Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кезиккен бир дагы эл болбоо керек" деп жазган (20, 16). Кыргыз элинин байыркы эл экендиги азыркы мезгилде да окумуштуулар тарабынан толук далилденилди.

Кытайлык изилдөөчү Үсөйүн ажы: "Кыргыздар байыркы заманда жалпы түрк элдери сыяктуу шаман динине ишенип келген. Шаман деген аталма ушул динге ишенүүчүлөрдүн башчысынын аты болуп, ошонун аты менен аталган. Татарча "Диндер тарыхы" деген китептин "Байыркы түрктөр жана шаманчылык" деген баяндамасында байыркы түрктөр 5 түрлүү элементке ишенген, булар – жер, жыгач, күн, от, суу болуп кийин жер менен көккө гана

бириккен. Шаман дининдегилер Көк Теңирине сыйынгандан сырткары дарыяга, булакка, тоого да сыйынышат, бул элементтерди келечекте боло турган иштерден кабар бере алат" деп жазат (70, II, 114).

Орус изилдөөчүлөрү шаманизмди алгачкылардан болуп иликтеп, биринчи эмгектерин жаратышкан (141). XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында Орто Азия элдеринин үрп-адат, салттары жана алардын ишеними болуп келген шаманизм дини изилденилет. Анын натыйжасында илимий чөйрөдө шаманизм, анимизм, тотемизм, фетишизм сыяктуу терминдер пайда болгон.

Ч.Өмүралиев "Теңирчилик" аттуу эмгегинде байыркы түрктөрдүн динин атоодо "шаманизм" терминин колдонуу туура эмес, ошондуктан кыргыз илимпоздорунун ар кыл пикирлеринин ортого коюлушунун натыйжасында "теңирчилик" термини кеңири тарагандыгын белгилеген (174, 7).

Т.Чороев жана К.Молдокасымов сыяктуу тарыхчылар: "Теңир", "Теңир кулу" "Теңир эли" сыяктуу сөздөрдүн Эне-Сай эстеликтеринде учурашы бул калктын негизги дини теңирчилик экенин айгинелейт" деп карайт (121, 119). Чындыгында кыргыздар түрк урууларынын эң байыркысы болгондугу талашсыз. Алар көкбөрү, илбирс, бугу сыяктуу айбандар ыйык туткан тотемдери болгондугу, башка түрктөрдөй эле кыргыздар да Теңирге (Көк – анын символу), жер-сууга, Чолпон жылдызга, Айга сыйынганы, отту ыйык тутканы байыркы доордон башталган. Азыркы мезгилде да теңирчиликтин айрым белгилери Кыргызстанда жашаган кыргыздардын дилинде сакталып калгандыгын көрөбүз. Биздин оюбузча, байыркы ишеним кыргыз элинин ар биринин канында сакталып калган болуу керек. Далил катары бакшылык, төлгө салуу, түш жоруу, жылдызга карап келечекти белгилөө, тоого, отко, даракка, булакка, көлгө сыйынуу, айга жүгүнүү, түлөө өткөрүү, курмандыкка мал чалуу ж.б. сыяктуу белгилер тастыктайт. Бул белгилердин (элементтердин) бүгүнкү күндө болушу – теңирчиликтин калдыгы. Теңирчиликтин айрым белгилери Кыргызстандын Түндүгүндө көбүрөөк сакталып калышы өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Кыргыз элинин табигат менен байланышы теңирчилик сыяктуу байыркы убактарда пайда болгон диний ишенимдердин келип чыгышына себеп болгон.

Биздин иликтөөбүздө Кыргызстандын топонимиясында теңирчиликке байланыштуу сакталып калган бир катар символикалык маанидеги топонимдердин катары белгилүү болду.

Кыргыздар жер-сууну, жаратылышты бүтүн, ажырагыс нерсе катары эсептешкен. Анткени алардын турмуш-тиричилигиндеги муктаждыгы, б.а. көчмөн турмушу жыл мезгили келгенде жаздоого, жайлоого, күздөөгө жана кыштоого көчүп жашоого эгедер кылган. Ысык-Көл облусу боюнча бүгүнкү мезгилде да жергиликтүү болуп жашашкан кыргыз элинин ичиндеги уруулары тарабынан "Ыйык" эсептелинген жерлер катары Манжылы-Ата, Чолпон-Ата, Каракол-Ата, Шың-Ата, Жалгыз-Өрүк, Ак-Терек (Ак-Терек айыл өкмөтүндө), Хан-Теңири, Ак-Кочкор, Ак-Теке, Шырдакбектин кан сарайы, Эки-Тал, Ак-Терек (Тоң районунда), Ак-Терек (Барскоон капчыгайында), Бакалуу-Көл, Ак-Бакшы, Бугу-Эненин мазары, Таштар-Ата, Кокуй-Таш, Бууракан, Ак-Бака, Ысык-Көл жана башка жерлерге сыйынып турушат. Бул жерлер ыйык жер катары теңирчиликтин ар кыл белгилеринде жергиликтүү болуп жашашкан кыргыз уруулары тарабынан сыйынылат.

Айтылган көз караштар далилдүү болуу үчүн төмөндөгү маалыматтарды келтирели.

**Ак-Бака** – Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылындагы булактын, жердин аты. Кичи-Кереге-Таштын жанында. Ак-Суу айылынын жашоочусу Турумбаев Абдыштын айтымында, бул булактын жанында үч ачакей болуп чоң каратал өскөн. Талды кыйган адам көп жашабай ооруп каза болуптур. Мурунку мезгилдерде бул булактан Ак бака чыгып турган, жер титирөөдөн кийин чыкпай калган (73.б).

Жергиликтүү информаторлордун көпчүлүгү бул жерди Ыйык жер катары түшүнүшүп, өз мезгилинде Кыдыр аке ушул булакка келип талдын түбүнө көп эс алып жаткан керемет жер болгондугун айтышат.

**Ак-Бакшы** – Тоң районундагы тоонун, жердин аты. Бул жердин баш жагы токойлуу келет. Мурунку мезгилде күчтүү жыландар көп болгон жер. Жергиликтүү элдер ыйык жер катары сыйынышат (12.б).

**Ак-Кочкор** – Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз айыл өкмөтү-

нө караштуу айылдын аты. Кара-Күнгөй тоосунун чыгыш тарабында жайгашкан. Элдик уламыштарга караганда, пайгамбар өз баласын курмандыкка чалганы жаткан мезгилде, айылдын жогору жагындагы тоодон бир ак теке, ак кочкор пайда болот. Пайгамбар курмандыкка ошол ак текени чалат. Ошол окуядан кийин, ак кочкор пайда болгон жер, айыл Ак-Кочкор деп аталып калган (55.б.).

Биздин иликтөөбүздө Жети-Өгүз районунун Кара-Күнгөй тоосунун батыш тарабындагы дөң жердин (тоонун) аты Ак-Теке деп аталары белгилүү болду. Бул жер Чоң-Кызыл-Суу айылынын сол жагындагы кире беришинде жайгашкан. Чоң-Кызыл-Суу айылынын жашоочуларынын айтымдарына караганда, ушул жерге жапайы бир теке келип, дайыма оттоп турган. Жергиликтүү элдер бул текени ыйык эсептешип, атууга тыйуу салышкан. Кийин ал теке көрүнбөй калат. Ошол себептен ак теке оттогон жер Ак-Теке деп аталып калган (48.б.).

Кара-Күнгөй тоосунун чыгыш жана батыш тараптарындагы жерлердин бирдей аталышы жана жергиликтүү элдер тарабынан ыйык жерлер катары түшүндүрмө берүүлөрү өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Ак-Кочкор, Ак-Теке сыяктуу жер аталыштарынан тотемдик түшүнүктөрдүн жергиликтүү элдерде сакталгандыгы байкалат.

**Ак-Терек** – Жети-Өгүз районунун Ак-Терек жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын, суунун, Барскоон капчыгайындагы жердин жана Тоң районунун Кызыл-Туу айылындагы суунун, жердин аттары. Жети-Өгүз районунун Ак-Терек айылындагы Ак-Терек көл жээгинде жайгашкан.

Жоокерчилик мезгилде ал жерде көп адамдардын каны аккан. Ошондуктан бул жерде өскөн теректер кыпкызыл болуп өсөт. Кээ бир адамдар бул теректи кыйганда турмуштары бузулуп, адам касиетинен ажырап калышкан. Акыры айыкпас дартка чалдыгып, өлүмгө дуушар болушкан. Ошол себептен бул терек ыйык терек аталып, жергиликтүү уруу элдери дайыма сыйынып турушат (65.б).

Тоң районундагы Ак-Терек топоними жөнүндө да ушундай мотивдик мазмундагы уламалар кездешет. Тоң районунун Төрткүл айылынын жашоочусу Аралбаев Төлөмүштүн айтымында, Ак-Те-

рек мазар терек болгон. Аны кыйган адамдар тез эле ооруга чалдыгып, каза болушкан. Теректен кадимки адамдын канына окшош суюктук бөлүнүп турат. Теректи канча кыйса да, кайра өсө берет. Эр Табылды жарадар болгондо, өргүү алып, дарыланып айыккан жер (12.б.).

Жети-Өгүз районунун Барскоон капчыгайындагы Ак-Терек топоними жогорудагы берилген элдик уламаларга окшош чечмеленилет. Барскоон айылынын тургуну С.Сагалиевдин айтымында, бул жер Эр Табылдынын Ак - Тереги деп аталат (64.б.). Ал Табылдынын жарадар болгон жери катары ушул ыйык жерди белгилейт. Жергиликтүү бапа уруулары бул жерге да сыйынышат.

**Бакалуу-Көл** – Сары-Жаз сыртындагы ыйык көлдүн аты. Мурунку мезгилде бул көлдө ак бака чардап турган. Сары-Жаз жолу салынып жатканда, ак бака башка жакка ооп кеткен. Бул көлдүн касиетинин күчтүүлүгүнөн жол салууда колдонулган жардырууда чоң таш көлдүн ичине түшпөй, жээгине түшкөн. Көлдүн суусунун дарылык касиети да бар болгондуктан, көпчүлүк жердик адамдар, жүргүнчүлөр ички органдарын дарылоо үчүн колдонушат (49.б.). Ыйык жер катары жүргүнчүлөр бул көлгө түнөшүп, касиетине сыйынышат.

**Бугу-Эненин мазары** – Түп районунун Токтоян айылындагы ыйык жердин аты. Кара-Секинин жогору жагындагы тоодо жайгашкан. Бул жерде мазар бар. Мазарга тал өсүп чыккан. Жергиликтүү элдер, бакшылар (молдолор), көзү ачыктар жана чет өлкөлүк туристтер дагы барып сыйынышат (53.с).

**Бууракан** – Ак-Суу районундагы тоонун, жайлоонун жана таш жердин аты. Алмалуу аймагынын ичинде. Тоодогу бул таш атайын койгондой болуп, тик бийиктиги аркылуу өзгөчөлөнүп турат. Таш – төрт бурчтуу, беттери жылмакай келет. Жайлоосунда булактары, кыялары көп. Жайлоодогу таштан төөнүн боздогонундай үн чыгат. Ошол өзгөчөлүгүнөн улам, көпчүлүгү төрөбөгөн аялдар ыйык жер катары сыйынышат (73.б.). Аталган жерлерде көп жылдар малчылык менен кесип кылган Турумбаев Абдыштын айтымында, кай бирөөлөр ушул ташка келип сыйынышкандан кийин, бала көрүшкөн.

**Дулдул-Тоо** – Ысык-Көл районунун Орто-Өрүктү айылынын

тоосундагы ыйык жердин аты. Бул тоодо пайгамбардын тулпары оттогондуктан, чөп чыкпай, такыр болуп калган (80.б.). Чөп чыкпаган ыйык жерге саяк, бугу урууларынын элдери сыйынып турушат.

**Жалгыз-Өрүк** – Жети-Өгүз районундагы айылдын аты. Айылдын тоосунда жалгыз түп өрүк өскөн. Ыйык жер. Өрүктү кыйууга эч ким даай алган эмес (7.б.). Айылда жашашкан дөөлөс уруулары тоодогу жалгыз өрүккө сыйынып турушат.

**Кокуй-Таш** – Ак-Суу районунун Ак-Булуң айылындагы ыйык жердин аты. Көлөмү бир бөлмөдөй болгон ташты кескенде, "Кокуй!" деген үн чыгып, кан куюлат. Ошол окуядан кийин, бул жер Кокуй-Таш деп аталган (49.б.). Бул жерге барып таш менен иштеген адамдар сыйынышат.

**Кулгуна** – Тоң районунун Төрткүл айылынын чыгышындагы булактын аты. Булактын суусу муздак. Булакты ак бака чыгып кайтарып турган. Жанында мазар бар. Андан бак өсүп чыккан (12.б.). Кулгуна – "моюн бездери жарылып чыккан жара" (122, 359). Ошол себептен булакка жергиликтүү элдер дарылануу максатында сыйынышат.

**Таштар-Ата** – Ысык-Көлдүн түштүгүндө: Тоң, Кажы-Саз, Көк-Бел өрөөндөрү менен чектешет. Таштар-Ата тоосу Тоң жана Тосор сууларынын аралыгында кеңдик багыт боюнча 24 чакырымга созулуп жатат. Эң бийик жери 3908 м (Таштар-Ата чокусу) (120, 273). Жер-суунун ээси Таштар-Атага 2005-жылы Президент А.Акаевдин атайын указы менен официалдуу түрдө ыйык жер Таштар-Ата наамы ыйгарылган.

**Кан-Теңири (Хан-Теңири)** – Борбордук Тянь-Шандын эң бийик бөлүгүндө жайгашкан тоо. Тоодогу чоку да ушундай аталышта аталган. Пирамида түрүндөгү чокунун бийиктиги 9995 метр (120,118). Байыркы мезгилден бери мекендеп келген ысык-көлдүк, текестик, сары-жаздык кыргыздар бул жерди Кан-Тоо түрүндө аташкан. Окумуштуулар Э.М.Мурзаев, С.У.Умурзаковдор тарабынан топоним тоонун, чокунун өтө бийиктигинен келип чыгып, "тоолордун каны (падышасы)" деген түшүнүктү туюндурары көрсөтүлгөн (120, 118). Окумуштуулардын талдоолорунда илимий тактык бар. Топоним – Теңирдин, асмандын каны деген мааниден келип чыккан.

**Шырдакбектин кан сарайы** – Тоң районунун Кажы-Сай айылынын аймагындагы ыйык жердин аты. Ыйык жер катарында аймактын эли дайыма сыйынышат (12.б.).

**Ысык-Көл** – Кыргызстандын түндүк-чыгышында жайгашкан эң ири көл. Күнгөй жана Тескей Ала-Тоолору менен курчалган. Окумуштуулар Э.Мурзаев жана С.Умурзаковдор тарабынан Ысык-Көл – "ыйык көл" деген мааниде чечмеленилген (158, 92 – 94). Алар гидронимдин "ыйык" мааниси азыркы кыргыз тилинде унутулуп калгандыгын, бирок айрым сибирдик түрк тилдеринде сакталгандыгын белгилешет. Чындыгында, алтай тилинде ытык, тува тилинде ыдык, хакас тилинде ызых, кыргыз тилинде ызык түрүндөгү сөздөр "ыйык, азиз, керемет, курман, фетиш" деген маанилерде колдонулган. Азыркы жергиликтүү кыргыздарда Ысык-Көлдүн синоними катары "Касиеттүү-Көл", "Ыйык-Көл" деп да атай берүү учурлары бар. Бул жерди байыртадан мекендеп келген кыргыз уруулары Ысык-Көлгө колу-бетин гана жууп, касиетине дайыма сыйынып келишкен.

**Эки-Тал** – Ысык-Көл районунун Орто-Өрүктү айылынын аймагындагы ыйык жердин аты. Бул жерде Пайгамбардын желеси аталган эки тал өскөн. Эки талдын бирин кыйса, кайра тең жарыша өсө берген. Ошондуктан бул жер ыйык жерге айланып, теректи кыйган орус, казак, кыргыз жана башка улуттар да көп жашаган эмес (80.б.).

Жогорудагы ыйык жерлерден сырткары этнограф, түркolog С.М.Абрамзондун этнографиялык экспедициясында жазып алган маалыматтарындагы ыйык жерлерге токтололу.

Абрамзонго Чолпон-Атадан бир молдо төмөнкүдөй маалымат берет: "Арсланбаптын (Түштүк Кыргызстанга белгилүү мазар) жети уулу болгон. Ыйык атанын жети уулунун коюлган жерлери да ыйык жерлер аталган: 1) Ойсул-Ата (Кулжа шаарында), 2) Каракол-Ата (Каракол суусунун жээгинде, азыр ал жер бейит), Шың-Ата (Ысык-Көлдүн күнгөй жээгинде, 4) Манжылы-Ата (Ысык-Көлдүн тескей жээгинде), 5) Чолпон-Ата (Ысык-Көлдүн күнгөйүндөгү көрүнүктүү мазар), 6) Кочкор-Ата жана 7) Олуя-Ата (азыркы Жамбыл шаарында)" (3, 320 – 321).

Чолпон-Ата наамында Ысык-Көл облусундагы шаардын,

суунун аты бар. Бул аталыш Чүй облусунун Кемин районунда да суунун, жердин аттары катары кездешет (Ысык-Көл облусунун масштабы: 1: 200 000 картасы боюнча).

Ыйык Чолпон-Атада эки булак: биринчиси муздак, экинчиси жылуу суу чыккан жана дарактар, ичке жыгач, теректер өскөн. Бул жерге ооруган адамдар, төрөбөгөн аялдар жума күнү келишип, түнөп мазарга сыйынышат. Ысык-Көл районунун Чоң-Өрүктү айылынан Тору-Айгыр айылына чейинки жашаган жергиликтүү элдер Кудайга жалынып, түлөө өткөрүш үчүн ушул дөбөгө келишет (96, 779 – 780).

Тоң районундагы Манжылы-Ата мазарына да жергиликтүү элдер ыйык жер катары сыйынышат. Жин оорусу менен ооругандар жана төрөбөгөн аялдар, көз тийүү, көз оорулар дарыланышат. Бул жерден бакшылар (молдолор) кыргыздар үчүн жакшы дубаларды (куран) окушат жана таң атканга чейин зикир чалышып, зыяндуу күчтөрдү айдашат. Алар өздөрүн бакшы эмес, молдо катары көрүшөт (12.б.).

Шың-Ата (же Ышната) мазары Түп районунун азыркы Фрунзе айылынан аккан суунун боюндагы мазар.

Айыл аты Фрунзе аталганга чейин Ышната деп аталган. Ч.Валихановдун Ысык-Көлгө келип, жазып калтырган текстинде суунун жээгинде башка жерлерге салыштырмалуу Шың-Ата талтеректүү келгендиктен, ыйык жер катары көрсөтүлөт (41, 273). Тарыхый-санжыралык маалыматтарда, бугу уруусу менен сарыбагыш урууларынын жаңжалы ушул жерде болуп, Ышната суусунун жээктери адамдын сөөктөрүнө толуп күмбөзгө айланган (41, 273).

Жергиликтүү болуп жашашкан кыргыздар, казактар, карачай жана башка элдер бул жерди ыйык жер катарында сыйынышат.

Жыйынтыктап айтканда, жер-сууга сыйынуу жөрөлгөлөрүн шарттуу түрдө төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө болот: 1) булакка, көлгө сыйынууга байланышкан топонимдер: Ак-Бака, Бакалуу-Көл, Кулгуна, Ысык-Көл.

2) тоого, жерге сыйынууга байланыштуу: Кан-Теңири, Таштар-Ата, Дулдул-Тоо, Шырдакбектин кан сарайы, Ак-Бакшы.

3) тотемдик элементтерге, жаныбарларга карата: Ак-Кочкор, Ак-Теке.

4) ташка карата: Бууракан, Кокуй-Таш, Кулаган-Таш, Буркан.

5) даракка карата: Жалгыз-Өрүк, Ак-Терек (Барскоон капчыгайында), Ак-Терек (Жети-Өгүз районундагы Ак-Терек айылында), Ак-Терек (Тоң районунда), Эки-Тал.

6) бейиттерге, мазарларга сыйынууга байланыштуу: Чолпон-Ата, Манжылы-Ата, Каракол-Ата, Шың-Ата (Ышната), Кырк-Шейит, Кыз-Коргон жана башка топонимдер кирет.

Иликтөөгө алынган жер-суу аттарындагы маалыматтардан байыркы замандардан бери кылымдар бою жашап келе жаткан кыргыз элинин байыркы диний ишенимдеринин айрым белгилери (булакка, көлгө, даракка, жаныбарларга, тоого, ташка ж.б.) туурасында кабар берилип жаткандыгына күбө болдук.

2003-жылы жай мезгилинде, Чолпон-Ата шаарында өткөрүлгөн Кыргыздардын элдик курултайында курултайдын катышуучулары Ысык-Көлгө сыйынышкандыгы бардыгыбызга белгилүү. Демек, бүгүнкү күндө да теңирчиликтин элементтеринин болушу, кыргыз элинин канында сакталган сыяктуу.

Теңирчилик – кыргыз элинин байыркы мезгилден бери келаткан дүйнө таанымы. Ошол себептен топонимдерде көптөгөн баалуу маалыматтар сакталып калган. Ошентип, кыргыз топонимдери – теңирчилик таанууда бай маалыматтагы каражат болору аныкталды. Бул маалыматтар географияда, аалам таануу, кыргыз тил таануу жана тарых илимдериндеги илимий чөйрөлөрдө кеңири колдонулушу ыктымал.

### 4.2.3. Антропотопонимдер жана этнотопонимдер

#### 4.2.3.1. Ысык-Көл топонимиясындагы "акелердин" ысымдарына жана алардын ишмердиктерине байланыштуу келип чыккан антропотопонимдер жана топонимдер

Ысык-Көл кылаасынан чыккан "акелер" – жалпы кыргыз элинин, кыргызстандыктардын сыймыгы. Алар кара кылды как жарган калыстыгы, терең акылмандыгы, чечендиги жана башка асыл сапаттары менен жеке кызыкчылыктан жалпы элдин кызыкчылыгын жогору коюшуп, уруу-уруктарды, ар түрдүү улуттарды ынтымакка, биримдикке чакыруу максатында иш жүргүзүшкөндүктөн, "аке" деген атка татыктуу болушкан. "Аке" деген сөз түштүк диалектиде улуу адамга карата ага маанисинде колдонулуп

келгендиги диалектология илиминде белгилүү. Түндүк диалектиде, анын ичинде Ысык-Көл говорунда бүгүнкү күндө да "аке" деген сөз ага маанисинде колдонулбастан, улук, улуу даража маанисинде колдонулат.

Бул сөз – XVII – XIX кылымдарда жашаган ысык-көлдүк кыргыздарда "Улуу" жана "Улук" деген маанилерде колдонулган. "Аке даражасы – Жылкыайдар уулу Тилекматтын сунушу боюнча кабыл алынган табылга болгон" (78, 21). Тарыхый-санжыралык маалыматтарда Ысык-Көлдөгү жети акенин ичинен көздөрү тирүүсүндө аке даражасын алгандары негизинен төртөө болгон. А.Имановдун китебиндеги маалымат боюнча "биринчи жолу аке даражасынын берилиши Жыргалаңдын боюндагы чоң жыйында кадырман Тилекмат Моют ата менен Сарт атага кадыр-баркына, чыныгы элдик адамдар экендигине, эл үчүн сиңирген эмгегине карап "аке деп жүрөлү" деген сунушту биринчи койгондо, бардык эл түп көтөрө колдоп кетишкен экен. Ошондон баштап Ысык-Көл өрөөнүндө гана **аке** даражасы колдонулуп калган. Кийинчерээк кезеги келгенде 3 атага да аке даражасы ыйгарылат (78, 21 – 22).

Кыргызстандын тарыхында 74 жыл коммунисттик идеология өзгөчө орунду ээледи. Ошол себептен партиялык идеологиянын саясатынын негизинде кыргыз элинен чыккан чыгаан адамдардын, элдик баатырлардын ысымдары айтылбай, жашырылып келген.

Кыргызстандын картографиясында, анын ичинде Ысык-Көлдүн картасында акелердин ысымдарына байланыштуу коюлган жер-суу аттары жокко эсе. Анын негизги себептеринин бири кыргыз элинде адам аттарына байланыштырып жер-сууга аталыш берүү болгон эмес.

Кыргыздарда адам аттарына байланыштырып аталыш берүү кийинчерээк, тактап айтканда, орус, украин дыйкандарынын Кыргызстанга көчүп келиши менен байланыштуу алардан үйрөнүп, таасирленүүнүн негизинде пайда боло баштаган. Экинчиден, кыргыз элинде жер-сууга аталыш берүү стихиялык түрдө болуп, официалдуу түрдө коюлган эмес. Көпчүлүк жер-суу аттары ар кандай окуяларга, диний ишенимдерге, жер-суунун өзгөчөлүгүнө карата коюлуп келген.

1991-жылы Кыргызстан Эгемендүү Республика болгондон

баштап, элдик баатырларга, чыгаан инсандарга, уруу аттарына байланыштуу жер-суу аттары пайда боло баштады. Аларга Тилекмат айылы, Балбай айылы, Шапак айылы, Балтабай айылы жана акыркы жылдардагы Садыр Аке айыл өкмөтү кирет.

Биздин Ысык-Көл облусу боюнча топтогон факт-материалдарыбызда Ысык-Көлдөгү акелердин аттарына, алардын ишмердиктерине жана аларга байланыштуу ар кандай окуяларга байланышкан бир катар жер-суу аттары тарыхтын күбөсү катары эл оозунда сакталып калгандыгына күбө болдук.

Бул маалыматтарды Ысык-Көлдөгү жергиликтүү жашашкан кыргыз элинин ичиндеги уруулардын 60 – 70 жаштан жогорку куйма кулак, билимдүү, санжырачы адамдары бир мезгилдерде улуу муундар тарабынан аталып келген "акелердин" ысымдарына байланышкан бир катар жер-суу аттарынын катарын айтышат.

Бул сыяктуу унутта калган жер-суу аттары жалпы жергиликтүү болуп жашашкан Ысык-Көлдөгү элдердин эстеринен чыгып кеткен. Тарыхый жер-суу аталыштарын кайрадан элдин эсине салуу – бүгүнкү күндүн эң актуалдуу маселелеринин бири. Биз төмөндө Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан XVII кылымдан XX кылымдын башталышына чейин жашап өтүшкөн акылман, агартуучу акелердин аттарына байланышкан топонимдерге учкай токтолуп өтөлү.

**Карач акенин Оттук-Ташы** – бул топоним Тоң районунда кездешет. Оттук таштын учу күйгөндө кичинекей балдарды эмдеп даарылашкан (К.Жетимишбаев атындагы Оргочор тарых музейиндеги санжыралык маалыматтар боюнча берилди).

Карач аке Шапак баатырдын баласы Чүрүмдүн Мендегул уулунан болгон. Ал чукугандай сөз тапкан кеменгер, акылман адам болгон (74, 47). Дөөлөтбек Сапаралиевдин маалыматы боюнча Карач, болжолдуу, 1840-жылы туулуп, 1913-жылы каза болгон. Сөөгү Ак-Суу районундагы Шапак айылына коюлган (218, 289).

Топоним Карач акенин дарымчылык, олуялыгына байланыштуу келип чыккан деп божомолдойбуз.

**Карга акенин өстөнү** – Жети-Өгүз районунун Жаргылчак айылындагы суунун, арыктын аты. Бул арыкты Карга аке жер иштетиш үчүн чаптырып, суу алган арык болгондуктан ушундайча аталган (35.с.). Өстөн – арык сөзүнүн синоними катары колдонулган.

**Карга акенин коргону** – Жети-Өгүз районунун Дархан айылындагы бийик жер аты. Коргон Дархан айылы менен Ысык-Көлдүн орто чегинде жайгашкан. Карга аке керээзинде сөөгүн ушул жерге койгула деген экен. Дархан элиндеги көзү өткөн адамдар ушул жерге коюлган (35.с.). Тарыхый маалыматтарда Карга аке бугу уруусунун желдең уругунун бийи, акылманы болгон. Ал бол-жолдуу, 1718-жылы туулуп, 1828-жылы кайтыш болгон (218, 228 – 229).

**Сарт акенин Ак-Чийи** – Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Дөбө айылынын мурунку аты. Санжырачы Темиркул Алымбаевдин, профессор А.Имановдун жана айылдагы 70 жаштан жогорку карыялардын айтымдары боюнча, мурунку мезгилдерде Оргочор дөңсөөсүнүн этегиндеги чыгыш түздүгүндө тегиз ак чий өскөн жер болгон. Сарт аке Доскулу уулу дөөлөс уруусунун байболот уругунан болгондуктан, айылдагы кудаш уруулары (Жолуке менен Байболоттун атасы) жашаган жерди өз мезгилиндеги замандаштары Сарт акенин Ак-Чийи деп аташкан (11.с.).

Азыркы мезгилде Оргочор дөңсөөсүнүн этектеринде бир аз гана ак чийлердин калдыктары өскөндүгү байкалат. Бул жерди жергиликтүү дөөлөс (кудаш), мундуз, моңол, коңурат, бугу уруулары Ак-Чий түрүндө гана аташат. Демек, мезгилдин өтүшү менен унутулган бул топонимдин аныктоочу түшүп, аныкталгычы гана сакталып калгандыгын көрөбүз. Ошондуктан топонимикада бул кубулуш эллипсистик кубулуш катары каралуусу зарыл.

Дөөлөс Сарт аке (өз аты Сартбай) Доскулу уулу Нарын өрөөнүндө, болжолдуу, 1780-жылы жарык дүйнөгө келип, 1860-жылы каза болгон (218, 285). Сөөгү Сарт атанын өзүнүн керээзи боюнча, улуу Нарын дарыясынын боюндагы Теке-Секирик деген жерге урук-тууган, жалпы эли тарабынан урматталып коюлган (77, I, 40 – 41).

**Тилекмат акенин көк сазы** – Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө айыл өкмөтүнө караштуу Тилекмат айылынын Шалбаа аталганга чейинки аты. Санжыралык маалыматтарга караганда айыл биринчи жолу Тилекмат акенин көк сазы деп аталган (11.с.).

Кара-Күнгөй тоосундагы Узун-Булак суусу жер асты менен

ушул саздан чыгат (57.с.), жергиликтүү бугу, моңол, дөөлөс уруулары тарабынан бул жер азыркы мезгилде саз түрүндө гана аталып кеткен. Жергиликтүү отурукташкан кыргыз, орус улутундагы элдер бул жерди Шалбаа деп аташкан. Совет бийлигинин жылдарында айыл аты ушул аталышта аталып келди. Эгемендүүлүк жылдарында кайрадан айыл аты Тилекмат чечендин урматына байланыштуу коюлган. Топоним – адам атынын негизинде келип чыккан.

Тарыхий маалыматтарга караганда, Сарт аке менен Тилекмат аке дайыма үзөңгүлөш болуп бирге жүрүшкөн. Эки аке элдери менен кышкысын Түргөндө кышташып, жайкысын Каркырада, Сүттүү-Булакта жайлашкан.

Жергиликтүү дөөлөс, бугу урууларынын элдери Сүттүү-Булак топоними жөнүндө Тилекмат акеге байланышкан төмөндөгүдөй уламышты айтышат:

Тилекмат аке байбичесине: “Мага жер танда” дептир. Ошондо байбичеси былкылдаган саздуу жер, өтө ысык эмес, салкын малга жайлуу болот деп азыркы Жети-Өгүз районундагы Сүттүү-Булакты тандайт. Анын себеби бул жер уй бакканга ыңгайлуу келип, уйдун желиндери сүт тээп, жарылып кетчү экен. Ошондуктан аймактагы бул жердин, булактын, суунун жана жайлоонун аттары Сүттүү-Булак аталып калат (57.б.).

Сүттүү-Булак топоними тууралуу эл арасында жогоруда айтылган уламыштан башка эки-үч варианттагы уламыштар бар.

Сүттүү-Булак топоними жөнүндөгү уламыштарды талдай келгенде, Мамытов Турдубайдын айтымындагы биз сунуштаган уламыш чындыкка жакынырак, ошону менен бирге, Тилекмат акеге байланыштуу жер-суунун өзгөчөлүгүнө карата аталып калуусу да толук ыктымал. Анткени Сүттүү-Булак мурда Ийри-Суу деп аталган (57.с.). Сүттүү-Булак аталышы – элдин кийинки жашоо-тиричилигине туура келет деп божомолдойбуз. Ал эми Ийри-Суу – сууңун ийри сымал аккандыгына карата келип чыккан.

Жылкыайдар уулу Тилекмат 1793-жылы Ысык-Көлдүн Шалба айылында туулган. 1868-жылы, 18-августта дүйнөдөн өткөн. Сөөгү Жети-Өгүздүн Сүттүү-Булагына коюлган (218, 285).

Алдаяр Моют акеге байланыштуу Жети-Өгүз районунун Жаргылчак айылдары аталып калгандыгы жөнүндө мындайча уламыш бар:

Жети-Өгүз жана Тоң райондорунун аймактарында мурунку мезгилдерде чоң жаргылчактын таштары табылган экен. Табылган табылгы таштарды Моют аке Тоңдун Манжылы-Ата деген ыйык жеринен күн чыгышты көздөй жетинчи жана тогузунчу сууга таштаткан. Күн чыгышты көздөй санаганда Чоң-Жаргылчак суусу – жетинчи, Кичи-Жаргылчак суусу – тогузунчу болгон. Кичи-Жаргылчак суусуна кичирээк жаргылчак ташты, ал эми жетинчи сууга чоң жаргылчак ташты таштатат. Ошондон кийин желдең уруусунун эли жердеген суу жээктериндеги айылдардын аттары ушул жаргылчак таштарга карата коюлуп калган (65.с.).

Алдаярдын кенже уулу Моют аке 1746-жылы туулган. Болжолу, 1820-жылы каза болгон (218, 286). Сөөгү Моют акенин керээзи боюнча, Арык, Белек аталар коюлган ыйык Манжылы-Атага коюлган.

Саяк Садыр акенин ысымына, коомдук-саясий ишмердигине байланышкан жер-суу аттары Ысык-Көл районунда кездешет.

**Он-Жети-Карагай** – Семёновка айылынын мурунку аты. Тарыхый топоним. Бул топонимдин кандайча келип чыккандыгы боюнча топонимикада бирдиктүү пикир жок. Жазуучу Акмат Карыбай уулунун "Садыр аке" китебинен мындай маалыматты учуратабыз: "Верныйда (Алматыда) үч дубандын өкүлдөрү катышкан ак падышанын жыйыны өтөт. Жыйында Кыргыз жери аймактарга бөлүнүп, ар бир аймакка жаңы болуштар шайланары айтылат. Ушул жыйында элди отурукташтыруу жөнүндөгү жарлыгы жана Шабдан баатыр менен Садыр аке тууралуу жарлыгы да окулат. Анда Шабданга 600 теше жер, жылына 400 теңге, Садырга 400 теше жер, жылына 200 теңге өмүр бою бериле турган болуптур. Ак паашанын жарлыгына ылайык Садырга Ысык-Көлдүн күнгөйүнөн Эки Ак-Суунун ортосундагы он жети зым карагайдын арасындагы Көлгө чейинки аймак, 400 теше жер бөлүнүп берилет. Ошондон бери Садырга таандык бул жер Он-Жети-Карагай деп аталып калган" (99, 101).

Топонимист Д.Исаев таш, карагай, жыгач терминдери жалпы үчүн түшүнүксүз чакырым сыяктуу белгилүү аралык өлчөмүн билдирген маанисине таянып, Он-Жети-Карагай – Пржевальскиден (Караколдон), Рыбачьеден (Балыкчыдан), балким Алматыдан

эсептегенде 17 жыгач аралыкты, б.а. 120 – 130 чакырым чамасындагы аралыкты билдирген жер болуш керек деп божомолдогон (84, 30). Биздин оюбузча Д.Исаевдин божомолунда илимий тактык бар деп ойлойбуз.

Ысык-Көл районундагы Семёновка айыл өкмөтүнүн аты атайын указ менен 2005-жылы Садыр аке айыл өкмөтү болуп аталды.

Садыр аке Жолболду уулу 1821-жылы туулган. 1905-жылы дүйнөдөн кайткан. Сөөгү Ысык-Көл районундагы Кожояр айылына коюлган (218, 288).

**Кыдыр акенин жайлоосу** – Ак-Суу районунун Ак-Суу курортунун жогору жагындагы жайлоонун аты. Арык уруусунан чыккан Байсары уулу Кыдыр ушул жайлоого жайлачу экен. Ошол себептен бугу уруусунун эли бул жайлоону Кыдыр акенин жайлоосу деп аташкан (79.с.).

**Кыдыр акенин кайкысы** – Ак-Суу районундагы кайкы жердин аты. Тоо бети кайкы келип, кайра түзөң болуп кетет. Бул кайкыда Кыдыр аке мал менен отуруптур. Ошондуктан Кыдыр акенин кайкысы деп аталып кеткен (6.с.).

Байсары уулу Кыдыр аке 1843-жылы жарык дүйнөгө келген. 1926-жылы 26-мартта дүйнөдөн кайткан. Сөөгү Ак-Суу районундагы Кереге-Таш айылына коюлган (73, 86).

**Кыдыр акенин Тайкашкасы (Тайкашка)** – Сары-Жаздагы жердин аты. Бул жер аты жөнүндө эл оозунда бир нече варианттагы уламыштар айтылып калган.

Уламыш 1. Олжобай кыштоосунун жанындагы бул жерде Кыдыр акенин Тайкашка деген күлүк аты карышкыр менен кармашкан. Акыры Тайкашка жаралуу болуп ушул жерде өлгөн. Тайкашканын башын Олжобай суусунун (эки суунун) ортосуна сайып кеткен. Ал башты кийин солдаттар атып түшүрүшүптүр. Ошол окуядан кийин, бул жер – Кыдыр акенин Тайкашкасы деп аталып кеткен (59.с.).

2. Арык уруусунан чыккан Кыдыр акенин Тайкашка деген күлүгүн карышкыр ушул дөңсөөдөн жеп кеткен. Ошол күлүктүн сөөктөрү азыркы мезгилге чейин бар дешет. Ошол окуяга байланыштуу, бул жер Тайкашка деп аталган (79.с.).

Топоним – жылкы жаныбарынын атынан келип чыккан.

**Олжобай** – Сары-Жаз сыртындагы кыштоо жердин аты. Чоң-Олжобай, Кичи-Олжобай кыштоолору, суулары да бар. Олжобай суусу Оттук суусуна куят. Арык уруусундагы Олжобай деген адам бул кыштоодо мал менен отургандыктан кыштоонун, суунун аттары Олжобай деп аталган (59.с.).

Тарых барактарында Олжобай Түлөберди уулу элчи, бий болгондугу айтылат (73, 17). Кыдыр акенин элчи, даанышман болушуна чоң атасы Олжобайдын таасири чоң болгон (73, 17 – 18).

Олжобай бий Түлөберди уулу болжолдуу, 1779-жылы туулуп, 1852-жылы каза болгон. Сөөгү Ак-Суу районундагы Кереге-Ташка коюлган (218, 285). Топоним – адам атынын негизинде келип чыккан.

**Семиз-Бел** – Тоң районундагы тоонун, жайлоонун аты. Арык тукумунан чыккан Кыдыр аке жол жүрүп баратып чарчагандыктан, жанындагы кошо жүргөн кишилери менен бирге Семиз-Белге түнөп калышат. Минип жүргөн аттарын жайлоого откоруп коюшса, жылкылар бир түндүн ичинде карматпай эт алышат. Анын себеби бул жайлоодо дары, күчтүү чөптөрдүн түрлөрү көп болгон. Жаратылыштын касиеттүү бул жерин, тоону, жайлоонун атын Семиз-Бел деп Кыдыр аке коюптур (79.с.).

**Мыкаачы** – Сары-Жаздагы жердин аты. Оттуктун жанында. Бул жердин аталышы тууралуу бир нече уламыш, санжыра, аңызкептер айтылат. Биз төмөндө Кончо мергенге байланыштуу уламышты келтирели.

Кончо мерген келатса, бул жерде адамдын этин жеген кишилер бар экен. Капысынан мергенчи алардын колуна түшүп калат. Киши жегичтер Кончого мылтык берип, кийик аттырып жемек болушат. Ошондо мергенчи 6-7 кийикти катары менен атат дагы, тигилер кийиктерди алганга чейин, амал менен окторун калтырып калган Кончо мерген аларды да атып таштаптыр. Ошол окуядан кийин, бул жер Мыкаачы аталып кеткен (58.б.).

Тарыхый-санжыралык маалыматтар боюнча, Кончо мергенди Кыдыр аке Россия падышалыгына кошо ала барган. Бул жер жергиликтүү арык уруулары тарабынан Каракчы деп да атала берет.

Биздин оюбузча, топоним ар кандай каракчылык, мыкаа-

чылык иштерди жасоого ыңгайлуу келген жер болгондуктан, ушундайча аталыш алган болуу керек. Ал эми ар кандай окуяларга байланыштуу уламыштардын болушу да мүнөздүү көрүнүш.

**Кыдыр акенин Ак-Бака булагы** – Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылындагы булактын, ыйык жердин аты. Бул жердеги Ак-Бака булагын Кыдыр акенин Ак-Бака булагы деп да жергиликтүү болуп жашашкан бугу уруусунун арык эли аташат (Ыйык жердин мындай аталышы Доор аяны телеберүүсүндө да Кыдыр акенин келининин айтуусунда айтылган).

Жыйынтыктап айтканда, Ысык-Көл топонимиясында акелерге байланыштуу жер-суу аттары аз санда болсо да жергиликтүү элдердин айрым улуу муундагыларынын эстеринде сакталып калгандыгы белгилүү болду. Жогоруда сунуш кылынган жер-суу аттарынын ичинен Карач акенин оттук ташынан сырткары Карга акенин оттук ташы да болгон деген маалыматтарды кездештирдик (Оргочор тарых музейинде). Башка акелерге салыштырмалуу Кыдыр акеге байланыштуу географиялык аттар көбүрөөк санда элдердин кеңири чөйрөсүндө колдонулуп айтылып келгендиги байкалды. Анын себеби Кыдыр аке жашы жагынан акелердин эң кенжеси болуп, жашаган мезгил-доору биз жашаган мезгилге жакыныраак келгендигинде болуу керек.

Иликтөөгө алуунун негизинде белгилүү болгон топонимдерди Ысык-Көл облусунун масштабы 1: 25 000, 1: 50 000, 1: 100 000 карталарына киргизүүнү жана топонимиялык сөздүктөргө киргизип колдонууну сунуштамакчыбыз.

Көтөрүлгөн маселелер жаңыдан гана иликтөөгө алынып жаткандыктан, ачыла элек көптөгөн жер-суу аталыштарын табуу келечектеги иш.

### 4.2.3.2. Ысык-Көл топонимиясындагы антропотопонимдер

**Асан-Төр** – Ак-Суу районунун Алмалуу капчыгайынын ичиндеги төрдүн аты. Бул төргө 3 короо кой жайласа болот. Төрдө Асан деген отуз-уулдук киши биринчилерден болуп жайлагандыктан, Асан-Төр деп аталган (73.с.). Төр – адам атынан аталган.

**Асанбек-Кокту** – Сырттагы жердин аты. Илгери Асанбек

деген адам мал менен жайлаган кокту болгон. Ошол себептен Асанбек-Кокту аталган (25.с.).

**Балбай (Сары-Булак)** – Түп районунун Сары-Булак жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Айылдын мурунку аты Сары-Булак. Айыл 1880-жылы негизделген (120, 248). Калкы 1535 (1990-жыл). Кыргыз элинин бугу уруусунун токой уругундагы айбаш жана абайылда уругунун эли, кыпчак уруулары турушат, о.э.орус улутундагы элдер да бар.

Айылдын Балбай деп аталышы – кыргыз элинин эркиндигин, улуттугун сактап калуу үчүн күрөш жүргүзгөн атактуу баатыр Балбайдын ысымы менен байланыштуу коюлган. Балбай Эшкожо уулу 1792-жылы туулуп, 1867-жылы каза болгон (218, 286).

**Жайчыбектин ою** – Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө айылындагы айдоо жердин аты. Дөөлөс уруусунун кудаш уругундагы Жолуке атанын Жайчыбек деген уулу ушул ой жерде жашаган. Ошол себептен жергиликтүү Кудаш атанын балдары бул жерди Жайчыбектин ою деп аташкан (78.с.). Топоним – адам атынан келип чыккан.

**Качыбек (мурунку Раздольный) айылы.** Калкынын саны 795 (1986-ж.). Айылда белек уруусунун шераалы уругунун эли турушат. Орустар да бар. Айыл кыргыз тарыхындагы элчи Шераалы уулу Качыбектин ысымынан коюлган (82.с.). Качыбек айылы – адам атынан коюлган.

**Качынын өрдөшү** – Ак-Суу районунун Ак-Суу капчыгайынын өрдөш жеринин аты. Бул жайлоодо кереге-таштык Качы деген адам биринчилерден болуп жайлаган. Өрдөштүн башында мурунку мезгилде мунара боло турган. Мундуз уруусундагы Качынын элчи болуп жүргөн баласы Кадыркул Качикеев болгон (73.с.). Топоним адам атынан коюлган.

**Келдике** – Чоң-Кызыл-Суудагы жайлоонун аты. Кыдык уруусунан чыккан малдуу адамдын атынан коюлган (7.б.).

Топоним адам атынан пайда болгон.

**Келдике-Жайлоо** – Ак-Суу капчыгайындагы Ак-Суу суусунун сол жагындагы жайлоо. Ак-Суу айылынын жылкылары ушул жайлоого багылат. Жайлоо Келдике деген кишинин атынан коюлган (73.с., 17.с). Жайлоо адам атынан келип чыккан.

**Келдике-Шаркырак** – Чоң-Кызыл-Суудагы Кара-Баткактын артында. Келдикеге чыккандан кийин Шаркыратма көрүнөт. Ошондон Келдике-Шаркыратма деп аталат (7.б.). Шаркыратма Келдике жайлоосунда болгондуктан ушундайча аталган.

**Кидибайдын сазы** – Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылына караштуу кыштоонун аты. Биринчи көпүрөдө. Бул жерден суу чыгып турат. Күзүндө мал бакканга ыңгайлуу жер. Бапа уруусунан чыккан малдуу, бай Кидибай деген адамдын кыштоосу болгондуктан аталган (65.с.). Топоним адам атынан келип чыккан.

**Кулатай-Төр** – Ак-Суу районунун Боз-Учук тоосунун чыгыш тарабындагы төр. Бул төрдө коргошундун, күмүштүн кени чыгат. Төрдү биринчилерден болуп арык тукумунан Кулатай деген ээлик кылган. Азыр бул төрдө кулатай уругунун эли турушат (46.с.). Төр адам атынан келип чыккан.

**Кулболдунун чокусу** – Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз курортунун күн чыгыш жагындагы чокунун аты. Экинчи көпүрөнүн сол жагында. Кулболду деген куш кармаган киши болуптур. Чоку ушул кишинин атынан аталган (29.с.). Чоку адам атынан аталган.

**Кененбай (азыркы Тегизчил айылы)** – Ак-Суу районундагы Кара-Жал жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. Кара-Жал айылынын жанында. Бир чакырым аралыкта 1910-жылы негизделген. Калкы 1006 (1980-ж) (120, 276). Бугу уруусунун кененбай, соно уруусунун эли жашайт. Кененбай манап болгон. Арык элине таарынып Тоңго көчүп кетип, кийин кайра келген. Кененбай уруусунун эли Тегизчилде жана Кара-Жалда турушат (60.с.). Азыркы Тегизчил айылы жайгашкан жер Октябрь революциясына чейинки мезгилде калың чий көп өскөн жер болгон. Эл отурукташып, бул жерге жашашкан эмес. Арык уруусунун соно уругу мурун Ичке-Жергезде турушкан. Кыдыр акенин демилгеси менен соно эли азыркы Тегизчил айылына Октябрь революциясынан кийин көчүп келишкен. Жердин өзгөчөлүгүнө ылайык айыл Кара-Чий деп аталган. Арык тукумунан Баймулу дегендин баласы Кененбай тың чыгып, Кыдыр аке менен болуштукту талашкандардан болгон. Эл арасында кадыр-баркы, бийлиги бар адамдын көзү өткөндөн кийин (1905-жылдары), жалпы эл кеңешип, 1920-

жылы Кененбай деп айылдын атын коюшкан. 1920-жылдары бай-манаптарды кулакка тартуу саясаты башталып, "Элди эзген бай-манаптын атын эмнеге коесуңар?" деген идеология өкүм сүрүп, айылдын аты өзгөртүлсүн",-дешкен. 1929-жылы айылдык мектептен окуган Сагынбаев Абдылданын айтуусу боюнча, Совет өкмөтү баарыбызды тең, тегиз кылат деп, айылдын атын Тегизчил коюшкан (23.с.).

Байым уулу Кененбай болжолдуу 1915-жылдары өз жерине келип, кызыныкынан катуу оорудан каза болот. Сөөгү өзүнүн өтүнүчү менен ушул айылга коюлат. Ошол мезгилде кыргыз эли өлгөн адамга күмбөз тургузууну билбесе керек. Кененбайга өзбек Мурабылда Закиробди деген киши кирпичтен момолоп күмбөз тургузат. Бул күмбөз Сононун көрүстөнүндө заңкайып асман тиреп турат. Үч-Кошкон деген жайда ары өткөн, бери өткөндөр "Бул кимдин коргону?" деген суроого "Кененбайдын коргону" болуп жайылып кетет. Кезегинде Кененбай кыргыз элине гана эмес, казак элине да кадыр-баркы бар адам болгон экен. Кийин 1923–1924-жылдары отурукташуу мезгилинде бул айыл Кененбай деп аталып, 30-жылдары колхоздоштуруу, коллективдештирүү жүргөндө Кененбай аталышы алынып, Тегизчил айылы, Тегизчил колхозу деп аталат (10, 5).

**Темир (мурунку аты Кара-Буурул)** – Ысык-Көл районундагы Темир жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. Калкы 2682 (1986-жыл) (120, 277). Саяк уруусунун калматай уругунун эли турушат. Айыл аты белгилүү саякатчы, улама, Күнгөйдө көчмөн элди отурукташтыруу, дыйканчылык кесибине өтүү жолун уюштурган, орусча окуган, ишмер Темир Усуп уулунун ысымы менен аталган (53.с.). Кара-Буурул – жылкы малына карата коюлган (53.с.)

Темир Усуп уулу (Темир Молдо) 1860-жылы туулган. 12 жаш курагында ата-энесинен жетим калган. Ысык-Көл уездиндеги болуштук башкармачылыгында котормочу болуп иштеген. 1900-жылы Сары-Жаз жана Жети-Өгүз сырттарында жүргүзгөн илимий экспедицияларга катышкан өз мезгилиндеги уездик болуштугунун башкармасында кадыр-баркы бар адамдардан болгон. Ошондуктан эл "Молдо" деп атаган. XX кылымдын башында Корумдуга мектеп

ачкан, 1914-жылы анын ишмердигинин негизинде Корумду капчыгайына Кара-Буурул, Сөгөттү (Комсомол), Он-Жети-Карагай (Семеновка) айылдарын пайда кылган. Кес-Сеңирден Чоң-Ак-Суу суусуна чейин кыргыздын белек уруусу отурукташкан. Темир 1916-жылы Сырттагы Тоо-Жике ашуусунда каза болуп, ошол жерге коюлган (82, 101).

Темир айылы Совет бийлигинин жылдарында Темир деген кыргызча уңгу сөзгө орус тилиндеги -овка деген топонимди уюштуруучу мүчө кошулуп аталып келген. Кыргызстан өз алдынча эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин айыл кайрадан Темир деп аталган.

**Тоо-Жике** – Ысык-Көлдүн сыртындагы тоонун (дөбөнүн) аты. Балтыр-Бешик-Көлүнүн жанында жайгашкан. Тоодо бел сыяктанган **Тоо-Жикенин бели** деген жери да бар (27.с.). Тоо Жети-Өгүз районундагы аң-өстөндүк дөөлөс Жике деген адамдын атынан коюлган. Жике дөөлөстүн эмил, майна уругунан болгон. Ушул тоодо жашагандыктан аталган (27.с.). Тоо, тоо бели адам атынан аталган.

**Торок-Арык** – Жети-Өгүз районунун Ак-Кочкор жана Тилекмат айылдарындагы арыктын аты. Бул арыкты белек уруусундагы Торок деген адам чаптырган. Ошондон Торок деп аталган (57.с.). Арык адам атынан келип чыккан.

**Чекир-Өтөк** – Сырт бетиндеги жайлоонун аты. Дөөлөс уруусунан чыккан ажы Чекир деген болуптур. Ал эл оозуна алынган кадыр-баркы чоң, акылман адам болгон. Бул адам ушул жерде жайлагандыктан, Чекир-Өтөк деп аталган (11.с., 27.с.). Өтөк адам атынан пайда болгон.

**Шапак** – Ак-Суу районундагы Отрадный жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Жыргалаң түздүгүнүн борбордук бөлүгүндө, Жыргалаң суусунун оң жээгинде жайгашкан. Калкынын саны 716 (1986-ж.) (120, 348). Айылда бугу уруусунун белек тобундагы шапак, мүкө, сокур уруктарынын эли турушат.

Айыл аты бугу уруусунан чыккан Алдаш уулу Шапак баатырдын ысымы менен аталган. Шапак баатыр, Зияш Бектен уулунун маалыматы боюнча 1740-жылы туулуп 1810-жылы дүйнөдөн

кайтат, бирок тарыхый документтерге караганда 1741-жылы төрөлүп, 1813-жылы дүйнөдөн кайткан (74, 58).

**Шераалы-Төр** – Түптүн тескей өрөөнүндөгү төр аты. Шапак баатырдын баласы Шераалы жайлаган төр болгондуктан аталган. Ал арык уруусунан болот. Тарыхта элчи катары чоң орду бар адам болгон (59.с.). Төр адам атынан аталган.

**Ыман-Кокту** – Жети-Өгүз районунун Оргочор дөңсөөсүндөгү коктунун аты. Бул коктуда биринчилерден болуп Ыман деген дөөлөс уруусунун сартбай (сарт аке) уругундагы адам там салып, мал менен жайлаган. Ыман ата өз мезгилинин өтө малдуу, акылман адамдарынан болуптур. Ошол себептен бул кокту Ыман-Кокту деп аталган. Ыман карыя Ак-Дөбө айылында жашап, 117 жашка чыккан (11.с.). Топоним – адам атынан келип чыккан.

**Эркиндин кыштоосу** – Ак-Суу районунун Каракол капчыгайындагы кыштоонун аты. Жол-Колот айылында жашаган арык уруусундагы Эркин деген адам мал менен кыштаган жер болгондуктан, Эркиндин кыштоосу деп аталган (84.с.). Кыштоо адам атынан аталган.

### 4.2.3.3. Этнотопонимдер

Ысык-Көл топонимиясындагы уруу аттары боюнча биринчи жолу топонимист Д.Исаев монографиялык эмгегинде учкай токтолуп өткөн (84, 49 – 50). Топонимист бул аймактагы кыргыз элиндеги кырк уруунун ичине кирген уруулардын аттарын семантикалык жактан бөлүштүргөн. Мисалга, Кытай, Саруу, Мундуз сыяктуу айылдардын аттары берилет. Бул айыл аттары уруу аттарынын негизинде коюлуп калгандыгы талашсыз. Биздин иликтөөбүз Д.Исаевдин изилдөөлөрүн андан ары улантуу зарылдыгынан келип чыкты. Анткени Совет доорунда советтик изилдөөчүлөргө бул маселени терең иликтегенге саясий кысым көрсөтүлүп турган.

Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхы санжыра түрүндө ооздон-оозго өтүп айтылып келген. Ошондуктан жер-суу аттары тууралуу көп маалыматтар эл оозунда айтылып калган. Төмөндө айрым уруу аттарынын негизинде коюлуп, сакталып калган этнотопонимдерге учкай токтолуп өтөлү.

**Асан-Тукуму** – Жети-Өгүздөгү жайлоонун, суунун аты. Бул жайлоодо дөөлөс уруусундагы аң-өстөндүк адам жайлаптыр.

Ошол кишинин атынан аталып калган (27.с.). Суу жээгиндеги жайлоодо асан уругунун эли жайлагандыктан, Асан-Тукуму аталган. Бул суунун жана жайлоонун аты жергиликтүү элдерде Асан-Жайлоо түрүндө да атала берет (13.б). Төр да Асан-Төр деп аталат (57.б).

**Бостери (Долоноту)** – Ысык-Көл районундагы Бостери жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. 1931-жылы негизделген. Калкы 6690 (1989-ж.) (120, 68). Айылда саяк уруусунун бостери уругунун эли турушат. **Бостери жарым аралы,** Кес-Сеңир тоосунун маңдайында **Бостери колтугу** да бар (120, 68). Бостери топониминин келип чыгышы жөнүндө эл оозунда айтылып келген ар кандай уламыштар – элдик этимология. Э.Мурзаевдин сөздүгүндө топоним Боз-Тери түрүндө жазылып, аталыштын биринчи түгөйү жалпы түрк тилдериндеги түс маанисинде колдонулган (150, 88). Биздин пикирибизче, бул топонимди татаал сөздөрдөн түзүлгөн энчилүү ат катарында эмес, жөнөкөй топоним катары кароо илимий негизге жакынырaак келет. Төмөндө айрым тарыхый жана санжыралык маалыматтарга токтололу.

Ереше ханга Байым баатыр вазир болуп, Эрешенин карындашы Маниса айымга үйлөнөт. Байымдан Рай деген уул туулат. Байым баатыр кайтыш болот. Райдан – Каба, Сары(к) деген эки уул туулат (Санжырачы Кулумбай уулу Молдокмат чыныгы саяктын эки уулу – Каба, Сарык деп билдирди). Кабанын балдары – Кайдуулат, Байбото, Шайых, Мухамбет, Кутунай, Бегат жана Качканак. Качканактан Түнгатар, Түнтөй, Актери, Бостери. Каба уруусу негизинен Тогузтородо, Каба, Атай айылдарында турушат. Нарын, Ысык-Көл тараптан да учурайт. Маман, Майты, Кодор, Мураткан, Кулбарак, Жонбарак, Аратай, Шокобай өңдүү бир нече уруктарга, аталарга бөлүнүп кеткен (67, 60). Бостеринин балдары Элтинди, Досой Тоң районунда турушат. Ал эми Бешей, Казак деген балдары Ысык-Көл районундагы Бостери айылында турушат (11.с.).

Ысык-Көл районундагы айыл, жарым арал, Бостери колтугу да Бостери айылында жергиликтүү болуп жашап калышкан Бостери деген кишинин, уруунун атынан келип чыккан.

**Желек-Кара-Такыя** – Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу айылынын жайлоосундагы чокунун, жайлоонун аты.

1. Бул жерде жалтырак келген кара, пластина таштар бар. Желек – чоку (48.с.).

2. 1950-жылы Кара-Такыянын башына желек сайылган. Желекти өз убагынан мурда сайган. Кара-Такыя дегени – мурун бул жерде кыдык уруулары турушуптур. Бул уруудагы кара далы, бойго жеткен бир кыз мойнуна дайыма такыя тагынып жүргөн экен. Ошондуктан бул жер Кара-Такыя деп аталыптыр (7.б.).

Биздин пикирибизче, Кара-Такыя топоними – бугу уруусундагы уруктун атынан келип чыккан. Бул пикирди С.Абрамзондун этнографиялык талаа материалдары (С.М.Абрамзон, 1999) жана жергиликтүү элдердин бул жерлерде азыркы жашап жаткан дөөлөс элдеринен мурун кыдык уруулары жашап турган деген санжыралары ырастайт.

**Кабак** – Жети-Өгүз районундагы айыл аты. 1929-жылы негизделген. Калкы 1010 (1987). Кыштактын атынын келип чыгышы кыргыздын кабак уруусу менен байланыштуу (120, 109).

**Кара-Кыз (Жергез, Пионер) айылы** – Жергез суусунун боюнда жайгашкан. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышында. Бул айыл азыркы учурда Кара-Кыз аталат, Совет бийлигинин доорунда Пионер деп аталган (46.с.).

**Кара-Кыз** – арык уруусунун кара-кыз уругунун эли ушул айылда отурукташып жашашкандыктан, айыл – уруунун атынан аталган (46.с.). Кара-Кыз айылы – уруу атынан келип чыккан.

**Кытай (Комсомол)** – Жети-Өгүз районундагы Ырдык жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкынын саны 420 (1986-жыл) (120, 153). Негизинен кыргыздын кырк уруусунун бири кытай уруусу жашашат. Топонимдин келип чыгышы кытай уруусунун эли жашаган айыл болгондуктан, ошол уруунун атынан аталган (11.с). Айылдын мурунку аты – Комсомол. Бул аталыш Совет бийлигинин жылдарында коммунисттик идеологияга байланыштуу коюлган.

**Кожояр** – Ысык-Көл районундагы Семеновка жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкынын саны 2193 (1986-жыл). 1927-жылы негизделген (120, 151). Айылдагы элдердин басымдуу бөлүгү кожояр уруусунан болгондуктан, айыл Кожояр деп аталган (53.с.). Топоним – уруу атынан келип чыккан.

**Маман (мурунку Октябрь)** – Ак-Суу районундагы айылдын аты. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышында. Калкы 1500 (1986-ж) (120,

221). Айылда арык уруусунун балтатыр тобунан соно (20 түтүн), бешкаман (10 түтүн), ондон (16 түтүн), сарыкалпак (18 түтүн). Жоотатыр уругунан байым (15 түтүн), торок (8 түтүн) уруктарынын эли турушат.

Сононун сегиз уулу болгон. Соно атанын 8 уулунун бири – Маман. Айыл Маман деген кишинин атынан коюлган (6.с., 60.с). Топоним урук атынан келип чыккан.

**Моңолдор** – Түп районундагы Курбу айылынын мурунку аты. Калкы 633 (1986) (120, 170-171). Айылда жашаган элдин басымдуусу моңолдор уруусунан болгондуктан, уруу аты менен аталган.

**Мундуз** – Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Оргочор дөңсөөсүнүн чыгышында жайгашкан. Калкы 435 (1986-жыл) (120, 210). Айылда кыргыз элинин мундуз уруусунун чоңмундуз, кичимундуз (30 түтүн), кубат (60 түтүн), кыйра (10 түтүн) уруктары турушат. Уруу эли Ош жактан Ысык-Көлгө келишкен. Айылда мундуз уруусу жашагандыктан, Мундуз деп аталган (29.с.). Айыл мундуз уруусунун атынан аталган.

**Отуз-Уул** – Ак-Суу районундагы Кара-Жал жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышында, Жыргалаң суусунун төмөнкү агымындагы түздүктө жайгашкан. Калкынын саны 963 (1986-жыл) (120, 228). Бугу уруусунун жоотатыр уругундагы отуз-уул уруусу жашайт. Айылда отуз-уул уруусунун эли жашагандыктан, Отуз-Уул деп аталып калган (11.с.).

Уламыш. Анжияндан эки бала качып келиптир. Түнтай, Чүнтай деген балдар. Жоотатырдын Жоокеркүчүк деген баласы боз үйдүн жанында отурса, эки караан келаткан болот. Силер кимсиңер десе, качып жүрүшкөндүгүн айтышат. Алар коон уурдаганы барышканда, ээси капысынан чыгып кармалып калышат. Айлалары кеткен балдар алиги кишини өлтүрүп коюшуптур. Ошондон куугун башталганда алар качып кетишет. Чынын айткандыгы үчүн Күчүк баатыр өзүнө бала кылып алат. Түнтай он сегизге чыкканда үй көтөрүп аял алып берет да, жылкычы кылат. Күчүк баатыр 100 жашка чыкканда, капысынан бирөө жебе тартып жиберип өлөт.

Баягы экөө жылкыларды калтырып, качалы деген ойго келишип, Тезектөрөгө барышат. Ал Курусайдын тоосунда жашайт. Канча малыңар бар десе, 30 жылкы бар дешет. Ошондон казактар отуз жылкылуу уулдарды Отуз-Уул деп атап калышыптыр (6.с.).

Айыл аты отуз-уул уруусунун атынан аталган.

**Сабатар (Саба-Атар)** – Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу айылындагы жайлоонун аты. Кара-Баткактын аймагында.

1. Бул жайлоодо кыдык уруусу турушчу экен. Бир кишинин балдары тентек чыгып, бээ сүтүн ачыткан сабаны атышкан экен. Ошондо саба ичиндеги кымыз агып калыптыр. Ошол окуядан кийин бул жер Саба-Атар деп аталып кеткен (7.с.).

2. Жайлоодо жашаган кыргыз уруулары тартыша кетишип, капысынан сабага ок тийгизишет. Ок тийген сабадан кымыз булактап агып калган. Ошондон кийин бул жер Саба-Атар деп аталып кеткен (48.с.).

Санжыралык-тарыхый маалыматтарда, бугу уруусунда сабатар уругу бар. Бул топоним жөнүндөгү уламыштар бийик жерде жайгашкандыгына карата келип чыгуусу да ыктымал. Анткени кыргыздар сабаны дайыма боз үйдүн бийик жерине илип келишкендиги белгилүү. Кадимки секиче болуп, Сабатардын астында Кара-Такыя жайгашкан. Жергиликтүү мал менен жайлаган дөөлөс уруусундагы Шаршенбай Абдыракуновдун (4.б), Туратбек Аралбаевдин (13.б) жана Саты Абдымамбетовдун (2.с) айтуулары боюнча, бул жерге жаан жааганда бат-бат мөндүр согуп кетип турат. Ч.Валихановдун жазгандарына караганда, 1955-жылдары бул жерлерде бугу уруулары, кыдыктар жашап турушкан (3, 124). Саба-Атар топоними – уруунун атынан келип чыккан, балким, сабатар деген уруунун аты да ушул жердин өзгөчөлүгүнө жараша келип чыгышы ыктымал.

**Сабатар** – Ак-Суу районундагы азыркы Боз-Булуң айылынын мурунку аты. Калкы 724 (1987) (120, 63). Айыл аты бугу уруусундагы арык тукумундагы урук атынан аталган.

**Саруу** – Жети-Өгүз районунун Саруу жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Жууку суусунун жээгинде. 1890-жылы негизделген. Калкы 5024 (1986) (120, 248). Айылда кыргыз элинин саруу уруусунун алакчын, кырк-уул, калпач, чүкү

уруктары турушат. “Айылдын аты кыргыз элинин саруу уруусунун атынан коюлган” (65.с.). Саруу – уруунун атынан аталган.

**Талкан-Жайлоо** – Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз капчыгайындагы жайлоонун аты. Бул жайлоодо Талкан деген малдуу, бай адам биринчилерден болуп мал менен жайлаган жери экен. Талкан – ичке-булуңдук элге алынган адам болгон. Ошол себептен жайлоо Талкан деп аталган (11.с.). Жайлоо урук атынан келип чыккан.

**Черик** – Ак-Суу районундагы Бөрү-Баш жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштак. Калкы 227 (1986-ж.) (120, 329). Черик уруусунун эли турушат. Айылдын аты черик уруусунун эли жашагандыктан улам, ушундайча коюлган (11.с.).

1890-жылдарда Кытайдагы уйгур элдеринде калган, сарт калмак эли 60 түтүн болуп көчүп келишкен. Келген элдин тукуму черик жана моңолдор урууларынан болушкан. Кийин келишкендиктен, Челпек жакта ылайыктуу орундук жер болбой, Бөрү-Баш жеринен орун алышып, жашап калышкан (11, 14). Черик – Нарындан келишкен кыргыз уруусу (6.с). Черик айылы – уруунун атынан аталган.

**Чырак** – Жети-Өгүз районундагы Жети-Өгүз жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк-чыгышында, көл боюндагы түздүктө, Оргочор дөңсөөсүнүн чыгышында жайгашкан. 1912-жылы негизделген. Калкы 1560 (1987-ж.) (120, 345). Негизинен кыргыз элинин коңурат уруусу, моңолдор, черик ж.б. уруулары турушат.

1-уламыш. Азыркы Чырак айылы жайгашкан жерде эзелтен бери сакталып келген көрүстөндөр бар. Ал көрүстөндө дайыма чырак жанып турган от сымал күйүп турчу экен. Ошол себептен Чырак деп аташкан (76.б.).

2. 1990-жылы Бүткүл Кыргызстан боюнча өткөрүлгөн санжыра айтуучулардын жеңүүчүсү, Биринчи даражадагы дипломдун ээси Алымбаев Темиркулдун айтымы боюнча, “Чырак топоними кыргыздын кырк уруусунун бири – коңурат уруусунун ичиндеги чырак урук-уруусунан келип чыккан” (11.с.).

3. Азыркы Чырак айылы жайгашкан жерди Кыргызстанда жер-суу реформалары жүрүп турган мезгилде, көл өрөөнүндөгү белгилүү окумуштуу Талип Байболот уулу тандап алган. Өз уба-

гында Талыпакун тарых, тил, география, ботаника, зоология, медицина, геология, астрономия, физика, математика илимдери боюнча көптөгөн илимий эмгектер жазган. Талип Байболот уулу окумуштуулар Ч.Абаков, А.Асангариев жана Х.Карасаевдер тарабынан өтө жогорку деңгээлдеги илимпоз катары бааланган. Талыпакун илимдин бардык тармактары боюнча билими болгондуктан, азыркы Чырак айылы турган жерди сурап алыш үчүн ошол мезгилдеги аймактын беги, ханы аталган Тилекмат уулу Чыныбайга келет. Чыныбай – көл өрөөнүндөгү белгилүү чечен Тилекмат акенин уулу болгон. Ал Талипакундун сураган жерин бербей, макул болбой коюптур. Ошондо ал ар кандай газдарды, химиялык заттарды пайдаланып, таштарды, дубалдарды жардырып, Чыныбай баш болгон элдин жүрөгүн түшүрүп, жалпы элдик сабатсыздыктан пайдаланган экен. Ошондо Талыпка эч кандай жоо туруштук бере албастыгын түшүнүп, Чыныбай Талыпка: "Каалаганыңды ал!" - дейт. Талыпакун: "Ары жагы саз, бери жагы саз, малга жайлуу" деп, азыркы Чырак айылынын турган жерин тандап алган экен. Ал эми жердин, айылдын Чырак болуп аталышы орустардын келиши кыргыз эли үчүн шамдын жарыгы, чырактын жарыгы сымал көп жакшылыктардын келиши, кыргыз элинин турмушунда жанып турган от сымал жашоонун келечекте болушу деген маанилерде Талип Байболот уулу койгон (83.с.).

4. Чырак уруусунун малы чырак тамга менен басылгандыктан, жердин аты Чырак аталган (айылдагы жергиликтүү элдердин басымдуу бөлүгүнүн айтымдары боюнча).

5. Илгери Каргатай деген мерген болгон. Каргатай мерген Черик, Коңураттын атасы болот. Каргатай тоодо мергенчилик кылып жүрүп, бир кийикти атып жарадар кылат. Жарадар кийик качып үңкүргө кирет. Артынан Каргатай мерген кууп кирсе, алдынан бир байбиче чыгып: "Кайберендерди жөн эле ата бербегиле, кайберендер да өзүнчө жашоого орду бар жандык эмеспи", - деп эчкинин туягына айран куюп, мергенге сунган экен. Ошондо мерген айранды ичип түгөтө албай коюптур. Байбиче Каргатай мергендин мылтыгына чырактын белгисин салып берип: "Айылыңар Чырак болсун!"-деп айткан экен. Ошол окуядан кийин азыркы айылдын аты Чырак аталган (38.с.).

6. Илгери ар бир элдин эн тамгасы болгон. Айылдын элинин эн тамгасы чырак тамга болгон. Улуу Ата Мекендик согушка чейин айыл Чырак-Тамга деп аталчу. Кийинки мезгилдерде тамга сөзү түшүрүлүп айтылып Чырак деп айтылып кетти. Чырак – чырак тамга энине байланыштуу аталган (38.с.).

7. Ысык-Көлдүн айланасында негизинен 2 айыл – Чырак жана Темир башка айылдарга салыштырмалуу мурда негизделген. Анын себеби, Ысык-Көлдө Темир деген адам, Тескей тарапта Талыпакун өз мезгилиндеги билимдүү адамдардан болушуптур. 1904-жылдары Россияда Столыпиндин агрардык реформасы жүрүп жаткан мезгилде билимдүү адамдар жакшы жерлерибизди келгин орус дыйкандарга алдырып жиберебиз дешип, мурда отурукташууга элди үгүттөшкөн. Ошол мезгилдерде Чыныбайда Талып катчы болуп кызмат кылган. Азыркы Чырак айылы жайгашкан жер Тилекмат уруусунун элине тиешелүү жер болуптур. “Суусу жанында, эки жагы саздуу келген малга жайлуу жер, ортосу аралча кеңири жер ушул жерди мага бер”-деп Чыныбайдан Талып Молдо сураса, бербей коёт. Ошондо өз мезгилинин акылман, көрөгөч, билимдүү адамы Талыпакун жигиттерине айтып: “Айлуу түндө сууну биз алчу жердин түштүк-батыш тарабына салгыла!”- дептир. Сууну буруу чоң ташты жылдыруу аркылуу ал мезгилде жеңил эле башка нукка салынган экен. Талыпакундун айтканындай жигиттери суунун нугун өзгөртүшөт. Кийин Талып менен Чыныбай макулдашып жер жөнүндөгү документке: “Азыркы Жети-Өгүз суусунун нугу менен…” делинип мөөр басылыптыр, ошондо “Азыркы суунун нугу менен…” деген сөз менен Чыныбай алданып калган экен. Ошентип, Чырак эли жакшы жерден орун алган (38.с.).

Топонимист Д.Исаев Чырак топонимин ушул аймактагы Тилекмат (Шалбаа) айылы менен катарлаш, чектеш жаткан фактысын эске алуу менен эки топоним тең бири-бирине синонимдеш. Чырак монгол тилиндеги ширэг деген сөздүн фонетикалык жактан бузуп айтуунун негизинде келип чыккан. Ширэг – бизче “шалбаа” (зеленый луг), “көк чалгындуу жер” деген маанисин билдирет деген көз карашын билдирген (84, 34).

Биздин пикирибизче, Д.Исаевдин чечмелөөсү жөн гана дал келүүчүлүк. Чырак топоними Чырак айылында жашашкан коңурат

уруусундагы чырак-тамга уруусунун атынан келип чыккан. Кийинки мезгилдерде чырак-тамга уруусунун тамга деген сөзү түшүрүлүп, чырак уруусу же Чырак айылы түрүнө өтүп кеткендиги байкалат. Топонимикада бул эллипсистик кубулушка кирет. Тамга кыргыз элинин турмушунда байыртадан эле пайдаланылган. Тарыхый маалыматтарга караганда, Кыргыз Кокон хандыгына багынган мез-гилде, Кокон ханы ар бир уруунун бийлерин чакыртып алып, алар-га бирден тамга берет. Бийлердин бирөөнө орок тамга, ай тамга, кайчы тамга, кылыч тамга, чырак тамга ыйгарылгандыгы айтылат (70, II, 532).

Жогоруда берилген адам аттарынан жана уруу аттарынан сырткары Балтабай (Жети-Өгүз районундагы мурунку Алкым айылынын азыркы аты), Өмүрдүн кайкысы (Ак-Суу районундагы Ак-Суу капчыгайында), Алыбек (Тоңдогу Кызыл-Туу айылынын азыркы аты), Байзак (Сан-Таш айылынын азыркы аты) адам аттарынын негизинде келип чыккан. Түп районунда Чоң-Тогуз-Бай айылы уруу атынан, Ысык-Көл районунда Чиркей топоними да уруу атынан пайда болгон. Бул сыяктуу антропотопонимдер жана этнотопонимдер Ысык-Көл топонимиясында көп санда. Ошондуктан бул маселени изилдөө иштери дагы алдыда. Айтылган маалыматтар кыргыздардын этникалык тарыхы боюнча кызыктуу маалымат болушу ыктымал.

Жогоруда айтылган жер-суу аттарынан башка дагы Ысык-Көл топонимиясындагы Ысык-Көл, Сан-Таш, Манжылы-Ата, Чолпон-Ата, Ак-Терек (Карагоо), Тамга, Тосор, Эр Табылдынын кароол чокусу, Эр Табылдынын Сака-Ташы, Эр Табылдынын Ак-Тереги ж.б. сыяктуу топонимдерде да кыргыз элинин этникалык тарыхы чагылдырылган. Айтылгандар далилдүү болуу үчүн төмөнкү маалыматтарга учкай токтололу.

**Манжылы-Ата.** Манжылы-Ата – Тоң районундагы ыйык жердин аты. Кийин эл мазар туткан касиеттүү бул жерге Манжылы атанын сөөгү коюлган. Ысык-Көл өрөөнүн мекендеген, ээлик кылган жергиликтүү бугу уруусунун акылман, кадыр-барктуу адамдары Арык, Белек аталардын сөөгү да ушул жерге коюлуптур.

Ысык-Көлдөгү акелердин улуусу Моют аке өлөөрүндө сөөгүн ушул ыйык жерге коюуну урпактарына керээз кылып айткан.

Урпактары сөөктү салт катары Моют акенин керээзи боюнча Манжылы-Атага коюшат (78, 12). Ошол окуядан кийин ысык-көлдүк кыргыздарда сөөктү Кыргызстандын Түштүгүнө, тактап айтканда, Анжиянга алып барып коюу салты токтогон. Бул жөнүндө Акмат Карыбай уулунун "Садыр аке" китебинде да айтылган.

Бул маалыматтарга караганда, кыргыз элинде ким кайсы жерде төрөлсө, ошол жерге сөөгү коюлушу салт болуп калган. Тарыхый маалыматтарда калмактар XIV кылымда Кыргызстандын Түндүк бөлүгүн (Ысык-Көл, Чүй, Тянь-Шан) басып алгандыгы айтылат. Бул мезгилде жергиликтүү кыргыздар Түштүк тарапка, азыркы Фергана өрөөнүнө ооп жашоого мажбур болушкан.

**Токтоян** – Түп районундагы Тасма жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Тасма дөңсөөсүнүн этегинде. 1916-жылы негизделген. Калкы 1081 (1986-ж) (120, 284). Бугу уруусунун токоч, шапак, карамырза уругунун элдери турушат.

Уламыш 1. Эр Табылды калмактарды кууп келе жатып, азыркы Токтоян айылы жайгашкан жерге келгенде эс алып, токтоп калган экен. Калмактар дагы артыбыздагы куугун токтоду дешип, токтоп калышат. Ошол учурда бир калмак (анын аты Ян экен) токтобой качат. Калмактар: "Ян, токто!" - деп кыйкырышса да болбой, Ян качкан экен. Ошол окуядан улам, бул жер Токтоян деп аталган (53.с.).

2. Токтоян айылынын тоосунда илгери Мазар болгон экен. Ошол Мазардын жанында бир калмактын байы жашаптыр. Байдын Ян деген эрке кызы жылкы кайтарган кыргыз жигитти жактырып калат. Кийинчерээк эки жаш ат тандап алып качууга аракет жасашмакчы болушат. Жигит менен кыз качып жеткирбей баратканда, кыздын атасы: "Токто, токто, Ян!" -деп кыйкырат. Кыз менен жигит токтобой качып баратканда, атасы аргасыздан кызын атып салыптыр. Ошондон кийин бул жер Токтоян деп аталып калган экен (42.б.).

**Табылдынын Сака-Ташы**. Тоң районунун сыртындагы жер аты. Тарыхый топоним. Топоним жергиликтүү кыргыздардын эсинде азыркы учурга чейин сакталып калган (27.с.). Табылды бул жердеги көлөмдүү келген ташты чүкө өкчөгөндөй кылып өкчөгөн. Ал мезгилде бул ташты эч бир адам ордунан козгой алган эмес. Ошондуктан бул жер Табылдынын Сака -Ташы деп аталган (25.с.).

**Табылдынын кароол чокусу –** Түп районунун Сары-Тологой тоосундагы чокунун аты. Бул топоним жергиликтүү бугу урууларынын эсинде сакталып калган. Бул чокуга чыкканда, Ысык-Көл өрөөнү алаканга салгандай болуп көрүнүп турган. Жоокерчилик мезгилде Табылды, Элдияр, Эрмектер бул чокуну кароол катары пайдаланышкандыктан, Табылдынын кароол чокусу деп аталган (49.с.).

Кароол сөзү азыркы учурда колдонулбайт. Кыргыз тилинин лексикасында эскирген сөз, историзм. Жоокерчилик мезгилде мезгил талабына ылайык колдонулган.

**Табылдынын Ак-Тереги.** Бул топоним Ысык-Көл топонимиясында көп кайталанат. Бирок азыркы учурда Ак-Терек түрүндө гана аталып, элдик этимологиясы Эр Табылды баатырга байланыштырылып түшүндүрүлөт (30.с., 65.с.). Эр Табылды жарадар болгондо дарыланып, эс алып, өргүү алган жер Тоң районундагы Карагоо (Ак-Терек, Кызыл-Туу, Алыбек) айылдарынын аймагы айтылып келген (12.с.). Биздин топтогон факт-материалдарыбызда Жети-Өгүз районундагы Ак-Терек айыл өкмөтүндөгү жана Барскоон айыл өкмөтүндөгү Табылдынын Ак-Тереги деген жерлердин бар экендиги жана Тоң районундагы Ак-Терек топониминин маанисинин чечмелениш мазмунунун мотиви бирдей болгондугу кызыгууну пайда кылды (64.с., 65.с., 30.с.). Бул жердеги жергиликтүү санжырачылар, айтуучулар калмактар менен болгон Эр Табылдынын чабышы ушул жерде болгон деген далилдөөлөрүн келтиришет. Маселен, Барскоон айылынын жашоочусу, мугалим С.Сагалиев Барскоон капчыгайындагы Табылдынын Ак-Тереги топониминен сырткары бул аймакта Чалкалмактын чеп ташы (коргон ташы), Көгөй, Табылдынын-Ташы сыяктуу жер аттарынын да болушу менен далилдейт.

**Көгөй** – жер аты. Көгөй Чалкалмактын аскер башчысы болгон. Ал Барскоон суусунда Элдияр, Эрмек менен салгылашып жатып өлгөн. Сөөгү суунун жээгине коюлгандыктан, бул жер Көгөй деп аталган (64.с.).

**Табылдынын-Ташы –** Барскоон суусунун оң жээгиндеги таш. Бул ташка Чалкалмактын чебин ачыш үчүн Элдияр менен Эрмектин күчү келбей койгондо, Эр Табылды босого сыяктуу жерден Көлгө өтүш үчүн ыргыткан. Чалкалмактын коргон таштары бийик чоң таштардан коюлган (64.с.).

**Жер-Үй** – Тоң районундагы Күн-Батыш жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Калкы 527 (1987) (120, 92). Бугу уруусунун Кыдык уруу-уругунун суксур уругу турушат. Жер-Үй мөңгүсү да бар. Жергиликтүү маалымдоочу Алыбаев Муканбеттин маалыматтарына караганда, Эр Табылды – кыргыз элин, кыргыз жергесин басып алуучу Чалкалмактын чабуулунан коргоп, калмактарды Нарын өрөөнүнөн, Балгарт, Кара-Каман, Кара-Саздан сүрүп, касиеттүү Ысык-Көлдү калмактардан бошотуп, кыргыздарды басып алуучулардан коргоп калган баатыры. Табылдынын кыргыздарды калмактардан бошоткондугу жөнүндө тарыхый жер аттарында да сакталып калгандыгын, Тоңдо Чалкалмак жарадар болгондо, Табылдыдан аз жерден өлбөй калып, сакалынын бир жагын сырттагы Балгарт суусунан жулдуруп, араң келип, жерден үй каздырып, дарыланып жаткан жери "Жер-Үй" деп аталып кеткен (10.с.) деп жазган. Асан Кайбылда уулунун макаласында Чалкалмак жерден үңкүр каздырып, аңдып жатып, Табылдыны бутка аткан жерге кийин айыл түшүп "Жер-Үй" кыштагы аталып, Табылды Чалкалмакты тосуп жаткан аймак кийин "Тосор" аталып, Чалкалмак өлгөн жер "Чалкалмак өлгөн дөбө" аталышы күнү бүгүн күчүндө деп айтылат (70, VI, 199).

**Кен-Бышырган** – Кичи-Жаргылчактагы жердин аты. Карагайдын ичинде кен бар. Чөп чабындуу жер. Илгери Эр Табылды жарадар болгондо, ушул жерден кен бышырып (кендин бир түрүн) дарыланып, жаратын айыктырып кеткен экен (65.с.).

**Тамга** – Жети-Өгүз районундагы айылдын, суунун жана булуңдун аты. Тамга топониминин келип чыгышы жергиликтүү элдерде "тамга ташка" байланыштырылат. Анын себеби "Эр Табылды" эпосунда тарыхый инсан Эр Табылдынын калмактар менен болгон салгылашуу учурундагы жылкыга басылган тамганы ташка да басып калтыргандагы окуя жалпы элге белгилүү.

Эпосто калмактардан тийип келген жылкыларга кыргызча тамга салышат. Ошондо Табылды баатыр Чалкалмак кийин келип калса, белги болуп калсын деп тамганы ташка да баскан. Күчүмдү көрсүн деген ой менен ошол ташты да жара чапкан. Чалкалмакты жети күнү тосуп жатамын деп, кошуунун Тосорго коюп өзү кароол карап тоо-тоодо жүргөндө, эрмек кылып айткан ырында мындай деген:

"Устадан белги дат калсын,
Молдодон китеп кат калсын.
Атым өчпөй артымда,
Жаш Табылды ат калсын.
Тосор тамга белгимди,
Көргөн кыргыз шаттансын.
Тоорулдан эрдик кылган деп,
Тоо кыргызы мактансын" (236, 442).

Алп Табылды Ат-Башыдан атганып Барскоонго келгенде, Чалкалмак курдурган чептин оозун бекиткен кара ташты көтөрүп, эшик төрдөй жерге ыргыткан. Бул таш "Табылдынын тамга ташы" аталып, таштын ортосунда бычак менен тилгендей кылычтын изи калган. Бир бетинде ийри-буйру белги, бир бетинде жазуу бар (70, VI, 198 – 199). Эпостогу айтылган "Тамга таш" бүгүнкү күндө дагы сакталып турат. Табылдынын тамга ташы – кыргыздар байыртадан таш көтөрүп, тамга басып, аскага сүрөт чегип, жазма салып эрдик менен алптыктын, баатырдык менен балбандыктын белгисин кийинки муундарга калтырып келишкендигинин күбөсү.

Жогоруда Эр Табылдынын ысымы менен байланышкан жер-суу аттарынын, андагы чагылдырылган доордун элдик уламаларда сакталып калышы – Кыргызстандын тарыхында кыргыздар менен калмактардын XV – XVII кылымдардагы саясий байланышынын мезгилинен кабар берет. Калмактардын кыргыз жерлерин басып алып жашашкандыгы жөнүндө ушул аймактардагы кайталанган Калмак-Арык, Калмак-Ашуу, Калмак-Очок сыяктуу топонимдерден да бул мезгилдеги тарыхый доордун элементи жана белгилери байкалат.

**Тосор** – Жети-Өгүз районундагы айылдын, ашуунун, колтуктун, өрөөндүн жана тумшуктун аты. Тамга жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айыл. 1928-ж. негизделген. Калкынын саны 1501 (120, 287). Айылда желдең уруусунун муратжан, шүкүр уруктары турушат. Бул аймакты жергиликтүү элдер Ак-Чий, Кайрак деп да аташат (120, 288).

1. "Азыркы айыл турган жер атчан адам араласа көрүнгүс ак чий экен. Ошондуктан Тосордун экинчи аты – Ак-Чий. Бирок, Тосор суусуна карата, экинчиден жоо тосконго ылайыктуу деп Тосор аты көп айтылган" (182, 23).

2. “Тосор деген ат Манастан калган. Манас Тосор ичин өрдөйт. Кептешке жетип кептелип, өтө албай коёт. Ошондон улам Кептеш аталат. Манас баатыр артына кайтып, Тоң менен Тастар атанын чокусуна чыгат. Анда Аккуланын мамысы бар. Манас отурган таш да бар. Боз үйдүн жарымындай болгон Манастын казаны турат. Буга караганда, азыркы Тосор аттуу жер байыртан бери болгон” (182, 26).

**Сан-Таш (Кара-Чуңкур)** – Ысык-Көл облусунун Түп районундагы айылдын, ашуунун, шаар чалдыбарынын, капчыгайдын жана көлдүн аты. Сан-Таштын аталышы жөнүндөгү эл арасындагы уламыш орустун улуу окумуштуусу П.П.Семенов-Тянь-Шанский тарабынан жазылып калтырылган (23, 164 – 165).

Дүйнөлүк тарыхтагы ысымы белгилүү болгон. Аксак Темир (Темирлан) XVI кылымдын аяк ченинде Азиянын чыгыш өлкөлөрүнө жасаган бир жүрүшүндө ушул, жерден өтөт да, согушка кирер алдында аскерлердин саны канча экендигин билүү үчүн баягы таш дөбөдөн ар бир жоокер бирден таш алып, жанына таштоосун буюрат. Ошондо кичирээк келген үйүндү таш дөбө пайда болгон.

2. Сан-Таш. Кидандардын башчысы ушул жердеги таштарды чогулттуруп, дыйканчылык кылып жер иштетишкен. Ошондон чогулган таш дөбөлөр Сан-Таш деп аталган (66.б.).

Тарыхый маалыматтарга караганда, XIV – XV кылымдарда Кыргызстандын аймагын кидандар жана ойроттор басып алышкан (20). Ушул тарыхый мезгил азыркы кыргыз урууларындагы элдердин эсинде уламышка айланып сакталып калган.

3. Бул жердин Сан-Таш деп аталышы Манаска байланыштуу. Манас баатыр менен Алманбет ушул жерден кол эсебин алган экен. Манас Алмабетке: “Колуң канча болду экен, эсебин ал!” дегенде, Алманбет: “Колдун эсеби 60 илек (түмөн) кол” деп билдирген. Бул жер ошол окуядан кийин Сан-Таш деп аталып калган (6.с.).

Сан-Таш айылы 1950-жылдарда гана Сан-Таш деген аталышта аталган. Сан-Таш эстелиги ушул айылдан 10 – 15 чакырым чыгыш тарапта орун алган. Бул аймакта Сан-Таш көлү да болгон.

**Манастын-Ташы капчыгайы** – Ак-Суу районундагы капчыгайдын, жердин аты. Бул жерде алачыктай болгон кара таш бар.

Илгери астынан түлкү чыкса, кырсык болот дешкен. Манас баатыр келатса, алдынан түлкү чыгып калат. Ошондо Манас баатыр ташты түлкүнү көздөй ыргытканда, түлкү таштын алдында, ичинде калган. Ошол ташты азыркы мезгилге чейин жергиликтүү элдер Манастын-Ташы деп аташкан (6.с.).

**Тулпар-Таш** – Тескей Ала-Тоонун түндүк чыгыш этегиндеги кооз жер, жайлоо. Түргөн Ак-Суу менен Жыргалаң сууларынын ортосунда 2200 – 2300 метр бийиктикте жайгашкан түзөң аймак. Топонимдин жаралышы ушул жердеги чоң ташка, андагы тамгага окшош белгиге байланыштуу болгон. Элдик уламыштар боюнча ташта Манастын минген аты – Аккуланын изи калган.

1. Санжыра. Тулпар-Таш – Жыргалаңдын өрдөшүндөгү ташта тулпардын туягынын изи калган (59.с.).

2. Семетейдин Тайбуурулу оюн салганда туягынан ыргыган бул ташта Тайбуурулдун (тулпардын) туягынын белгиси сакталып калган (6.с.).

Уламыштардагы Манас баатырга байланыштуу маалыматтардан кыргыз тарыхында Манас баатыр менен байланыштуу окуялардын болгондугу жана ошол окуялардын муундан-муунга оозеки айтылып, элдик чыгармачылыкка айланып келиши менен азыркы мезгилге чейин тарыхый Манас баатырга байланыштуу жер-суу аттары сакталып калган.

**Чолпон-Ата** – Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы шаардын аты. Азыркы Чолпон-Ата шаары жайгашкан жерде 1922-жылга чейин 15 гана түтүн келгин орустар болгон. Х.Карасаевдин “Камус наама” эмгегинде: “Чолпон-Ата – койдун пири, колдоочусу” деп көрсөтүлүп, мындайча уламыш берилген: “Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде Чолпон-Ата деген жер бар. Ал жерге кышкысын кар жаап жарыбайт. Илгери көлдүн башындагы кыргыздар кышында койлорун оторлотуп, Чолпон-Атага кыштата турган. Бул жердин табигый чөбү койго жайлуу келет. Кой жайып, мал кармоого ыңгайлуу жер болгондуктан, Чолпон-Ата деп аталган” (96, 237).

Бул уламыштагы маалыматтардан кыргыз элинин жашоосунда кой баласынын да ээси, пири, колдоочусу болгондугун, анын натыйжасында бул ат жер атына өткөндүгүнө күбө болобуз. Кыргыз элинде жылкыныкы – Камбар ата, төөнүкү – Ойсул ата, уйдуку

– Зеңги баба, иттики – кумайык, жердики – баба дыйкан, баланыкы – Умай Эне сыяктуу колдоочулары болгон.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө жер-суу аттарынын мааниси чоң экендигин көрдүк. Жогоруда көтөрүлгөн маселелер иликтөөнүн жаңы гана башаты. Ал тууралуу чекит коюу али эрте. Ошондуктан, төмөнкүдөй кыскача жыйынтык чыгардык:

1. Кыргыз эли азыркы жердеп турган жеринде байыркы мезгилдерден бери кылымдап жашап келишкендиги тарыхый жана топонимикалык маалыматтардын негизинде дагы бир ирет далилденилди.

2. Бул региондо жашаган элдердин байыркы маданияты, ишенимдери, диний жөрөлгөлөрү, социалдык, экономикалык жана саясий турмушун чагылдырган топонимдер сакталып калгандыгы белгиленет.

3. Совет доорунда көп айтылбай, изилденилбей келген, унутта калган, элдик оозеки кепте гана айрым улуу муундагы адамдардын эсинде муундан-муунга өтүп айтылып калган адам аттары жана этнонимдер жер-суу аттарынын негизинде белгилүү болду.

4. Жер-суу аттары жөнүндөгү уламыштар – кыргыз элинин этникалык тарыхын калыбына келтирүүдө маанилүү орунга ээ.

## V. ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Ысык-Көлдүн топонимиясы кыргыз элинин жана анын тилинин келип чыгышы менен байланыштуу. Бардык өлкөлөрдүн топонимдери сыяктуу кыргыз топонимдери да көп кылымдар бою узак убакыттын ичинде ар түрдүү жолдор менен түзүлгөн. Буга ушул мезгилде кыргыз топонимдеринин арасында башка тилдердин негизинде келип чыккан жер-суу аттарынын сакталып калышы далил болот. Белгилүү бир аймактагы топонимдер тарыхый узак мезгилде топтолгон жер-суу аттарынын жыйындысы катарында келип чыгат.

Топонимдер – баарынан мурда сөз. Ошондуктан жер-суунун аты конкреттүү географиялык объектини көрсөтүү менен ал баары бир сөздөрдүн, тилдик каражаттардын жардамы менен пайда болгон лексикалык бирдик катарында жашайт.

Энчилүү аттар тилдик кубулуштарды, элдин жана тилдин тарыхын изилдөөдө ошол аталыштардын негизинде ал аймакта кайсы тилдеги элдин болгондугун, кайсы диалектинин же уруу топторунун тилдеринде коюлгандыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Ысык-Көл облусу тоолуу болгондуктан, жер-суу аттары көп санда.

Топонимдерди атоодо колдонулган омоним, синоним, антоним, калька, тавтология сөздөр, сөз маанилери, анын ичинде өтмө маанилери, диалектилик сөздөр, табу сөздөр жана эскирген сөздөргө изилдөөлөр жүргүзүлдү. Жергиликтүү географиялык терминдердин топонимдерди пайда кылуудагы орду белгиленди. Биздин иликтөөдө төмөнкү кубулуштар – кайталоо, полисемиялык топонимия, метафора топонимдер, метонимиялык топонимия жана географиялык терминдерден түзүлгөн топонимдер башка тилдик каражаттарга салыштырмалуу кеңири жайылган. Бул маселелер дагы терең изилдөөлөрдү талап кылат.

Ысык-Көл топонимиясындагы фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик кубулуштар жөнүндөгү изилдөөнүн натыйжасы төмөнкү корутундуларды жаратты: топонимдердеги үндөштүк мыйзамы, толук жана толук эмес үндөшүү, үнсүз тыбыштардын жумшарышы, ассимиляция, диссимиляция жана метатеза кубулуштары аныкталды; топонимдердин грамматикалык түзүлүшүнүн маңызы жөнөкөй жана татаал, ал эми морфологиялык жагынан тубаса жана туунду; жер-суу аттары бир, эки, үч жана төрт түгөйлүү. Көпчүлүк топонимдер эки түгөйлүү, экинчи орунда бир түгөйлүү жана үч түгөйлүү, ал эми төрт түгөйлүү топонимдер да аз санда кездешет; региондун географиялык аттары синтаксистик жагынан байланыштын бардык (ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу жана таандык) жолдору боюнча байланышат. Түрк тилдүү элдердин топонимикасындагы өзгөчөлүктөрүнүн бири катары сүйлөм түрүндөгү жер-суу аттары учурай тургандыгы байкалды; топонимдер "аныктооч + аныкталгыч" тибиндеги моделде, б.а. көпчүлүк учурда ыкташуу байланышы аркылуу жасалган.

Дүйнө жүзүндө таза түрүндөгү бир да тил жок. Топонимика илиминде кайсы гана өлкөлөрдүн топонимиясы болбосун, алар ар кандай тилдик катмарлардан турары белгилүү. Ошол себептүү изилденилип жаткан аймактын топонимдери да бир түрдүү жалаң кыргыз тилиндеги сөздөрдөн эместиги ачык көрүндү.

Ысык-Көл топонимиясы узак кылымдар бою түзүлгөндүктөн, региондун топосистемасы бир канча тилдик катмарлардан турат: байыркы жана орто түрк (кыргыз), монгол-түрк (кыргыз), иран-араб, орус жана нагыз кыргыз катмарлары. Ысык-Көлдөгү географиялык аттардын басымдуу бөлүгү нагыз кыргыз тилиндеги сөздөрдөн түзүлгөн.

Түрк катмары – Ысык-Көл топонимиясынын негизги бөлүгүн түзөт. Ал байыркы жана орто түрк (кыргыз), нагыз кыргыз, түштүк сибир (алтай, тува, хакас, шор) катмарларынан турат.

Иран катмары – окумуштуулардын тарыхый, топонимикалык маалыматтары боюнча, хронологиялык жагынан алганда башка тилдик катмарларга караганда, эрте пайда болгон катмар. Ал эми араб топонимдери жергиликтүү элдердин мусулман динине ишенүүсүнө, кабылдоосуна байланыштуу кыйыр түрдөгү кабыл алынган сөздөрдүн негизинде, аз санда болсо да аталып калган.

Монгол, калмак сөздөрү кыргыздар менен саясий байланышынын жана коңшулаш аймакта жашашкандыгынын мезгилинде XIII–XVII кылымдарда сакталып калган. Монгол сөздөрү Ысык-Көл аймагында аз санда: Оргочор, Улахол, Уй-Мөрөн ж.б. Көпчүлүк аталыштар кыргыз жана монгол тилдери үчүн бирдей даражада колдонулган сөздөрдөн пайда болгон. Кыргызстандагы калмак доору акыркы кездерге чейин терең изилдөөгө алына элек. К.Исаевдин маалыматты боюнча 130 жыл калмак баскынчылары Кыргызстандын көпчүлүк жерлерин басып алып жашашкан. Бул маселеге байланыштуу баалуу маалыматтар тоолордо, сырттарда сакталган.

Башка тилдердин сөздөрүнүн негизинде коюлган аз сандагы жер-суу аттары аныкталды.

Орус тилиндеги аталыштар 1865-жылдан тартып орус келгиндеринин отурукташуусу менен пайда боло баштаган. Көпчүлүк топонимдер адам аттарынан коюлган. Кеңеш өкмөтүнүн идеологиялык саясатына байланыштуу кыргыз тилиндеги топонимдерге -овка, -о ж.б. сыяктуу топонимди уюштуруучу орус тилиндеги мүчөлөр уланып аталып кеткен. Калька жолу кеңири пайдаланылган, Россиядагы кыштактардын аттарынын негизинде тавтологиялык жана кайталануучу топонимдер пайда болгон.

Ысык-Көл топонимиясынын тарыхый калыптануусу төмөнкүдөй этаптарга бөлүндү: а) байыркы кыргыз тили б.з.ч. III кылымдан б.з. X кылымына чейинки кыргыз тили; б) орто кылымдык кыргыз тили X – XVI кылымдарга чейинки кыргыз тили; в) жаңы кыргыз тили XVI кылымдан бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз тили.

Кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө жер-суу аттарынын мааниси чоң. Кыргыз уруу топторунун, бирикмелеринин Ала-Тоону мекендеп жашашын айрым иликтөөчүлөр "Манас" эпосундагы кыргыздардын Ала-Тоого келиши жөнүндөгү атайын өзөк окуяга байланыштырууга далалат кылышат. Биздин пикирибизде, кыргыздар байыркы мезгилдерден бери Борбордук Азия менен Алтайга чейинки кеңири аймакта, башкача айтканда, азыркы жашап турган Кыргызстандын аймагынан Кытайдын Текес, Кулжа, Жылдыз, Күнөс, Бостон-Терек, Үрүмчү деген жерлеринен Алтайга чейинки аралыкта жоокерчиликке жана жайытка

байланыштуу көчүп-конуп жашап келишкен. Саясий, экономикалык жана маданий жагдайларга байланыштуу көптөгөн ири жана майда уруу топторун өздөрүнө сиңирип алуусу да толук ыктымал. Изилдөөчүлөр кыргыздын байыркы уруулары коңурат, төөлөс эки бөлүндү болуп кыргыз деген ат менен азыркы ээликтеп турган жерлери – Алтайда, Ала-Тоодо, Памирде, Казакстанда жана Кытайда үзгүлтүксүз жашап турушкандыгын көрсөтүшкөн. Ошол себептен, кыргыз топонимдери Түштүк Сибирде ж.б. жерлерде жана Кыргызстанда Түштүк Сибирь түрк топонимдери сакталган.

Кыргыз эли азыркы жердеп турган жеринде байыркы мезгилдерден бери кылымдап жашап келишкендиги тарыхый жана топонимикалык маалыматтардын негизинде дагы бир ирет далилденилди.

Бул региондо жашаган элдердин байыркы маданияты, ишенимдери, диний жөрөлгөлөрү, социалдык, экономикалык жана саясий турмушун чагылдырган топонимдер сакталып калгандыгы белгиленет. Ысык-Көл топонимдери кыргыз элинин байыркы мезгилден бери сакталып келаткан дүйнө таанымы болгон теңирчилик таануунун маалымат булагы экендиги аныкталды.

Совет доорунда көп айтылбай, изилденилбей келген, унутта калган элдик оозеки кепте гана айрым улуу муундагы адамдардын эсинде муундан-муунга өтүп айтылып калган адам аттары, этнонимдер жер-суу аттарынын негизинде белгилүү болду. Этнотопонимдер менен антропотопонимдер совет доорунда саясатка ылайык коммеморативдик топонимдер менен алмаштырылып аталган. Акелерге, баатырларга, манаптарга, бийлерге, бектерге байланыштуу аталыштардын катары белгиленет. Аке сөзү түштүк диалектиде улуу адамга карата айтылуучу сөз маанисинде колдонулса, Ысык-Көл өрөөнүндө калыс, жеке кызыкчылыктан жалпы элдин кызыкчылыгын биринчи орунга койгон акылман, чечен адамдарга карата улук, улуу даража маанисинде колдонулган.

Кыргыз эли басып өткөн тарыхты уламалап, муундан-муунга, оздон-оозго кылымдар бою айтып келишкендиктен, жер-суу аттары да эл оозунда уламышка айланган. Уламыштар – мурунку мезгилдерде оозеки түрдө айтылган, мазмуну жагынан кыска, бирок түшүнүктүү, кайсы бир тарыхый мезгил да камтылган.

Айтуучунун чеберчилигине жараша акыркы кездерде уламыштарды кагаз бетине түшүрүп жазуу, кененирээк мазмунда көркөмдөө орун алган, кээде ыр түрүндөгү уламыштар да учурайт. Уламыштардын бардыгын тең топонимдердин маанисин аныктоодо элдик этимология катары кароо негизсиз, кайсы бир деңгээлде орду бар. Жер-суу аттары жөнүндөгү уламыштар – кыргыз элинин этникалык тарыхын калыбына келтирүүдө маанилүү орунга ээ.

Бул эмгекти жазууда Ысык-Көл аймагынан уламыштарды жыйноо иши жүргүзүлдү, анын натыйжасында жер-суу аттары тууралуу уламыштар көп санда экендиги белгилүү болду. Бир аталыш тууралуу бир канчалаган варианттардын болушу өзгөчө кызыгууну жаратты.

Топонимикалык бул изилдөө иштери – аталган маселелерди чечүүгө жаңы гана багыт алуу болмокчу. Жер-суу аттары аркылуу этникалык тарыхтын катылып жаткан сырларын ачуу – али алдыда, келечектеги иш. Жыйынтыктап айтканда, топонимдерди изилдөө аркылуу кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхын чагылдырып, тарыхый бай материал бере тургандыгы ачык көрүндү.

Иликтөөбүздө жер-суу аттарына байланыштуу уламыштар, санжыралар, айрым макалалардагы илимий пикирлер кеңири пайдаланылды.

Бул эмгекте Ысык-Көлдөгү топонимикалык аттардын бардыгы толук камтылып, изилденип бүттү деп айтуу кыйын. Анткени айрым топонимдердин көз жаздымда калышы да мүмкүн. Негизинен көпчүлүк үчүн мааниси түшүнүксүз, белгисиз болгон, талаш-тартыштарды пайда кылган жана кыргыз тарыхы үчүн маанилүү болгон топонимдер талдоого алынып, белгилүү деңгээлде түшүндүрмө берилип, аныктамалар, пикирлер айтылды.

Ысык-Көлдөгү географиялык аттар макро жана микротопонимдерге бөлүнүп каралбастан, жалпысынан топонимдер деген термин колдонулду. Эгер топонимдерди макро жана микротопонимдер деп бөлүштүрсөк, макротопонимдерге: Жети-Өгүз, Түп, Ак-Суу, Каракол, Балыкчы, Ысык-Көл, Сары-Жаз, Тоң, Күнгөй Ала-Тоо, Тескей Ала-Тоо ж.б. кирет. Микротопонимдерге: айыл аттары, жолдун, көпүрөнүн, кокту-колот, жылга-жыбыт, жапызыраак чокунун, булактын, кичине суунун, чакан көлдүн, көчөнүн, көпүрөнүн аттарын шарттуу түрдө киргизүүгө болот.

Кээ бир топонимдердин маанисин так ажыратып берүү үчүн, айрым учурларда орус тилиндеги сөздөр жана цитаталар колдонулду.

Эмгекке 84 жергиликтүү баяндоочунун (айтуучу) жана санжырачынын тизмеси берилди. Алардын аты-жөнү алфавиттик тартипте жайгаштырылып, жашаган жери, туулган жылы, уруу-уругу ж.б. (атайын шарттуу түрдөгү катар номери менен) жазылып берилди.

## VI. ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР:

1.1) б.з.ч. – биздин заманга чейинки.
б.з. – биздин замандын.
ш.ч. – шаар чалдыбары.
ж. – жылы.
ж.б. – жана башка.
ж.ж. – жылдар.
к. – кылым.
к.к. – кылымдар.
м: – мисалы.
2.1) РБР – Республикага баш ийген райондор.
2) обл. – облус.
3) р-н., р. – район.
4) а.ө. – айыл өкмөтү.
5) ж.ө.а.б. – жергиликтүү өз алдынча башкаруу.
3.1) га – гектар
2) км – квадрат километр.
3) м – метр
4) мм – миллиметр
5) см – сантиметр
6) уз – узундугу
4.1) б.а. – башкача айтканда.
2) о.м.б.э. – ошону менен бирге эле.
3) о.э. – ошондой эле.
5.1) ЖГТ – жергиликтүү географиялык терминдер.
2) ГТ – географиялык терминдер.
3) к.с. – кичине суу
4) сс. – суулар.
5) к.т. – кырка тоо.
6) ЭГТ – элдик географиялык терминдер.

6.1) азерб. – азербайжан тили.
2) бур – бурят тили.
3) диал. – диалекти
4) казак (казах) – казак тили.
5) калм. – калмак тили
6) кырг. – кыргыз тили
7) моңг. (монг) – монгол тили.
8) түркм (туркм) – түркмөн тили
9) түрк (турк) – монг. – түрк - монгол тилдери.
10) уйг. – уйгур тили.
11) гов. – говор.

7.1) (240, 59) – кашаанын ичиндеги 240 саны адабияттын катарын, 59 саны эмгектин бетин билдирет, ал эми (172б, 14) – 172-адабияттын экинчисинин 14-бети дегенди түшүндүрөт.

2) (1.с., 1.б., 1.м) – кашаанын ичиндеги 1.с – биринчи катардагы санжырачы, 1.б – биринчи катардагы баяндоочу (айтуучу), 1.м – биринчи катардагы маалымдоочу дегенди билдирет.

## VII. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАЯНДООЧУЛАРДЫН ЖАНА САНЖЫРАЧЫЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Абдыкалыков Кадырбай, туулган жери: Түп району, Талды-Суу айылы, туулган жылы: 1924, билими: жогорку, кесиби: журналист, тарых мугалими, уруу-уругу: бугу, токоч, төлө, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Түп району, Талды-Суу айылы, 5-июнь, 2003.

2. Абдымамбетов Саты, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1934, билими: атайын орто, кесиби: ферма болуп иштеген, уруу-уругу: дөөлөс, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 2-ноябрь, 2002.

3. Абдырай уулу Досаалы, туулган жери: Ысык-Көл району, туулган жылы: 1922, билими: орто, кесиби: санжырачы, уруу-уругу: саяк, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Оргочор айылындагы тарых музейи, 10-июль, 2002.

4. Абдыракунов Шаршенбай, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1940, билими: жогорку, кесиби: тарых мугалими, уруу-уругу: дөөлөс, сарт аке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Кара-Баткак жайлоосу, 5-сентябрь, 2001.

5. Абылгазиев Жакыпбек, туулган жери: Жети-Өгүз району, Шалбаа, айылы, туулган жылы: 1928, билими: атайын орто, кесиби: чабан, ферма болуп иштеген, уруу-уругу: коңурат, саспак, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Оргочор дөңсөөсү, 6-май, 2005.

6. Азиз уулу Шаабай, туулган жери: Ак-Суу району, Кара-Бөлтөк жайлоосу, туулган жылы: 1920, билими: атайын орто, кесиби: манасчы, санжырачы, уруу-уругу: арык, байым, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Үч-Кайнар айылы, 8-апрель, 2003.

7. Айтмамбетов Калый, туулган жери: Жети-Өгүз району, Чоң-Кызыл-Суу айылы, туулган жылы: 1926, билими: орто, кесиби: малчы, уруу-уругу: дөөлөс, темиржан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Чоң-Кызыл-Суу айылы, 20-октябрь, 2002.

8. Акматов Жанаалы, туулган жери: Тоң району, Ак-Сай айылы, туулган жылы: 1957, билими: жогорку, кесиби: журналист, мугалим, Оргочор о.м. директору, уруу-уругу: тынымсейит, бешбала, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Оргочор айылы, К.Жетимишбаев атындагы тарых музейи, 20-февраль, 2004.

9. Акунов Жумабек, туулган жери: Ак-Суу району, Ак-Булак айылы, туулган жылы: 1979, билими: ат. орто, кесиби: соода кызматкери, уруу-уругу: арык, бурук, баяндап берген уламышты кимден уккан: малчы карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Ак-Булак айылы, 20-август, 2005.

10. Алыбаев Муканбет, туулган жери: Жети-Өгүз району, Барскоон айылы, туулган жылы: 1923, билими: жогорку, кесиби: Кыргыз ССР маданиятына эмгек сиңирген кызматкер, согуштун, эмгектин ардагери, жазып калтырган уламышы: Оргочор тарых таануу музейиндеги кол жазма түрүндөгү маалыматы боюнча.

11. Алымбаев Темиркул, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1926, билими: жогорку, кесиби: мугалим, санжырачы, уруу-уругу: дөөлөс, байболот, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 14-октябрь, 1996.

12. Аралбаев Төлөмүш, туулган жери: Тоң району, Төрткүл айылы, туулган жылы: 1935, билими: орто, кесиби: завсклад болуп иштеген, уруу-уругу: кыдык, жакшылык, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Тоң району, Төрткүл айылы, 11-август, 2006.

13. Аралбаев Туратбек, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1942, билими: атайын орто, кесиби: малчы, уруу-уругу: тынымсейит, бешбала, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 23-август, 2001.

14. Асаналиев Үсөнбек, туулган жери: Жети-Өгүз району, Дархан айылы, туулган жылы: 1932, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: желдең, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: энесинен, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Даркан айылы, 2-декабрь, 1997.

15. Асанбеков Асангазы, туулган жери: Түп району, Балбай (Сары-Булак) айылы, туулган жылы: 1922, билими: атайын орто, кесиби: бригадир болуп иштеген, уруу-уругу: бугу, токой, айбаш, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Түп району, Балбай айылы, 4-июнь, 2003.

16. Асанов Жумакадыр, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1946, билими: атайын орто, кесиби: жер адиси, уруу-уругу: дөөлөс, катма, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Тилекмат айылы, 13-март, 2004.

17. Ашымбеков Базаркул, туулган жери: Жети-Өгүз району, Жети-Өгүз айылы, туулган жылы: 1939, билими: орто, кесиби: карагайчы, уруу-уругу: адигине, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карагайчылардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз курорту, 10-март, 2004.

18. Байдөөлөтов Турдубек, туулган жери: Жети-Өгүз району, Боз-Бешик айылы, туулган жылы: 1957, билими: жогорку, кесиби: зоотехник, айыл кеңешинин төрагасы, уруу-уругу: дөөлөс, темиржан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Кызыл-Суу айылы, 14-декабрь, 2004.

19. Батырканов Узакбай, туулган жери: Жети-Өгүз району, Жети-Өгүз айылы, туулган жылы: 1927, билими: атайын орто, кесиби: малчы, уруу-уругу: бугу, данияр, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз айылы, 11-март, 2003.

20. Бегалиев Сапарбек, туулган жери: Ысык-Көл району, Орто-Өрүктү айылы, туулган жылы: 1936, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: бугу, моют, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 7-декабрь, 1997.

21. Бейшембиев Сабырбек, туулган жери: Жети-Өгүз району,

Жон-Булак айылы, туулган жылы: 1940, билими: жогорку, кесиби: журналист, санжырачы, уруу-уругу: адигине, бөрү, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Жон-Булак айылы, 7-июль, 2005.

22. Бекенова Осипа, туулган жери: Жети-Өгүз району, Жалгыз-Өрүк айылы, туулган жылы: 1930, билими: атайын орто, кесиби: врач, уруу-уругу: дөөлөс, кутчу, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: сырттыктардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Тилекмат айылы, 10-июль, 2002.

23. Бексултанов Куралыш, туулган жери: Ак-Суу району, Тегизчил айылы, туулган жылы: 1934, билими: жогорку, кесиби: тарых мугалими, уруу-уругу: бугу, соно, сарыке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Тегизчил айылы, 5-март, 2003.

24. Бектемиров Ашуубек, туулган жери: Ысык-Көл району, Көк-Дөбө айылы, туулган жылы: 1952, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: саяк, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ысык-Көл району, Көк-Дөбө айылы, 30-апрель, 2004.

25. Бектемиров Казыбай, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Шыйрак айылы, туулган жылы: 1924, билими: атайын орто, кесиби: малчы, санжырачы, уруу-уругу: моңолдор, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: санжырачы сырттыктардан, атасынан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Тилекмат айылы, жыйноо иши жүргүзүлгөн күн: 15-июль, 2002.

26. Бектемиров Мирлан, туулган жери: Тоң району, Көк-Сай айылы, туулган жылы: 1979, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: тынымсейит, бешбала, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: чоң атасынан, санжырачылардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Тоң району, Көк-Сай айылы, 7-июнь, 10-февраль, 2003.

27. Боогачиев Шарше, туулган жери: Жети-Өгүз району, Шалбаа айылы, туулган жылы: 1923, билими: жогорку, кесиби: Ак-

Шыйракта селсовет болуп иштеген, уруу-уругу: тынымсейит, чабалдай, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: сырттыктардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Тилекмат айылы, 10-июль, 2002.

28. Дилдеев Темиркул, туулган жери: Жети-Өгүз району, Желе-Дөбө айылы, туулган жылы: 1965, билими: жогорку, кесиби: тарых мугалими, уруу-уругу: кытай, бекбоо, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Желе-Дөбө айылы, 7-апрель, 2005.

29. Дүйшөмбиев Мукаш, туулган жери: Жети-Өгүз району, Мундуз айылы, туулган жылы: 1922, билими: жогорку, кесиби: орган кызматкери, уруу-уругу: мундуз, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Мундуз айылы, 6-март, 2003.

30. Жетимишбаев Кален, туулган жери: Жети-Өгүз району, Кичи-Жаргылчак айылы, туулган жылы: 1921, билими: жогорку, кесиби: мугалим, Оргочор тарых таануу музейинин директору, уруу-уругу: бугу, байтайлак, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Оргочор айылы, 9-июль, 2001.

31. Жумабаев Бекмурза, туулган жери: Жети-Өгүз району, Жети-Өгүз айылы, туулган жылы: 1925, билими: жогорку, кесиби: театр иликтөөчү, уруу-уругу: бугу, бирназар, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 10-май, 1996.

32. Жуманов Токтобай, туулган жери: Ак-Суу району, Шапак айылы, туулган жылы: 1938, билими: атайын орто, кесиби: мергенчи, уруу-уругу: бугу, шапак, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: энесинен, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Отрадный айылы, 17-август, 2005.

33. Жусуев Алмаз, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Шыйрак айылы, туулган жылы: 1977, билими: атайын орто, кесиби: чек ара кызматкери, уруу-уругу: дөөлөс, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 2-май, 2005.

34. Жусуев Билим, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1941, билими: орто, кесиби: чабан, топозчу, уруу-уругу: дөөлөс, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 4-май, 2003.

35. Жүзбаев Бектемир, туулган жери: Жети-Өгүз району, Дархан айылы, туулган жылы: 1954, билими: атайын орто, кесиби: геолог, мектеп завхозу, санжырачы, уруу-уругу: желдең, күрүчбек, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Дархан айылы, 4-декабрь, 2004.

36. Ибраев Мукаш, туулган жери: Жети-Өгүз району, Жети-Өгүз айылы, туулган жылы: 1932, билими: орто, кесиби: карагайчы, уруу-уругу: адигине, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз курорту, 10-март, 2004.

37. Исмакулова Айша, туулган жери: Ысык-Көл району, Орто-Өрүктү айылы, туулган жылы: 1942, билими: жогорку, кесиби: врач, уруу-уругу: бугу, алдаяр, теке, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: сырттыктардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 5-февраль, 24-февраль, 2003.

38. Кадыров Эсен, туулган жери: Жети-Өгүз району, Чырак айылы, туулган жылы: 1924, билими: жогорку, кесиби: тарых мугалими, уруу-уругу: коңурат, черик, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Чырак айылы, 30-август, 2003.

39. Калыков Адылбек, туулган жери: Түп району, Сары-Булак айылы, туулган жылы: 1967, билими: жогорку, кесиби: агроном, уруу-уругу: бугу, токой, айбаш, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Түп району, Балбай айылы, 14-июнь, 2004.

40. Калыков Дүйшөбек, туулган жери: Түп району, Сары-Булак айылы, туулган жылы: 1934, билими: атайын орто, кесиби: фермер, уруу-уругу: бугу, токой, айбаш, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши

жүргүзүлгөн жер: Түп району, Балбай айылы, 10-сентябрь, 2002.

41. Кандышов Бектурсун, туулган жери: Ак-Суу району, Отрадный айылы, туулган жылы: 1967, билими: атайын орто, кесиби: молдо, уруу-уругу: бугу, шапак, субанбек, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: сырттыктардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Шапак айылы, 7-октябрь, 2005.

42. Каргалдаев Туратбек, туулган жери: Түп району, Кең-Суу айылы, туулган жылы: 1940, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: бугу, шапак, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 6-декабрь, 1997.

43. Карымбаев Абдыманап, туулган жери: Ак-Суу району, Качыбек айылы, туулган жылы: 1921, билими: атайын орто, кесиби: малчы, уруу-уругу: бугу, шапак, ажыбай, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Качыбек айылы, 20-август, 2005.

44. Касабаев Жолочу, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1958, билими: атайын орто, кесиби: көк башы, уруу-уругу: дөөлөс, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 2-октябрь, 2002.

45. Кекебаев Эркин, туулган жери: Ак-Суу району, Кайырма-Арык айылы, туулган жылы: 1959, билими: атайын орто, кесиби: агроном, уруу-уругу: арык, сейитказы, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Боом капчыгайы, 18-февраль, 2004.

46. Келботоев Эсенкалый, туулган жери: Ак-Суу району, Ичке-Жергез айылы, туулган жылы: 1934, билими: атайын орто, кесиби: айдоочу, уруу-уругу: арык, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Ичке-Жергез айылы, 20-январь, 2005.

47. Келдибаев Кудайберген, туулган жери: Ак-Суу району, Ичке-Жергез айылы, туулган жылы: 1930, билими: жогорку, кесиби: география мугалими, уруу-уругу: арык, калматай, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Ичке-Жергез айылы, 15-май, 2003.

48. Кендирбаев Баяман, туулган жери: Жети-Өгүз району,

Чоң-Кызыл-Суу айылы, туулган жылы: 1960, билими: атайын орто, кесиби: зоотехник, айыл башчысы, уруу-уругу: дөөлөс, казанбак, токонай, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Чоң-Кызыл-Суу айылы, 20-октябрь, 2002.

49. Койлумусаев Карач, туулган жери: Ак-Суу району, Ак-Булак айылы, туулган жылы: 1933, билими: атайын орто, кесиби: зергер уста, сыртта айдоочу болуп иштеген, уруу-уругу: бугу, ондон, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: санжырачылардан, атасынан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Ак-Булак айылы, 2006, 5-август.

50. Койчуманов Узак, туулган жери: Жети-Өгүз району, Аң-Өстөн айылы, туулган жылы: 1930, билими: орто, кесиби: малчы, санжырачы, уруу-уругу: дөөлөс, эмил, майна, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Аң-Өстөн айылы, 2-июнь, 2002.

51. Кудайбердиев Айдар, туулган жери: Жети-Өгүз району, Саруу айылы, туулган жылы: 1950, билими: жогорку, кесиби: айыл өкмөтү болуп иштеген, мугалим, Сарт аке о.м. директору, уруу-уругу: саруу, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Кызыл-Суу айылы, 8-декабрь, 2003.

52. Кудакеев Шатен, туулган жери: Ак-Суу району, Кереге-Таш айылы, туулган жылы: 1941, билими: атайын орто, кесиби: сыртта жолчу, койчу болуп эмгектенген, уруу-уругу: арык, торок, адырке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Кереге-Таш айылы, 2-июль, 2003.

53. Кулумбай уулу Молдокмат, туулган жери: Түп району, Талды-Суу айылы, туулган жылы: 1923, билими: жогорку, кесиби: мугалим, санжырачы, уруу-уругу: бугу, токоч, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Түп району, Талды-Суу айылы, 5-июнь, 2003.

54. Курманкожоев Мурат, туулган жери: Жети-Өгүз району, Жон-Булак айылы, туулган жылы: 1954, билими: жогорку, кесиби: тарых мугалими, уруу-уругу: коңурат, бөрү, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Жон-Булак айылы, 3-июль, 2005.

55. Мамбетакунов Динил, туулган жери: Жети-Өгүз району, Жети-Өгүз айылы, туулган жылы: 1931, билими: атайын орто, кесиби: геологияда иштеген, мергенчи, молдо, уруу-уругу: бугу, бирназар, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: мергенчилерден, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Жети-Өгүз айылы, 6-март, 2004.

56. Мамырбаев Рыскул, туулган жери: Жети-Өгүз району, Үч-Кошкон айылы, туулган жылы: 1977, билими: атайын орто, кесиби: көчкү адиси, уруу-уругу: дөөлөс, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Көк-Кыя базасы, 21-август, 2005.

57. Мамытов Турдубай, туулган жери: Жети-Өгүз району, Шалбаа айылы, туулган жылы: 1947, билими: атайын орто, кесиби: инженер, жылкычы, уруу-уругу: бугу, чыныбай, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Тилекмат айылы, 16-сентябрь, 2002.

58. Мукамбетов Садырбек, туулган жери: Ак-Суу району, Боз-Учук айылы, туулган жылы: 1940, билими: жогорку, кесиби: токойчу, журналист, Аксакалдар Соту, санжырачы, уруу-уругу: арык, жоокүчүк, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: сырттыктардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Боз-Учук айылы, 20-август, 2005.

59. Муканов Ырыскелди, туулган жери: Ак-Суу району, Шапак айылы, туулган жылы: 1932, билими: атайын орто, кесиби: мергенчи, сыртта мал баккан, уруу-уругу: бугу, белек, жунуш, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: сырттык карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Отрадный айылы, 28-июль, 3-октябрь, 2004.

60. Нааматов Ахмеджан, туулган жери: Түп району, Долон айылы, туулган жылы: 1935, билими: жогорку, кесиби: санжырачы, уруу-уругу: бугу, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 2-июнь, 2002.

61. Нарынбаев Максат, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Шыйрак айылы, туулган жылы: 1966, билими: атайын орто, кесиби:

ветврач, мергенчи, уруу-уругу: дөөлөс, байболот, сарт аке, баяндап берген уламышты же санжыраны акимден уккан: чоң атасы Нарынбайдан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 10-июль, 2002.

62. Орозов Дердеш, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1934, билими: жогорку, кесиби: мугалим, Аксакалдар Соту, уруу-уругу: дөөлөс, байболот, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: санжырачылардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 5-декабрь, 1997.

63. Рысмендиев Насирдин, туулган жери: Тоң району, Темир-Канат айылы, туулган жылы: 1922, кесиби: 1950 – 84-жылдарга чейин чабан болуп иштеген, санжырачы, уруу-уругу: арык, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Оргочор айылы, тарых таануу музейи, 9-июль, 2002.

64. Сагалиев Сапар, туулган жери: Жети-Өгүз району, Барскоон айылы, туулган жылы: 1941, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: бапа, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: санжырачылардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Барскоон айылы, 2006, август.

65. Сагымбаев Мусагул, туулган жери: Жети-Өгүз району, Кичи-Жаргылчак айылы, туулган жылы: 1942, билими: жогорку, кесиби: агроном, санжырачы, К.Жетимишбаев атындагы тарых таануу музейинин деректири, уруу-уругу: желдең, азарбек, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: 10 жашка чыкканда атасы Аңыр уулу Сагымбайдан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Оргочор айылы, 15-декабрь, 2004; 5-февраль, 2004; 5-июль, 2005.

66. Саспаев Аман, туулган жери: Түп району, Кең-Суу айылы, туулган жылы: 1926, билими: жогорку, кесиби: жазуучу, профессор, уруу-уругу: саяк, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 18-октябрь, 1996.

67. Сыдыков Кубулбек, туулган жери: Жети-Өгүз району,

Барскоон айылы, туулган жылы: 1952, билими: атайын орто, кесиби: сырттагы экспедицияда иштеген, уруу-уругу: бугу, бапа, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: сырттыктардан, айдоочудан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Барскоон айылы, 8-декабрь, 2003.

68. Тезеков Макелең, туулган жери: Жети-Өгүз району, Дархан айылы, туулган жылы: 1961, билими: жогорку, кесиби: тарых мугалими, уруу-уругу: желдең, аккүп, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: санжырачы карыялардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Дархан айылы, 4-декабрь, 2004.

69. Токомбаев Шайык, туулган жери: Чүй облусу, Кемин району, туулган жылы: 1934, билими: жогорку, кесиби: географ, профессор, уруу-уругу: сарыбагыш, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: кесиптештеринен, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 20-декабрь, 1997.

70. Токтогулов Токтосун, туулган жери: Ак-Суу району, Таш-Кыя айылы, туулган жылы: 1930, билими: жогорку, кесиби: финотделде иштеген, лесхоздо карагай башчы болгон, уруу-уругу: сарткалмак, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: карагайчылардан, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Каракол шаары, 5-август, 2003.

71. Туйтуев Кадыркул, туулган жери: Жети-Өгүз району, Кабак айылы, туулган жылы: 1935, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: кабак, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Кабак айылы, 29-август, 2003.

72. Турсунбай уулу Жеңиш, туулган жери: Тоң району, Болшевик (Бүркүт) айылы, туулган жылы: 1945, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: кыдык, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Оргочор айылындагы тарых таануу музейи, 7-июль, 2002.

73. Турумбаев Абдыш, туулган жери: Ак-Суу району, Ак-Суу айылы, туулган жылы: 1926, билими: орто, кесиби: малчы, уруу-уругу: арык, баймулу, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Ак-Суу айылы, 15-август, 2005.

74. Турумбаев Макеш, туулган жери: Жети-Өгүз району, Кокуй-Көл кыштоосу, туулган жылы: 1919, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: дөөлөс, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 15-октябрь, 1996.

75. Түлөбаев Куакай, туулган жери: Жети-Өгүз району, Аң-Өстөн айылы, туулган жылы: 1931, билими: орто, кесиби: сыртта мал баккан, уруу-уругу: дөөлөс, майна, керейт, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Аң-Өстөн айылы, 2-июнь, 2002.

76. Тыныбаев Сагын, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1923, билими: орто, кесиби: дыйкан, уруу-уругу: тынымсейит, бешбала, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 12-август, 2003.

77. Урсеитов Жолдош, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1957, билими: жогорку, кесиби: мугалим, уруу-уругу: дөөлөс, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 20-сентябрь, 1998.

78. Усубакунов Тенти, туулган жери: Жети-Өгүз району, Кокуй-Көл кыштоосу, туулган жылы: 1933, билими: атайын орто, кесиби: бригадир, учётчик, уруу-уругу: дөөлөс, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Кокуй-Көл көлүнүн жээги, 8-октябрь, 1996.

79. Чынтемиров Язбек, туулган жери: Ак-Суу району, Сары-Камыш айылы, туулган жылы: 1955, билими: жогорку, кесиби: мугалим, м. деректири, эколог, уруу-уругу: арык, жолуке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Сары-Камыш айылы, 6-октябрь, 1997.

80. Шадыбаев Уркалый, туулган жери: Ысык-Көл району, Орто-Өрүктү айылы, туулган жылы: 1941, билими: атайын орто, кесиби: мергенчи, айдоочу, уруу-уругу: бугу, белек, койтубас, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ысык-Көл району, Орто-Өрүктү айылы, 28-апрель, 2004.

81. Шайымбетов Асан, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1940, билими: орто, кесиби: айдоочу, уруу-уругу: дөөлөс, байболот, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 10-август, 2004.

82. Раков Аким, туулган жери: Ак-Суу району, Шапак айылы, туулган жылы: 1958, билими: жогорку, кесиби: экономист, айыл өкмөтү болуп иштеген, уруу-уругу: бугу, шапак, сулайман, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Шапак айылы, 22-август, 2005.

83. Элебесов Асангазы, туулган жери: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, туулган жылы: 1923, билими: жогорку, кесиби: тарых мугалими, уруу-уругу: дөөлөс, байболот, сарт аке, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Жети-Өгүз району, Ак-Дөбө айылы, 15-май, 1996.

84. Эркинбаев Максат, туулган жери: Ак-Суу району, Жол-Колот айылы, туулган жылы: 1959, билими: жогорку, кесиби: мугалим, санжырачы, уруу-уругу: арык, эшей, баяндап берген уламышты же санжыраны кимден уккан: чоң атасы Актенден, жыйноо иши жүргүзүлгөн жер: Ак-Суу району, Жол-Колот айылы, 3-май, 2003-жыл.

# VIII. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Абдырахманов А.А. Казакстанның жер-су аттары. – Алматы: Гылым, 1959. – 74 – 80-б.б.

2. Абдырахманов А.А. Топонимика жана этимология. – Алматы: Гылым, 1986. – 71 – 76-б.б.

3. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – С. 320 – 321.

4. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.: “Кыргызстан – Сорос” фонду, 1999. – 896 бет.

5. Асаналиев Ү. Жер-суунун аты – өткөндүн тарыхы. // Мугалимдер газетасы. – 1978. – 15-март.

6. Асаналиев Ү. Суусамыр. // Кыргызстан маданияты. – 1973. – 6 – 7-б.б.

7. Атаныязов С. Түркменистаның топонимиясы. – Ашгабат: Ылым, 1981. – 176 б.

8. Атаниязов С. Топонимика юго-восточного Туркменистана. Автореф. дис. ... канд. филол. наук. – Ашхабат, 1966. – 22 с.

9. Атлас Киргизской ССР. – Ф.: 1987. – С. 157 .

10. Атыгаев Б. Кыдырдын тууганы Кененбай тууралуу. // Эмгек туусу гезити. - №120, 5-октябрь, 1989-жыл. – 3-бет.

11. Алымкулова С.К. Кыргызско-алтайские этнокультурные связи. Автореф. дис. ... кандидата исторических наук: 07.00.02. – Б., 1999. – 21 с.

12. Аргентов К.И. О геологических исследованиях в Семиреченской области в 1909 году. // Горный журнал, Т. I, вып. I, 1911, стр. 61.

13. Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. – Б.: Илим, 2001. – 582 с.

14. Ачикеев К. Тилекмат. – Бишкек, 1998. – 55-бет.

15. Байбосунов А. Жети-Өгүз жөнүндө уламыш. // Асылзат гезити. -№4, 2003. – 5-бет.

16. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары. – Ф.: Илим, 1985. – 9-бет.

17. Бакиров Н.Б., Токомбаев Ш.Т. Географиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Б.: Илим, 1995. – 327 б.

18. Барашков В.Ф. Топонимия Ульяновской области. – Ульяновск, 1974. – 59 с.

19. Барктабасов Э.Ж. Чаар-Кудук. // Ак-Куу гезити. -№5. декабрь, 2003.

20. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.: Айбек, 1997. – 456 б.

21. Бартольд В.В. Отчёт о поезке в Ср. Азию с научной целью, 1893 – 1894 г.г. Соч., Т IV. М., 66.

22. Бартольд. В.В. Сочинения. Т.II, ч I. М., 1963. Т. II. М., 1964.

23. Баскаков Н.А. Хакасско – русский словарь. – М.: Государственное издательство иностранных и национальных словарей, 1953. – 487 с.

24. Баскаков Н.А., Тощакова Т.М. Ойротско-русский словарь. – М.: Издательство Академии Наук СССР, 1947.

25. Баскаков Н.А. Условное наклонение. // В кн: Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Морфология. – М.: Наука, 1988.

26. Баскаков Н.А., Дмитриев Н.К. Исследование по сравнительной грамматике тюркских языков. – М.: Наука, 1962.

27. Баскаков Н.А. Введение в изучение тюркских языков. – М.: Наука, 1962. – С. 294 – 298.

28. Баскаков Н.А. Географическая номенклатура в топонимии Горного Алтая. // В сб.: Топонимика Востока. – М.: Наука, 1962. – С. 64 – 71.

29. Баскаков Н.А. Этнонимы алтайцев, киргизов, тувинцев и хакасов как источник этногенетических связей этих народов между собой // В сб.: Ономастика Киргизии. Вып.1. Ф.: Илим, 1985. – С. 19 – 28.

30. Батманов И.А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф.: 1959. – С. 59 – 207.

31. Батманов И.А. Современный киргизский язык. Вып. 1. – Ф.: Издательство АН Киргизской ССР, 1963. – 166 с.

32. Бектасова Б.К. Топонимия Кустанайской области. Автореф. дис... канд. филол. наук: 10.02.06. – Алма-Ата, 1989. – 24 с.

33. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т.I – Б.: Айбек, 1997. – 560 с.

34. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т.II. – Б.: Айбек, 1998. – 704 с.

35. Бернштам А.Н. Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шанья и Памира-Алая. МНА, № 26, – М., 1952.

36. Будагов Л. Сравнительный словарь турецко – татарских наречий, I - II. Т. Т. Спб., 1869 – 1871.

37. Бутенко Н.П. Русские собственные имена в Киргизии и некоторые вопросы взаимодействия языков. Автореф. дис. ... канд. филол. наук: – Минск, 1967. – 20 с.

38. Бутенко Н.П. К изучение русской топонимики. – Ф.: Илим, 1965. – С. 108 – 114.

39. Бутенко Н.П. Кальки в топонимии Киргизии. // В сб.: Топонимика Востока. М.: Наука, 1962. – С. 147 – 149.

40. Валиханов Ч. Собрание сочинений. Т Т. I – III. – Алма-Ата, 1961 – 1964.

41. Валиханов Ч. Избранные произведения. – Алматы: Казахское государственное издательство художественной литературы, 1958. – С. 236 – 257.

42. Вамбери А. Очерки Средней Азии. – М., 1868.

43. Винник Д.Ф. Археологические памятники Иссык-Кульской котловины. // Известия Киргизского географического общества. Выпуск, 12. – Ф.: Илим, 1975. – С. 44 – 48.

44. Винник Д.Ф. К историко-топографическому изучению урочища Кой-Сары. // Изв. АН Кирг. ССР, серия общ. наук V, вып. I. – Ф.: Илим, 1963.

45. Винник Д.Ф. Древние города и поселения Прииссык-Кулья // Сб. Памятники Киргизстана. Вып. 1. – Ф., 1970.

46. Винник Д.Ф. К истории заселения и освоения территории Киргизии в древности. // Известия Киргизского географического общества. Вып. 12. – Ф.: Илим, 1975. – С. 49 – 54.

47. Географические названия. Вопросы географии. №58. – М.: Государственное издательство географической литературы, 1962. – 183 с.

48. Григорьев А.А. О некоторых гидронимах в Киргизии. // Ономастика Киргизии. Вып 1. – Ф.: Илим, 1985. стр. 105 – 111.

49. Гужин Г.С., Яхонтов Л.В. Вокруг озера Иссык-Куль. – Ф.: Илим, 1959. – 4 – 5-беттер.

50. Дамбе В.Ф. Исследования по вопросам топонимики Латвийской ССР. – Рига, 1962.

51. Джусупакматов У. Отношение киргизского языка к сибирским тюркским языкам. – Ф.: Илим, 1983. – 139 с.

52. Девону луготит турк, Индекс -словарь. – Ташкент: Фан, 1967. – 545 с.

53. Дмитриев Н.К. Строй тюркских языков. – М.: Наука, 1962.

54. Дмитриев Н.К. Грамматика башкирского языка. – М.- Л, 1942.

55. Древнетюркский словарь. – М.: Наука, 1969. – 676 с.

56. Дульзон А.П. Топонимы Средней Сибири. // Известия Сибирского отделения АН СССР. Серия общественных наук. Вып. 2. 1965. – С. 109 – 115.

57. Дульзон А.П. Языки и топонимия Сибири. I ч., – Томск, 1966.

58. Дыйканбаева А. Кыргыз уламыштары. – Б., 2005.

59. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан. – Ф.: Мектеп, 1980. – 13 – 23-беттер.

60. Дыренков Н.К. Грамматика ойротского языка. – М.: 1940.

61. Дусимов Зариббай. Историко-лингвистический анализ топонимии Хорезма. Автореф. дис. ... доктора филологических наук: 10.02.06. – Тошкент, 1989.

62а. Жамгерчинов Б. Добровольное вхождения Киргизии в состав России. – Ф.: Илим, 1963. – С. 357.

62б. Жанузак Телгожа. Казахстан географиялык атаулары. Алматы облысы. – Алматы: Арыс, 2005. – 256 бет.

63. Жапаров Н.Р. Гидронимия Кыргызстана. Автореф. дис. ... канд. филологических наук: 10.02.01. – Б., 2006. – 25 с.

64. Жапаров Ш. Киргизская антропонимия. Автореф. дис. ... доктора филол. наук: 10.02.06. – Алма – Ата, 1989. – 24 с.

65. Жапаров Ш. Кыргыз ономастикасы. Вып.1. – Ф.: Илим, 1990. – 180 б.

66а. Жевлов М.А. Топонимия Хакасско-Минусинской котловины. Автореф. дис....канд. филол. наук: 10.02.06. Алма-Ата, 1984. – 24 с.

66б. Жеринин аты – елинин хаты. Энциклопедиялык аныктамалык. – Алматы: Аруна, 2006. – 808 бет.

67. Жетимишбаев К., Масыркулов Р. Санжыра санаты. – Б., 1994. – 60-бет.

68. Жумабай уулу Бекмурза. Жарылган жүрөк жана капастагы нур. – Каракол: “Акыл” мамлекеттик концерни, Каракол басмаканасы, 1995. – 3 – 35-б.б.

69. Жумагулов Ч. Тамга-Таштын сыры. – Ленинчил жаш. 1983, 11-октябрь.

70. Жусупов К. Кыргыздар. I – X томдор. Б.: Кыргызстан, Учкун, 1993 – 2004.

71. Журтунов Ү. Тоң топоними жана тарых. // Ала-Тоо таңы гезити, 24-декабрь, 1991-жыл.

72. Жучкевич В.А. Общая топонимика. – Минск: Высшейшая школа, 1968. – 288 с.

73. Жылкыбаева Ж. Кыдыр аке. – Б.: Адабият, 1993. – 96 б.

74. Жылкыбаева Ж. Шапак баатыр баяны. – Б.: Кыргызстан, 1992. – 64 б.

75. Зюков Б.Б. Под волнами Иссык-Куля. – М.: 1962.

76. Иманов А. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси. – Б., 1995. – 390 б.

77. Иманов А. Акыл атасы – Сарт аке. 1-бөлүм. – Каракол: Дархан, 1997. – 68 б.

78. Иманов А. XIX кылымдын экинчи жарымы, XX кылымдын башталы-шында Ысык-Көл өрөөнүндөгү ойчулдар, агартуучулар (Мойут аке, Сарт аке, Ти-лекмат аке). 2-бөлүм. – Каракол: Каракол басмаканасы, 1998. – 95 б.

79. Идрисов А. Кыргыз тилиндеги ысымдар. – Ф.: Мектеп, 1971. – 128 б.

80. Исабекова А.Б. К вопросу изучения топонимики Кетмен-Тюбинской долине. // Культура и быт Кетмен-Тюбинских киргизов. – Ф.: Илим, 1979. – С. 97 – 103.

81. Исаев А., Алиев Э., Токомбаев Ш. Тоо койнундагы көгүлтүр бермет. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 85-б.

82. Исаев А., Токомбаев Ш. Ысык-Көл – жер соорусу, эл сыймыгы. – Б.: КЭ Башкы редакциясы, 1998. – 120 б.

83. Исаев Д. Эмне үчүн ак карды сары кар дейбиз? // Кыргызстан маданияты. 1970, 20-май.

84. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. – Фрунзе: Мектеп, 1977. – 152 б.

85. Исаев Д. Топонимика Северной Киргизии. Автореф. дис. ... канд. филол. наук: 10.665. – Фрунзе, 1972. – 22 с.

86. Исаев Д. "Ысык-Көл" деген ат кандайча келип чыккан? // Известия АН Киргизской ССР. №6. – Ф.: Илим, 1969. – С. 19 – 25.

87а. Исаев Д. Жер-суу аттарын бурмалабайлы. // Кыргызстан маданияты, 1970, 8 – июль.

87б. Исаев К. Бостери жана бостериликтер. Бишкек, 2007. –346 бет.

88. История Киргизской ССР, т. I – II. – Ф.: Кыргызстан, 1963. – С. 236 – 645.

89. Исхаков Ф.Т. Опыт сравнительного словаря современных тюркских языков. // Исследование по сравнительной грамматике тюркских языков. Лексика. – М.: 1962. – С. 5 – 68.

90. Кадырова Ш.М. Микротопонимия Ташкента. Автореф. дис. ... канд. филол. наук: 10.02.06. – Ташкент, 1970.

91. Казакевич В.А. Современная монгольская топонимика. (Труды Монгольской комисси АН СССР и Научно-исследовательского комитета МНР, №13.) – Л., 1934.

92. Казахско – русский словарь. – Алма-Ата: Издательство АН Казахской ССР, 1954.

93. Каракалпакского – русский словарь. – М.: Госиздательство иностранных и национальных словарей, 1958. – 892 с.

94. Караев С. К. Топонимия Узбекистана. – Т.: ФАН, 1991. – 130 с.

95. Карамолдоев Ж. Суунун сырын сурасаң. // ZAMAN Кыргызстан гезити, 20 – май, 1994.

96. Карасаев К.К. Камус Наама, Б.: Шам, 1996. – 856 б.

97. Каратаев О.К. Кыргыз этнонимиясы. Автореф. дис.... канд. филол. наук: 07.00.02. 10.02.06. – Б ., 1994. – 21 б.

98. Карта Иссык-Кульской области. 1. Масштаб 1: 200 000 из 4 листа, - Б., 1998; 2. Карта масштаб 1: 25 000. – Ф., 1968, 1: 50 000. – Ф., 1983.

99. Карыбай уулу Акмат. Садыр аке. – Б., 2002. – 200 б.

100. Кебекова Б. Миф жана легенда. // Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын очерки. – Ф.: Илим, 1973. – 68 – 83-б.б.

101. Кенесбаев С.К. "Жети", "үш", "тогыз", "кырк" псен байланысты угымдар. // Известия АН Каз. ССР, серия филологическая, вып. 4 (29) 1946. – С. 3 – 14.

102а. Киргизская ССР. Административно – территориальное деление – Ф.: 1966.

102б. Кожанулы М. Атырау облысынын жер-суу аттары. – Астана, 2005. – 144 бет.

103. Койчубаев Е. Краткий толковый словарь топонимов Казахстана. Алма-Ата: Наука, 1974. – 275 с.

104. Койчубаев Е.К. Казахские географические названия с формантами - ты и -сы. // В сб: Топонимика Востока. – М.: Наука, 1969. – С. 140 – 146.

105. Койчуев М. Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө очерктер. – Ф.: Мектеп, 1975. – 18 – 25-б.б.

106. Койшыбаев Е. Казакстанның жер-суу аттары сөздиги. – Алматы: Мектеп, 1985. – 256 б.

107. Койчубаев Е. Основные типы топонимов Семиречья. Автореф. дис. ... канд. филологических наук: 10.02.06. – Алма-Ата, 1967. – 21 с.

108. Кондратьев В.Т. Очерк грамматики древнетюркских языков. – Л.: Наука, 1970.

109. Кондучалова С. В.В. Радловдун жыйнаган материалындагы кыргыз тилинин лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү. – Ф.: Кыргыз ИА басмасы, 1964. – 95 б.

110. Конкашпаев Г.К. Общие закономерности местной тюркоязычной географической терминологии Средней Азии и Казахстана. // Местные географические термины. – М.: Мысль, 1966. – 25-бет.

111. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. – Ф.: Илим, 1980. – 172 с.

112. Конкобаев К. О кыргызских топонимах с компонентов беш. // Тез. конф. аспирантов и молодых сотрудников Института востоковедения АН СССР. – М., 1975.

113. Конкобаев К. Сары-Жаз. Барскоон. – // Кыргызстан маданияты гезити. 1982, 4-ноябрь; Атлас Киргизской ССР. Ф.: 1987. – С. 24.

114. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. Автореф. дис. ... канд. филол. наук: 10.02.06. – Москва, 1983. – 16 с.

115. Кононов А.Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников. (VII – IX вв) – Л., 1980 г. с. 62.

116. Кононов А.Н. О семантике слов кара и ак в тюркских географической терминологии. // Изв. Отделения общественных наук. АН Тадж. ССР. 1954. вып. 5. С. 83 – 85.

117. Кононов А.Н. Показатели собирательности-множественности в тюркских языках. – Л., 1956.

118. Краткий калмыкско – русский словарь. – М.: 1969.

119. Кудайбергенов С. Материалы о киргизско – монгольских лексико – грамматических параллельях. // Известия АН Кирг. ССР. Серия общественных наук, т. 6, вып I, (лингвистика). – Ф., 1964. – С. 41 – 46.

120. Кыргыз жергеси. Энциклопедия. – Ф.: Кыргыз совет энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1990. – 368 б.

121. Кыргызстан. Энциклопедия. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2001. – 544 б.

122. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф.: Мектеп, 1969. – 775 б.

123. Лунин Б.А. О происхождении и распростронении географического названия Тянь-Шань. // Известия АН СССР, серия географическая, №2. 1959.

124. Лунин Б.А. Географические названия Тянь-Шань – в трудах П.П Семенова-Тянь-Шанского. // Вопросы физической географии Тянь-Шаня. Труды географического ф-та КГУ, вып. 3, 1959. – С. 22 – 25.

125. Маллицкий Н.Г. О некоторых географических терминов, имеющих отношение к Средней Азии // Известия ВГО, №5. 1945. – С. 276 – 287.

126. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. – М. – Л., 1952.

127. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. – М. – Л.: Издательства Академии Наук СССР, 1951. – 451 с.

128. Мамытбеков З. “Манас” эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. – Ф.: Илим, 1956. – 15-б.

129. Мамытов Ж. Туулган жер жөнүндө. // Ала-Тоо таңы гезити. 23 – июнь, 1991. – 2-бет.

130. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика жана лексикология. – Б.: “ЖЭКА” Лтд., 1999. – 256 б.

131. Манас энциклопедиясы. 2 т. – Б.: КЭ Башкы редакциясы, 1995. – 310-б.

132. Махмуд Кашкари. Туркий сузлар дэвони (Дэвону луготит турк), I –III том. – Ташкент: Наука, 1960 – 1963.

132б. Махмуд ал-Кашгари. Диван Лугат ат-Турк. Казахстанские востоковедные исследования. – Алматы: Дайк-Пресс, 2005. – 1288 с.

133. Махпиров В.У. Древнетюркская ономастика. Автореф. Дис. ... док-а филол. наук: 10.02.06. – Алматы, 1998. – 22 с.

134. Махпиров В.У. Собственные имена в памятником XI в Дивани лугатит тюрк М. Кашкарского. Автореф. дис… канд. филол. наук: 10.02.06. Алма-Ата, 1980. – 19 с.

135. Медетов Ж. Жер ысмы. – Ф.: Адабият, 1989. – 304 б.

136. Мелхеев М.Н. Топонимика Бурятии. История, система и происхождение географических названий. – Улан-Уде, 1969.

137. Меншиков М. Жети-Өгүз. // Боордоштордун жүрөгү. – Ф.: Кыргыз мамлекеттик окуу-педагогикалык басмасы, 1963. – 193 – 194-б.б.

138. Местные географические термины. – М.: Мысль, 1970. – С. 224.

139. Миллер Б.В. Персидско – русский словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1970. – 848 с.

140. Миллер Г.Ф. Сибир хандыгын жана андагы башталышынан, айрыкча

аны Россия державасы каратып алганынан азыркы мезгилге чейинки окуяларды баяндоо. К – 1. спб., 1750, 12 – 13-беттер.

141. Михайловский В.М. Шаманство. – М.: Наука, 1992. – С. 125.

142. Мокрынин В.М., Плоских В.М. Иссык-Куль. // Затонувшие города. – Ф.: Илим, 1989. – 192 с.

143. Мокрынин В.М., Плоских В.М. На берегах Иссык-Куля. – Б.: Илим, 1992. – 112 с.

144. Молдобаев И.Б. О гидрониме Ала-Көл. // Ономастика Киргизии. – Ф.: Илим, 1985. – С. 96 – 105.

145. Молчанова О.Т. Структурные типы тюркских топонимов Горного Алтая. – М.: Издательства Саратовского университета, 1982. – 256 с.

146. Молчанова О.Т. Опыт сравнительно – исторического и типологического исследования тюркской топонимии Горно-Алтайской Автономной области. Автореф. дис. ... доктора филологических наук. – Москва, 1983. – 21 с.

147. Монгольско-русский словарь. – М.: Государственное издательство иностранных и национальных словарей, 1957. – 715 с.

148а. Мукамбаев Ж. Жер-суу аттары – тарыхтын күбөсү. // Кыргызстан маданияты. – 1970, 8-апрель.

148б. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. 1-том. Ф.: Илим, 1972. – 712 бет.

149. Мукамбаев Ж. Чолпон-Ата. // Менин жомокторум: жомоктор, легендалар, уламыштар. – Ф.: Мектеп, 1980. – 160 – 163-б.б.

150. Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. – М.: Мысль, 1984. – 653 с.

151. Мурзаев Э.М. К географической терминологии и номенклатуре киргизов Тянь-Шаня. // Изв. ВГО, т. 72, вып. 3, 1940. – С. 315-327.

152. Мурзаев Э.М. Топонимика в Средней Азии и Казахстане. // В сб.: Ономастика Средней Азии. – Ф.: Наука, 1980. – С. 39-47.

153. Мурзаев Э.М. Задачи топонимического изучения Средней Азии. // Известия Киргизского географического общества. Вып. 8. – Ф.: Илим, 1970. – С. 58 – 66.

154. Мурзаев Э.М. Местные географические термины и их роль в топонимии. // В сб: Местные географические термины. Вопросы географии, сб. 81. – М.: Мысль, 1970. – С. 16 – 35.

155. Мурзаев Э.М. Монгольские элементы в топонимике Киргизии. // Материалы к 1 сьезду Киргизского географического общества. Тезисы. – Ф.: Илим, 1970. – С. 62 – 65.

156. Мурзаев Э.М. Топонимика – популярная. – М.: Знание, 1973. – 64 с.

157. Мурзаев Э.М. Очерки топонимики. – М.: Мысль, 1974. – 256 с.

158. Мурзаев Э.М.; Умурзаков С.У. Гидронимы Иссык-Куль и Байкал // Изв. АН СССР, серия географическая, №6. 1974. – С. 92 – 95.

159. Мурзаев Э.М. География в названиях. – М.: Наука, 1982.

160. Мурзаевы Э и В. Словарь местных географических терминов. – М.: Издательства АН СССР, 1959. – 221 с.

161а. Мусаев К.М. Лексика тюркских языков в сравнительном освещении. – М.: 1984.

161б. Мусаев С.Ж. Кыргыз этнонимдери // Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери. – Б.: Илим, 1991. – 100 – 165-беттер.

162. Мусукаев Б.Х. Топонимы Баксанского и Чегемского ущелий Кабардино-Балкарский АССР. Автореф. дис... канд. филол. наук: 10.02.06. – Алма-Ата, 1980. – 29 с.

163. Никонов В.А. Введение в топонимику. – М.: Наука, 1965. – 180 с.

164. Никонов В.А., Трубачев О.Н. Принципы топонимики. – М.: Наука, 1964. – 152 с.

165. Никонов В.А. Заметки по оронимии Киргизии. // В сб.: Ономастика Средней Азии. – М.: Наука, 1978. – С. 86.

166. Ономастика Востока. – М.: Наука, 1980. – 286 с.

167. Ономастика Киргизии. Вып.1. – Ф.: Илим, 1985. – 180 с.

168. Ономастика Поволожья. (Материалы 2 Поволожской конференции по ономастике). – Горкий, 1971. – 373 с.

169. Ономастика Средней Азии. – М.: Наука, 1978. – 226 с.

170. Ономастика Узбекистана. – Т.: Фан, 1989.

171. Орузбаева Б.О. Кыргыз тил илиминин маанилүү маселелери (макалалар жыйнагы) – Б.: Илим, 1995. – 8-б.

172а. Орузбаева Б.О. Словообразование в киргизском языке. – Ф.: Илим, 1964. – С. 71 – 91.

172б. Орузбаева Б. Кыргыз адабий тилинин жалпы элдик негизи жөнүндө. – Ф.: Илим, 1968. – 14-21-беттер.

173. Осмонов Ш. Азан (Сарт калмак элинин тарыхы). – Б., 1996. 14-б.

174. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. – Б.: Крон, 1994-2000. – 280 б.

175. Павлова Т.Г. О структуре и семантике киргизских топонимов. // Ономастика Востока. – М.: Наука, 1980. – С. 102 – 107.

176. Петров К.И. Очерк происхождения киргизского народа. – Ф.: Издательство Академии Наук Киргизской ССР, 1963. – 147 с.

177. Поспелов Е.М. Школьный топонимический словарь. – М.: Просвещение, 1988. – 224 с.

178. Радлов В.В. Этнографический обзор сибирьских и тюрко-монгольских племён. – Иркутск, 1959. – С. 20.

179а. Радлов В.В. Опыт словаря тюркских наречий. – Т. I – IV, 1 – 8 книга, 1963.

179б. Радлов В.В. Краткий отчёт о поездке в Семиреченскую область и на Иссык-Куль летом 1859 г. Известия РГО, 1870, 6, по Благовой, 1972.

180. Регионы Кыргызстана. Иссык-Кульская область. Итоги первой нацональной переписи населения Кыргызской Республики 1999 года. Книга III (серия р). – Бишкек, 2001. – 184 с.

181. Реформатский А.А. Топонимистика как лингвистический факт. – М.: Наука, 1964. – С. 32.

182. Сагымбеков И. Мен тосорлукмун. – Б., 2000. – 23 – 26-беттер.

183. Санжеев Г.Д. О тюрко-монгольских лексических параллелях. Баку: Советская тюркология, №6. 1973. – С. 74.

184. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. – Б.: “Кыргызстан – Сорос” фонду, 1999. – 328 б.

185. Сартбаев К.К. Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы. – Ф.: Илим, 1962.

186. Северцев И.А. Путешествие по Туркменистанскому краю. – М., 1947.

187. Севортян Э.В. Из истории прилагательных в тюркских языках. // Тюркологические исследования. – М. - Л., 1963. – С. 58 – 68.

188. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркских языков. – М.: Наука, 1978. – 349 б.

189. Сейдакматов К. Варианты древнетюркского слова “Куз” в топонимии Киргизии // Ономастика Киргизии. Вып I. – Ф.: Илим, 1985. – С. 60 – 62.

190. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Ф.: Илим, 1988. – 334 б.

191. Селищьев А.М. Из старой и новой топонимии. – Труды Московского государственного института философии и литературы. Т.V. М., 1939. – С. 124 – 174.

192. Семенов-Тянь-Шанский П.П. Путешествие в Тянь-Шань. – М.: 1946. – С. 214.

193. Словарь географических названий Киргизии / А.З.Алиев., Д.И.Исаев., С.М.Мурзахметов., Ш.Т.Токомбаев. – Фрунзе, 1972. – 66 с.

194. Словарь географических названий Киргизской ССР / С.У.Умурзаков, А.А.Кешикбаев, Л.И.Махрина, Т.Эшенкулов, Б.Рыскулбекова. – Ф.: Илим, 1988. – 213 б.

195а. Сулайманова Л.С. Кыргызско-русский словарь народных географических терминов Кыргызстана. – Б.: Лакпиринт, 2002. – 66 с.

195б. Сулайманова Л.С. Лингвистический анализ народных географических терминов в топонимии Кыргызстана. Автореф. дис. … канд. филол. наук. Бишкек, 2007. – 24 с.

196. Султанов К. Саруу айылынын санжырасы.– Б.: КЭ Башкы редакциясы, 1995. – 116 б.

197. Сунин О.П. Общности алтайских языков. – Л.: 1971.

198. Суперанская А.В. Микротопонимия. – М.: Наука, 1967.

199. Суперанская А.В. Что такое топонимика. – М.: Наука, 1985. – 177 с.

200. Сыдыков С. О тюрко-монгольских топонимических, лексических элементах. // Тюркологические исследования. – Ф.: Илим, 1983. – С. 36 – 47.

201а. Сыдыков С. Кара деген сөздүн семантикасы жөнүндө // Тюркологические исследования. – Ф.: Илим, 1983. – 84 – 91-б.б.

201б. Сыдыков С, Конкобаев К. Байыркы түрк жазуусу (VII–X кылымдар). Бишкек: КТМУ, 2001. – 337 бет.

202. Табылды Акертегин. Байыркы кыргыздар кимдер? // ZAMAN Кыргызстан гезити. 7-октябрь, 1994.

203. Таджикско – русский словарь. – М.: 1954.

204. Танаев Т. Эпикалык жанрлар. 2-т. – Ош, 1999. – 73 – 74-беттер.

205. Тенишев Э. Древнекыргызский язык. – Б.: Кыргызстан, 1997. – С. 28.

206. Тенишев Э.Р. Строй сарыг-югурского языка. М.: Наука, 1976.

207. Токомбаев Ш. Т. Об одной ошибке в топонимике Тянь-Шаня. // Изв. Киргизского географического общества, вып. 6. 1966.

208. Токомбаев Ш. Ала-Тоонун сырлары. – Ф.: Илим, 1977.

209. Токомбаев Ш. Айрым шаар, айыл-кыштак топонимдери: тарыхы жана азыркы абалы (Ысык-Көл облусунун материалында) // Профессор К.Тыныстан уулунун 90 жылдык маарекесине арналган республикалык илимий-теориялык конференциясында жасалган докладдар менен баяндамалардын тезистери. 1-бөлүк, 17 – 18 – октябрь. – Б.: СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУнун басмасы, 1991. – 83 – 84-беттер.

210. Топонимика Востока. – М.: Наука, 1962.

211. Топонимика Востока. Новые исследования. – М.: Наука, 1964.

212. Топонимика Востока. – М.: Наука, 1969.

213. Топоров В.И. К проблеме классификации в топонимии. // Исследования по структурной типологии. – М., 1963. – С. 226 – 231.

214. Тувинско-русский словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1955. – 646 с.

215. Туркменско-русский словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1968. – 832 с.

216. Турсунов А. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Ф.: Илим, 1980. – 61-б.

217. Турсунов Э. “Балбай” романы. – Б.: Акыл, 2002. – 20 – 22-беттер.

218. Турсунов Э. Боромбай. – Б.: Акыл, 2004. – 300 б.

219. Тюркологические исследования. – Ф.: Илим, 1983. – 150 с.

220. Узбекско-русский словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1959.

221. Узин Г.В. Тайны географических названий. – М.: Правда, 1962. – С. 11 – 20.

222. Умурзаков С.У. С четырёх сторон горизонта. – Ф.: Мектеп, 1983. – 112 с.

223. Умурзаков С.У. Очерки по истории географических открытий и исследований Киргизии. – Ф.: Киргосиздат, 1959. – С. 59 – 151.

224. Умурзаков С.У. Состояние топонимического изучения Киргизии. // В сб.: Топонимика Востока. – М.: Наука, 1962. – С. 109 – 110.

225. Умурзаков С.У. О киргизских географических терминах, обозначающих перевал. // Всесоюз. конф. по топонимике СССР (Тез. докл. и сообш.) – Л.: 1965.

226. Умурзаков С.У. Топонимические исследования в Киргизии. // Известия Киргизского географического общества. Ф., 1966. Вып.6. С.113 – 114.

227. Умурзаков С.У. К этимологии названия Джеты-Огуз. // В сб: Кыргыз терминологиясынын маселелери. – Ф.: Илим, 1968. – С. 62 – 69.

228. Умурзаков С.У. Этимологическая заметки о некоторых топонимах Киргизии. – Ономастика Киргизии. Вып.1. – Ф.: Илим, 1985. – С. 4 – 19.

229. Умурзаков С.У. Киргизская оронимическая терминология и оронимия Тянь-Шаня. // Ономастика Средней Азии. – Ф.: Наука, 1980.

230. Умурзаков С.У. К исторической топонимии Киргизии. – Ф.: Наука, 1980. – С. 53 – 57.

231. Хасанов Х. Историко-топонимическая схема Средней Азии. // Топонимика Востока. – М.: Наука, 1962. – С. 156 – 158.

232. Хасанов Х. Происхождение географических названий Средней Азии. – Ташкент, 1965.

233. Хасанов Х. К этимологии названия Тянь-Шань // Из истории Средней Азии и Восточного Туркестана. – Т.: 1961. – С. 136 – 139.

234. Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашкари жана анын Түркий тилдер сөз жыйнагы. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 92 б.

235а. Шакеев Н. Эл, жер элестери. – Б.: "Кыргызстан – Сорос" фонду, 2001. – 132 б.

235б. Шерстюк И.А. Сказание Приисcыккулья. – Фрунзе, 1981. – С. 23.

236. Эр Табылды. – Ф.: Кыргызстан, 1970. – 442-б.

237. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүгү. – М.: Советская энциклопедия, 1965. – 975 б.

238. Юдахин К.К. Орусча-кыргызча сөздүгү. – Б.: Шам, 2000. – С. 992.

239. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. – Ф.: Киргизское государственное учебно-педагогическое издательство, 1959. – С. 292.

240. Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. – Ф.: Мектеп, 1971. – 292 б.

241. Юнусалиев Б.М. Заметки по истории киргизского языка. // Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери. – Ф.: Илим, 1965. – 5 – 21 – беттер.

242. Юнусалиев В.М. Проблема формирования общенародного киргизского языка. // Вопросы языкознания. №2. 1955. – С. 28 – 41.

243. Юсифов Б., Керимов С.К. Топонимиканын эсаслары. – Бакы, 1987.

244. Юсупов Х. Ирдык страницы истории. – Алматы, 1999. – С. 6.

245. Юферов В. Из истории Туркестана. – Ташкент, 1911.

246. Языки и топонимия Сибири, вып. 1 – 5. – Томск, 1966 – 1972.

247. Языки и топонимия Алтая (тезисы докладов к конференции). – Барнаул, 1979. – 170 с.

248. Якутско-русский словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1972. – 605 с.

## МАЗМУНУ

**Киришүү.** 1.Эмгектин жалпы мүнөздөмөсү................................ 3
2. Ысык-Көлдүн географиялык, тарыхый мүнөздөмөсү............ 6
2.1. Географиялык мүнөздөмөсү............................................... 6
2.2. Тарыхый мүнөздөмөсү....................................................... 7
2.3. Кыргызстандагы топонимиялык изилдөөлөрдүн тарыхы......... 11

**I Бөлүм.** Ысык-Көл топонимиясына негиз болгон тилдик каражаттар........................................................................ 19
1.1. Ысык-Көл топонимиясын атоодо колдонулган сөздөр........ 19
1.1.0. Омонимдер. 1.1.1. Синонимдер. 1.1.2. Антонимдер. 1.1.3. Калька. 1.1.4. Кайталануучу жер-суу аттары. 1.1.5. Диалектилик топонимдер. 1.1.6. Эскирген сөз-дөрдөн куралган топонимдер. 1.1.7. Топонимдердин семанти-касы. 1.1.7.1. Топонимиялык полисемия. 1.1.7.2. Топонимдер-деги метафора. 1.1.7.3. Топонимиядагы метонимия кубулуш-тары. 1.1.8. Жер-суу аттарындагы табу сөздөр. 1.1.9. Эллипсистик топонимдер…...................................................... 22
1.2. Жергиликтүү географиялык терминдер.............................. 39

**II Бөлүм.** Ысык-Көл топонимиясындагы фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик кубулуштар........ 45
2.1. Фонетикалык кубулуштар.................................................... 45
2.1.1.Топонимдердеги үндүүлөрдүн үндөшүүсү......................… 45
2.1.2.Топонимдердеги үндүү тыбыштардын түшүп калышуусу.................. ............................................................. 46
2.1.3.Топонимдердеги үнсүз тыбыштардын жумшаруусу......... 46
2.1.4. Топонимдердеги ассимиляция кубулушу.......................... 47
2.1.5. Топонимдердеги диссимиляция кубулушу. ..................... 48
2.1.6.Топонимдердеги метатеза.................................................... 49
2.1.7. Топонимдердеги үнсүз тыбыштардын түшүп калуусу..... 49
2.2. Морфологиялык кубулуштар................................................ 50
2.2.1. Жөнөкөй топонимдер…..........…………………….............. 50

2.2.1.1. Тубаса жөнөкөй топонимдер........................ 50
2.2.1.2. Туунду (аффикстик) топонимдер........................ 51
2.2.2. Татаал топонимдер........................ 52
2.3. Топонимдердеги синтаксистик кубулуштар........................ 58
3.1. Сөз айкашы түрүндөгү топонимдер........................ 58
2.3.2. Сүйлөм түрүндөгү топонимдер........................ 60

**III Бөлүм.** Ысык-Көл топонимиясы жана кыргыз тилинин тарыхый маселелери........................ 64
3.0. Кыргыз тилинин калыптанышы жана өнүгүшү........................ 64
3.1.Түрк лексикалык катмарынын негизинде түзүлгөн топонимдер........................ 66
3.1.1. Байыркы жана орто түрк, кыргыз катмары........................ 67
3.1.2. Кыргыз катмары........................ 93
3.1.3. Түштүк Сибирь (алтай, тува, хакас, шор) катмары........................ 110
3.2. Башка тилдердин негизинде келип чыккан катмарлар........................ 120
3.2.1.Түрк (кыргыз)-монгол лексикалык параллелдеринин негизинде түзүлгөн топонимдер........................ 120
3.2.2.Иран тилдеринин негизинде пайда болгон топонимдер........................ 135
3.2.3. Орус тилинин негизинде коюлган топонимдер........................ 143
3.2.4. Башка тилдердин сөздөрүнүн негизинде келип чыккан топонимдер........................ 150

**IV Бөлүм.** Ысык-Көлдүн топонимиясы жана кыргыз элинин этникалык тарыхынын маселелери........................ 153
4.1. Кыргыз элинин Теңир-Тоого келип жайгашуусу........................ 153
4.2.Жер-суу аттары жөнүндөгү элдик уламышта – кыргыздардын этникалык тарыхын изилдөөнүн булагы катары ........................ 160
4.2.1.Элдик уламыштар........................ 165
4.2.2.Кыргыз топонимдери – теңирчилик таануу маалымат булагы........................ 171
4.2.3. Антропотопонимдер жана этнотопонимдер........................ 179
**V.** Жалпы корутунду........................ 208
**VI.** Шарттуу кыскартуулар........................ 214
**VII.** Жергиликтүү баяндоочу-айтуучулардын тизмеси........................ 216
**VIII.** Пайдаланылган адабияттар........................ 229

УДК 80/81
ББК 81
А 40

Илимий басылма

АКМАТОВ Нурбек Рахматуллаевич

А 40 ЫСЫК-КӨЛ ТОПОНИМИЯСЫ

/ К.Тыныстанов атынд. Ысык-Көл мамл. ун-ти./ – Каракол: 2009. – 244 б.

Редактору К. КОНКОБАЕВ
Корректору А. ИСАБАЕВА
Калыпка салган А. ТАЛЫПОВ

Терүүгө 20. 04.2009-жыл берилди. Кол коюлду 23.06. 2009-жылы.
Офсеттик кагаз 81/102/56. Офсеттик басма. 15,25 басма табак.
Нускасы 600.

Каракол шаарындагы ЖЧК "Дархан" фирмасынын басмаканасында даярдалды жана офсеттик ыкмада басылды.
Дареги: Каракол шаары, Токтогул көчөсү 104.
Телефону: (03922) 5-23-08. (0773) 23-15-61.